Скырл
3-18

Газагул Закирова

ТИРҮҮ СӨЗ

Бишкек 2014

об
Скорп
3-18

Тазагүл ЗАКИРОВА

ТИРҮҮ СӨЗ

Ырлар, тирмөктөр, эс тутум, макалалар

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 481921

Бишкек – 2014

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК
ББК
З

Закирова Т.
З–18 Тирүү сөз: ырлар, түрмөктөр, эс тутум, макалалар жыйнагы. – «Гүлчынар» Бишкек: 2014.– 336 б.

ISBN 978-9967-

Бул китепке белгилүү акын, кинодокументалист, коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери Тазагүл Закирова жазган ар түрдүү тематикадагы ырлары, жаңы жана ыр жыйнактарында жарык көргөн ыр түрмөктөру топтоштурулду. Ошондой эле Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусу З. Арзыбаев жана аның замандаштары тууралуу жеңишитин 70 жылдыгына карта эс тутум киргизилген.

Бул "Тирүү сөз" жыйнагы жалпы окурмандарга сунушталат.

ISBN 978-9967-

© Закирова Т., 2014



Акындын тагдыры азап, мээнети күч,
Акындын акыл ою жүрөгүндө.
Жүрөктүн буйругунда жашап жүрбөй,
Акылга салса болоор бир көр пенде,
Акындын касиети жүрөгүндө.

Курсактагы бала менен Жараткандын сүйлөшүүсү же Периште Эне тууралуу ыр

Хадистен

1.
Бул жашоонун мыйзамдары өзүнчө
Көк Теңирдин буйругуна ылайык.
Ал жараткан наристенин ай-күнү
жеткен экен, сүйлөшүүсүн угалык;

Жараткандын кудурети боюнча,
Эртең эми төрөлүүчү наристе
Сурайт экен Теңиринен жалбарып.
«Али алсызмын жарыктыкка келишке,
Кантип жашап, кантип көнөт экенмин?»

Анда Кудай –«Болбо эч бир кабатыр,
күтөт сени ырайымдуу периште,
жүрөгүңдү балкытуучу ырдайт ыр.
Мээриминен түшүнөсүң, наристем.

Күн нурундай мээрим төгүп жапжарык,
Багат сени миң-миллион айланып,
Сактайт күн-түн карегиндей көзүнүн,
“Аман болсун, бакыт бер” деп, жалбарып.

Ал мээримден болосуң сен бактылуу,
Тамактын да таттууларын өнтөлөйт.
Ал периште табат ширин сөздөрдү,
Көздөрүнөн нурун чачып, бөпөлөйт.»

Кайра сурайт Жараткандан наристе:
«Кандай сүйлөп, түшүнөмүн кандайча?
Адамдардын мага айткан сөздөрүн?»

А Жараткан жооп бериптир мындайча:

– «Дүйнөдөгү эң сүйүктүү сөздөрдү,
Алп сүйүүсү аркылуу ал Периште –
уккулуктуу сүйлөп жүрүп үйрөтөт.
Сөздүн кунун чыпчыргасын кемитпей.
Ал сөздөрдүн касиети өстүрөт –
Кубаттантып, сезим берет эргиткен.
Анын ыйык сөзү багат көңүлдү,
Ырларды ырдайт бүт тулкунду ээриткен.»

Кайра сурайт наристе:
«жана да көп жаман адам дешти эле?»
Төмөнкүдөй жооп бериптир Жараткан:
– «Сени алардан коргойт ошол периште,
Башын сайып, болот сага саябан,
Суук шамалга, жамандарга төш тосо.
Чарк айлана жел тийгизбей аяган,
Керек болсо берет жанын сен үчүн,
Көзү өткөнчө кечпейт сенден ал Адам.»

Сурайт кайра наристе:
«Кантем эгер келсе Сага сүйлөшкүм?»
Теңир анда ал суроого айтыптыр:
– «Ал периште келсе мага сүйлөшкүң,
Колунду ачып дуба кыл деп үйрөтөт.
өмүр бою колун жайып сен үчүн,
Бата тилеп мени менен сүйлөшөт!»

Дагы сурайт курсактагы наристе:
«– Оо, Кудайым, периштенин аты Ким?»
– «АПА дейсин, өмүр бою сен аны,
Ырайымдуу колдоочун да, коргоочун!

сен сүйлөйсүң ал жалбарган тил менен,
Апакеңди сыйласаң кем болбойсуң.
Маңдайыңа бүткөн сенин Периште,
аткан таңдай ырыс чачып ар дайым,
Алтымыш жыл кетсең кийин алыска,
Тосчуу пенде койнун ачып алдыңан.

ЭНЕ ТИЛИ,
ЭНЕ,
Куттуу МЕКЕНИҢ
Ыйык, баркта, барк билбесең, оңбойсуң!»–
дептир анда Жараткан.

Бала келди ыңаалап бул дүйнөгө,
Төшүндөгү ымыркайга кызыл эт,
Периште – ЭНЕ мээрим төгөт Күн болуп!..
Ал бактылуу ЭНЕ Тилде жалбарат!
Периште – ЭНЕ – ЭНЕ Тилде жалбарат!

21-февраль 2014-жыл. Ош.

Тирүү сөз

Сөздөр тирүү түзүлгөн тирүү ойдон,
Жүрөк турат титиреп тириле албай.
Сөздөр тирүү, Чала адам түшүнбөгөн,
Шагы сынып улуу сөз бири калбай.

Сөздөр боздойт жетпеген кум кулакка,
Сөздөр онтойт пайдасыз тирүү бойдон.
Чала адамың акылман сөзду көрбөй,
Акчага кул, бийликтин кулу болгон.

Тирүү сөздүн түгөнгүс кенин чачып,
Сандыраган, убада ураан чачып,
Баркы түшүп бабамдын улуу сөзү,
Босогодо турган кез сүрү качып...

Ата айткан керээзи кечөөгүдөн,
Кемип турган боз тайлак түлөгөндөй.
Болот деди бүт баары мен айткандай.
карабаймын кундуу сөз жүдөгөнгө.

Шапар тепкен күндө оюн хан сарайда,
Айыл, шаарда калайык эске келбей.
Баш аламан башталды, урмат кайда?!!
Ырысы жок сөз күчөп, кепке келбей...

Акылманы, вазири кеңеш салчуу,
Унут калган буюмдай чекеледи.
Чар тарабын орогон чалагайым,
Таз жорудай туш-туштан жетеледи.

Ырыс качып ордодон, береке жок,
Тирүү сөздү тебелеп алсыраган.
Жалган-жашык, жалаанын иши жүрүп,
Толуп кетти ордого коң каргадай.

Ыйык болгон атанын турак жайы,
Киндик каны тамган жер касиеттүү.
Нарк билбеген түркөйдүн азабынан,
Ата-салттын, акылдын баркы кетти.

Баары айланып, кужурдун-кужуруна,
Сөздөр үстөм – ыймансыз жанын жеген.
Балаң түшкүр, бүт баарын өзүм билем...
Чала адамың иши жок Адам менен.

Элиң менен иши жок, өзү гана,
Сөз бергени кеп эмес тыйынчалык.
Кесепетин тийгизет сага, мага,
Сөз түшүнбөй, сөз жебей кымынчалык.

Сөздүн шагын сындырып, тебелеген,
Сөз атасын өлтүрүп эчен ирет,
Кылымдарда түркөй ой келе берген,
Кара курсак, кара баш камын көрүп.

Сөздөр чарчап аргасы түгөнгөндө,
Айтаарга да ырыстуу сүйлөм калбай.
Адам деген улуу март кечет анын,
Акмактыгын, ал барган жолго барбай.

Сабыр калбай, байлыктын басындысы
Тирүү сөздү карманат Адам гана.

6.02.2014-ж.

Паашалар менен соодагерлер тууралуу ыр

Далай кылым дүйнө кезип,
Кербен менен каттаган,
Соодагерди улуттук деп
Адамдар жок мактаган.
Соодагердин улуту да,
Уруусу да болбогон.
Малын пулдап, жанын пулдап,
Пайда алууну ойлогон.
Алтын теңге шыңгыраса,
Учуп түшүп атынан,
Тогуз ирет томолонуп,
Ыйык жердин суусун, ташын,
Топурагын, тузун да,
Пулга чагып сата берген.
Капчык толсо, тойбогон.
Соодагердин болбойт экен
Мекени да, жери да,
Жарым чака турбайт ага,
Ата-энеси, теңи да...
Түшүнүк жок элим деген,
Ойлойт малын, кымбатпы,
Кантип сатат, канча эселеп,
Ойлойт аны пулдашты.
Паашаларды жандап келген,
Ак сарайда дайыма
Ал мекендин байлыгы эмес,
өндөрү да бир беткей.
Кымбат чапан кийген менен
Сөзү болбойт ырыстуу.

Нарк-насилиң, тарыхыңды,
Билбейт ырдаар ырыңды...
Акылманды, акындарды
Элдин ырын ырдаган,
Кулга айлантат соодагериң,
Ыйманды да пулдаган.
Көндөй көөдөн пул тааныган,

Сатып алат көргөнүн.
Бийликтерди. Креслону,
Самалетту, бүркүттү-
Бутун байлап, көзүн таңып,
Ала-Тоодон шаңшыган
Ажыратат пул үчүн.
Анан сайрайт бопбош турган
Төшүн кагып, эрдемсип,
Элди бүтүн маң баш кылат,
Маң башынан мээ чыкпай.
арс чычкандын коргоолун да
пулга чагып жай албай,
бакага да ээ чыкмай.
Акылмандар, ойчулдарды
Түшүнүүгө алы жок.
Ал улуулар карапайым,
Эл четинде каркайып,
Улутунун эртеңинен
Санаа турат тынчытпай.
Кылымдардан кылымдарга,
Соодагериң, соодагер.
Калктын ырын, калктын атын
чыгарган бул акындар.
Ар замандын шылуундары

Жаңы байлар, жулунган
ач көздүктөн жыйган малын
ала кетпей о дүйнө,
Колун жазып кетет бирдей,
Кулуң, бийиң, падышаң.
Жанга аралжы болмок турсун,
Талоон болгон буйрубай.
Жыйган малы ага иштебей,
Ал кул болуп байлыкка.
Тыным билбей жан далбастап,
Көргөн азап-тозогун,
Карап турган көктөн улам,
Тескейт экен бир Кудай.
Акындарың, акылманың,
Ширин, кыска уктаган,
Жандан ширин бакыт ырын,
Жазат эстен чыкпаган.

10.02.2014-ж.

Бир тууган ойлор баккан улуу мейкин!

Колума калем кармап, ырымды элге арнап,
Жүрөмүн насиптешип далай жанга.
Табылат арасынан көз ирмемди
Байкап турган бир тууган сезимдүү жан.
Сырдашасың катылган сырларынды,
Жүрөктө багып жүргөн ыйык ойлор,
Эң жаңы жан уга элек ырларынды.
Мен кандай бактылуумун,
Далайдын арасынан тандоого укугум бар.
Бир тууган сезимдеги досторумдун,
Улуту, өңү-түсү, кала берсе,
Чоң-кичүү жашында да чеги болбойт.
Жарым сөздөн турасың түшүнүшүп.
Негизгиси дилиңе дилдеш адам.
Оюндун чабытына тең чабыттуу,
Көз карашың ааламда ченелбеген,
Мейкини чексиз болгон бир тууганды к.
Ар дайым кайда жүрбө таянычың,
Бийикке чогуу учуп, чогуу күүлөп канатынды.
Ара жолго таштабаган боордоштук,
сатып ийбес ара жолдо,
Бул өтө ыйык достук, бийик сезим,
Колунан келе бербес бүт баарынын,
Бул чексиз берилгендик, улуу бакыт,
Жүрөктөштүк, тилектештик, санаалаштык!
Сезимдердин тууганды гы.
Ансыз ойлоо, ансыз жашоо мүмкүн эмес,
Айтасың эң күпуя ойлорунду багып жүргөн,
Арманыңды жүрөгүндө тилип турган кансыратып,

бүт баарын айтып таштап.
Тазаланып периштедей,
жашоо бар жүрүш жасап,
Ашууга кол жеткис бийиктерди.

Бул улуу туруктуулук,
Сезимдер дал келишкен
Бийик турган бийиктерден.
Миндин бири, оңой менен табылбаган
Бир тууган ойлор баккан Улуу Мейкин!
Кубат берет жашоого бийиктикте!

13.02.2014-ж.

Жүз жашка чыккан асакалдын акыркы сөзү

«Адам бар жакшы болсо көрө албаган,
Жыгылып баратса кол бере албаган.

Чөп салып сары изинде жүргөн куурап,
Теңелүү колдон келбейт, жашайт туурап.

Кадимден болуп келген кара мүртөз,
Тийгизген кесепетин айтып бир сөз...

Айланган кара туман кесепеттүү,
Аялап, алыс жүрөт андан эстүү.

Тырмалап эмгектенген карапайым,
Талаада карч урунуп кара жанын.

Жашоого жарык берген кеменгер жан,
өстүргөн жайды жайлай ырыскы-дан.

Миң эсе өйдө тиги кара күчтөн,
Көрө албас сары изинде сая түшкөн.

Малынын тооп кылып туягына,
малчы бар чыдап аба ырайына.

Жайлоонун жашыл төрү чыкыроон кыш,
мал сактап, камын көрүп жасаган иш.

Айылды, элди эт-сүткө марытканга
Жашаган кайыл кышта кайыкканга.

Малчынын зыяны жок шамалга да,
Издеген жандыктарга жерди далдаа.

Төл маалда кулун, торпок, козу-улагын,
Тумшугун сыгып, ааарчып чарайнадан,

Бутуна тургузат, шүк карайт малын,
Эмгекчил, бир жөнөкөй таза адам.

Жакшыга тенеле албай жаны күйгөн,
Миллион ирет өйдө кара дилден.

Адамдан адам сыяк эки буттуу
Жырткыч бар жаны тынбай жортуп турчуу.

Ийненин көзүнчөлүк таза ою жок,
Илгиртпей таза дилди булгайт окшойт.

Карасы тийген жерден тазалануу
Оңойго турбай кыйнайт кара жанды.

Андайдын жамандыгы жөн-жай өтпөйт,
Карасы жайылат да жууса кетпейт.

Айкандай «Ак ийилип сынбайт» дешип,
Кара так тазаланат көптө кетип...

Жакшыны жакшы дешке эрдик керек,
Көр пенде майдалыкты, аттайт демек.

Айкөлдүк көп пендеге буйрубаган,
Тегинен билим керек болчуу адам.
Тегинде касиеттүү болсо тукум,
Жараткан берет милдет керек үчүн.

«Кудайдын буйругусуз чымын өлбөйт»
Ак-кара салыштырып пенде көнөт.

Антпесе баркын билбей улуу жандын,
Беш колду бирдей көрчүү түркөй арбын.

Сабыркап санаа жеген Асан кайгы,
Аларсыз бул дүйнөдө жашоо барбы.

Боору таш, күн түшпөсүн кайдыгерге,
Болсо да кай кылымда, кайсы жерде.

Азабын жандуунун да, жаныбардын,
Сезимин ойготууга адамдардын-

Ырдаптыр Асанкайгы жарыктык ай,
Тынчына өз жанынын канаат кылбай.

Боору ооруп кумурскага, жыланына,
Кантти деп кайберенге, куланына.

Азыркы кездин ойчул адамдары,
Атомду, Айды окумак заманбабы.

Сезимин, боорукердик ырайымын,
Сыртынан кетип турат кулагынын.

Асманды үйрөнөт ко, ата наркын,
Андабай калтырабы урпактарым.
Угулбай ондон бири айтканымдын,
Жүз жашым өткөндүгү болуп бир күн.

Тагдырга шылтоо кылбай жашаганмын,
Жазуусун так аткарып пешененин.

Туш болуп кылгандарга далай пастык,
Төрүмдү төрлөп жашап келген кастык.

Жаныма жакын кармап душманымды,
Жоону чаап, аябадым күч, жанымды.

Ак сүйлөп, керек жерде болуп калыс,
Как жарып кара кылды, алдым намыс.

Ай жүзүн ата-энемдин жер каратпай,
Иштедим билек түрүп, жөн жай жатпай.

Бир кылым не өтпөдү бу башымдан,
Көзүмдөн өткөрүп бүт карап турам:

Туу туттум ар-намысты, мекенимди,
Сөз күчүн, касиетин кечээ күндүн.

Жашадым тирүү сөздүн күчүн кармап,
Кыргыздар улуу сөзгө башын арнайт.

Талкалап бир сөз үчүн капка шаарын,
Калкты аман бир сөз менен сактаганын.

Кадимден билет элим, мен да айтайын,
Баркта элим тирүү сөздү, мен кайтайын.
Энчиңе бердим толук бабалардан,
Коротпой тирүү сөздү мага калган.

Арасы жаман менен жакшылыктын,
Дилинде,
тилге чыгат,
Сөздү карман!"

Керээзин айтып бүтүн урпактарга,
Касиет-кутту баккан кыргыздарга.

Ирмелип кирпиктери араң – араң,
Жүз жашка чыккан адам аалам салган.

27.02.2014-ж.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепканасы
ИНВ № 481921

Дүйнө кезет Камбар ата канаттуу

Улуу тоолор каткан сырын кылымдан,
Нардай чөгүп, күнгүрөнө кебелбейт.
Кыргыздарым желдей учкан ат минип,
Карегине ааламды бүт чөгөргөн.

Дүйнө кезет Камбар ата канаттуу,
Туу чокулар ийгилиги баатырдын.
Жаракалар, жарлар мезгил жарасы,
Кан жөткүрө жеңилгени каапырдын...

Тоолор жатат миллион кат жер кечип,
Белчесинен канды кечкен эрендей.
Кылымдардын ыйык сыры ичинде
Жаңырыктап бизге угулат тереңден.

Аргымактын куйрук – жалын көк бороон
тараң келген, учкан сайын бийиктеп.
Ай туяктан даңканы учуп ат чабым,
Ооздук тартпай көбүк бүркөн күлүктөр...

Улуу тоолор,
баатыр кыргыз,
аргымак
үчилтиктин үчөөндө улуу касиет.
Бирин бири келген дайым толуктап
Жамандыктан сактап, колдоп канча ирет.

Улуу Тоолор, Улуу Кыргыз,
Аргымак –
башын буруп эренге айткан эртеңин.
Кереметтүү Улуу тоодон айрыба.
Дүйнө кезген Камбар ата канаттуу,
Кубат алчуу мүрөк суулуу жай мына!

2-январь 2014-ж. Ош

Көкөлөткөн канатым

Бир күн бүтүн, бир күн жарты ыр жазып,
Күмүш өмүр күлүк минип кырды ашып,
Теңиримдин ыроологон бактысы,
Кызым менен олтурабыз сырдашып.

Жан жыргатып, бала жыты балкыган,
Кыял кезет чоң ааламды чалкыган.
Калкым аман кара кылды как жарган,
Кагылайын кыз сыйлаган салтыңан.

Кызым тирек, көкөлөткөн канатым,
Жакын кылган асман-жердин арасын.
Телегейим тегиз, бүтүн теменем,
Бактым чалкып, жыттайм Айдай баласын.

Кээде көңүл кирдеп келет, турмуш деп,
Этегиңе чаң жуккандай капилет.
Ыр жаздырып, ырыскыңды толуктайт,
Кудай берген баланда чоң касиет.

Балдарым

Балдарым менсиз сумсайып,
Калгандай сезем алыстан.
А өзүм жаным эзилип,
Жете албайм турам, барышка.

Жете албай турам, балдарым,
Жолдордун жолдой иши көп.
Умтулам, бүгпөй жумуштар,
Тоскоолдук кылчуу киши көп.

Сагындым, келет жыттагым,
Сеңселген саамай чачынды.
Ойлонуп жатып уктадым,
кайталап улам атынды.

Колдосун куттуу жараткан,
Бийиктей берсин зоболоң.
Кайрат-күч берип, аткан таң –
кубаттап турсун ободон.

Сагынчым сактап коргосун,
Назардан, суктан, жамандан.
Бактыдан куру койбосун,
Айландым алтын баламдан.

Бактыма жарк деп жаралган!

8-05.2013-ж. Бишкек.

А кээде бул турмуштун зардабы бар

(Жол келаткан аксакалдын аңгемеси)

Жашоонун өзү табышмак,
Туугандар бар кудай берген.
Барына ыраазысың, жакшысы:
Кубандырып төш кересиң.
Керек жерде таянчың, ишенгениң.
Эки болбойт айткан кебиң,
Сыйыңды, урматыңды коет бийик.
Жарпыңды жазат жарык күндөй тийип.
Келесиң өксүк кеми толгон сыяк,
Бар-жогуңа болуп кайыл ...
Кичине жылуу сөзү жанга кубат.
Көңүлдү көкөлөтүп кармап турат
Тар кыядан өтөсүң өзүң чыдап,
Бар үчүн колдой турган адамдарың...
Тагдырын ар ким өзү жасайт колдо,
Эмгектенип, карч уруп кара жанын.
Деңиздей толкуп кээде уч-кыйырсыз,
Кээ күнү алоолонгон кызыл жалын
Ооматтын жеткен болсоң тизгинине,
Чылбыр да буйруганы.
Кээ бири: айлаң кетет кичирейип...
Эптеп тынч ушул жашоо өтсө дейсиң.
Тандоого мүмкүн эмес, бир тууганды,
башка болбойт!..
Кайылсың пешенеге жазганына.
Жаралган бактың үчүн,
жаралган арманыңа,
бир туугандар айласыз –
көтөртүп азаптарын баш катырган,
түмөн түйшүк башыңа салганына.
Чыдайсың турмуштун зардабына...

Өткөндөрдү жоктоо

Жарым кылым жоктоонуну ырын жазбай,
Касы иним ичимден эзилдим ай.
Кашкайтсам да тишимди башкаларга,
Ичтен сыздап, көз жашым түндөрү сай...

Боору бүтүн көрүнүп бөтөн жанга,
Түзөлөмүн өзүмдү өзүм кармап.
Касы Болуш кактырбай канаттууга,
Аскар тоодой бел болуп турмак жандап.

Жоктун орду толбоду аргам канча,
Жылдыз жаныш, келатам бийик жерде.
Кудай албай, жамандар кырдуусунат,
Таянамын кең пейил, ыйык элге.

Өктөм сүйлөп элимдин айтаар сөзүн,
Өктөм турам бел чечпей, мукурабай.
Арбагыңар колдоосун байкайт сезүүм,
Жеңем!
Жеңиш кептерин учурам жай.

Ата-эне өтмөгү мурас делет,
Сен бир боорум кемиттиң, Түгөлбай да...
Асабадай тирелип канат болчу.
Туңгуюктан жалгыздап таптым арга.

Жакшы адамдар көп экен анткен менен,
Зарылганда таштабай алат колдон.

Элүү жылда эл жаңы дегени ырас,
Адамдар көп, мен турам жүдөп ойдон...
Кечиргиле көз жашты инилерим,
эрте кеткен.

Эжеңдин жоктогонун,
Кээде издейм карайлап, бекем таянч,
Белгиси бейм, улгайып бараткандын.
Жакшылыктын болоттур бир аргасы,

Жаман, пастан адаштыр жаратканым.
Ташыркады күлүгүм таштак жолдон,
Ат чалдырбай таскактап баратканым,
Жетүүм керек тээ тиги бийик белге,
Тосом андан Күн күлүп, Таң атканын!

19-май 2014-ж.

Акындар

Акындар, кыялы кырс тыржындаган,
Жактырбай гүлдөн деле кыйкым издейт.
Өздүрү ыр тагдырды термеп ойго,
Аксаган нарк-насилди ондоп, түздөйт.

Жашоонун жадыбалы жат болсо да,
Пендеси бирин тутуп, бирин билбейт.
Арада желкелеген турмуш жүгү,
күчтүүнү алсыратып, элди иргейт...

Акындар олтура албайт мандаш уруп,
тиштенип чымын жанын чырылдаган.
Ал жээктен тигил жээкке далбас уруп,
Бороонго төшүн тосот ырылдаган.

Калкалайт куттуу жерин болушунча,
Кайыккан каардуу сууктун шамалынан.
Жашашат жанын үрөп жакшылыкка,
Көз жашы дайра болуп барагына...

Кадимден сөз атасы, сөздү багып,
таяныш Калеми – жан жарагына!
Акындын ишенгени жалгыз Кудай,
Жеткирчүү тилегине, баралына.

Түтөтпөй сүйүү оттун азабына!

25.04. 13-ж. Бишкек.

Жапжашыл талаа...

Жапжашыл талаа,
жапжашыл дүйнө, теребел,
жадырап толуп,
турган кез жаштык чагына.
Жараткан бизге
жакшыдан жышаан бере гөр,
Көөдөнүм балкып,
Көп таазим эттим жазыңа.

Көктөмдүн жыты,
тирүүлүк жыты бүрдөгөн,
бактарың байлык,
ак толкун болуп гүлдөгөн.
Сыдырым желиң
ыргаган сайын үлбүрөйт,
Оо, мынча назик
гүл өмүр көрктүү гүл менен.

Жыпар жыт аңкып,
каптаган толкуйт айлана,
бу күндүн баркын,
кадырын билээр жан керек.
Чалкыган өрөөн
оролгон сырдуу саймага,
теңирим мээрбан,
куму-ташына жан берет.

Күштары сайрап,
кулуну ойноп ойдунда,

Кутман жер бүгүн
кулпуруп турган кезеги.
Уул, кызым, элим
бактысын сезип койнунда,
Көктөмдөй таза,
көңүлдүү жашап өтөлү.

Көктөмдө нурлуу
жарыгын чачат Күн Кудай,
Кубатын берет
кылымга тете тургудай.
Ырыскы бергин,
эмгекчил баң элиме,
Пейили кенен,
кадимден калыс бир Кудай.

Келтирем шүгүр,
миң ирет айтып алкышты,
Кабылдай көргүн,
кадимден калыс бир Кудай.

.....

Жапжашыл талаа,
жапжашыл дүйнө, теребел,
жадырап толуп,
турган кез жаштык чагына.

25.04. 13-ж. Бишкек.

Тирүүлүктүн кыяматы – бул ыйлар...

Эмчек сүтү акпай калды,
Балага да мээнибеди жүрөгү.
Наристенин ыйлап үнү басылбай,
Курсагы ачты, эмчек сүтүн тиледи.

Сүтүн тилейт, туш тарабын жалмалап,
ыңаалаган басылбады үнү да.
Эне ансайын дене бою жыйрылып,
Жек көрүүсү күчөп турду балага.

Көргүсү жок, ымыркайды көргүсү,
Ыза басып жатат, келип өлгүсү...
Бир зөөкүрдүн зомбулугу нес кылып,..
Жүрөгүнө баткан сын сөз – элдики...

Сынтагышып эбиреген эчен жан,
«Сыңар өтүк, майрыгына», карабай
Жаш өмүрүн уулап салган армансыз,
Тогуз айда айланган чоң жарага.

Эки адамдын калган убал-шоруна,
Тиги зөөкүр ойлобойт бул тагдырды...
Да бирөөнүн көз жашын сел агызып,
Жүрсө керек кең дүйнөну тар кылып...

Бөбөктүн да зары угулат Кудайга.
Кимге барып, кайсы жерде жан сактайт?! –
билбейт эне башын кайда катарын,
жүрөгүнөн зарлап ыйлап, кан какшайт,

Тирүүлүктүн кыяматы – бул ыйлар.

25.04. 13-ж. Бишкек.

Жаз жамгыры- касиеттүү жаратман

«Жаз жамынчыңы таштаба»
Эл сөзү.

Азыр эле тийип турган жарык күн,
Сур булуттун калып кетти артында.
Жамгыр төгүп, өзүнчө эле челектеп,
Күн бүркөлдү, суук шамалга чарпылды.

Жаздын күнү жамынчысы жок чыгып,
Качып келем сабалаган жамгырдан.
Тызылдатып, көрсөттүбү шоктугун
Куюп турат элегендей калбырдан.

Жаз жамгыры шок баладай суу чачкан,
Жер энени сугара бер көнөктөп.
Дарак-ташты жууп-тазалап сергитчи,
Көптөн бери какшып турган элетте.

Менин дагы сергий түштү көңүлүм,
Ойгоно албай, үргүлөгөн сезим да.
Жаз жамгыры- касиеттүү жаратман.
Келе жатам сугарылып өзүм да,
Жамынчысыз чыкканыма ырахмат.

25.04. 13-ж. Бишкек.

Бул сүйүү эски болбойт...

Бул сүйүү эски болбойт, жаңы болбойт,
Сүйүүдөн айыгуучу даары болбойт.
Сүйүүнүн боору таштай, дили катуу,
сүйүүнүн аяй турган жаны болбойт.

Сүйүшүп жетишкендер бактылуудур...
армандуу калгандардын жаны оңбойт.
Чабышта уулуу жебе тийген өндүү,
Кабылдап, шыпаа табаар жагы болбойт.

Кайран жан чымырканып оорусуна,
Басылбай эс тандырган ысытмадай
Бир өмүр өксүй-өксүй өтөт жашоо,
Тагдырдын оромпою болуп гана!

Бул сүйүү аруу кармайт сезиминди,
Деңиздей чалкыйт ойлор кыял минип.
Жупуну жүргөн менен эл катары,
Жашайсың бийик, пастын баркын билип.

Бул сүйүү эски болбойт, жаңы болбойт,
Бир өмүр жан азыгың, сезим барда!

25.04. 13-ж. Бишкек.

Шакылдак поезд...

Шакылдак поезд батыштан өтөт чыгышка,
Шашылган жандар олтурат, жетет жумушка.
Чыгыштан кайра батышка ташыйт жүргүнчү,
Зымырык куштай Мезгил-Күн учат – бир уста.

Такшалып такыр бүткөн Күн жемин жедирбей,
Четинен таарып, өмүрдү турган жукартып.
жүргүнчү пендең түйшүктөн күндө эзилген,
жүргүсү келбейт желкеге ашык жүк артып.

Жукарып сезим, жукарган турмуш жүгүнөн,
Чиркешкен вагон, ичинде элдер азайаар...
Кайрылбай артка кадамы жетип марага,
Кайгыртып кетчүү, картайган каардуу аза бар.

Шакылдак поезд батыштан өтөт чыгышка,
Зымырык куштай Мезгил Күн учат – бир уста[1].

25.04. 13-ж. Бишкек.

[1] уста – дасыккан, чебер күн.

Элестейт сүт жыт айылдар

Аңгеме куруп, бульварда бастык бир кыйла,
сүтактын үнүн далайга угуп, сайраган.
Ааламды термеп, аңтарып ырдын дүйнөсүн,
Калбады эч жер кыялап басып барбаган.

Ырларды зэрчий көкөлөп бийик учтук биз,
түркүн түс дүйнө жандырып турду шооласын.
Унуттук азга, санааркап турган жүрөктү,
Унуттук көпкө – көйгөйлүү турмуш коогасын.

Бир тутам өмүр кармалып ирмем кирпикте,
Жамгырдан кийин сергитип жанды кайындар.
Элестеп жылга, жылкысын жигит айдаган,
Элестеп сүт жыт, беймарал жаткан айылдар.

Рахат менен кеп кылып өткөн-кеткенди,
Маскөөсү дагы, Алтайы, Тибет эстелди.
Зыярат кылып Манасрава көлүнө,
Күзгүлүү Кайласд тоосуна калдык жеткени...

бул сөздөр кундуу кармаган сактап, дүйнөнү.
бульварда туруп, жер шарын кезип каттаган.
Толкутуп туйгу, кучакка сыйбай Эне Жер,
Көөдөндөн ташыйт мекенчил сүйүү, батпаган.

Аңгеме куруп, бульварда бастык бир кыйла,
Ааламды кезип, аңтарып ырдын дүйнөсүн,

25.04. 13-ж. Бишкек.

А теректер асабага жарачуу...

Көктөм келди, көгөрдү бүт айлана,
Көктөйт жалбыз, терек – талың, алма да.
Жер дүркүрөп көк чөп чыгат, мал оттойт,
Көк теректен кесет абам укурук,
Көк теректен кесет узун асаба.

Асабадай шыңга-шыңга уулдарын,
Окусун деп жөнөтчү эле атама...
Ошондогу асабадай жигиттер,
Чоң аталар, таяталар, карыя.
Бир айылдын билерманы болушту,
Балдарынын, неберенин багына.

Дагы көктөм, далай уулдар чоңойду,
Бойлору да узун-узун теректей,
А теректер асабага жарачуу,
Арык бойлоп өсүп турат, анакей!

26.04. 13-ж. Бишкек.

Оюма түшөт кылт этип...

Аздектеп багып, жүрөктө каткан сырымды,
Таптаза, сулуу өзүңө арнайм бир өмүр.
Көргөндө жаным кайратка толот башкача,
Таянчым болуп, кубатым бойдон жүрө гөр.

Кол тийбес назик, периште сымал аппагым,
Не деген таттуу кыялды багам сени ойлоп.
Жүргөнүң сенин, бактымын чексиз жактары,
замандаш мага жаралбай калсаң не болмок.

Не болмок анда, үмүттүн жиби уланбай,
үйүрүн таппай адашып кеткен куландай.
сүйүүнү билбей жыргалы менен кууралын,
тагдырды жалаң бийлемек тура бир арман.

Каниет кылам, боорукер экен жараткан,
Өзүңдөй таза, махабат берген, ак жолтой,
Көңүлүм кушбак, жүргөндөй сезем канатчан,
Көрүнүп калсаң, кубатың колдойт сан колдой.

Башкача жансың, жаралган айкөл пейилдүү,
Эстеген сайын дүкүлдөйт жүрөк сүйүнүч.
Кылт этип улам оюма түшсөң шерденем,
Алдыга карай ээрчитип келет бир үмүт.

27.04.13-ж.Бишкек

Коңгуроодой жакшына үнүңдү угам

Күтүлбөгөн жолугуу мандайымда,
күмүш шыңгыр коңгуроо чалганында,
кең дүйнөнүн кемтиги толо түштү,
күмүш саамай куракка барганымда.

Коңгуроодой жакшына үнүңдү угам,
Жакшылыгын жараткан буйруп турган.
Жаным жыргап, сүйлөшүп олтурамын,
Ушул ирмем бүткөндөй жалаң ырдан.

Эстен кетпес, күндөрдүн күнү бар да,
Канчалаган адамга учурайбыз.
Кымбатындай сүйүнтпөйт бирөө мынча,
сүйүнч отун каректен учурабыз.

Жалт карасаң жүрөгүм тызылдаган,
Отту жагат сезимге кол тийбеген.
сүйүп жүрүү өмүрдө бир чоң бакыт,
сыноосунан мезгилдин мертинбеген.

29.04.13-ж. Бишкек.

Ак кайыңдын дирилдейт бариктери...

Ызгаар суукта баратсам, акырын, жай,
Ак кайыңдын шыбырайт бариктери.
Күбө болгон сүйүүгө, сырларга бай,
сагынгандай жаштыкты, аны-мени.

Жалбырагы себебин сурагансыйт,
"жалгыз келдиң, неге сен үшүп мында?"
Эстутуму күчтүү бул кайыңдар да,
Таңды тоскон мезгилди жоктойт тура.

Сурабачы, ал кеткен кайтпас жайга,
Сурабачы, ак кайың ыйламсырап.
Жөлөнөмүн, гүл убак келбес кайра,
Салганына тагдырдын жүрүү чыдап.

Өмүрдүн жаз, жай, күзү,чыкыроон кыш
Төрт мезгилдин өзүнчө кадыр-баркы.
Жазды, жайды карманып жүрүптүрбүз,..
Жалгыздатып тондурмай кыштын салты...

Ызгаар күздө баратам, акырын, жай,
Ак кайыңдын дирилдейт жалбырагы.

30.04.13-ж. Бишкек.

Амандыкта жүргөнгө...

Жолдор узун, жолдор чексиз чубалган,
Жетип болбойт сыяктанат, келебиз.
Артта калып далай суулар, талаалар,
Аскар тоолор, ашууларды көрөбүз.

Татаал ашуу, бекем руль кармаган,
Шоопур тоого тырмышкандай сезилген.
Машинанын дөңгөлөгү пирилдеп,
Кар-жамгырдан жолдун мээси эзилген...

Жолдун көзүн караганга чама жок,
Ылай, сууну белден кечип зуулдайт.
Жүрөгүмдү сенин ырың терметип,
кулагыма угулат да, угулбайт.

Жырткычтарга жем болушуп канча адам,
Оо, илгери ат-көлүкчөн каттаган.
"Жол азабы, гөр азабы болот"-деп,
Айткан экен мезгилинде карт бабам.

Азыр учак, поезд, күлүк машина,
Антсе деле эзилебиз жүргөндө.
Дүйнө кезип, сапарыбыз карыбай,
жеткир Теңир амандыкта жүргөнгө.

30.04.13-ж. Бишкек.

Туруп коет намыска

Биздин турмуш болгон эле жомоктой,
Эске түшкөн сайын жүрөк сүйүнөт.
Жашадык деп, канчасы эптеп күн көрүп,
Канча пенде теңеле албай күйүгөт.

Чоң чай ичсе, болуп ага бактылуу,
Жүргөндөр көп сылап коюп курсагын.
Улам жаңы чүпүрөктү кийдим деп,
Аялдар бар ойногондой куурчагын.

Бирөө улам кошоматка кой союп,
Пахта коет көчүгүнө бирөөнүн...
Кол кап сымал алмашканда биӥликчи,
Сызга олтурат, таш каап күткөн тилегин.

Эпчилдикпи? Сатып малын, жанын да,
Таза адамдын ырыскысын кескен бар.
Кара тааруу айланбаган ичине,
Ич тардыктан инфаркт болуп кеткен бар.

Көп безилдеп, берилгенин билдирип,
Кайра артыңан кара сууну куйган бар.
Качан болсо, сагызгандай шакылдап,
Кесепеттүү, чындап арбак урган бар.

Тексиз кулдар – кулдай бүтөт жумушун,
Көрбөгөндүн көргөндүгү курусун.
Тектүү жандар – туруп коңт намыска,
Эртең жарык тие турган күн үчүн!

Аргасыздан байкуштарды аяйсың,
Беш кол бирдей жаралбаган турбайбы.
Азаматтын адамдыгын урматтап,
Садагага чапкың келет бир жанды.

30.04.13-ж. Бишкек.

Чууруп кызыл шурудай

Урматың сенин ушулдур,
Кабарым алган, сурап, таап.
Канча дос чилдей тарады,
Мезгилдер менен ыраактап...

А мезгил болгон бир шылтоо,
Дилинде достук пири жок.
Дуулдап жүргөн ээрчишип,
баягылардын бири жок...

Бапырап, төгүл-чачылың,
Жайнатып колдо барыңды.
Жакшы кез экен асылым,
Сурашып туруу алынды.

Ал убак жашыл көктөмдөй,
Көзүмдө менин, көзүңдө.
Чууруп кызыл шурудай
Жүргөнү-жүргөн эсимде.

Издешип, эңсеп жүрөктөр,
От чачып турган сезимден.
Пейилиң болсун жолдошуң,
Урматтап күткөн өзүмдү.

30.04.13-ж. Бишкек.

Тагдырдын узун жолу...

Тагдырдын узун жолу тууралаңып,
Сен кайда, мен кайдамын, бөлдү бизди.
Ортодо күргүштөгөн дайра агып,
Турмуштан далай жедик тамбибизди[1].

Тамби эмей эмне сага жетпей сыздап,
Жол карап, алагар көз чарчаганы.
Үмүттүн күзөтчүсү бийик кызмат,
Туруктуу чекте туруп чарчабады.

Океан он эки бал толкугандай,
Ойноткон тагдыр жоошуйт, азабың да
Изденип элжиреген эки жүрөк,
Ичимден мен чыдадым, тажадыңбы?!

Оо, качан билсем гана келээриңди,
Оңойбу, улам жиптей чыйралган жан.
Онтоосуз күттүм деген ишааранды
Ошондо көзүндөн бир байкап калсам.

Бир өмүр сагынганым, ээрип чыдам,
унтулуп калаар бекен өткүн сымал.

30.04.13-ж. Бишкек.

[1]Тамби — тарткылык, сабагын алуу, азабын тартуу...

Эки тоо

Кылымды бүктөй кармап коюнуна,
Бул тоолор козголушпайт орунунан.
Жайгашсын колу-бутун кенен жайып-
деп тоого боло бербейт орун улам.

Тоолордун көбү кудум нардай чөгүп,
Сиңиптир жердин жети катмарына.
Ак мөңгү ак калпактай калканч болуп,
Аялап, сактайт күндүн аптабынан.

Чокусу көк асманды кийип турат,
Жылдыздар колоттордо күйүп турат.
Бул тоолор көрүнгөнсүйт жакын эле,
Кайберен жетпес, мелжип бийик турат.

Тоолордун шарапаты бүтүн элге,
Суу болуп, түмөн сырдуу тийип турат.
Тоосу бар кыргызымдын бешенеси
Ачылып алып келген андан кубат.

Элимде "Эки тоону жоолукпайт" дейт,
А тоолор бир-бирине умтулушат.
Жоолугуп ичи толо сырын төгүп,
Мээримден кубаттаныш, кулпурушат.

Жоолугуп дили-тили бир ыр ырдайт,
Алыстан медет болот бир бирине.
Бул тоолор кылым сырын жебиреген,
Карабайт түштүгүнө, түндүгүнө.

Тоолордун сыры бирге кубаттаган,
Айкөлдүк алмустактан мурас калган.
Эки тоо кезигишет айкалышып.
Эски сөз күчү кетип, урап калган.

Кезигет бул алп тоолор бир-бирине,
Карабайт түштүгүнө, түндүгүнө.
Карабайт көрө албаска тырмандаган,
Айланат чоогуу жердин киндигине.

30-июль 2013-жыл. Бишкек

* * *

Өмүрдүн түштүгүнө жорго минип,
Көңүлдүн түштүгүнө канат болгон.
Жашоонун жакшылыгы бапыраган,
Көгүчкөн көккө учурат алтын колдон.

Гүл өмүр миң жашта да ирмем сымал,
Бир өмүр жүз жашта да чарчап турар.
Жашоонун көркү кайсы барк билбесе,
Жакшылык көөдөнүнө баккан тумар.

Бага бер көөдөнүнө жакшылыкты,
Жашоого тойгон ким бар, канып кумар.

30-июль 2013-ж. Бишкек

Ош шаары ойгонгондо

Ойгонот Ошум күндө,
Короздун үнү менен.
Чыгыштан ырыс чачкан,
Күн- Пааша нуру менен.

Таң атат нан жыттанып
Кызыл чок тандырлардан.
Булоолоп палоо бышат,
Очокто казан-казан.

Ойгонот Ош көчөсү,
Мотордон, кыяк черткен.
Зуулдап кыйма-чийме,
Машина сапар кеткен.

Жолдору кан тамырдай,
Жүрөктөр чертип, жашоо.
Адамдар түнөгүнөн,
Ойгонот Күнгө кошо.

Уланат тирүүчүлүк,
Ыпысык жапкан нандай.
Ак-Буура, Сулайман тоо,
Ойгонот Улуу шаар да.
Башталат кызуу турмуш,
Эс алып, кубаттанган.

25.11.2014-ж.

* * *

Анда-санда баш калкалап киргенге,
Изден жүрүп алдым шаардан бир бөлмө.
Адыраңдап менден бетер сүйүнүп,
Алимбайлар келди өрлүктөп, киргенде.

Бапыратып ашын демдеп, жайнатып,
Ысык-муздак чайын дароо кайнатып.
Дос-душманга тике туруп бериштн, –
сүйгөндөргө өзүн, наркысыз, майдачыл.

Ысык-суукта жан кишиге күйбөгөн,
Жан кадырын, дос кадырын билбеген.
Акча десе өмөчөгү үзүлгөн,
Кыздар калды, өзүнчө эле дүрбөлөң...

Барды-келди баркын деле түшүнбөй,
Бирөөлөрдү сезип дайым милдеттүү.
Бечаралар башы чыкпай базардан,
Түркөйлөнүп, манкурт болуп күнү өттү...

Мен алардан күткөн жокмун жакшылык,
Кызмат өтөп, далай баргам бастырып,
Байкуштарым, баасы турбай тыйынга,
Аргасыздан күлкүм келет каткырып.

Жүз кызматтын бири дагы кайтпады,
Тексиздердин теңге гана таанышы.
Жан талашат, аяп турдум аргасыз.
Акча десе чыгат экен жаны ушу.

Алимбайга, Анарага ийилдим,
Кийдиргендей жакшысын бүт кийимдин.
Жакшылыкка жолдош болгон алтындар,
Уул-кызыңдын тойлорунда сүйүнгүн.

15.02.13-ж. Бишкек.

А ырлар кесе сунат сүйүү толо...

Обончу *М. Бостонкуловго*

Толкутуп жүрөгүңдү бир өзгөчө,
Ырларга канат бүтүп оологон.
Обондор ырдай жүргөн жүрөгүндө
Сүртүлгөн күмүш боек зоболоңо.

Жаныңа жөлөк болгон бассаң-турсаң,
Кайрыктар, мукам аваз, сезим чалкыйт.
Ыр жандуу көңүлүндө багат ырды,
Сырдашы- ырларды ырдайт, оюн айтып.

А ырлар кесе сунат сүйүү толо,
Кусалык, кептер учат, деңиз – кеме...
Тагдырдан сурап жакшы тилегиңди,
Жашайт жан аалам толо сүйүү менен.

Бул ырлар ыр жандуунун өзүнүкү,
жан күрбу улуу-кичүү ылгабаган.
Адам кем аксабаган ак сүйүүдөн,
Кайрыгы боздосо ким ыйлабаган!!?

Ырлардын атасы сөз, Энеси обон –
Кошулат эки дайра Океанга.
Чалкыган Океандын сыры терең,
Күрпүлдөп ага берет эки дайра...

Дайрадан азыктанат бүт тирүүлүк,
Топурак, дарак, гүлдөр, кумурскалар.
Толкутуп сезиминди бир өзгөчө,
Ырларга канат бүтүп, учуп барат.

11.01. 14-ж. Ош

Чакырчы мени, тутунган туудай адамым !

Чакырчы мени, чыкыроон, чилде дебегин,
Жылчыксыз каптап, сокур түн турган мезгилде.
Жылдарды көзөп, жылдыздай учуп келемин,
Жүрөктө дайым жүргөнүң үчүн сен бирге.

Чакырчы мени, чалгында жүрөт кыялым –
Ааламды кезип антарган деңиз толкунун.
бүктөлүп айлар, асманга тийип турамын,
чокусун ээлеп, жалгыздык – Айга кол сунуп.

Чакырчы мени, жыйылган карам күндөрдүн,
Чыгайын бошоп, басылып калбай, басынып.
Үнүңдү мага жеткирсин таңкы желаргы,
Жадырап жаным, кубансын күндөй ачылып.

Чакырчы мени, көкөлөп сага учайын,
Шаттыктын бийик шатысы күнгө жеткирген.
Куткарчы төгүп кесесин уулуу кусанын,
Бошотчу сары санаадан, күтүп эскирген.

Чакырчы мени, тилегим келсин оңунан,
Көөдөнгө шыкап, көп жылдар бою сактаган.
Жеткирет Кудай, мендейге боору ооруган,
Жалбарып ага, башкага сырды ачпагам.

Чакырчы мени, бир кылым жааган кар кечем,
Кыйырсыз кумдуу чөл болсо, мейли барамын.
Өмүрдө күтүп, өзүңсүз жашайм саргайып,
турсаң да туудай тутунган кымбат адамым.

Жарыма

Бакыт куш конуп колума,
жашайбыз чогуу сүйүнгөн.
Мээримге толот көөдөнүм,
Нурданып турган жүзүңдөн.

Экөөбүз боосун кармаган,
Махабат бизди бөпөлөйт.
Көгөрүп элдик батадан,
Көңүлдөр өссүн көкөлөп.

Кут болсун тагдыр буйругу,
Оюңа оюм жарашкан.
Барктайлы асыл сезимди,
Суук көздөн сактайт жараткан.

Ак тилек, айкөл жарымсың,
Кабылдайт Теңир тилекти.
Кармашкан колдор жазылбай,
Ичели суусун мүрөктүн.
Угалы ырын жүрөктүн.



Жолуңа жылдыздай чачам үмүттү

Сөзү *Тазагүл Закированыкы*
Обону *Өктөм уулу Сапардыкы*
Аткаруучу *Данияр Жаныбеков*

Айдайым, Теңирим назик,
периште кылып жараткан,
Айдайым, ойлосом толкуп,
жүргөндөй сезем канатчан.

Кайырма:

Эстеген сайын өзүңдү,
Кетилди менде чыдам жан.
Адашып кеткен куландай,
Бийлемек болду бир арман.
Жылдыздай чачам үмүттү –
Жарытат жолду, келегөр.
Кемиди менде чыдам жан.

Айдайым, сүйгөндөн таттуу
кыялды багам сен ойлоп,
Айдайым, замандаш мага
жаралбай калсаң не болмок.

Кайырма:

Айдайым, кусадар болдум,
сагыныч, күтүү ийинде,
Айдайым, бакыттын чогуу
кармайлы колун сүйүнгөн.



Адам бар тагдыр буйруган

Ак тилек тилеп дилинде,
Ойлоруң аалам кезгендей.
Чексиздик камтып койнуна,
Чыныгы сүйүү кез келбей.

Жанындын артык адамы,
Ооматтын көөнүн калтырган.
Кезикпей тагдыр кайчылаш,
Бакытты жолдон азгырган.

Тутулган куштай кут нуру,
Кыйырсыз сүйүү-пешене.
Кудайдын берген белегин,
Колго алуу али кеч эмес.

Жолугуу али алдыда,
Адам бар тагдыр буйруган.
Бороонду жиреп көшөруп,
Махабат үйүн тургузам.

Жолуман чыкчы, чарчадым,
жүрөктү тилген кусадан.
Жалгызга өтө оор бул тагдыр,
Табышуу керек эки адам.

ЫР ТҮРМӨКТӨР

МЕРЧЕМ ЖЕРДЕ КҮТӨТ СЕНИ КУБАНЫЧ

Сапар дептеринен

Түрмөк

1.

Эскилиги жеткен, өткөн мезгилдер,
Упураган, упураган кагаздай.
Каш, кабактын ортосундай асман, жер,
Жетик ойлор бийик учкан жагалмай.

Түркүн ойду вагондордой жетелеп,
термелесиң, сапар чеги кыйырсыз.
Карбаластап карманганың кармалбай,
Жашайт пенде жанга аралжы буюмсуз.

Жанга аралжы болчуу оокат каякта,
Сугуң түшкөн тигил жашыл талаалар.
Аздап-аздап өмүрүңдү созгондой,
Арбаласың, көзүң тоюп карап ал.

Кайда жүрбө, болбойт экен кутулуу,
Калбай коштоп келет анын элеси.
Чымыркана таштап кетсем утуру,
Ич тызылдап эстөө адат – мөмөсү.

Адат улам жакшы гүлдү көрсөм да,
Аны менен келет чогуу карагым.
Токойлордо, деңиздерде, перрондо
Көңүлүмдө кобурашып барамын.

Мени андан айрып болбойт бир ирмем,
мүмкүн эмес аны менден айруу да.

эки жээкте тургандайбыз, түңүлгөн...
тилек бирге, ойлор чогуу, кайгырба!
ал мен үчүн маяк өргө чакырган,
мен ан үчүн бул дүйнөдө бармын да.

3.05.13-ж.

2.

Бүгүн да мен келдим ошол жол менен,
кайыңдардын шуудурагы болуп эш.
Жашыл көктөм жасагандай кол менен,
Анда-санда каакым гүлдөр көрүнөт.

Биздин издер, биз жөлөнгөн кайыңдар,
Жандай баскан сенин жылуу илебиң.
Бир сүйүнтүп, бир өксүтөөр жайың бар,
сүйүүм мага чоң шыбагам, билемин.

Поезд жолдун кырын басып, уччуудай,
Каакым гүлдөн кийген элем хан таажы...
Оң көз кырын салган экен чоң Кудай,
Бул махабат Океандай, байкачы.

Океандын болот тура даамы туз,
Суусаганда иче албайсың шимирип.
Кучагыңа сыйдыра албай калдык биз,
Жээкти бойлой жүгүрсөң да чимирик.

Жашыл токой, чыйыр жолу, каакым гүл,
Темир релс, чар тарап бүт биздики.
Кайда жүрбө, бул бактыны эстей жүр,
Жаныбызды сактачуу жай, бизди ушу!!!

3.05.13-ж.

3.
Бул тараптан тоолор такыр көрүнбөйт,
Зымырыктай учат поезд алгалап.
Токой көрсөң дүйнө жалаң токойдой,
Анын баары ирмем көздө кармалат.

Көктү тирей өскөн дарак сыяктуу,
Өсөт көңүл сен барыңды ойлосом.
Паромшиктей жалгыз кайткан артына
Неси жакшы, өзүңсүз жээк бойлосом.

Заар түндөрдөй, күндүн кармап пейили,
Шоргологон жамгыр койду басылбай.
Табият же сага, мага кейиди,
Ушул жума бир кабагы ачылбай.

Станцияга жакын калдык көрүнөт,
жүргүнчүлөр дүрбөп карайт терезе.
Күткөндөр бар жайып кенен кучагын,
изденген бар, эч ким тосуп келбесе...

Поезд токтойт, сапарымды улаймын,
өзүң күтпөй, же узатпай улгайдым.
Канча дүйнө кезсем деле өмүрдө,
Алтын баштан далай өткөн мындай күн.

Убакыт зык, саат мынчага... тиерге,
Шашуу, чуркап, ага ойлонуп, турбаймын.
Болсо, убакыт күн жылт эткен ирмемдей,
Сен тууралуу дагы бир ыр ырдаймын.

3.05.13-ж.

4.
Калак шилтейт кайыкчы да үндөбөй,
Алган өндүү күн менен шерт бекитип.
Суунун шарпы, жаандын үнү шыбыргак,
Чылгый суудан тал чачым да кетти үшүп.

Каалагандай калчап мени барат ой,
Жолдун сырын билип болбойт эртерээк.
Кээде шартым жыргал, жүргөм эркелей,
Азыр күтөм күн нурун жылт этсе деп.

Мүлдө сууга жоо боломун аргасыз,
ийне илээр курук жерим калбады.
Скрипка күү ойноду сыздаган,
Ал байкуштун күчтүү окшойт арманы.

Дүлөй түндөй, түнт кайыкчы жай гана,
"Жеттикпи?" дейм, "Скоро" деп жаңдады.

4.05. 13-ж.

5.
Кургактанып олтурамын, жылуу меш,
Карагайдын чатыраган отуну.
Өз айлымда эс алгандай сезилет,
Отунду отко ичкеретем утуру.

...Жаады бекен бизде жамгыр жарыктык,
Кулундарды бошоттубу желеден.
Саамал ичкен кеселерин көтөрүп,
Бээни сааса, эл келдиби, женеме?

Каада күтүп, шаардан качып жайлоого,
Беш маал бээнин сүтүн аңдып жүргөн бар.

Ойлоп көрсөм жыргал тура, ал турмуш,
Өз жеринде чалчаңдаган кайбарлар.

Карагайдын жыты каптап бөлмөнү,
Ал ойлордон тартат кирпик уйкуга.
Жылынганда жан жай алды үшүгөн,
Магдыратат балдай ширин уйку да.

Оттун тили кусалыкты жалмалап,
Алдей ыры терметкендей айлана.
Сенин жылуу кучагында тургандай,
Рахаттуу уктап барам жай гана.

4.05. 13-ж.

6.

Жашыл майса, ат ойнотот кыз улан,
Ай туяктын асыл тукум торусу.
Тосмолордон секиргенде сылтыды,
Жаныбардын байкалды бут оорусу.

Ооруксунтуп алды бутун кокустан,
Даярданып турган кезде жарышка.
Чабандеси келишпептир, кайраным,
күлүктүгүн көрсөтөөр кез, жарыш да.

Башын чулгуп келбей турат баскысы,
Жалтыраган кең соорусу жайкалат.
Жибек жалдуу ай кашканын мыктысы,
Эми кантип чоң жарышка аттанат.

Жемдеп-суулап эркелетет ат багар,
Тулпар турат көзүндө жаш, аксаган.
Касиеттүү Камбар атам колдой көр,
Тулпар учпай ат сарайда жатпаган.
Чуркоо керек, көбүк бүркүп оозунан,

Туягынан даңканы учуп алыска.
Топ күлүктөн алга карай озуна
Кош канаты чыгат мындай жарышта.

Асырай гөр, аксап турган тулпарды,
Жаран берет, керек кезде намыска.

4.05. 13-ж.

7.

Жолдор, жолдор чубаланган ойлордой,
Машиналар чуркап, жетпей баратат.
Кыялдардай уч кыйыры көрүнбөй,
Чарчагандан күн да уктайт, таң атат.

Жолдор нары кете берет уланып,
Сагынычтын шооласындай тараган.
Мерчем жерде күтөт сени кубаныч,
Адамдар бар көз тигип жол караган.

Бийик болуп, жапыз болуп жолдоруң,
Ойку-кайкы бурумдардан өтөсүң.
Сапарыңа дал келбейт кээ ойлоруң,
Максатыңа жанды тиштеп жетесиң...

Мээ кайнаткан ысыкта, кыш чилдеде
Кар, бурганак уруп турат жолуңан.
Утулуштай, утуу деле ирмемде,
Тилейт пендең "жолумду бер оңунан".

Оо, негизи тагдырында жол ыйык,
Сапарлашың болсо нээти ак жолтой.
Каргыш тийген бир кара нээт, же кыйык
болсо жанда, кесепети жөн болбойт...

Жаркылдаган, ичте кыпын кири жок,
Адам болсо, тилегиңе жетесиң.
Жакшыларга жанаштыра гөр Кудай,
Жарым күн да, жорго минип өтөсүң.

Бабам айткан "Жандооч кийик аттырат",
Далай жанды сынап коет жол өзү.
Көз алдыңа келтирип, бүт жетесин!..

4.05. 13-ж.

8.

"Пенденин айтканындай эмес,
Кудайдын айтканындай болот."

Эл сөзү.

Жебедей ай-жылдарды көзөп өтүп,
Издеймин кыйырынан, жүрсөм кайда.
Жайнаган көп ичинен таппай кетип,
Дүйнөгө издөө салам кайра-кайра.

Артыңан учуп келем канат талбай,
Кырс тагдыр сени ансайын алыстатат.
Көрсөтпөй көлөкөндү, зарылгы го,
Жеткенсий түштүм десем, алып качат.

Таанылбай кетчүүдөйсүң, кара түндөн,
дүйнөнүн тең жарымын ороп турган.
Мен эми кандай арга кылам билбейм,
Ак сарай куруп бүттүм издөө ырдан.

Өзүңдү тапмайынча карап турбайм,
Бийиктеп учам, бүтүн жумшап күчтү!!!
Паромщик күткөн өндүү жүргүнчүнү,
Ызгаарлуу кыш болсо да мени күтчү!

Өтмөктөн мен жетмейин тургун өтпөй!
Жамгырлуу жаз болсо да мени күтчү!
Жеткирип жүргүнчүсүн, жалгыз кайткан,
Паромщик бактысын да Кудай айткан!!!

4.05. 13-ж.

9.

Ээн-эркин көктөн калдайып,
Уктаган шаарга түн түшөт.
Көп уктап түштө турушса,
Азгырып ширин, бал уйку,
Кур калат келген ырыстан.

Кыскартып күндө өмүрдү,
Кырс тагдыр турат кылычтап.
Жолдордо шашкан түртүшөт,
Кечигип жатса жумуштан.

А бирөө тилеп ак тилек,
Ак таңдар менен сырдашат.
Аздектеп баккан максатын,
Аллага жалгыз сырды ачат.

Так-такаат кетип шашмадан,
Далайдын башын оорутат.
Жаныңа күйбөй, бакпасаң,
Миң түркүн оору тоорушат.

Үч келет оомат адамга,
Барк албай, бакпай калаарсың.
Мойну ичке, чалпоо, аны анда,
Таарынтсаң кайдан табаарсың.

Байкабай калсам жаштыктан,
Ооматтын көөнү калган бейм.
Менде да кыял чалпоо эле,
Эсеси издөө, арман бейм.

Билбесем күндүн кадырын,
Оо, эсил Оомат күйгөндүр.
Эсине келсе байкайт деп,
Көп эле келип жүргөндүр...

Болор деп дайым ушундай,
Карк болуп жаштык бактыга.
Ал күндөр куштай тутулбай...
Буйруган Теңир, Бак Мына!

Кыйырсыз сүйүү энчилеп,
бериптир Кудай Бактыма.

10. *4.05. 13-ж.*

Түндү көзөп, жылды көзөп бул поезд,
Закымдарга зымырылган жыландай.
Чыңырыгы тешет тынчтык кулагын,
Темир жолдор сойлойт, үнүн чыгарбай.

Сойлойт алга, заар поезди ээрчитип,
Башка-көзгө карабаган шакылдап.
Вагондору чиркешкен бүт ээрчип шүк,
Убакытты кууп баратат такымдап.

Экөөбүздүн аралыкта туңгуюк,
Кеткен жолдор, ар тарапка бирикпей.
жүргөндүрсүң сагынгандан дулдуюп,
Мен башкамын, бөлгөн мезгил-күлүктөр.

Түшүнбөйбүз, өктөм көктүк кайра эле,
таш боор поезд жулуп кеткен күн кайда?!
Баарын артка кайтарганда пайда не?
Кайтпас мезгил алып кеткен бир майрам.

Оңдоп-түзөп, кемчил жерин катанын,
Берсе Жаңы Тагдырымды колго алып.
Башкалардай келет менин жашагым,
Кучак толо сүйүү багып, шанданып.

Ооздугунан бул поезди бура албайм,
Закымдарга зымырылган жыландай...
4.05. 13-ж.

11.
Дептри эле даарылайт деп сапар бул,
Кеме термейт каютада жатамын.
дүрбү менен карайм узак жактарды,
толкун санап палубада басамын.

Жан сыздаткан жараат болдуң,
ырбаган,

Кызганычың чектен ашкан турбайбы!
Бешенеме шүгүр чогуу турбаймын,
Андан бетер келтирмексиң муң- кайгы.

Кандай азап, азга жалгыз койбодуң,
Миллиондой кан тамырга байланып.
Мүнөт сайын мен үчүн сен ойлодуң,
менин ички добушума айланып.

Бул капитан жаныш турган жылдызы,
Окшойт сага сүйлөгөнү, басканы.
Ирмем сайын издеттирбей өзүңдү,
Жайыма кой, калтыр азга,
кач нары!

Чексиздиктер, көк деңизде чексиздик,
Жерден бөлөк окшойт анын асманы.
Толкун улам бийик, бийик чарпылып,
Көк шамалы ачуулана каптады.

Жаш моряктар өөдө-төмөн жүгүргөн,
Этиеттик камылгасын башгады.
Ирмем сайын издеттирбей өзүңдү,
Жайыма кой,
калтыр азга,
кач нары!

Асыл жанды өгөөлөбөй алыстан,
Ойлоруман кетчи азга, тур нары!!

12. *5.05. 13-ж.*

Ишенбегин тынч уйкуда дегенге,
Уга бербе дос-душмандын жомогун.
Чаалыксам да, күчтүү аялдай келемин,
бүкүлү уктап, кыш-чилдедей тоңомун...

Кайыл болом, бар-жогуңа өзүңдүн,
Кайрат бергич, чыйраткыч да өзүммүн.
Караан тутуп, жарым кылым кыялды,
Карегиңен айландым го көзүңдүн!

Бүткөндүр ээ, мага коер дооматың,
бул Махабат Кубатым да, Ооматым!
Билбей турам кайда экенсиң ушул кез,
"Колго тийсе, келтиртем" – дейм – "тообасын!".

Бүт өмүрүм күл болду го сени деп,
Канча жигит боздоду эле, жетпеген.
Көздөн жашым ирмелбестен төгүлөт,
А алардын арманын ким эстеген?!.

Канча жигит боздоду эле, жетпеген.
Келме – кезек дүйнөң түшкүр ушулбу?!!
А алардын арманын ким эстеген?!.

5.05. 13-ж.

13.
Бул ырларды жөнөтөмүн канаттуу
Жылдыздардай жарык болсун сезимге.
Шыбыш бербей жүрөгүңө барат бу
Көөдөн керип канат болот кезинде.

Мен да сенин жан сыздаткан жараатың
Кайда жүрсөң көлөкөңдөй, калбаган.
Бул жашоодо ырга айланып барасың
Сүйүү деген ыйык отту кармаган!

Миллон ыр, миллиард ой чырмаган,
Кыялымда туткун болдуң мен үчүн.
Кайыптардан тагдырымда бир күнү
Күтөм жарк деп ал Ооматтын келишин!

Жаркылдаган жакшылыктын өңүндөй
Кудай берип, күндөр болот мен үчүн!
Сүйүү деген ыйык отту кармаган!

5-май 2013-ж.

(Алтай – Москва – Бишкек)

КУДАЙЫМ СҮЙГӨН ПЕНДЕ БОЛОТ БИЗДЕЙ!

обончу Болот Токтобаевге

1.

Айтасың " мурдум канап таяк жедим,
Тоготпой корсондогон кыргызбайлар...
Заматта жан күйдүргөн досум келди...
Экинчи жолум тоспой калды алар!.."

Тоскоолду жеңүү үчүн чыдам крек,
Кемпайдын муштуму чоң,.. ызаң келет
Тагдырың – Теңир береген ырлар-өмүр,
Жашайсың пайгамбардай элди жөлөп.

Бирөөсү ыйлап окуйт ырларымды,
Жашашат жадыбалбай жаттап көбүн.
Бирөөсү сыйлап жашайт ыйыгындай,
Байкуш бар түшүнбөгөн сөздүн кунун!!

Сенин да ырыңды ырдайт бирөө боздоп,
Күйөрман көкөлөтөт зоболонду.
Кыргыздын алмустактан байлыгы ыр,
жүргөн бар элди бузган, жоболондуу...

А биздин тагдырыбыз элдин ыры,
жүрөгүн жандырган да, кубандырган.
Жашоонун сүйүү аттуу касиети
түзүлөт далай кылым ал ырлардан.

Менин да далай ирет "мурдум канап",
Кемпайдан шагым сынып сыздаганмын...
Сезимдин назиктигин сезбей тепсейт--
Чоң муштум досу болбойт кыз баланын.

Пешене – мен ыр жазып, сен ырдадың,
Жашоодо туздуу далай дайра кечип.
Сүйүүнү бапестедиң, арман чиркин
денеге баткан таштай жүрөккө өтүп...

Келебиз муңдуу кайрык канатында,
кудайым сүйгөн пенде болот биздей.
Бар болгун балам элдин арасында,
Эртеңки ырыскыдан күдөр үзбөй.

2.

Оо, чиркин бал жашоонун жолу түркүн,
Бул турмуш көп кишини таяктаган.
Кээси андан сабак алып иши оңолсо,
Түркөйдүн шору кайнап аяктаган...

Жашоонун токмогу али эч кеп эмес,
Адамдын кемсинткени кандай кордук.
А силер ызага уугуп муш көтөрүп,..
Чоң муштум караөзгөйлөр кылат чоңдук...

Ыр деген Ыйык, Ыйык бүт баарынан!
Ашмалтай кылды аны жамакчылар...
Куралган эки сөздү бетке кармап
Жөөлөшөт туш тараптан каракчыдай...

Каккылайт бош көөдөнүн такылдатып,
Сөзгө да конок бербейт бакылдашып...
Ыйманы, ырысы жок куру сөздөр,
Айланып басып жүрөт жакылдашып...

Адам көп каситеттүү, ыйман баккан,
Ичине улуулукту, адеп каткан.
Болсо да жолу улуу керек жерде
Уялып адепсизден өзүн тарткан...

Кемибейт өз ордунан жөнөкөйлүк,
Куу чирен көтөрүлбөйт, орду паста...

3.

Жүрөктүн ырлар гана дабаагери,
Сактаган амандыкта сени, мени.
Тагдырым, чексиз бактым менин – ырлар!!!
Тагдырың – көклөтчүү ырлар- сени!!!

Турмуштун тырмыштырган түйшүгүнөн,
Жүрөктү бапестеген азиз сөздөр –
Сакташат кайда барсам, качан болсун
сакташат армандардан сезимди эзген.

Дантедей жүрөгүмдү кармап колго,
Аттангам бала кезден алыс жолго.
Теңирим берген чексиз таалайымды
Жылдырбай кармап келем бекем колдо.

Бүт баарын өз колума берди теңир,
Ташыркап тамандарым эзилсе да,
Баратам өзүмдү өзүм жөлөп – таяп,
Чыдамым жукаргандай сезилсе да.

Жалбарып жаратканга бактым үчүн,
Ырлардан бүт ааламга гүл жаадырам.
Ак`дилдүү пенделерге сүйүү берчүү,
Нурундай куттуу күндүн нур жаадырам.

Буйруган мага гана мындай тагдыр!
Бут тоскон көр пендеге кудай бардыр!
Таарынба "тиги жөөлөп өттү ээ",– деп,

Бага көр ыр белегин Жараткандын.
Көтөрүп келет бизди канатчан Күн!

21.08. 2011-ж. Ош ш.

4.

Теңирим берген таалайым ушул ырыскы,
Жон тээрим жооруп көтөрөм ошол ырысты.
Аны улам багып, башымды сайып ыр үчүн,
Жанымды тиштеп жылаң бут басам кылычты.

Жадыбал болгон ырларым элдин колунда,
Айкөлдөр окуп жарыя кылган башкага.
Сүйүүнүн пири колдогон тагдыр жолумда
Дөөлөтүм арткан, арман ыр жанчып жатса да.

Чалкыган чексиз сүйүүнүн ырын ырдаган,
Океан сымал кең көөдөн берди жараткан.
Сулайман тоонун чокусун карап олтурам,
Жупуну, ыйык суктанып элди саматкан.

Чүкөдөй кызмын ой багам аалам тербеген,
Бакытым – ырым, ыр жандуу айкөл эл менен.
Элүү жыл мага канатым болгон ыр ыйык,
Жашоодо бармын, тагдырым ушул ыр менен!

Канча "дос" калды илешип көзгө илешпей,
Бурулуп четке кеп кабын беттен сыйрыган...
Жөө калсам дагы сатпаган буруп пейилин,
Туруктуу сырдаш кагылам калем, Ырыман!

Баарынан кечтим жан сырдаш болгон ыр үчүн,
Өмүрүм ырлар, ыр окуйм, жазам, ыр угам.
Миллион ирет эстебейм десем кусаны,
Миллион ирет эстетип турат ыр улам.

5.
Сагынычты ырдап, сүйүүнүн даңкын ашырган,
жүрөгүң пилдей күч менен дартты батырган.
Бул арман деген дарт эмей эмне дабаасыз,
Ажалдай зэрчийт, көлөкөң калбас артыңдан.

Бул арман деген жаз экен түркүн кийинген,
Арманың түшкүр жай экен толуп-ташыган.
Арманың – түшүм – күз экен далай ыр берген,
Кыш-бороон тура кар жааган туздуу жашыңан.

Бул арман деген – эскерүү жаштык айылды,
Нөшөрлүү жамгыр, чагылган жаккан чырагын.
Тайгандай тинтип тынч койбос күн-түн жаныңды,
эң күчтүү канат – туу чокуну ээлеп турамын!

Бул арман- учкул дүйнөнү кезген бирме-бир,
Өжөр, көк неме унутта азга калбаган.
Сагыныч менен күтүүгө бүтпөс гүлазык,
Бууданды минип канжыгага жан байлаган.

Армандуу ырдап, бал даамын таткан сүйүүнүн,
Ал айкөл сезим курчуткан улам чыдамды.
Өзгөчө насип бүт баары андай албаган,
Келтирип шүгүр алкаймын жалгыз Кудайды!
Өзгөчө насип буйруган алкайым, Кудайды!

2-сентябрь 2011-жыл

10-июнь 2010-жылы болгон

каргашалуу окуядан жазылган ырлар

"Кул менен жеген куймак,
кустурмайынча койбойт"
Эл макалы

1.
Өмүр кетет пендесине бир келип.
Бирөө барктап, бирөө баасын түшүнбөй...
Шыкактаса бийлик үчүн жан берип,
Бирөө тартат калк түйшүгүн бүтүндөй.

Кыргыз үчүн башын сайган кайрандар,
Бир тамчы жаш, бир тал чачын түшүрбөй.
Коргойт элин, коргойт жерин бир укум
Эл тынч болсо, ыйык жерин күтүнгөн...

Коргойт элин, энелерин кыргыздын,
Секелек кыз эртең кыргыз энеси.
Жерин сүйгөн, элин сүйгөн намыскөй
Салгылашат муздаганча денеси...

Кыргызыма бүгүн керек баатырлар,
Сакташ үчүн азезилден эки жүз.
Тузга сийген, кудайлаган – каапырлар
шүгүр кылбай амал ойлойт жетимиш.

Сөзү маин, котур таштуу кулдарды
"төргө,төргө өтүң"– дедик дардактап
Айкөл элим куулук-шумдук билбеген
Жыланга да ак чачышкан ардактап...

Коюн-кончко сойлоп кирип жыландар,
Эски жараат ырбап кеткен ириндей

Жан сыздатат акыбетсиз, ыймансыз
Жер талашат, төр талашат күнүдөй[1].
Так чокуга чыгып бүттү билинбей...

11.07.10-ж. Ош

2.

Кыргыздар Ошту кылымдар жерден, гүлдөтүп
Кымызын ичип, күлүгүн таптап, өрөөндү –
өстүрүп улам, чеп салып, куруп дарбаза.
дүйнөгө улам узатып, күтүп кербенди,

Өз жайы менен өзүнө гана жараша,
Жакшылап күтүп, жөнөтүп турган келгенди.
Пейилин байкап, ордуна коюп урматын,
Катылгандардын катыгын колго бергендир...

Жоокерлик турмуш шамдагай, сергек, байкаган
Маселе куруп, нарк- насил сактап, Теңирге –
Көр пенде дартын күнүгө мөгдөп айтпаган.
Колдоосун жана тагдырын билген Теңирден.

Көкөтөй жерден, кут кетпей куттуу жеримден,
Эр Бакай, Манас өргүгөн экен өргөөдө.
Сулайман тоонун нуруна балкып көңүлдөн
Касиет, кубат айкөлдөн калган жергеме.

Бул куттуу Оштун кулуну кыргыз эртең да,
Арбагы коргойт Көкөтөй, Бакай, Манастын,
Кармата бербейт мандикер болуп келгенге
Ач көзүн артып, ар убак эңсеп талашса.

[1]Күндөшүү – үстүнө дагы бир аял алуу (күнүлүк кылат, атаң талашат, ич тардык, көрө албастык кылат).

Катыгын берет калганча кашык каны да,
Кашайса жаны карабайт кыргыз жанына.
Энөөлүк менен айкөлдүк кемчил азабы,
Сөөгүнө жетсе шерденип, келет арына.

Бул куттуу Оштун кубаты колдойт кыргызды,
Бул куттуу Оштун шамалы, суусу, ташы да –
"Кыргыз" – деп турат, "кыргыз" – деп агат
Буура суу

Калканы болот каран түн түшсө башына.
Карматпайт жерин мандикер болуп келгенге,
Кастыгын кылса катыгын берет душмандын.

3.

Кесилип башы бөлөк, буту башка,
Кулдардан энөө кыргыз мууздалганын.
Кесилип кулак, мурун, көзү оюлуп,
Тирүүлөй кордолгонун шумкарларың...
Энелер сени коргоп өлдү деп бил,
Калк үчүн башын сайган баатырларым.

Эртеңки энелери кыргыздардын,
Желкеден куйрукка че союлганы.
Балдарын камырабас жер солк этсе,
Баш мээсин жара чапкан союлдары...
Суу жүрөк, Теңири жок тентигендер,
Бет келип ачык көзү оюлбады !!

Кош бойлуу – мык кагылган курсагына
Өзү эмес төрөлө элек баласы да
Кордолду!
Бул жырткычтар колу кандуу
Жылмандап, керек жерде бутту жалап,
жалбарып эки жүздүү каракчылар
Жашаптыр айкөл элдин арасында.

Шумдук ай, кырк миң кыйноо ойлоп тапкан,
Ай жүздү тилип, жагып автогенди...
Тирүүлөй кырк жерине бычак сайып,
Ашынган гестаподон кыйноосу элди...
Динсиздер, ыймансыздар Кудайыңды
уялбай беткап кылат кир кол менен...

Душманың кечөө эле чай ичишкен,
Төрүндү төрлөп келген "бечаралар".
Пейилдин кеңдигинен пайдаланып
Ээлеген майлуу-сүттүү ыңгайыңды...
Түшүрбөй котур ташын коюнунан
Кулдарың – бий болом дейт, не чара бар!

Тексиздер так чокуга чыгып бүтүп,
Уулдардын "мейличилеп" – койгонуна,
түркөйлүк кан – жанына сиңип бүткөн
сасыган кара беттүү ойлорунан.
Унутуп орундарын улагадан
Бийликтин орун алган борборунан...

Чак түштө тоноп жашап кыргызыңды,
Байыган өз түшүнө кирбегендей...
Ак эмгек буйрубаган арам тамак,
Сиңирип, кызыл-кулак алды-сатты...
Жоош элди басып албай эмне дешип
Ок атып, кырып кирди бейгам элди.

Баштарын бөлөк кесип шумкарлардын,
Жасаган түркүн кыйноо – бу жырткычтар.
Тарыхта аты-жыты чыкпагандар,
тентиген, ата-текти укпагандар.

Эзелтен эл катары эсепте жок
Кыргыздын төр, аймагын алгысы бар...

Бейкүнөө шейит болгон азаматтар,
Коргоду куттуу жерди өлүп жатып.
Баатырлар, Эл коргойт деп эне тууган,
Кыргызым, тал чачыңан кул айлансын.
Коргоду канкорлордон ыйык элди
Айттырбай түнү кирген элди атып.

4.

Ар качан, бир качандан атаң талаш,
Ар дайым нааразылык түгөнбөгөн.
Аргыкча жашаса да кыргызыман,
шүгүр деп тоop кылганга тил көнбөгөн.

Наашүкүр кошунанын ыймансызы.
Жакпаса өз элине кетсе болмок...
Ар дайым бергиле деп талап кылып,
Жашады өлөрмандап жанын ойлоп.

Кыргызым тоо башында малын багат,
Бул союп токсон пайыз пайда табат...
Жети шаар мени деп жерге батпай
Бейиштей жерди алам деп жанын сабайт...

Дыйканым айылдарда терге жуулуп,
Тапканын шаарга келсе арзан алган.
Кербездүү, өзү кетмен чапкан сындуу
Нак пулдап күнүн көргөн келгин кайран.

Ушинтип оңой турмуш, барчылыкта
Эсирди кой деп койгон кожо болбой.
Кыргызым "мейличиси" башка жетип,
Уул-кыздар июнь айда болду ойрон...

Пейли ак кайбарларым Кудай колдоп,
Намысты колдон бербей түтөп турду.
Актомат, куралына –
Жылаңач муш,
Кырылып баратса да качпай кыргыз...

Сактады ыйык жерин Ош, Жалалабат,
Сактады калдайган бүт кыргыз элди.
Камынган 20 жыл ыймансыздын
Мечиттен чыкты молдо- бузукусу.

Кудайдын үйүн туткан беттерине
Кудайсыз каапырларды Кудай урсун!

5.
асыл жандын калбаган бир тамтыгы
Эне жатат буту-колу чагылган,
курсагында сегиз айлык көтөргөн
баласына жүздүк мыктар кагылган...

Тирүү аялды зар какшатып зөөкүрлөр
курсагында наристесин өлтүргөн...
Чыңырыктан жердин бүткөн кулагы
жыгач, таштын ырайымын келтирген.

Бул кош бойлуу эне – Ыйык наристе,
Кордогонго колу барган – кудайсыз.
Эне туубай ким тууду экен буларды,
кудай алса бул жырткычтар убалсыз...
6.
Бул бүлөдө болгон эле Сегиз Жан,
Жан кечтилер бирин тирүү койбоду...
Эң кичине эки жашар Азамат,
бирден жулду колун, бутун кордоду...

Тукум курут кылам деген душмандын,
Кабыл келмек кара ниет тилеги...

Кабар айтпай – азан белги чыгышып,
Банги чегип, эрдемсиди жүрөгү...

Озондогон гөрү өрттөнгүр молдолор
Уюштуруп, "насаат" айтып ыймансыз.
Кырам деди кылым кезген кыргызды
Калк экенин билбей калды эч кыргыс.

Ата-бала, эне-кыздар- баатырлар
Азезилдин мизин туруп кайтарды.
Капысынан таттуу уйкуда кол салган,
"Дос" сөрөйлөр экенине таң калды...

Канча жылдар бирге далай ырдадык,
Жан алгычтын анык жүзүн байкабай.
Канча жылдар бирин кыргыз кылбадык
Калк кураган Эр Манасты кайталап...

Тузга сийген, туз ургурдун ыраңы
дүйнөдөгү эч жырткычка окшобос.
Сегиз жандын арбагына эл ыйлайт,
Оо жан кечти, сага ырыскы токтобос...

Жерге түшүп жексур болсун жылдызың,
Жек көрүндү кылдугуңдан айрылба...
Каргыш менен каңгып калгын мекенсиз
Өзүң тилеп сурап алган тагдырда!!!

10.09.10 ж. Ош

7.
Ичи – сырты чапанындай чаарала
Жанына, жакасына кылыч тийген...
(алмустактан безери каргыш алган)
Ыймансыздар пайгамдардын кылычынан
Чабылып, зордук менен динге кирген.

Суу жүрөк, амалы күч чаар чапандар
Тийип турду жүрөгүнө кыргыздын...
Тосуп алып тосмолорду танка өткүс.
"SOS" жазышып тамбашыга боектон,
Кымбат боек миллиондор корогон.
түнү дагы көрүнөт деп ачык түс.
турган экен башын сайып согушка,
кыргыз канын дайра кылып, союшка.
касам ичип молдосу да, байлары
чокойчусу, ашпозчусу, малайлар,
ажал чачкан курал берсе кармады.
чымчыктарча көрүнбөдү адамдар...
жазып-тайып жолдон чыккан байкушту,
жыга атып, бензин куюп тирүүлөй
өрттөп турду, муратына жеткенсип.
бир сан тийип, адам болуп кеткенсип
кайран кулдар бир кутурду кан ичип,
бул адатты кыш куйгандай көрүштү...

8. Айша Матсаковага

Сууда, сайда, ачык курттап жаткан бар,
Куйкаланып, колу, буту каткан бар.
А Айшанын бир шыйрагы калыптыр
Кордоп, союп, күйдүрүптүр какшаалдар...

Жаркылдаган бир ажайып жан эле
Ашты демдеп кошунанын балдарын –
коноктогон, сыйдан кийин кескилеп
күйдүрүптүр тузун таткан жарыбагыр...

Жетөө экен, чаар чапандуу, чаар нээттүү,
жүз кылбаган ушунча жыл бирге өсүп.
Көргөн сайын саламдашкан "апай" деп
кордук салды бейкүнөөгө дүрбөшүп...

Шек санабай тузун таткан жыландан,
дардандаган бир кири жок ойдогу.
Үмүт кылган жакшылыкты алардан
балдарындай мээрин төгүп,
шорлоду...

Кудайды парда туткан нээти кара,
кааныpларды кудайсыз Кудай урсун!

9.

Омүрүн жашоо үчүн эл катары
Тырмышып аракетте пенде деген.
күнүмдүк барга-жокко бардаш бербей,
адашып кеткени бар оомат менен.

Наашүкүр келгиндердин написи чоң,
Төрүңө, ыйык жерге көзүн арткан.
эстелбей көк алачык, мандиперлик
күн унутта улаганды сагалашкан...

Кыргызым коюнуна жылан баккан,
Ойлобой заарын чачаар күн барлыгын.
Тоюнуп, тондуу болгон, үйлүү болгон
Келгиндин нээти кара, ич тардыгын.

Кетирип катын-бала, кыз-кыркынын,
Бошотуп бок дүйнөсүн үйүндөгү.
Кезенип автоматын, бычак аштап
Жан кечти ишин баштап дилиндеги.

"Кыргыздын канын селдей агызам,"– деп,
Кыздарын, энелерин кан какшаты.
Уулдардын көргүлүгүн көрсөтөөрүн
Кыргыздар кыялына келтирбей түк.

Капарсыз жашай берген тирилик деп,
Муш камдап кас маңдайда турса дагы.
Кыргызым асили эч ойлобогон,-
Суу, ташты, кумду алар бурса дагы.

Ордуна койбогон эч "азаматтар"...
Бийлетип так төбөдө кул-кутанды.
батынып "төр меники" ээлеп четтен,
элүү жыл алмак болот Кыргызстанды.

Дагы эле "мейли, мейли, мейличилеп"
Уулдарың кыргыз наркын билбей жүрөт.
Алданба токочуна арсыздардын,
Кыргызга, Кыргызстанга кыргыз күйөт!
Жери жок кыргыздардын мындан башка!

ЖАНЫБЕК КАЗЫНЫН ЧЕБЕРЕСИ

Захиддин ыры

1.
"Атам, апам урпактары Басыздын,
Тегим басыз, мен да таза басызмын.
Касиеттүү Кыргызстанга куш келдим"-
Деп жүрөктөн айткан сөзү Захиддин.

Жаныбектин жан күйдүрөр урпагы,
Пакистандан чыгып жаткан үнүндөй.
Басыздарым чыйырыңа нур жакты
Ал жарыктан кубаттанам бүгүн мен.

Кадимдерден басыз, баасыз баатырлар,
Кыргызымдын Кутун сактап Көкөтөй
Эр Манаска зарлап, толук тапшырган
Ал мезгилден толот, өксүйт, өсөт Эл...

Кылымдарга изи баткан кыргызым,
Жаныбектей бабам жагып жылдызын,
Ар заманда жүгүн турган ийиндеп
Салтты улантат бүгүн деле уул-кызың.

Атам, апам урпактары басыздын,
Элим кыргыз, мен нукура басызмын!!!

26.06.2009-жыл. Бишкек.

2.
Кумурскадай тыным билбей кызматта,
Мен басызмын бааланбаган эмгеги.
Муздак шамал тарабыңа төш тосуп
Калкым үчүн канат жайып келгенмин.

Жадыраган күн астында жетилип,
Ата-энеден тарбия алдым жакшына.
Жамандарга боорум ачып кетилип,
Саябанмын жандооч болгон жакшыга.

Дөңгөлөгү карт тарыхтын айланган...
Канча азамат сөөгү агарды бүгүндөн.
Чоң тагдырлар кутман элге байланган,
Кутман жер деп канча азамат бүгүлгөн.

Кыргыз үчүн канча азамат биригип,
Душманына муштум болуп түйүлгөн.
Эр Манастай уул төрөлсө Эл үчүн,
Көкөтөйлөр, Эр Бакайлар сүйүнгөн.

Эл адамы болгон эмес өзүмчүл
Калбаса да кара баштын туягы.
Калк дегенде баасыз Басыз сезим пир,
Колдоп келген көктө Теңир Кудайы.

Кара өзгөйдү кан капшыра кармаган,
Айкөл баатыр басызды туу карманам.
Элге жооптуу, элге зарыл иштерде
Жаныбектин колдой жүрсүн арбагы.

27.06.2009-ж. Өзгөн шаары

АРАШАНДЫН ЫРЛАРЫ 08.2008-ж.

1.
Кадимден мен каттап жүргөн Арашан
Кыйла өзгөрүп кетиптирсиң карасам.
Баатырлар да баягыдай тың эмес...
Анча орунсуз сыяктанат тамашаң.

Күрпүлдөгөн, шарпылдаган Арашан
Ак-Буураны кайталаган ак дайра,
Теребелди өз күүсүнө терметип,
Агып жатат чиркин өмүр аккандай.

Жыйырма жыл...
жашыл майсаң бактар жок,–
акын Жолон, куйкум сөздүү Түмөнбай,
Байтемиров, Шабданбайың, Салижан
а Арашан жанын сабап агууда.

Ар бөлмөнү ээлеп өмүр бийлеген,
Уктайт, басат, алектенет ыр менен.
Ал кезекте билек түргөн кайбарлар
Жазганда эле жаады бекен ыр деген!?.

Арак, тамак, кербезденүү, саясат
бүт дүйнөгө көз айнекчен карашат...
Сүкөң, Сокең, Анатайың башкалар
жерге буту тийбей кетип баратат...

Бул кылымда аман болсун кыргызым,
"Ак шөкүлө" сөөлөттүү тоо маңдайда

мен бөлмөмдө дүйнө кезип олтурам
Байдыкедей туз бере албай малдарга...

Кыял минип кыдырганым Эне Жер,
баары эле окшош өрөөн, суусу, ашуулар.
жайдаңдаган, жайган тамак – ашын да
Эр Бакайдай айкөл Соке Баатыр бар.

Жалаң сыйда, бирөөгө чык таттырбай
Жанын баккан чынарбай да кашында.

08.08.08 ж. Арашан.

2. Сооронбай Жусуевдин он үчү

Он үчүнчү үйдө жашап ыр жазып,
Атак даңкка бөлөнүптүр Сокебиз.
Он үчүнчү мектепте окуп балдары,
Ого эле көп барк алыптыр Сокеңиз.

13 деген көп ооматтуу сан экен,
Ак Шумкарлуу баатырына кыргыздын.
Указ чыгып 13-февраль
Катары да 13 экен тизмеде.

Он үчүнчү августа сүйлөштүк
Ого чейин сырдашпадык биз деле.

08.08.08-ж. Арашан.

3. Эркелетип Сокелеп ээрчийт экен кыздарың
(азил)

Эркелетип Сокелеп ээрчийт экен кыздарың,
Эртели – кеч жаныңдан айланчыктап кетпеген
Көргөн сайын аларды турам күйүп кызганып
Ороп-чулгап бүтүптүр балдай ширин кеп менен.

Керегинде жибектей жабалактап орогон,
Ар кызматын бүтүртүп, акылды да тоногон
Алдын алып ар иштин карап турат акмалап
Кайран Сокем көзүңдү кандай чебер боегон.

Боелсоңуз мейличи, ишенбе көп бал тилге,
Ээрчип жүрүп ажалдай бар керегин алышат.
Көзүңүздү жазгырып жаш жигитке барышат,
Эл көзүнө кууланып, сүйгөн боло калышат.

Эркелетип Сокелеп ээрчийт экен далай жан,
Кутулуу эң кыйын го көп кызыккан адамдан.
Куп келтире "багышып" кур сөз менен агам жан
Жеткиришпиптир жашыңды сексен бешке арандан.

18.08.08-ж. Арашан.

4. Кудайберген Жапаровдун
"Катынымбы бер" аңгемесин окуп...
(Азил)

Көтөрө бер каалаганча ташыңды,
Талаша бер каалаганча катынды.
Бирок өтө мурчуйганың жарабайт,
Жактырмаксан болуп Оштук акынды.

Сени бирөө айдаган жок Нарынга
Ута албасаң шахматка көп таарынба.
Ак жакаңды чаң жугузбай караган
Азаматтык Калбу деген жарында.

Ормое бер Арашандын жээгинде,
Өдө-ылдый басмыш болуп керсейип
Амандашчуу салтты аткар, ээринбе
"калмактар" да баш ийкешет элчелик.

Жат катынды алчу менде адат жок
Андай ишти бекер менден көрбөгүн.
Аския айттым урмат үчүн тек эле
Кечиресиз, эс алганы келгенмин.

Көтөрө бер каалаганча ташынды
Талаша бер каалаганча катынды.
Жат катынды алчу менде адат жок
жалган жерден оорутпачы башымды.

24.08.08 ж. Арашан.

5. "Ак шөкүлө" тоо тарап...

"Ак шөкүлө" тоо тарап
ак булутту жамынган
кайрылбасын өткөн күн
биле жүрүп сагынам.

Ыр жаңырып суу аккан
күргүштөгөн Арашан.
Сейил куруп эс алчу
күн тез өттү карасам.

Аппак тоолор сүкүттүү
Өзөн өжөр таш агат.
Аткан октой мезгилди
Кай күч артка кайтарат.

"Ак шөкүлө" шаңкайып
тереземде турса да.
Арашан суу токтобойт
Арыктарга бурса да.

Жакшынакай тилектер
Ооздон учкан куштардай.
Айтылган соң кетишти
Кочушума уучталбай.

Кайрылбас ов күндөр да
Кайрылбастай аткан ок.
Кайрылбас ов кантейин
Ооздон учкан жакшы геп –

Чыгышты да чымчыктай
Таркап учуп кетишти.
А эртеңдер каз катар
келет, ачтым эшикти.

Сөздөр болот жапжаңы
күндөр келет башкача.
бүгүнкүдөн эртең Таң
болсун аппак таптаза.

Баатырлары кыргыздын,
Ырдын Кызыр атасы.
Сокем, Сүкөм алкаган,
Кабыл болсун батасы.

24.08.08 ж. Арашан.

Күтүү

Каленге

Шуудураган теректер
Шыбыраган жалбырак
күтөт сени келет деп
карайт жолду жалдырап.

Кан тамырлар чыңалган
күтүү деген эшикте.
Үйгө сыйбай тыбырап
жолду тосуп кетишти.

Эбиреген жел аргы
Жеткирбеди эч кабар.
күтүү ташта олтурат
нур элесиң эсте бар.
Күркүрөгөн өзөн да
токтоно албай ээлигет.
Көпүрөдө сабылып
кыял жүрөт сени деп.

Кол телефон шыңгырайт
Балким, балким сен бекен?
Кантээр экен абалы
Күтүүнүн сен келбесең.

Күтүү, күтүү миң тамыр
чың күүлөнгөн кыяктай.
Сыбызгыган сыздаган
күү ойнолуп турат жай.

7. *24.08.08-ж. Арашан.*

Даамы да ширин, күүсү да ширин булагым
Кулундай туйлап жүгүрөт төмөн айылга.
Суктанып сага балалыкты эстеп турамын
Өрөөнгө толуп ырдаган ырың дайын да.

Тектирче бийик, тамшанып карайм өрөөндү
Ак көйнөк келин козудай ээрчип балдары.
Ийиндеп бакан, чакада суусу чайпалат
Өз жерин, үйүң тынч болсо жоктур арманың.

Тууган жер мээрим, шыбага чачып турганда
Ичиңе сыйбай түктүү жер берген күч-кубат.
Заңкылдап ырдап, оонагың келет туланга
Бу куттуу Мекен гүл чепкен кийип кулпурат.

Кулпурат гүлдөр түмөн түс таза боелгон
Жараткан чебер иштеген экен аянбай.
Көкүрөк кере дем алам аңкыйт абасы
Ээрчиткен өргө
сокмо жол менен барам жай.

28.08.08 ж. Арашан.

Унчукпай келип унчукпай кетет бул сүйүү

Унчупай келип унчукпай жашайт адамдар,
түнттүгү менен жашоонун түрүп түндүгүн.
Сурабай-нетпей бир сүйүү келет адамга
сезимди ээлеп көрсөтөт кимдин кимдигин.

Жабышкан ички дарт болот сага унчукпай,
Өгөөлөй берет көңүлдү бүтүн унчукпай.
Акылга салып анча эле болбой убара
Шердентип жанды көбөйтөт күчүн унчукпай.

жүрөктү ээлейт сел болуп каптап унчукпай,
Жай албай жаны жүргүзөт бийлик унчукпай.
Тандабайт анда өң-түсү, кыял – жоругун
жылдызы жагып жан шерик болот унчукпай.

Түн болсо эгер жарыгын жагат унчукпай,
Суук болсо эгер жылыта берет унчукпай.
Дүйнөдө башка илинбейт көзгө эч нерсе
ааламды бүтүн унута берет унчукпай.

Дарыя- өзөн мезгилдер агат унчукпай,
Бир күнү сүйүү азабын салат унчукпай.
Баягы толгон сезимдер өксүйт унчукупай
Үч көчкөн журттай бул сүйүү өтсө унчукпай.

Унчукпас сүйүү ээлеген эле унчукпай,
Бош калат аалам, бош калат сезим ыйлаган.
Байкоостон келип, байкатпай кеткен унчукпай
Сүйүүсүз түндүк түшкөнүн көрчү кыйраган.

Баягы толгон сезимдер өксүйт унчукпай
Үч көчкөн журттай бул сүйүү өтсө унчукпай.

25.08.08 ж. Арашан

Кыргызым

1.
Кылымдардын кыйырында кыргызым,
Канча доорду сүргөн экен бактылуу.
Канча доорду кан кармашта өткөрүп,
Кайран эрлер тарткан экен тарткылык.

Күл болуптур боз үйлөрү жалындап,
Адам тыйпыл, казан калбай катуудан
чыркыраган чымын жаны, кан дайра,
асман түтпөй нөшөрлөп жаан басылган.

Кайберендей аскар-зоону мекендеп,
Каткан экен калкка уютку уулдарын...
Кайран комуз коңур үнгө кошулуп,
Канча угузду түндүк түшүп турганын...

Канча ата башын сайып кыргыз деп,
Канча эне көрбөгөндү көрүптүр.
Куур тон кийип кул болсо да бөтөнгө,
Урпактары жетилгенче көнүптүр...

Караңгынын нур бөлөгөн таңындай,
Жакшылыкты жасап күчтүү кол менен
Бекем тартып кайыш курун, чыйралып
Баралына келе берген дембе – дем.

Улуу кыргыз, баатыр кыргыз байыркы
Касиеттүү мекенимди жердеген –
кара өзгөйдү кууп чыгып калтырбай,
ырга-күүгө жерди-сууну термеген.

Ыры менен эли берген дем менен
Толуп-ташып өскөн экен кең мекен.

2. Кебек

(1916-жылкы качкын)

Баатыр кыргыз ат жалында ойногон,
Эңиш – күрөш эр оюнга тойбогон,
Калк кызматын аркалаган кадимден,
Кырда туруп келечекти болжогон.

Жүз жылдарды бир баратап карсаң,
Кээде түшкөн алтын башка каран түн.
Ак паашанын аскери да талаптыр
дөбө-дөбө атып кыргыз баласын.

"Жан сооганын" жарты сөзүн укпаган,
тукум курут кыла жаздап кашайгыр
кайран элди кан жөткүртүп кыстаган
Ала-Тоосун таштай качты качандыр...

Каар заманды эстөө жүрөк сары зил,
Адам сөөгү тоодо тоодой окко учкан.

Сансыз пенде аскар зоодон кулады
Көмүү кайдан, бөрү, жору чокушкан.

Ачкачылык алсыраткан катаал жол
Алсыздары итке-кушка жем болуп
Кайран элим өлдүм- талдым дегенде
Ак Турпанга жеткен жердей жер болуп.

Аш-талканга бала сатып, жан сатып,
Өлүү эне, бала соруп эмчегин...
Баскынчылар бейбак элди какшатып,
Кебекке зар, күттү келчүү эртеңин.

Чексе кебек канча жанды тирилтип,
Канча жандын калды сактап сообуна.
Дүйнөдөгү көздөн учкан көк жээктей
тирүүлүктүн символу эле болду да.

Боору ачыса боору ачыды бир кудай,
Зар какшаган үнгө асман толду да...

17.08.08ж. Арашан.

Муз үстүндө бийлеген кыз...

1.
Мен өзүмдү элестетем,
муз тепкен кыз сыяктанып,
Чимирилген аренада конькичен,..

Канатында көзгө илешпес мезгилдин
Каниет деп бир айланган тынымга.
Аркы-терки чийип муздун көк бетин,
Закымды кууп учуп барам чынында!
Көрүүчүлөр карап турат жарданып,
Көк Теңирим колдойт жеңип чыгууга!
Санаалаштын алкыш кебин угууга
Дилгирлене күтүп турат кулагым.
Муз арена – чебер бийлеп турамын!
Алкыш сага, жараткан,
Шыктандырган, сактап турган Кудайым!
Бут тоскондон чарчабадың бир өмүр,
Атаандашым, жеңилгенге чыдагын!
Ич заарынды жута берип ууланып,
Мени ан сайын көкөлөтүп, куурадың.

2.
...Тайгалантып көздүн жоосун.
Муз үстүндө бийлеген кыз
Тыным билбей чимирилет.
Миллион көз күзөтүүдө,

миллион сөз учкан куштай
тыным билбей бийик, пас
сөздөр учуп жебиреген

сөздөр үчүп сын таккан...
жерге урулуп, көккө чыгат.
Көз алдында адамзаттын
Чымын жанын тиштеп бекем,
Бүт дүйнөнүн алаканы муз болуп
Кээде тайып, чимирилип кээде чебер
Бийлеш керек токтобой.
Ал милдеттүү ишеничти актоого
Тайгаланбай, ак куудай наз,
Периштедей наристе,

кайберендей
койкоюп бийлеш керек.
Чымын жаны муз үстүндө чыркырап,
ирмем өмүр шамдай күйгөн кылымда
бийлеген кыз.

Эне тилейт – "жыгылба!"
Жан кудайлап жалбарган Эне гана
көкүрөгү зырылдап, кызы менен
аренада кошо айланат бир жаны.

Миллион көз күзөтүүдө,
миллиард сөз

кулагына угулбай.
Жалбарганы сактап жаман көздөрдөн
Кыз бийлөөдө,

женүш керек чынында!

4- март, 2006-жыл.

2005-жыл, марттын ырларынан

1.
Эл үчүн башын сайган эрендерин,
Кылымдар эл коргогон душманынан.
Өзүнүн калкын өзү отко салбас,
Кыргыздын уясынан учкан улан.

Көңүлү жарым болуп жарык издейт,
Калкымды кан жуткузуп, тебелебе.
"Жакшы" деп чыдай берип көөкөр толду
Каалоосун, зарын укпай төбөлөбө.

20-март, 2005-жыл.

2.
Букарасын боздоткон хан зулум делет,
Жалпы элди эзген пааша залим болот.
Арман, арзуу укпаган түркөй болот.
Калайыктын каргышынан кантип оңот?!

3.
Көңүлүм жарым болду,
Жүрөгүм наарын болду.
Бир ай бою элге чыкпай
Аскардын пастыгы маалым болду.

20-март, 2005-ж.

4.
Ала гүү атка минер "азаматтар"
Элимди түндүк, түштүк бөлбөгүлө.
Эмгектен бели ийилген калайыкты,
Жалданган мандикердей көрбөгүлө.

Издеген адилеттик паашабыз деп,
Каржалган эмгекчи эл боздобосун.
Эртенден эл башкараар эрендери
Кагуу жеп, жүрөктөрү козголбосун.

Бу элдин жаңак салып коюнуна
Мансаптын май үстөлүн бөлүп алган,
Теңсинбей тепкич болуп турган элди,
Манчыркап бийлигине көнүп алган--

"Азаматым" бөлө гой көңүлүңдү
Толукшуп деңиз болду элим бүгүн.
Чычкандын тумшугу да канабасын.
Акыл бааң, чен өлчнөөр кезиң бүгүн.

Толтуруп оозуңа нан жесең жакшы,
Качырдын күчү адал, сүтү арам,
Калыстык, адилдикти кимден тапты,
Ийининен жокчулуктуу басты заман.

Эмгектен бели ийилген калайыкты,
Жалданган мандикердей көрбөгүлө!

21.март, 2005-жыл

5.
Баш жарылса бөрк ичинде,
Кол сынса жең ичинде,
Жүгүрбөй чоң, кичине кошунага
Элимди тебелетпей, төбөлөтпөй
Башыңды ийсең болмок эл ичинде...
Кашайгыр кол көтөрдүң ыйык элге.

Бийлигиң, элиме жарыгы жок,
Бир тамчы канга турбайт,
Эне боздоп ыйлаган зарга турбайт.
Ыймансыз тууганду бий,

Бийлигиң
Бир тамчы көз жашка арзыбайт,
Бала ыйлап, аталаган үнгө арзыбайт.
Кашайгыр, кол тийгиздиң ыйык элге.

21-март 2005-жыл.

6.
Паашалар болуп келген кыргызда,
Бирөө дагы элин, жерин сатпаган.
Кырчылдаган кан майданда кылымдар,
Белин чечип, безеленип качпаган.

Ханышалар болуп келген кыргызда,
Өз эли үчүн курман чалган балдарын.
Баатырлары сакташ үчүн эл-жерин,
Асыл башын өлүмгө тик байлаган.

Паашалары болуп келген калкымда,
Бирөө дагы элине ок атпаган.
Жалдап келип жарактуусун бөтөндүн,
Азар берип, чөгөлөтүп, баспаган.

Баатыр элим, айкөл акыл, сабырлуу,
Канча пастык, адам кунун кечирген...
Кыргызымды бул дүйнөдө теңи жок,
Кепке койгон суу жүрөктү кечирбейт.

22-март 2005-жыл

7. Көтөрүлүшкө чыккандардын ыры

Тобокел деп, башты сайдык эл үчүн.
Үч ой коштоп: жеңиш, өлүм же түрмө...
Ачка чарчап, жалаа, таяк уусуна
Түтүп койдук ушул күнгө жетүүгө.

Темирдей эрк, көтөрүлгөн жаш – каары
Селдей агып, толкуп турду деңиздей.

Ондойбуз деп оңбой калган турмушту,
Козгойбуз деп, президентти суу жүрөк.

Белин бекем таңа берип, жокчулук,
"Кедейликти жойгонуна" чыдадык.
Женди чыдам, качты пааша бет келбей
Элдин канын соргон бийлик кулады.

Эр жигиттер жүрөгүндө жалы бар,
Эне-аталар, аял дебей, кыз дебей
жанын тиштеп чыкты ачык күрөшкө,
Кадимдердей эрдик кылды баатыр эл.

Тобокел деп, башты сайып эл үчүн
Чыккан элек,
Куш кел,
Куттуу Жеңиш күн!
Кыргызымдын келечеги кең болсун!
Эл бийлиги элге иштесин жемиштүү.
Кош кел, Куттуу Жеңиш күн!

24-март 2005-жыл, Ош шаары.

8. Жүрөгүндө жалы бар мекендештер!

иним Жусуп Жээнбековго

Жүрөгүндө жалы бар жердештерим,
Дүйнө жүзүн караткан Жалалабаттык.
Кысым кылган куу чирен бийликчини
Жетпесек да күн сайын каргап жаттык.
Жойпуланган эки бет, жүзү жокту,
Жийиркеничтүү алыстан жардап аттык.

Бар болгула баатырлар, азаматтар!
Баш-көзүңдү жарса да жалтанбаган.
Бар болгула, байбиче, аксакалдар
Ур-токмокко алса да тайсалдабас.
Курчтугуңар болоттой, Мекен үчүн
Ок атса да мизинди кайтарбаган.

Өрт жигиттер дүйнөнү бийлей турган,
Топту жарып чыктыңар кылчактабай.
Угутуңар мекенди каптап өрттөй
Чыга качты саткынчы, ырсактаган.
Көрсөттүңөр санатты бу кылымда,
Сыймык менен сыйынаар урпактарың!

Мына ушундай эрдикти баштан кечкен,
Улуу-кичүү тарыхты жасап койгон.
Марттын ишин, майда жан түшүнбөгөн!
Төшү түктүү колдосун Ата Мекен.
Өрүшүңдө күтүрөп малың өссүн,
Өрөөнүңдө кызылдай даның өссүн,
Бийлигиңер түшпөсүн, элим колдон.

Көшөгөнүн артында ыңгай күткөн
Кара беттер кирбесин араңарга.
Жоо аяган жаралуу, баатырларым,
Туз куйбасын оо кийин жараңарга.
Баласынын боорун жеп карганышат,
Керек болсо чабылат садагаңа.
Алты беттүү ошондой азезилден,
Бу жараткан Көк Теңир коргой жүрсүн.
Ар бир ишин элимдин колго алганда,
Азирети Аюп пир колдой жүрсүн.
Жеңишиңер кут маарек, каректерим!
Эки тизгин, бир чылбыр буюрусун.

Жүрөгүндө жалы бар мекендештер,
Баатыр баккан аталар, эне, келин.
Эрендерим акылгөй, касиеттүү
Эл тиреги, менин да жөлөнгөнүм!
Башыңардан кутуңар түшпөй жүрсүн,
Алысты аңдаар бийигим,
Терендерим!

24-март 2005-жыл Ош ш.

БАЛА ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР

1.
Бөбөктү багып олтурсаң,
Элжирейт сезим бул бакыт.
Кудайым берген шыбага,
Миң шүгүр кылам, буйрусун.
Наристем, назик, бытыгый
Апаңды ээрчип Күн жүрсүн.

2.
Көлөкө түшүрбөгөн апакеңди,
Олтурам бактысына шүгүр кылып.
Сен болсо "ыгы-ыгы" кобураша
Жатасың экөөбүздү "дүжүр" кылып.

Мага да анча ишенбей өзү чүргөп,
үстүңө үйрүлүп миң жалбарган кыз
кечээ эле дал өзүндөй бөбөк эле.
Сага эми жетине албай айланабыз.

Кечээ эле дал өзүндөй бөбөк эле,
Мен үчүн опол тоодой жөлөк бүгүн.
Сен эртең энекеңе эш болосуң
Аркалап биз эле эмес элдин жүгүн.

Жүрө гой эл ичинде жарык күйүп
наристе жандан ширин тепкедейим.
Бүлкүлдөйт эриндериң кубатым ов,
бытыгый буттарыңа чарк айландык.

Эгерде чыргоолонсоң
апакең кошо ооруп, кошо күлдү

бир ийне сайса доктур
миң ийне тепчилгендей сезимине,
дирилдеп жанын сабап багып жүрөт.

Олтурам экөөң үчүн Теңирди алкап.

20.06.2001-ж.

3.
Борсойгон боорсоктоюм,
Борсулдап күлүп турган.
Апаңбы, мен аламбы
Ажырым билип турган.

Жадырап периштедей
жарыгың жагып турган.
Мээримден эне сүтү
балкытып багып турган.

Тебинип кенедей бут,
жаңжалды салып турган
Чечип кой, чүргөбө деп
бийлигин таңып турган.

Бир үйдүн жан эрмеги,
чиймийген колуңду өөп,
Жытыңа жыргап жаным
кызматта акын жүрөт.

Бытыгый бала – Пааша
бийликти жүргүзөсүң.
Күн санап өнөр чыгып
бизге аны билгизесиң.
базар – үй бака-шака

Бактуу өмүр сүргүзөсүң.
Бытыгый бала – Пааша,
Бийликти жүргүзөсүң.
Бактуу өмүр сүргүзөсүң.

24.06.2001-ж.

4.

Кулактары делдейген акжолтоюм,
Телчигип баратасың күнгө карай.
Жаз бирок кечигүүдө сууктан корккон...
Туулган күндү апакең күндө санайт.

Диван бойлоп басасың жөрмөлөбөй,
Оюнчуктун баары эмес кээси жагат.
Жарнактардын күүлөрүн жаттап угуп,
Айрымалап көргөнгө калдың жарап.

Мүнөт сайын тааныйсың кең дүйнөнү...
Изилдейсиң бейтааныш айланаңды.
Сегиз айда сербейип басып алдың
бешик жакпайт жана ага жатуу дагы.

Өзүң билип дүйнөнү үйрөнөсүң,
Өзүң ырдап бийлеген ырларың бар.
Кулактары делдейген Бала Паша,
Бактылуумун Күн кармап турганыма!

24.06.2001-ж.

5.

Ак дептердин биринчи барагындай
Жаңы кылым ачылды –
Неберемдин сөзү менен "бийлейм" деген.
"Тур, апа экөөбүз" – дейт
тепейген колун сунуп апасына,

бойтондоп бийлейт ырга "жан,жан,жан,жан".
Наристе сезиминде жактырып ушу күүнү,
бул кайрыкты.
Айдай кыз жүз жылдыктын
актай бир барагына бир сөз жазды
"Бийлейм, бийлейм!"
Бийликти жүргүзө бер.

Тилегиң кабыл болсун Теңир жалгап!

24.06.2001-ж.

КӨЛДӨГҮ ЫРЛАР

1.

Көлдү бойлоп чуркаган кенедей жан,
Апакай перишге кыз, наристе кыз.
Кууп барат жем издеген чардактарды
Бытыгый буттар кумда күйөт тыз-тыз.

Көл жатат адатындай көгүш баркыт,
Келгенди суктандыра, толкуп-чалкып.
Кумду үйүп, короо-короо сарай курган,
Кыз жүрөт толкун чайса, сүрөт тартып.

Биз улам сууга чуркап, кумда ысынып,
Баланын оюнуна канбай сүйүп.
Жашадык бул күндөрдү эргүү менен.
Далылар кыпкыз эт болду күйүк.

Шаариси көл жээгинин – күйүп калуу
Канимет, сыймык өзү көлдө эс алуу.

2. *15.09.01.*

Тепкедей кыз, боорсоктой кызыл тору.
Көлдө сейил, тепкениң "катамаран".
Кумда ойнойсуң, толкун "шарп" жээкти
чапчыйт,
Анда качып жөнөйсүң артка карай.

Али көнбөй толкундун оюнуна.
Чочуп турсуң кечкенге батына албай

Селкинчектер, чатырлар түркүн түстүү,
Жомок шаарча, дөөлөр да, чөккөн нарлар...

Сенден калбай биз дагы сейил куруп.
Насип эткен буйрукка ыраазыбыз.
Оштогу үй, Ак-Буура ооздон түшпөйт...
Сен аркылуу сагынчтуу турагыбыз.

Тепкедей кыз эркелеп көлгө күндө.
Эңсеп жүрөт кенедей өжүрөсүн.
Тилек кылам – " аман бол эл ичинде,
Эл батасы көгөртүп, өнүп-өскүн!"

3.

"Р"ны али айталбай турсаң дагы.
Кичинекей мекенге болгон сүйүүң,
Ушул көлдөй уч-кыйры көрүнбөгөн
Чексиз экен балам ай, билдим бүгүн!

үчүнчү күн,болгону үчүнчү күн,
"Оштогу үй, Ак- Буйа ушундай а!?"
Ырастайбыз периштем, божураган,
Ооба, балам ал дайра
улуу дайра.

Касиеттүү көл бойлоп эртели- кеч,
Күнэстейбиз неберем жээкте бирге.
Бала чиркин кубанса биз балкыдык,
Бала эненин жанында бейиш дүйнө.

Эске улам кылт этет түмөн түйшүк,
Көлгө чейин этектеп чогуу келген. *16.09.2001.*

4.

"... Кудайдын көзү түз болсун"
эл сөзү

Үйүңдү жаркыраткан,
Көңүлдү барпыраткан
Кичине бала үнү –
Кыйырсыз бакыт өңү
Чалкыган ачык асман.

Жүрөктү элжиреткен,
Кенедей колдорун айт.
Кужурап сүйлөгөндө
Адамды таң калтырган
Келки чоң ойлорун айт.
Кичикей – чоң ааламда,
Кичине – чоң адамга
Аткартып буйруктарын,
Бийлигин жүргүзгөн шар,
Бакыт – кут бу баланда.

Кучагың жеткендейсин,
Керилип асман айга.
Баландын балапаны
Короондо ойноп турса
Толкуйсуң болуп дайра.

Теңирге жалынасың,
Пенденде күн түшүрбөй
Ырыскы насип эткен,
Өзүмө түз караган
Көзүңө шүгүр Алла!
Өзүңө шүгүр Алла!

7-ноябрь 2005-жыл. Ош ш.

5.

Өзү да ширин, уйкусу таттуу эрке кыз,
Элжиреп карайм тынчтыгын сактап бөлмөңүн.
Олтурам чиркин бакытка балкып өзгөчө,
Наристе, жумшак неберем ырыс – эрмегим.

Түшүндө дагы үй толо багып балдарын,
жүрөбү улам кучактайт жумшак оюнун.
Карачы тиги мамалак деле өзүндөй
Толтуруп турат баламдын чексиз коюнун.

Көөдөңү кенен, баршандан көңүл баккан кыз,
Бөлмөңү толо ырыска бөлөп жаткан кыз.
Теңирге улам келтирип шүгүр, жалбарткан
Тайненди жаның жыргатып жарык чачкан кыз.

Аман бол балам, элиң бар болсун, сен болгун,
Ата-энең менен калк арасында кем болбо.
Бешенең жайнап акжолтой, ырыскелдисиң,
Кубатымсыңар, таалайдын аты сен болдуң.

4-август – 2008-ж.

БИШКЕКТЕН ЭКИ ЫР

I ыр

Бишкек, Бишкек – таш боор кылым,
Токтобогон лайнердей.
Уулдар өсөт, уулдар чөгөт,
Уусунан чоң акчанын.

Өмүр чийдей араң күйгөн,
Ылдамдыкка дал келбей.
Ийилишет көтөрө албай,
арак, нашаа басканын...

Сойкуларың сүлкүлдөгөн,
Мерчем жерди сагаалап.
Жан дүйнөсүн пулга сатат,
Пулга сатат намысын.

Айланкөчөк тагдыр отун,
Кумарчылар жага алат.
Дал ортого сайып башты,
Кечип бүтүн баарысын!

Сыртган көрсөң зыңгыраган,
Адептүү шаар, периште.
Мен тааныган азаматтар,
Эки жүздүү кылтындайт...
Тааный албай убарамын,
Жылмандап бет келишсе,
Чыйыр, сокмо, даңгыраган,
Узун, кыска жол тынбайт...

Жадыбалды жыттабаган,
Чечектериң базарда.
Беш теңгени бетке кармап,
Сөгүп кетет энесин.
Кайран Бишкек – Фрунзедей,
Кыйын эми тазармак.
Өткөн күндү эстеп аяп,
Чогуу басып келесиң...

Адеп – сыйдын уулдары бар,
Куп сагынган энесин.
Бир карасам сырга толо,
Билим – нарктуу энесиң.
Бишкек – Бишкек башыраңдап,
Баарын бир күн жеңесиң.

II ыр

Чиркин Бишкек жүрөктү эзген,
Сагынычтын шаарысың.
Кинолента айлангандай,
Сезим эстейт баарысын.
Күкүктөгөн дайра сымал,
Кан жолунда машине.
Айрылууну ала кетип,
Ала келет сагынчын.

Бишкек – жаштык жаркылдаган,
Жазылбаган баректай.
Сүрөтчүнүн кистиси али,
Түстүү боек чие элек.
Чоң махабат, чоң кыялдар,
Чоң калаага сыйбаган.
Кыздар али боз уланды,
Жаны сыздап сүйө элек.
Бишкек – сырдуу тамылжыган,
Оттуу көздөр, от жүрөк.

Ишеничи тоодой болгон,
Дили таза уландар.
Жымыңдаган терезелер,

Жакшынакай ой түнөп.
Айылдагы перини ойлоп,
шаарга келген улан зар.

Бишкек – жашоон дөңгөлөктө,
Канатында лайнердин.
Зымырылган асфальт менен,
асманында мелжиген.
Максатына жеткире гөр,
Койнунду эңсеп келгендин.
Чоң махабат тазаласын,
Ыпыр-сыпыр белгинден.

АРАШАНДАГЫ АЛТЫ ЫР

1. Балалыкка кыял чабыт

– "үркөр-үркөр, топ жылдыз,
үркүп кайда барасың?
– Желим тоого барамын"...
Тоголок Молдо

Оюн-күлкү сейил куруу жыргалы
Эртеңкиге буйруганы тургандыр...
Кеттик азыр сайды бойлоп, ээрчишип,
Шыбак кечип, жыттап кызыл, сары гүл.

Суунун шары күүлдөсө караба,
Агымын да өмүрүндөй санаба.
Кыялдануу балапан ооз куракты,
Кызык болоор, өзүңө да мага да.

Кейип-кепчип эстебейли жок жайын,
Эстебейли! чөгөт көңүл дапдайын.
Ырдап көрүп, колдон келсе балача
Жамыналы жылдыз толгон асманын.

Каткырыгың түндү жерге тийгизбей,
Жаккан отуң түн канатын күйгүзбөй.
Күзөтөлү кадыр түндү жаш курак,
Айлуу түндү ким кое алат сүйгүзбөй?

Үймө жүктөп, арабасын айдаган,
Саманчынын жолу саман жайнаган...
Коелучу ташын терип, тегиздеп,
Чарчагандыр каттай берип ар заман.

Үркөргө да эш бололу үркүтпөй,
Желим тоосун самай берген ыр күтпөй.
Чон, кичине жетигенге баш ийип
бийиктейли, көздөр көрсүн бүркүттөй.

Суктаналы жарганаттын бийине,
Айылчылап үкү-акылман үйүнө
Куйма кулак аңгемесин угалы
Тазаралы, кеңий түшсүн дүнүйө.

Көзгө илешпес бийиктикте болсо да,
Бутун тийген ыйык жериң колдосун.
Коштоп жүрсүн ар качандан бир качан,
Наристедей балалыгын, жолдошуң.

2. Түнкү чырак

Көчөдө түнкү чырак.
Тээ алыска жарык төккөн,
сары жарык чачыраган тегерекке.
Фонтанга окшош калаадагы,
жок, кудум шаркыратма!
Тоодон түшкөн, тумандаган.
Бу тумандай түндү аралап, кетет чексиз
тасма жол да тегеренип
Жер шарына
Келеп жиптей,
Ток зымдардай
жарыкты көтөрүнө
алып жүрүп олтурат.

Ала булут самсаалаган,
ак төөнүн чуудасындай ала булут,
Көптү көргөн көчүп жүрүп...
Дүйнө уйкуда, мемиреген тынч уйкуда

Булуттар сапар улайт каяккадыр,
Тынымы жок.
Жарык төгөт шаркыратма –
түнкү чырак көчөлөргө

Сеңселген саамай чачы
чачылып жастыгына
Кызым да таттуу уйкуда эл катары
Планеттин дем алуусу
Дайрадай күүлдөгөн,
поездей шакылдаган,
лайнердей зуулдаган
Угулат ылдамдыктай
бараткан таңга карай.
Тасма жолдой токтобогон
Планетти жарык кылат
түнкү чырак,
Ылдамдыкты өзүнө жарыштырат
түнкү чырак.
Ар бир жанга ырымдай
барып турат түнкү чырак
Шаркыратма аккандай жарыгын
Жагып турат түнкү чырак.

3. Шамал

Тоо шамалы дуулдап түнү бою
Эрегишип аккан сайга,
үйлөрдүн чатырына, далдоолорго
кирип-чыгып,
ышкырыктуу ырдап ырын
тыным албай тең жарыша
агын бойлор жүрүп чыкты.

Угулуп турду мага тереземен,
чырагым экөө түнү –

Эш болду, кирпик какпай
Ак турду күзөттө ырас.
Тоо шамалы ирмем жатпай
бардыбы?! Айнегине досторумдун
ырын ырдап, мен үчүн кабар алып,

Түштөрүнө кирдим окшойт,
жакшы болду.
Түн кыдырган айга да эш.
Ойлоп калдым
Жел тегирмен буудай тартып
жыргамак ээ,
шамал жатпай жүрүп турса...

Кыштагында.
Күзүндө барганымда –
тегирмен таш – экөө тең
жөлөнүп эски тамдын дубалына
кемпир-чал сыяктаныш
күнөстөп турушуптур,
кызматы бүткөн окшойт...

Жаштык менен карылык аралыгы
убакыттай тегирмен таш бир айланган.
убакыт өмүр кезет шамал болуп,
дүйнө кезет шамал болуп.

4. Чөп чабык

Бел курчоодон өскөн чөп
кызгалдактуу
Курч чалгыда

билектүү жигит чабат.
Сулап катар
артында бир сол калды.
Чөп жыттанган дөңсөөдө
чалгы шарт-шурт.
жаштыкты эске салат
Кайрактын чалгы мизин курчутканы.
Улам артта бир сол сулап кызгалдактуу
соолумакта, уругу бышып жетпей...
Жигиттин
буртуйуп булчуңдары
чалгысын шилтейт, шилтейт...

Ала булут ылайыктуу, чөп чабыкка
Аптабы сызгырылтпай.

Дарыя күркүрөгөн
кызыл жошо
Кечээги жамгырдан соң
көбөйүптүр.
Күчтөнө түбүндөгү ташты оодарат
күлдүрөтүп,
Айлана мамыр-жумур ал антпесе.
Көк жыттанат. Тушалган кош аягы
Дөңсөөдө бир ат оттойт.
Чалгы шарт-шурт. Улам артта
бир сол сулап кызгалдактуу...
Майданда сулагандай боз уландар
кан жошолоп... согуш жылдар,
жатышат гунчасы да ачыла элек
кызгалдактай.
Бозоргон чөп үймөктөр – бейитиндей
Аталардын!
Эбаккы сөөгү сөпөт болуп бүткөн.
...Кайрак, чалгы

бири бөлөп, бир курчуп,
курчуйт шарт-шурт, орот шарт-шурт.
Жигитке буртуйган булчуңдары
кенедей кара бала жарма ташыйт,
Кызгалдак жыт.

5. Эсиңдеби, ыйык жерим

Чөп орулган аңызда басып жүрдүм,
Издеп кызгылт издерин балалыктын.
Бутумду чөңөр тилген,
ыйлаганым.
Түрлүү түмөн көпөлөктөр.
Бар эле го!
Апам назик
кызыл шайы көйнөк кийген...

окшош болчу, гүлдөрүнө бул өрөөндүн.
Атам өрттөй
шартылган жан эле го?!

Эсиңдеби, ыйык жерим?!
Эсиңдеби?!

"Ооба, андайлар өмүрү аз, келип кетет
коюнуман коюнума..." Жер күңгүрөйт.
– Аның ырас, бейиттерге гүл өсүптүр?..
сурайм кайра.
Ал унчукпайт.
...Бейитте гүл
жаңы ачылган, үлбүрөгөн.
жаш эне азыр гана көз жаргандай.
Балким, абдан кубангандыр жер
кыртышы?!

Кеч күздө кыздуу болгон
ата-энем сыяктанып...
Кубандыңбы?!
ал күндү эстеп...
Өкүндүңбү!.. жер кыртышы,
мендей кызы ар жыл сайын
Апкелбесе бир гүл дестe...
Дөмпөйгөн бейиттер тынч,
гүл сеңселет,
чөп орулган аңызда
күзгү суук бир жел келет.
Ыйык жерим, киндик кан сага тамган...
жөрмөлөп...
жеп көрүп кесегинди, жемишиңди,
жыгылсам сен көтөрүп,
боор тарттым.

Рахмат эркелете жүргөнүңө,
рахмат гүлдөрүңө бейиттеги.

6. Ж а а н
иним Касымбекке

Жамгыр келди тегиз ороп телегейди,
ырын ырдап "шыбырт-дыбырт"...
...Ушинтип, кээде жаан жаачы эле го,
Кичи Ортокто көз ачырбай, бир жумадай.

– "Төлөк жайчы
кара ташын сууга салып туруп алды,
Тапканыңар, ун же талкан бир кеседен...
баралычы, сураналы...
Мектебиң туруп турар.

Закир сен башта элди..."
Атама аксакалдын айтканы эсте
Көпчүлүк менен келип.
Ойлоп калгам: "ал да биздей
шекер кошкон талкан жейби?
Кичине окшойт?.."
Апамдан сурай бергем...
"Ташты эмне сууга салат?
Талканы калбаптырбы?..."...
Жүдөшкөн отуну суу тоолуктарым,
ылайчылык, үйлөр көбү жер төлө эле...
Төлөк Жайчы жамгырды токтоттубу
"кара ташын суудан алып" эсимде жок.
Анан көчтүк бир чоң айыл
Чоң Ортоктун тескейине.
жайлоо дешти.
Жемиштүү токой экен.
Чоң жаңактын түбүнө чөптөн кепе –
курду апам-атам экөө,
жапжашыл, чөп жыттанган.
Балалыгым кызгылтым түс – кино сымал
эске түшөт.

Сыртта жаан "шыбырт-дыбырт..."
...Атыр эже, чопо чоорду эстей берем,
жаан жааса жарга чуркап тең жарыша
чоңубузга кичинебиз,
шөлбүрөп суу чопо апекелип,
(эмнегедир жааында гана)
Чоор жасап берчүү эже. Чоң кубаныч!
Апалар баарыбызды бирдей баккан,
бирдей көрүп.

Таруунун мычыкмасын чогуу жеген
иним менен бир топ бала,

баары, баары ойдо жүрөт.
Эки ташты жипке байлап,
тике тизип камыштарды
кыша соккон улууларга көзүм күйчүү..
чоңое албай,
Чоңдор билген жумуштар кызыктырып...
Далай кар басса дагы,
жамгырлар жууган сайын өңү ачылып,

Балалыгым жүрүптүр.
Арашанга ээрчий келген.
...Жайчысы жок,
Бул ай жаанчыл туулду.
Жаанчы?!
Телегейди тегиз эзип, жети кабат
жер да чылгый... "Шыбырт-дыбырт..."
Жүрөк да чылгый болду.
Болгондур эми!!!
Басыл! Эзбе ойду!

Май, 1980-ж.
Арашан чыгармачылык үйү.

КҮРМАНЖАН ЖӨНҮНДӨ ЫР

1. Махабат

Ар нерсе өз ченинде ченелген оң,
Аргымак чобур менен жарышканда.
От чачкан төрт туякта арман болгон,
Кумары канбай андай жарыштардан.

Саяпкер келишпесе, тулпар кайдан?..
Мүнүшкөр келишпесе шумкар кайдан?
Жигитке аргымагы төп келбесе,
Курманбек баатыр сындуу белде калган...

Баатырдын алган жары жарагындай,
Намыска даярдаган саяпкердей.
Узатып ат жалында сапарына
Ак сунуп, ат жалында күтүп келген...

Кылымдар кыргызымды далай калчап,
Арыткан...
азап менен ашкан белден...
Бозомук турмуш түсү жайнай түштү ээ,
Курманжан Кулсейитти чанган кезден!

Тунуган ылайкалуу аккан дайра,
Сырттанга, элге оомат келген анда.
Махабат, кубатың ай!
Алымбектин –
насибин коштуң, нарктуу Курманжанга!

2. Заман

Оош-кыйыш заман келди кылтылдаган,
Канжардын мизин баскан, жылтылдаган.
Кокондун, ак паашанын эзүүсүнөн
Чымын жан күйүп турду араң-араң.

Бирөөгө керек болсо мал-мүлк талоо,
Бирөөгө, өз элин чаап атак алуу...
Заман ай, түмөн кыял, түмөн пейил –
пенден бар
нарксыз, нарктуу,
Асабалуу!

Отуз жыл хан ордосу, бек ордосу,
Жортуулу тоону, түздү аркалаган.
Азайып душманынан адил досу
Алымбек каза тапты бейпаадан...

Беш уулу беш бел болуп энеси үчүн,
Курманжан тирек издеп элге келди.
Алымбек баштаган иш, элдин иши
Датка айым колуна алды, кепке көндү...

Аргымак тыным билбей жерди кезген, –
шамалдай, алып келди Скобелди.
Түзүлдү чоң келишим орус-кыргыз,
тынчтыкта, амандыкта сактаар элди...

Паашанын белектери манчыркатпай ,
Элин да талоон, доомат, шорго салбай.
Алайдын канышасы, сырттан аял –
Аскердик даража алды генералдай.

3. Шейит-Дөбө

Кош Терекке дар курушту желдеттер –
кайтарышат кыркалекей тизилген.
Жазгы селдей агылышып келет эл,
Камчыбекти дарга асчуу күн бүгүн бейм...

Ким бирөөгө бир окуя жөн эле,
Төрөсүнө ак паашанын бул кызмат.
Жолборс жүрөк каныкенин жүрөгү –
Чокко түшүп, куйкаланат, тызылдайт.

"– О калайык, сакта – десем – уулумду,
Түмөн элим кырчылдашып сел болоор.
Кыргын баштап куткарганча кулунумду
бел байлайын, элсиз жигит кем болоор", –

деп, Каныке жорголото ак бозун,
Тоодой ойдун ичиркенип суугунан
Келди шаарга,
Келди азалуу чоң кошун,
Акыркы ирет көрүү үчүн уулун ал!

Тең жарылып, шолоктогон кайран эле,
Курманжандын ишаарасын күткөндөй.
Төрөлөрдүн өчүп турду ындыны
Датка айымга тик карооо түт келбей.

– "О кулунум, сенин тегиң кан болгон,
Ак иш үчүн шейит кеткен нечен эр...
Көтөр башты, Шейит өлүм мубарек,
Бабаң үчүн кезек сенде көтөрөр.

Эл сактаган эр жигитке ак өлүм,
Аргасыздан башымды ийдим, каралдым.

Кылкылдаган калың элиң кайышат,
Бейкүнөөсүң,
тагдырга тик карагын!" –

деди дагы, камчы басып ак бозго,
Кылчайбастан кетти Мады айлына.
Ак-Буурандын буркураган үнүнөн
башка угулбай дымып калды айлана!..

...Ошо күндөн, ушу күнгө урпактар,
Табериктей сактап сөзүн Эненин.
Шейит Дөбө аташты ал дөбөнү,
Сугарышып, бапестейт кош терегин.

Ак-Буурандын шары калды кайталап,
Курманжандын "шейит-шейит" дегенин.

4. Э н е

Замандар өткөн далай кылымдарда,
Күң болгон, токол болгон курбалдарың.
Уулдарың, уюткулуу эл ичинде,
Эл билип, элди ойлодуң Курманжаным.

Закымга учкан далай максат, тилек,
Турмуштун мыйзамы да катаал беле?!
Астырмак турсун дарга карап туруп,
Тикенек кирбесе дейт, балага Эне!

Көз жашты жуттуң ичтен кан аралаш,
Сыртында кала бердиң сырттан бойдон.
Алайдын ханышасы – акылманым,
Элиңе оңой бекен тирек болгон.

Агартып саамайыңдын ар бир талын,
Аргымак басты эчен жазды, кышты.
Ак пааша бир ууч элди калчаганын,
баамдадың,
Коломтоңдон ырыскы учту...

25-май, 1991-жыл.

1990, ИЮНДУН ОҢДОЛБОГОН ТОГУЗ ЫРЫ

1. Кыргызым, түшпөсө экен жылдызың

Күнү келсе бир эл, бир журт элебиз,
Бирок, минтип тил табышпай келебиз.
Кимдир бирөө көкүткөнсүйт арадан
Жерди-сууну менчиктейбиз, бөлөбүз...

Ашты демдеп, нанды жапкан лепилдеп,
илбериңки жигиттериң, кыздарың.
Кыргызым да иштейт чындап декилдеп,
Малын багып, ырдайт оттуу ырларын.

Бапырандап кымызындай көбүргөн,
Кудай бизди кем кылбаптыр пейилден.
Далай жылдар аралаша бир жашап,
Түшүнбөймүн кастык кылсаң сени мен.

Бу кең дүйнө пейилиндей тарылып,
Бөбөк ыйлап турбаса экен жабыгып.
Миң кудайлап, кудайсыздай иш кылган
Илдетиңден кете албадың арылып...

Кайдагы бир сокур сезим күүлөгөн,
"Мейли" десек мээге чыкты бийлеген.
Момун элмин, ижаралуу кодулап
Өз жеримде келгиндердей күн көрөм...

Котур таштуу "молдолорду" дос дедик,
Бир кудайсыз "кожолорду" дос дедик.
Кулата чаап, ачык айтса өз адам,
Арачыга түшүп турду "дос" келип.

Калды минтип көбү бизди теңсинбей,
Келгенди эле "төргө өткүн" деп желпинмей.
Урууларга бөлүнүшүү жагынан
Биз келебиз эч бир элди жеткирбей.

Биз өзүбүз "кыйын болуп кеткиче",
Ойдогудай бийлеп алды башкалар.
Эңсеп келген максаттарга жеткиче
Түшкө кирбес башка жорук башталаар!

Ырдаганга чогуу барып ырдашып,
Тишин жалган кашкайтканга сырды ачып.
Бабалардын кан-жанына жуурулган
Ыйык жерге зарсың суудай бир кашык.

Эртеңкисин ойлобогон оболу,
О ыркы жок, кыргызым ай, кыргызым,
Шагың сынып, түшпөсө экен жылдызың.

2. Кысым

Күүлдөгөн канатында замандын,
Бир төрөнү бөпөлөдүк, сыйладык.
Пайдаланды ишеничин адамдын,
Эл тагдырын ойлободу кыйналып.

Намыс жайы, арка болор эртеңи,
Алмашылды акчалууга, буюмга.
Жарым кылым артта калган эл чени,
азайбастан "өстү" артка кылымга.

Ыйык элдин асабасын көтөргөн,
далай жигит тартып келди кысымды.
Капчыгында канча миңдик пара жок,
Креслолор чөнтөктүүгө утулду...

Ал шапар тээп сайрандаса иштедик,
"Планды эртең давай", – десе, иштедик.
Ит кепеде жашап иттей тиштенип,
"Катын бала өлбөс, кокуй иш", – дедик.

Ата-энени алпештечүү төрдөн жок,
Же "кепеңе" алты тууган келген жок.
Кабат үйдөн келгиндердей бөлмөң жок,
Учетуң жок, урууң туруп элден жок.

Тирүү туруп калк сыяктуу саның жок,
Короон турмак, салып койгон тамың жок.
Намысыңдан дүүлдөйсүң калайык,
а кудайсыз "төрөбайдан" дайын жок.

"Пулу күйгөн, калемпирди чайнашып",
Пулдар достор бийлик ээрде, май, басып...
Кудуреттүү Эр Манастын тукумун
сындырабы?! "качкын" кылып айдатып...

"Төрөбайдын" жыргалы үчүн калайык,
Үйдөн-жайдан, жерден калар сүрүлүп.
Кесепети калк шоруна жаралып
Күнгө жеттик кара жандан түңүлүш...

Байлык барда калбай тамчы ыйманы,
Пара улуту, пара болуп тууганы
Сатылды өзө, сатты ыйык элинди...
Кан төгүлдү, канча эне ыйлады.

"Жарым кез жер алып көрсүн, кыргыз" – деп,
"Тоолуктарды тоолоруна кууйбуз" – деп.
Жаландатып бешилигин, бычагын
Атып, өрттөп өз көчөңө жүргүзбейт...

Эл көкүтүп акчабайлар семирди,
Сырттан кирип "төр мени ки" – делинди.
Чыдай, чыдай колдон намыс алдырып
Ызага уккан кантип сактайм, Элимди?!

Бир башыңа качан болсо бир өлүм,
Жаның аяп бөжүрөгөн эме жок.
Жалаа тартып, жан кечтиден кемсинген
Бизди эртең кечире албайт келечек!

3. Сабыр түтөйт

Кубалашкан күндөр өтөт куюндай,
Мезгил сенин бузат жаштык сыныңды.
Аргымактын дүбүртү да угулбай,
Өткөрөбүз уктап жатып кылымды.

Чымын үнү угулбастан түн кирип,
Мемиреген бейпилдикте таң атчуу.
Жадыраган ынтымакты билдирип,
Кинолордон тааныганбыз жаракты...

Самолеттун сиңгениндей закымга,
Сыйкор кездин изи калды билинбей.
Танка каттайт,
жоокер курал асынган
Согуш шартын көрдү уулдар үйүндө...

Жүз жылдыктар алыс калып ийинден,
Жаңырыгы шуулдайт тээ алыска.
Жаш кылымга кабар жетпес сүйүнгөн
Жан кечтилер
ыйман тепсеп салышса.

Дүлөй жашоо омуроолоп сүрүлдү,
Гүл турмушка көп акаарат кылынды.
Колуң менен айдагандай чымынды
Уйку-соодо өткөрөбүз кылымды.

Тополоңдо баш көргөндү көз көрбөй,
Сабыр түтөйт
жандыргандай чылымды!

4. Аргымактар

Аргасыздан шаарга алынып келинген,
Аргымактар сагынышат тоолорун.
Ай туягы батат, асфальт ээриген,
Бутун аяп шилтейт ага боору ооруп.

Эл кошундун жеңилдетип кызматын,
Калайыкка кадимкидей болот бел.
Жал-куйругун минген түйүп койду да,
Көздөн учкан тоо жыттанып келет жел.

Ат башына түшүп турат каран күн,
Аргасыздан ооздукчан суу ичет.
Пейил-гөйү бузулган кез адамдын,
Айбанчалык кеп түшүнбөй жүрүшөт...

"Жаман тура, шаарды каптап кетсе" – деп,
Пилдей крүп кыргызымдын аттарын.
Адалдыктан жамандыкты эп көрөт,
Корголошот угуп калса таскагын.

Аргасыздан шаарга алынып келинген,
Аргымактар асфальтты аяп басышат.
А бирөөлөр барып түрдүү пастыкка

Чечиндирип...
сабап... тоноп, качышат...

Көздөрүнөн жаш куюлуп жаныбар
Адамзатка аттын да ичи ачышат.
Эр башына түшкөн күндү тең көрүп
Достук шертин миң ырастап жатышат.

Тоо тараптан тоо жыттанган келет жел!
Күлүктөрдүн сагынычын кандырчуу.

5. Эне үнү жаңырат

Түштөрүмдө тегеректи чулгаган,
Аппак, аппак кар көрөм.
Түндөр сайын жылчыксыз
Капгайт аппак, аппак кар.
Тоолор жакган зыркыраткан жиликти
Жүрүп турат суук шамал.

Кардай таза дүйнө жүзү агарган,
Бир да тагы билинбей,
Жер бетинде төгүлгөн кан,
Кара күйүк тактары
Ак шейшепти жапкандай
Кызыл ал кескиленген денеге...
А суук шамал
азасындай азаптуу
өмүр бою чогуу жүрчүү Энеде.

Таң.
Кыйналып ойгоном,
Кулагымда чыңырыгы эненин
Кала берет жаңырган.
Бу күндөрдүн окуясы бейбапаа

Суук шамалдай өтүп турат
далыңдан.
өкүрүгү кансыраган денеңин,
Автоматтын чуулдаган огу да
Магниттей өчпөйт, мээде жазылган...

Аппак, актай,
актай күн
куштарындай өмүрдүн
учуп өтөт бир-бирден.
Бөксөрөмүн улам кептерканадай...

А куштардын жапыс,
бийик кайкышып,
өз өзүнчө учканына карабай...
Бересемден кутула албай
бу кезге
Олтурамын оюну аз баладай.

Эңсеп кетем жаңы жааган ак карды,
Түштөрүмдө күндө кирген
шамалдуу.

Аппак, аппак аппак Күн –
Куштарымды учурамын
бараандуу.

"Жаман айтпай, жакшы жок,
О куттуу эл!" – кеби угулат
бабамдын.

Июнь, 90, Ош калаа...
Токтосо экен шамал – күн,
үшүн албай адамдын.

6. Тилек

Теңсиздиктер өкүм сүргөн калаамда,
Ээн баш, зөөкүр көчө ээлеген заманда.
Жаан нөшөрлөп, таң агарды чайыттай,
Жаңы таңда тынчтык тилейм адамга.

Куту качып, ыйык шаарым бозоргон,
Бир бейкүнөө токмок жеген баладай.
Бейкуттугу бейжайларга тонолгон,
Ырыс чачып турганына карбай.

Бейгам баскан улуу-кичүү көрүнбөй,
Барик күүлгөн муздак күздүн өңүндөй.
Тынчы кетип кумурска да ийнинде
Бак бозоргон селкинчеги тебилбей.

Түйшүк түштү дирилдеген жылдызга,
Чоң-кичине элге, мендей бир кызга.
өлөрманга, жүзү жокко кеп жукпай,
Куту качты бир кеми бар турмушта...

Жаандай жууган жетпей турат мамиле,
Жетпей турат жадыраган ишенич.
Ынтымактан ырыс конмок элиме,
Биримдиктен бүтө бермек бүтөр иш.

Ушул таңда ишенч кенен кадамда,
Ыйман, абийир бергин түркөй, тажаалга.
Жакшылыктан жышаана бер ыйык таң,
Тынчтык зарыл, үйгө, жолго,
кадамга.

7. Түн сүрөтү

Боз кыроодой айдын муздак жарыгы,
жерди каптап,
бийлеп жүрөт шок шамал.
Көк Теңирдин шыңгыр үнү жаңырып
Угулгансыйт кулагыңа таптаза.
Айлуу түнгө сиңип кеткен ың-жыңсыз
Адамдардын кобур-собур үндөрү
Сырдуу тоолор алп уйкуда кыймылсыз.
Тентек булак токтото албай күлгөнүн –
жылаң аяк айыл көздөй жүгүрөт.
жалбырагын араң кармап саргайган
Карт даректар сүйлөнүшөт күбүрөп
Күз жакындап калганына арналган –
Көлөкөмдү
сезим ээрчийт чөгүңкү.
Кургак чырпык сынганынан чочуган
бу муздак түн
айранга окшойт төгүлчүү.
Табияттын куру калган отунан –
демин тартпай бир ирмемге түнкү ава.
Кулагыңа Асман үнү угулган.
Чукуранып ойгонгондой жаш бала
Сан жылдыздар күйүп турат жымындай
жерге мээлеп, жебедей суук жарыгын.
Даректардын көлөңкөсү тарбаят
ак чачылып, куйган кесе жарылып
Жаткан өңдүү шашма киши жер таяп –
араң эле кыбыр этет бутагы.

Ай төгүлдү,
аалам муздак боз кыроо.
Көк Теңирдин үнү угулат ызалуу

Суук мамиле
сай-сөөгүнө жетти го...
Пейли кетип, ыркты бузду пендеси,

Пас, кара нээт ойду ороду селдеси...

Ай муздады, жылдыз дагы аяздай,
Тазартчы таң,
Ааламда жок теңдеши!

8. Буудан жөнүндө ыр

Дүүлдөгөн жашоо айлана,
Пенде аттуунун толгон түйшүгү.
Бир мамыга буудан байлана
Эстейт туйлап кечээ күнкүнү...

Куйрук-жалы желге таралбай,
Жаш куюлуп көздөн маралдай.
Эркиндигин көрөт түшүндө,
Жан көксөгөн тоого бара албай.

Үзүлгөн жок жем-чөп акырдан,
Карагансыйт момун ат багар.
Бетегени эңсейт асыл жан,
Көздөн учат бийик аскалар.

Суунун шары, шамал ырлары,
Тең жарышпайт учкан кезиндей.
Чогуу узатып, күтүп турнаны
Үйүрүнүн жүрбөйт четинде.

Чар тарабы чылгый темир тор...
Буудан турат мамыны айлана,
А ат багар кашыйт жай гана.

9. Такат кыл

Турмуш деген сулуулардай муз сезим,
өзү сүйбөй, сүйдүргөнгө жараган.
Каниет деп, курсак тоюп өтсө күн,
Жашай бербейт сезими бар ар адам.

Самсаалаган булуттардай чөгүңкү,
Караңгылык катуу басат ийинден.
Кээде оомат селкинчектей тебилчүү
Убак-убак кабар алат үйүндөн.

Достор кетип, катар улам суюлган,
Канталатып көздөрүндөй жүрөктү.
Кемип-толуп тура берет бу дүйнөң,
Кышка айланат ачык көңүл күнөстүү.

Бу тирүүлүк жалаң гана идеал,
Адамзаада көңүлүндө кооздогон.
өзүн алдап, өзгөнү да ишентип,
Акындар да өтөт сезим козгогон.

Мейманкана ар ким келип өзүнчө,
Кабылдаган бул аманат жарыкты.
Кээде татаал, кээде таттуу сезилсе,
Сарасептүү жазат токтоо тарыхчы.

Жолдор узак, кыбыраган ашат кыр,
Кыжыл болбой акылга сал,
такат кыл.
Кара сөзгө сыйбай кыргыз түйшүгү
Бүт тирлигин ырга салып жашаптыр.
Бийикте өскөн, бийик,
Айкөл элим ай,
Азасын да ырга айлантып жашаптыр!

Июнь, 1990-ж. Ош шаары

СҮРӨТ

1. Каакымдар

Бөлтөйгөн кызгылт түйүн алма бакта,
Тушарга чыккан көк чөп, каакым гүлдөр...
Тазалык кирсиз көкмөк асман сымал
Булут жок ийне учуна илип алаар.

Наристе жаздын толгон курагында
Куш сайрайт, айланада жашыл кымкап.
Каакымдар үркөр жылдыз, жетигендин
Шиберге конгонундай гүлгө суусап.

Же көктүн жер сулууга чагылуусу,
Күндүз бул, түнү анда жылтылдаган.
Күн сулуу коногодо, бүттү уусу...
Жылмайса мээримге гүл жаркылдаган.

Жылдызда суусун канат гүлдөсө бак,
Жамынат жөө туманды жашыл көктөм.
Тынч укта,
бул эртеңки айтылчу чак.

2. Т ү н

Ай сулуу жалгыз каалгып толукшуган,
Нур чачып ажарлантат терезени
ойготпой өбөт кызды уйкусунан
жигитке барат бузуп эрежени...

Кыз түшү: түн көзөгөн шоола сымал
жигиттин эрининдей даамданат...

А жигит үйгө кирген нур табынан
ысылап ак шейшебин тээп салат.

Бактылуу ушул түндөн, керилип жай
Ай сулуу уясына кетет кайра...
Жайылып түн этеги, таң сөгүлөт,
агарып күн чачылып, агат дайра.

Эми укук торгой менен булбулдарда

3. Күү

Булбул таңда жаңы күүнү баштады,
Кубулжута түркүн ширин тил менен.
Эл магдырап, жер магдырап ченемсиз
Ырдады гүл – ырын бир жан билбеген.

Торгой коштойт, бекем достук шертине,
Көктүн таза алкымына мең болуп.
Кызыл-жашыл кош этеги серпиле
Аалам бийлейт бешигинде термелип.

Бүгүн булбул баштады бир жаңы күү,
Сүйүү – бакыт, сүйүү – азап, жаңылуу.
Күн желеси гүл жайнатат булбулга
Экөө бирдей кооздосун деп жазымды.

Булбул бүтпөй күүгө салып гүл жайын,
Канча кылым сайрайт тили катканча.
Гүл назданып соолуйт, гүлдөйт жай сайын
Күү өмүрү жетет бүрүн чачканча...

Маани жайын экөө гана түшүнгөн,
Далай мукам күүлөр чогуу сайралат.
Жарсыз булбул боз чымчыкка айланат...
Дүйүм гүлүн ачат бүгүн алма бак.

4. Таң

Таң наристе,
ыңаалап ойгонду да,
Күүнү эмди, көздөрүн жылтыратып.
Карады бир жадырап айланага,
боортоктоду, жөрмөлөдү.
Кетти басып!
Чуркады чымын-куюн анан кийин,
жеткирбей Күн сулууга.

КАРТ ЖООКЕРДИН ЭСКЕРҮҮСҮ

Закир Арзыбаевге

I.
Күйдү согуш – бир алаамат батыштан
тылда кайгы, тылда кара күйүктөр.
Фронт – кармаш тизе бою кечип кан,
Айдай өңүн келин тытты күйүттөн...

Бар-жогуна кайыл болгон аял зат,
Оо, чиркин ай, ошондо бир чыйралды!
Жылуу кийим, чулгоо, байпак даярдап...
үч бурч каттар ташып турду ырларды...

Аял калды айыл бийлеп, эл бийлеп,
Аял шофер, аял малчы, пахтачы...
Эр-азамат ордун булар толуктап,
Эмгектенди улуу, кичүү, жапжашы.

Эне байкуш, балдарына, жетимге...
Белди байлап эркектердей күч берди.
Сүйүү менен кайрат берди жоокерге,
Жылуулугун мекенине бүт берди.

Эл абалы күндөн-күнгө кыйындап,
Кара кагаз ташып калды почточу...
Жалал-Абад вокзалында жыйындар...
Кан майданга жөнөтүүлөр, коштошуу...

Биз, боз балдар вагондордо – каркыра –
жүрүп кеттик. Ант бердик да калкыма.

II.

Таңкы чабуул. Ажал учат болуп от,
Танка келет аңга-дөңгө карабай.
Туш тараптан тилге кирет пулемет,
Солдат жатат кыйылгандай карагай.

Каршы-терши ракета атылып,
Пулеметтун жаагы тынбай,

жааган ок, –
кан издеген, болбойт андан жашынып
үй, даракбы – баарын келет жалмалап.

Кызыл кандан дайра ташып, келет сел,
Автомат да, гранат да даяр кез.
Канча танка, өрттөй жанган жигиттер
Дарыядан өттүк.

Атуу бүтпөйт эч...

III.

Шашылабыз, үч бурч каттар жазабыз,
"Палан жерден, Амансыңбы, эл" – деген.
Ич тызылдайт орус, Коля, Равил –
татар жигит экөө келбейт.

Келбеген...

Биздей алар кат жазышпайт айылга,
Кайрат ширеп кирбейт таңкы чабуулга
Ушу бүгүн өмүрдүн бүт өлчөмү
Ирмем сайын даяр турду жанууга!

Адам үчүн ыйык мекен, жер деген,
Мекен көрктүү адам менен эр менен.
Кандуу согуш бүткөн күнү бозорот –
тууган жери жаш жоокердин келбеге[illegible].

Алган жары боорго кысып бөбөгүн,
Күтө берет айды-жылды эсептеп...
Эки эмчеги зыркыраган эненин
Чачы агарат, үмүт – өмүр жетектеп...

Орду бошоп катардагы жоокердин,
бир ирмемге тыныгууда өкүнүч.
Бир ирмемге бел чечпеген тыныгуу
Эл жөнүндө ойлоп ар ким, өзүбүз...

Жашоо минтип улангандан уланат,
Ой учугу ой артынан чубалат.
Оо, адамзат! Гитлер деген азезил –
Канча миллион калкка кылды кыянат!..

Өттү күндөр бир-биринен азаптуу,
Бошотулду – Ленинград, көп жерим.
Биздин аткыч дивизия казатта
Өлүү-тирүү, жоктун билди өлчөмүн.

Келди Жеңиш! Ач жыланач, өксүгөн
Эне жерге, Эне менен балага.
Келди Жеңиш! Түгөнгөндө көп бүлөң,
Мүрзөсү же аты калбай талаада...

КУБАНДЫН ТООЛОРУ ЖӨНҮНДӨ

I

Бийиктиги тиреген асманымды,
Тогуз булак күркүрөп аккандыңды
Арчалуу бет тескейи жалама зоо
Ыйык көрүп келдим кум-таштарыңды.

Аңкыган жыт, жыпар гүл, көк бетеге,
Көк жайыгың кулундун желеси үчүн.
Жээрде айгыр үйрүгөн бир үйүрүн,
Кызыл келин бээ саап, кактайт сүтүн.

Боз үй жайып канатын он экиге,
Көрөңгөлүү сабада кымыз бышат.
Кызыр-Ата жөнүндө Кубан сүйлөп...
Зымырылып боз тулпар кайда учат?!

Карга шыйрак, кызыл бет, бок мурундар
Чүкө салат "таа же алчы түш" деп.
Жердегинен өтүмдүү тоолук кыздар
Жигиттерди жалтантат оттуу тиктеп.

Дайра болот күкүктөп тогуз булак,
Көрөңгөлүү сабада кымыз бышат.
Кызыр-Ата баянын Кубан сүйлөйт,
Зымырылып боз тулпар кайда учат?

II.

Кубан улам бийикке жетелеген,
Төтө жолдо барабыз; шилби, ыргай –
Жада калса эрбейген боз караган
Тартып калат этектен карап турбай.

– Билесизби? тигил тоо Шамшили тоо,
Дары булак, биз ачтык атам менен.
Бул чокуну аташат Алтын-Казык,
Кышка дейре мал түнөйт, оттоп кенен.

Кызыктуу ээ, колотто жайылган мал,
Булактарды саялап күнү бою.
Туу чокуга кечинде чыгып анан
Жылдыз ырын угушат, тууран тоону.

Эчки-Атарда тигилген биздин боз үй,
Көрдүңүзбү? Тигине, жоокер ташты
Чопкут кийген башына, зоот ийнинде
Сарасептүү караган чыгыш жакты.

Ташка чыккан булактын көзү муздак
Кашын каккан сулуудай мөлтүр күлөт.
Жата калып тийгизсең эрининди
Сүйүнүчтүү түрсүлдөп кагат жүрөк.

– Билесизби? Колдойт дейт. Кызыр – Ата
тиги анын мечити, – Кубан сүйлөйт,
касиеттүү жер жайын улам мага...

Ноокат району, Кызыр Ата айылы.

ЛЕЙЛЕКТЕН ЭКИ ЫР

I.

Оттуу көздүн учкуну сыяктанып,
Байчечекей мөңгүдөн эми чыккан.
А ботогөз көк гүлдөр кулак салып
Булбул куш сайраганын талбай укkан...

Жашыл төрдүн башаты тоодой аппак,
Муз көпүрө – астында мүрөк суу бар.
Бадам түйүп мөмөсүн бейпил турат,
Тоо койнунда эркелеп канды кумар.

Кучагында ажайып табияттын,
Кайкыл учат куштары кадимкидей.
Жыпар гүлгө шүүдүрүм түшөт, аттиң,
Назик эме үшүйбү желек кийбей.

Кудуреттүү – көк асман, жашыл шибер,
Байчечекей мөңгүдөн азыр чыккан.
Кудуреттүү – ышкын да, балтыркан да
канаттуу куш, тоо жели азыр учкан.

Ханышамын ээлеген Мейкиндикти,
Сыйдырамын тоо көркүн карегиме.
Кудуреттүү кең көөдөн, назик сезим –
ойлойт Сизди, жашырып кереги не!

II.

Сыйкырлуу күч ортодо бийлик менен,
Күзөттүрдү түндөрдү "сүт ак" болуп.
Кээ күндөрү ирмелбей кирпик деген,
Булбул сайрап таң атты, көөдөн толуп...

Оттү не бир жагымдуу өткүн-жаштык,
Чокулардан жылдыздын ырын укkан.
Күү табылып тагдырда – майрам, шаттык,
Теребелди термеди обон мукам.

Жашыл төрдүн жашылын баспай аяп,
Бийиктердин бийигин ээлеп алдык.
"Алтын-Бешик", ыйыгым көктү таяп,
Айкөл, Сүткөл үчөөбүз жалгыз калдык.

Кызгалдагы жайнаган кырандарга,
Алоо жаштык жеткирди болуп канат.
Чеч-Төбөнүн жайыгы толгон данга,
Токчулуктун жели учат, бир ырахат!

Асман тоого таянып мемиреген.
Жылдыз терет койчуман ырдап коюп.
Жагымдуу элес дайыма мени менен
Жашап жүрөт сүйүүдөн мелт-калт толуп.

ТҮЙШҮК

1.
Сагынчтын көптүгүн
айрылуу азасын...
жа
Күндөрдүн өткөнүн,
Жашоонун мазесин,
Алганды кара бет
Бардыгын ата-баба
Унутпай жүрсүн үчүн
Калтырган кешик мага,
Калтырган мелт-калт бойдон
кымыздай кеседеги,
Түйшөлчүү күнү – түнү
Түйшүктүү элим үчүн.
Поезддин жүрүшүндөй
Батышка чыгыш жактан,
Шакылдап чексиздикке
Чыгышка батыш жактан
Таскактап өтөт мезгил!
Чыдамдуу турат Асман,
Баарына күбө болуп.
Жер шары айлануда
Кээ жери нурга толуп,
Кээ жери жылдыз толуп,
Кээ жери каптап булут...
Койнунда кээде жалгыз
кусалуу калкыган ай.
Кучагы кээде өрттүү
Кээ жерде кан дайрасы...
Көз жаштан – туздуу деңиз
Жата албай бир күн тоңуп.

Күрпүлдөп жээкти чапчыйт,
Чыркырайт эне үчүн.
Ок учат бир тараптан
Чыгарып ажал – бүтүм!

Ууктурса ачуу түтүн,
Төгөсүң көз жашынды.
Оо, ыйык,
Асман – чыдам
жашоонун саябаны –
көз жашта агат ызам.
Дүйнө эли – тынчсыз жаны.
Ирмелбейт кирпиктерим.
Бөбөктүн ыйы угулат –
энеден ажыраган.
Эр жигит жер кучактап...
Кан болуп агат арман!!!

Бейрут же Палестинде
Баскынчы саясаты –
Тумчугат балык сууда;
Мөмөсүз дарак башы...

Тирүүлүк кумурскага
Тозоктун оту болгон.
өлкөдө улан-кыз бар
Куралын ядролук сыноодо
Максатын жулган колдон.

Ыйык парз –
Атадан калган мурас
Эл камы, жердин камы.
Уктатпайт мени ырас,
Жер онтойт ооруп жаны.
Таскактап өтөт мезгил,

Чыдамдуу турат Асман!
Баланын ыйы угулат
Балышта бир аз жатсам...

Жер шары менин бир ууч –
Жүрөгүм сыяктанат.
Сыноодон ядрону
Жандууну тумчуктурат.
Дүйнөнүн эне аттуусу

Уктасын кантип чыдап!
Ууктурду, гүлдү, элди
Дүйнөнүн бир четинде!

2. Деңиз жана жер эне жарааттары

Деңиз жатат тумчугуп, күңгүрөнүп
Мени кошо терметип жер шарына.
Толкун жууган жээкке гүлдөр өнүп,
Мөмө байлайт жемиштер бутагында.

Деңиз улам бийиктеп бууракандайт
Ага деле тынч жашоо керек эле.
Эмненидир самайбы, мооку канбай,
Термелүүдө жер шары, кеме деле!

Ак көбүгү бүркүлөт кеткен тынчы,
Океанда, деңизде болбойбу уйку?!
Жер эненин көзүбү күзөт кылчу
Күйгөн өрткө чыдабай толкуп турчу.

Онтоосубу толкундар жер эненин?
Боору күйүп бетинде аккан канга.
Бүгүн Ливан денеси октон калбыр,
Айыга элек өткөндөн Хиросима!

Жер эненин көз жашы туздуу деңиз,
Күңгүрөнөт терендик, тумчугуу бар.
Адамзаттын балдары билбей согуш,
Ынтымакта жашаса толкун тынар.

Арзууларды жеткирет бир-бирине
Ак толкундун адамга кызматы ошо!
Деңиз азыр күңгүрөйт, тынчы кетип...
Терметип жер шарына мени кошо.

3. Бейруттук эне

Күн бүркөлүп жердин жүзү караңгы,
Эмне болот, уулум чочуп калабы?
Бу кандай үн, кулак-мээни тундурган?
Бу кандай от күйкалаган адамды?

Күндүн бетин эмне тосту алаамат,
Жер эненин боору сансыз тытылган.
өткөн күндөн бүтпөйт адам дабаалап,
Кимге ырахат, кимге жапаа ушундан.

Канаттуу куш эркин учпас оболоп,
Ушул чуунун, уулуу газдын жытынан.
Нан жыттанган бейпил күн да жоголот
Жан алгычты эне туубай, ким тууган?

Мен – энемин! Сүттөй аппак тилегим!
Жүрбөсү дейм муздак шамал жеримде.
Уулум өссө, гүлдөтсө бүт жергесин,
Көкүрөгү толуп турса мээримге.

Күн бүркөлөт, жердин жүзү караңгы,
Эмне болот, чочутабы баламды?
Бу кандай үн кулак-мээни тундурган?
Бу жан алгыч, эки буттуу адамбы?

...Деп күзөтүп, бейтынч күйгөн түндөрдү,
Эне жашайт – коргоп уулун, бир жерди.
Эне жашайт – уйку көрбөй, жай албай
Желаргыдан аяп жыпар гүлдөрдү.

Эне жашайт бир ууч жанын тиштенип,
Бейрут тынчсыз, уктоо болбой түйшөлүп.
Асманынан кар ордуна ажал жаап,
өмүр жиби күйүп барат өрттөнүп.

Бүт жер жүзү түйүп турат булчуңун,
Чыңалуунун эң чегине жеткире.
Тээп таштайт согуш отун адамзат!
Ар-намысы көөдөн жара серпиле.

4. Акын кызга

Зейнат Битар, Зейнат Битар
Бейруттук кыз көрдүм бекер,
Көздөрүңдү деңиз сындуу
тамчылары кирпикке өтөөр.

Ыр майрамы. Эл толтура.
Трибуна. Сөз берилди.
Эреркедиң ыйлап ийип,
дедиң жана "о туугандар
чоң кичүүнү кордогону
кандай күйүт.
Мекенимде абал кыйын"...
Көрдүм бекер,
Маанайыңды жылдызы суз,
Ырларыңды шайыр күүсүз,

уктум бүгүн, уктум үнсүз.
Көөдөнүңдүн коога, чуусу
Бейрут бейтынч!
Бейрут бейтынч
Зейнат Битар деңиз көздүү,
Чачың деңиз шамалындай.
Акын курбум даана сөздүү
Бүгүн мүнөт өтөт жылдай,
Кайгыңды тең бөлүшөмүн.
өтөт ыза көз жаш болгон,
Окулбаган азыркы ырдай.
"Чоң-кичүүнү ызаланткан" –
өтөт күндөр.
Алибетте, арман болот
максат талбай сермейт канат.
Жай толкунга чардак конот.
Күн мээримдүү күлүп карайт.
Жарык маанай ыр окуйсуң.
өз элиңди даңазалап,
Тынч жериңди даңазалап.
Деңиз сындуу көздөрүң да,
шамалындай чачтарың да
Бир ажайып болуп калат.
Ошондо кел, жергеме ырдап,
Кубанчыңды бөлүшөйүн!

МАЖҮРҮМ ТАЛ

1.
Сен тууралуу
бир түрмөк ыр жазыла элек,
Перизатым кайгыланба,
кайгыланба.
Билесиң ээ,
тал чыбыгы баалуу белек.
Түпсүз арман
Түгөнбөгөн,
түпсүз арман бар го анда.
өмүр боюо баш көтөрбөй,
көтөрбөй баш,
Мажүрүм тал
суу боюнда төгөт көз жаш.
Жалбырагын шуудуратып,
мажирөө бир
Жазында да,
күзүндө да турат жапжаш.
Кышта кийин
эмнегедир куурап чырпык,
Барик болуп
шоргологон тоңуп жашы.
Таш боор арман символундай –
бактысыздык.
айланат ал байбичеге –
– куудай чачы.
Түшөт чырпык
куудай болгон отун үчүн,
Перизатым
сынай көрбө анын күчүн.

Сынай көрбө,
өксөп өткөн алсыздыкты
Жашыл кезде
бүткөн күйүп намыс үчүн!
Сен тууралуу
бир түрмөк ыр жазуум керек,
айкөлдүктүн
Үлгүсүндөй жоодурагым.

Болбо, өтүнөм чынар дагы
мырза терек,
же түбүндө шылдыраган
алсыз агым.
Салаа-салаа
чачтары анын шаркыратма
дайра болуп агып барат,
көрчү демин,
Көөдөнүндүн
кендигине ишенемин!

2.
Сөөмөйү менен жер чийип,
Тарыныгтуу талдар унчукпайт.
Элирип аккан суу кийик,
Шылдырап аны тынчытпайт.

Сүйүүсүн бүтпөй түшүнтүп,
Суу ага дайым жалбарат.
Көрсөтпөй анын түсүн түк
Жайылган чачын жел тарайт...
Кимдидир күткөн кусалуу,
Тал иет башын төмөнгө.

Жел сурайт "жаным учалы!"
Суу каргайт "кетсең көгөрбө!"

Ноодалар төгүп баригин,
Ак чачтай жайнайт куу чырпык.
Күз берет кыштын кадигин
Суу тоңот шылдыр күү тынчып...

Жел ойнойт назик, шыбырап
жыланач талдын койнунда.
А талдын жалгыз ыры бар
"Тагдырым, келбей койдуң да".

БУ ТАГДЫРДЫН БУЙРУГУ АЙ...

I.
Атаганат, бу тагдырдын буйругу ай,
өзүң мага. Мен да сага буйрубай.
Отуз жылы зарлап сенсиз ыр жаздым,
Аяса аяп, колдоп келет бир Кудай.

Отуз жылы оомат келип отуз мин,
Отуз миңдей оомат кетти кашымдан.
Айдай толуп, күндөй жанган жар элек,
Азабың бейм, бак кушунду качырган...

Наристедей назик мени бапестеп,
Саамайымды желге өптүрбөй аяган
Мырзалыгың эч кимде жок ардагым,
Гүлзарларда биздин издер... каранам.

Оттой гүлдөр алып келем ак үйдөн,
Жадыраган сыртымда чоң кубаныч.
А ичимде боздоп тайлак – жалгыздык,
Азариңди тартат адам чыдагыс.

Биз кыйнаган чиркин өмүр бырыштуу,
кылчак-кылчак кетип барат кыр ашып.
Тийсе тиет бейиш төрү мендейге,
Ыйык болгон туруктуулук чыдатып.

Ушу сенин курч кылычтай азариң,
Жүрөгүмдү туурап бүттү наарындай.
Бул өмүрдү таза, ак ниет жашадым,
Сендик деңиз – сүйүү коштоп, айрылбай.

Ооз көптүрмө, түркөйлөргө кар кылбай.

II.

Эмен багы, Жаштыгым экөөбүз,
Жоктодук, өзүндү жоктодук.
Аңгыча жылуу дем шыбырлуу,
Сөзүндү укканга окшодук.

Гүлдөр да тикчийтип кулагын,
Башкача тамылжып күйүштү.
Жыргатып жалбарган сөздөрүң,
Ажайып бактылуу күлүштү.

Түрсүлдөп жүрөгү көөдөнгө,
Сыйбады күлүктөй туйлаган.
Сыйкырлуу шыбырың кээ бирде,
Булбулдун үнүндөй ырдаган

Сезилип жаштыгым экөөбүз,
Унуттук ак-кара дүйнөнү.
Балкыткан махабат – касиет,
Түгөнбө эскерүү ирмеми
Эмен бак күбө бол дилдеги.

III.

Биздин заман кино көрүү "мода" эле,
"Россия", "Алатоо" же "Ысык-Көл".
"Саат мынчада, палан фильм көрөбүз" –
Тарткынчыктап кыз жандаган жигиттер...

"Ысык-Көлдөн" чыктык көрүп кинону,
Экөөбүз тең жаздай жука кийинген.
Жамгыр төгөт апрелдин аягы,
Мени коргоп оттуу көзүң сүйүнгөн.

Келдим азыр, биздин кайың ээнсирейт,
Далай ирет сырыбызды укту эле.
үн – сөзү жок, демибизден түшүнүп,
Сендей назик, мээрим төгө күтчү эле.

Далай ирет жалбырагы саргайып,
Далай ирет үмүтүмдөй бүчүрлөп.
Башкаларды экөөбүзгө окшотпой,
Буга мендей адат экен күтүнмөк.

Төгөт жамгыр арасында мөндүрлүү,
Жаш баладай дал бутага тийгизген.
Качып барам айдоосунда мезгилдин,
Сен кайдасың кемсел чечип кийгизген?
Бал ээриниң балкыткан да күйгүзгөн!..

IV.

А балким, сенин жаның ушул жерде,
Жүргөндүр учуп – конуп мени коштоп,..
А балким, кыйнагандыр текебер кыз,
Жайыңа койбой улам эстеп, жоктоп...

Курчтугум бетке чабаар, аянбаган,
Тынчыңды кетирдиби? Келдиң улам.
Кокустан шагы сынып калбасын деп,
Чиркейди, тикенди да аяп турам.

Дилимди улам жумшак, айкөл кылып,
Жүзүмөн нур чачырап жадыраган.
Байкуштун акмактыгын кечирем да,
Бийиктен башымды ийип сабак алам.

Бу менин касиетим, касиетүү
Кудайдын кудурети, шарапатың –
Болгондур ырларыма өмүр берчүү
А балким, мен болуп ыр жаратарсың.

Унуталбай сактап коюп жүрөгүмө
Башканы сезбес, туйбас өзүмчүлүмүн
Коштосоң, бата тилеп тилегиме:
Жаман сөз, жаман көздөн сактай жүргүн.
Дайыма дилимдесиң, жанашасың...

25 IV, 1996-ж. Бишкек.

МААНАЙ ЫРЛАРЫ

I

Жаай албаган булуттай, басып турган,
Сагынычтын асманы көөдөнүмдү.
Кыйчалыштап жүрбөсө ишим улам,
Кимге өпкөлөйм, күнөөлөйм
бөөдө кимди?

Жетпей турса махабат тамчы суудай,
Мээ кайнаткан ысыкта кумдуу чөлдө.
Чөгүп барам сактоого колун сунбай,
Же жыгылсам сүйөбөйт мени өөдө.

Махабатка зарыгып, чиркин жан ай,
өчүп бара жаткан шам сыяктанып.
Бу турмуштун түйшүгүн ийин баскан,
Көтөрүүгө кудурет араң калып.

Турсам дагы үзүлбөй үмүт деген,
Эңсеп-эңсеп жашаймын сени менен,
Кичине эле учкуну жылуулуктун,
Кичине эле баамдасам, ойлоорунду, –
Көздөн учкан көк жээктей мунарыгым,
Акыркы бүт күчүмдү жыйнап ага
Тырмактарды батырып жер бетине
Сойлосом да боорумда жан далбастап,
Бир өмүргө түт келген ирмем үчүн
Сен бар жерге тиштенип жетмек элем.

Жаным кейип менде азыр үмүтсүздүк,
Атаң көрү, дүйнө ай алчактаган

Туягында күлүктүн майдаланаар,
Махабатсыз оош – кыйыш турган заман.

II
Махабатым качандыр бир жандырган,
Жүрөгүмдө оттой кубат болбосо,
Таш боор, катаал, алсыздардын жанында
Музга айланып, түшмөк мага боз кыроо.

Улам – улам көңүл калып, ич муздап,
Таарынычтан өксүгөндө бир далай
Кайран жаным ташка айланып кетпеди,
Аман сактап махабаттын ырлары.

Кыялымда койбо мени бейкабар,
Бакытымды бердиң – ошол – башкага.
Башыма бак, сыймык конуп турса да
Ичтен өксүйм жалгыздыкка таштаба.

Сен жандырган улуу, бийик махабат,
Көөдөнүмдө күйүп келди канча жыл.
Көрө албастын пастыгына чыйралып,
Курчуп келем ошол оттон бир өмүр.

.....
Үмүт – кыял мени дайым колдой жүр!

КЛЕОПАТРА

I
Клеопатра Египетте, тагында,
Күндөр бейпил өз нугунда агууда.
Кабыл алуу менменсинген эрлерди...
өтүнүчтөр... ирмем чогуу калууга...

Ханышага акыл, билим, сулуулук
төп келишкен, –
Далай баатыр тамшанды.
Тыным билбей: кабыл алуу, жалынычтан –
Клеопатра бир күн мындай жар салды:

... "Сатам – жанга от сүйүүмдүн бир түнүн,
Даяр болсо ал, таңда башын алууга!..
Коркокторго, туруксузга жалгыз жол,
Кечсе менден, болот тирүү калууга!!

Тарп жорудай ак өргөөнү айланган,
Ханзадалар, рыцарлар угуп ал,
Катаал жазаа, баасы балдай сүйүүмдүн!" –
Египетке тарап кетти бул кабар.

II
Клеопатра бир түн сүйүү баасына,
Белгилеген көңүлдөш – жар өлүмүн.

Желге турбай канжар, кылыч, жаасы да,
Рыцарга – зарыл оттуу эрин!..
Түн!..
Топту жарды: – "Мен маакулмун, Ханыша, –
Жетсем болду бут алдына,
Мейли өлтүр!

Деңиз көздүн тереңине сүңгүгөн...
Толкун чачты упайлоо да бир өмүр!
Тирүүлүктүн бечарасы боло албайм!
Мага зарыл оттой сүйүү,
Жалын дем!
Күн, Ай каалгыйт канча кылым өз иши!
Чагылганмын
Жарык деп ирмем күйөм, мен!
эс тандырган рахаттын мастыгы –
Таркай элек башым кетсе ийинден,
Мейли!" – деди, ашык болгон рыцар.

Тагдыр – өкүм бекитилди ушинтип!..
Махабаттын бийиктиги, азабы.
Кээси жаалдуу кылычтады нөкөрүн,
Кээси жетчүү эртең үчүн жашады...

Түн пардасы катты сырын кубултуп,
Асан – Үсөн шамы менен жети түс.
Кел, окуучум, бир аз четин ачалы...

III

... Кеч да кирди.
Ханышанын өргөөсү –
Сыйкырлуу бир бейиш жайга айланды,
Мамык балыш, үлбүрөгөн шейшеби...
(Рыцар өрт.) Убакыт кум...
Таң атууга аз калды!..
.....
Сапырылды
Чөлдөгү кум – толкундар...
өмүр – өлүм таймашууда...
таң атты!

Салкын кандуу желдет –
сүйүү – жан алгыч!
Жаландаган кылычын
кан жалатты!..
.....
үчүнчү кеч,..
Төртүнчү кеч,..
Кайра таң...
Баш алууга кылыч калды болуп маш...
Кумар, эңсөө – акыл – эстен тандырган
Кезек күтүү,..
Чоң Казаттай сайып баш,
Татыктууга татыктуу!
.....
.....
Ханыша али өзгөртпөдү өкүмүн...

май, 1989 – ж. Ош ш.

СЕНТЯБРЬ: Ыр күндөлүк

1.
Бул сенин жашыруун аралың,
өзүндүн демиңе толтура.
Көңүлүм каалаган адамым
Отуңа жылынып олтурам.

Көзүңдүн нурлары сагынган,
өпкүлөп чыгууда чолоосуз.
өзүңө эң тааныш жанымдан
Мээримди толо суз, толо суз.

Куштардын угулбай үндөрү,
Жылчыксыз ээлеген сезимди.
Унутуп сырттагы дүйнөнү
Суктана караймын өзүңдү.

Эркелеп кеңдиктин төрүндө,
Ажайып дүйнөгө учамын...
Алыстап кетпечи көрүнбөй,
Ар ирмем көрүүгө кусамын!

25.09.90-ж.

2.
Гүл көтөрүп, тамылжып сен келесиң ов,
Кубанычтан канат байлап, тосуп чыгам.
Айрый албай, сенин жытың, гүлдүн жытын,
Бир башкача толкунданып араң турам.

Гүлдөр жакшы, гүлдөй жайнап күлгөн жакшы,
Гүлдөй назик эркелеше жүргөн жакшы.

Күндөр өтсө, унутулса чеки болор
Күлкү терип, гүл аралап жүргөн чакты.

Калат дечи таттуу түштөй шыбыр кебиң, –
Кулагымда миң бир ирет кайталанган.
Алдастатаар эске түшкөн таттуу эрин,
Коштой жүрөр ыйык таңдай эңсөө анан...

Келди мезгил жан барынча күтчүү гүлдү,
Эрк, чыдамым аркандалды ошол ойго.
Тилек тилеп утурлаймын жаңы күндү
"Тирүүлүктүн энчисинен куру койбо!"

Гүл көтөрүп, тамылжып келесиң ов,
Кубаныктан канат байлап тосуп чыгам.

26.09.90-ж.

3.
Айтканда оюмдун туурасын,
Эрдигиң өзүңө жарашып...
Дүйнөнү терметип турасың,
Кубаттуу колуңа каратып.

Колуңдун табына табынган,
Алсыздын келиптир ооматы.
Миң жолу теңирге жалынган
Угулган окшойт ыр – Одасы.

Бийлигиң кармады тикелеп,
Унутулуп жанды эзген издөө ыр.
Алмашып жибекке чыт көйнөк,
Тирүүлүк ажайып болуптур.

Уланып үзүлгөн үмүт да,
Конуптур тууруна бакыт куш.
Турпатың ыр экен!

Ырыс да!
Ырдасын, аянба, куюлуш!

Толуктайт жашоону кубатың,
Эрдикке ким таазим кылбаган?!
Сүйүүнүн чебиндей турасың...
өтөт ээ, ушундай бир заман...

Кайрымсыз эшикти какпасын,
Айрылуу жарааттай сыздаган.
Дүйнөнү терметип турасың,
Жел сылап өтсө да кызганам.

өтөт ээ, ушундай бир заман!!!

27.09.90-ж.

4.
Алма жыттуу асылкечим,
Алмадайым, алма багым.
Бүт денемди өрттөп барат
Колдорумду кармаганың.

Көздөрүмө тигилгенин,
Мени утурлап гүл илебиң.
Бир өзгөчө назик жаным
Жан ээриткен шыбыр кебиң.

Туш тарабым алма жыты,
Мунун баары жөн эледир.
Бийик учкан көңүл кушу
Сага айланган делебе бир.

Тагдырыма кирип келдиң,
Сурап нетпей, баскынчыдай.
Кол алдында калдым сенин,
сенсиз күнгө кантип чыдайм!

Коргонууга алым келбей
Сазга баткан сыяктанып
Тынч жашоого жүрөк көнбөй,
Сен деп согуп, турам жанып.

28.09.90-ж.

5.
Кел экөөбүз чогуу олтуруп,
Узаталы сааттын жебесин? –
Кучагыма үмүт толтуруп
Кудай билет качан келесиң?

өткөрөлү өмүр ирмемин,
Канатында сулуу дүйнөнүн.
Жүрөгүңдүн угуп түрсүлүн,
Жаным жыргап бирге жүргөмүн.

Кел жарыгым чогуу ыр угуп,
Бул толкунду чогуу тосолу.
Сенин демиң мага угулуп
Сүйүүбүзгө сүйүү кошолу.

Көңүл отун улуу жагалы,
Аралыкты турсун жарытып.
Кыял минип, жалын тарагын,
Каттайт эми алар жарышып.

Этиеттеп сүйүп көкүлүн,
Жөнөтөлү бирин-бирине.
Көз тигели катар олтуруп
Сагынычтын оттуу бийине.

Койберели деңиз бетине,
Толкун тыткан күтүү кемесин.
Көздөрүңдү салып эсине
Ээрчийт аны менин элесим.

Кел экөөбүз чогуу олтуруп,
Узаталы сааттын жебесин.
Кучагыма сүйүү толтуруп
Асылзаадам качан келесиң?!

28.09.90-ж.

6.

Бейиш багы, бүт жемиши жайнаган,
Сен коштошкон баягы кыл көпүрө.
Гүл жыпарга бөлөп турган айланам,
Ак-Буура да сени салат эсиме...

Бүтүн баары коюндаган сүйүүнү,
Жеңиш бактын чөбү, жашыл майданы.
Сагынычта кеттиң эңсеп үйүңү,
Эстелеби?! Элет жердин арманы...

Эстелеби?! бүлдүркөндүү жашыл бак,
Бышып турган тээ көк муштум жаңагы.
Куштар таңда сайраган күү,
жашынмак –
издеттирген ар күн алыс, аялуу...

Эстелеби?! арманы көп боз чымчык,
Эртели-кеч терезеңде сайраган.
Жалгыздыкта калаар көнгөн күү тынчтып,
Саргайды го, толукшуган айлана...

28.09.90-ж.

7.

Кусалыкты мындан ары көтөрө албайм,
Билесиңби?!
Кандай оор, кандай ачуу!..
Ким бул жүктү көтөрөт?
жетпейт дарман.
Мени ага тебелетпей, алып калчы!

Назик дилди жукартты го,
кусалыгың,
өнөкөт бир оорудай нерсе тура!
Кармашсам да кубатым жетпейт бага.
Сыйрыгандай жамынчыны,
Оор жүктөй колдон алган,
Алып салчы, оңой сага.
Жетет эми, сыноонун да чеги болот!
Бир ирмем
аракеттиң керек мага.
Кутулууга кусанын азабынан
Сенин гана сунган колуң,
телефондон чыккан үнүң,
кичине эле жөтөлгөнүң
жетпей турат!
Кусалыгың кандай оору
кандай ачуу,
Ким бул жүктү көтөрөт!
Дарман жетпейт.
Мени ага уйпалатпай,
Сыйрыгандай жамынчыны
Алып салчы!!!
Көтөрө албайм мындан ары,
Чымын жанды алып калчы!
Кусалыктын уу кесесин
алыс төкчү!
Сөөктөн өттү!

28.09.90-ж.

8.

Эми ким келмек эле гүл көтөрүп,
Бир кучак сүйүү алып,
көзүнө сагынычты үйүп алып,
Колуна шамдай кармап
сүйүү жагып,

Жылчыксыз кара түндү бузуп-жарып
Ким эми келмек эле,
толкундантып,
сүрдөтүп, ысылатып,
Көөдөндө жалын чиркин
толуп-ашып,
Жайнаган от карегин балбылдатып,
Көрүнүп сырттан токтоо
турган шашып,
Ал кайда? Мажнун ашык!..
Эми ким келмек эле?!
Дүйнө толуп,
бир өзү ааламды ээлеп,
Ааламга издөө салып,
мээримге магдыраган сезим мээнип,
Бакыттын чеги калбай
деңиз жээк жок.
Тымпыйган тоо толкундай
толкуп агып,
Ким эми келмек эле?!.
Соолуган гүл чамбарлар,
Соолуган гүл дестелер
жыты калып,
Жапжалгыз күтүү чарчап, күтүү Карып.
Сүйүүдөн быт-чыт болгон
түндөр кара...
Ал келбейт, өчкөн жарык!

28.09.90-ж.

9.

Майрам дагы бүттү түгөнүп,
Топураган көптүн ичинде.
Жалгыздыктан чарчап, түгөндүк...
О, ишенчээк көңүл күтүнбө.

Кимге керек бөөдө сарсанаа,
Көтөр башты, унут чарчаба.
Акыбетсиз сезим ушундай.
Ага алаксып калдың байкабай.

Бүгүн таңдын назик эркеси,
Торгой менен салкын желаргы.
өткөн чактын болот эртеси
Оомал-төкмөл бүткөн заман бу.

Боло бербе түндүн сүтагы,
Аны кайдан бөтөн түшүнмөк.
Бөтөн жерде толуп кучагы,
Ырын окуйт бөтөн күпүлдөп...
Кубанычтын жабык эшиги,
Салтанаттан дайын билинбей.
Барктуу эмес арман – кечигүү,
Изи аткан октун жигиндей...

Майрамдардын келди эртеси!..

28.09.90-ж.

10.

Ким сени суранды эле
кийлигиш деп?
Жай аккан тагдырыма кийлигиштиң.
Тараган чачтарыма,
караган бак-шагыма,
Жөн эле адаттагы жумушундай,
Бейкапар жүргөнүмө,
өзүңсүз Асманыма,
Келдиң да, туруп алдың аралашып,

Жалгыздык деген дартты
Жара басып!
Жанымда пайда болдуң
өзүң эле.
Айтышым керек эми "Экөөбүз" деп,
Кетем дебей, кетебиз – деп.
өзгөрүп кетмей болду эрежелер,
Түзөсүң ыңгайлатып экөөбүзгө.

Аралдын турмушунда тартип башка,
Кеч эми,
Айта албаймын – Аралашпа!

29.09.90-ж.

11.

Сентябрь. Жыйырма сегизи,
Биз дайым белгилээр күнүбүз.
Алыстан саргайып, эзилип
Угулбай, коштолбойт үнүбүз.

Сентябрь – жалбырак саргайган,
Айлардан маанайы чөгүңкү.
Жемиштүү баштагы айлардан,
Таптырган, жоготкон өзүңдү.

Сентябрь – аты бир башкача,
Жагымдуу булбулдун ырындай.
Сүйүү бар тамчыдай таптаза,
Экөөбүз аздектеп сыйынган.

Сентябрь – гүл бакча бозоргон,
Жүзүмзар бал таткан шireси.
Сентябрь – карама-каршылык,
Тагдырдын бактылуу күнү өзү!

Сентябрь – чагылган сезимдин,
Булутка чабылып кыйрашы.
Көк асман көнөктөп көз ирмем,
Таалайга карк болуп ыйлашы.

Сентябрь.
Кайчы жол, көк жээктей, –
Көксөткөн,
каректер сагынган!
Сентябрь – сапсары ай
Жалындай!

29.09.90-ж.

12.

Коштошуу сөзү – эринде күйөт,
Жүлүндү өрттөп, жаралайт жанды.
Коштошуу сөзү – айрылуу даңктап,
Гранит таштай көңүлдө калды.

Коштошуу сөзү – караңгы түндөй,
Чексиз да, жээксиз көөдөнгө батпайт.
Коштошуу сөзү – эч ае билбей
Жалгыздап эзип, каректи жаштайт.

Коштошуу сөзү – өбүшүү ээрип,
Кармалып жаны эринде гана.
Коштошуу сөзү – айлана ээндик,
Калтырбай кетүү демин да сага.

Коштошуу сөзү – бал тура таттуу
Татканда улам көңүлгө тийген.
Коштошуу сөзү – уудан да ачуу
Тандырган эстен, караңгы дүйнө!

Коштошуу сөзү – жаныма жөлөк,
Жашыруун сырым, жашатып жүргөн.

Коштошуу сөзү, коштошуу сөзү,
Кылымга тете көз ирмем!
Ирмем!

29.09.90-ж.

13.

Дүңгүрөтө аалам алкагын,
Кулактандыр, издеп жүрөт де.
Каркыралар болсун кабардар,
Жакшы оюма дайым тилектеш.

Мени билбей жөнөп кетпесин, –
Аэропорттон узап алыска.
Аты-жөнүн даана окугун?
Микрофон үнүн жаңыртып,

Жарыяла, издөө салалы.
Сүйөөрүмдү айткын жашырбай,
Кетирбестен алып калалы!

Трапка али бутун кое элек
Убакытты күтүп жүргөндүр!
Ансыз перрон бошоп турбасын,
Микрофон, жаңырт тезирээк!
Эң акыркы үмүт сендеги,
Ишке ашпастай ачуу сезилет.

Аты, жөнүн даана кайтала!
Тапмайынча кайтпайм
аркага.
Дүңгүрөтө аалам алкагын,
Кулактандыр!
Издеп жүрөт де!
Жана дагы баса белгилеп,
Сүйөөрүмдү айткын жашырбай,
Бир башкача аял затындай!

30.09.90-ж.

14.

А балким, жолугаарбыз, буюруса,
Кандайын ким эртелеп айтмак эле.
Жашаймын үмүтүмдү боорго кыса,
Деңизден кайтып калаар
күткөн кеме.
Тилегим кабыл келип, асыл жарым, –
Эстесе, бактым чалкып толоор деңиз.
Тагдырдын далай көрдүм жашынмагын,
Күн – барик, гүлдөп өтөт мени үз,
мени үз...

А балким, чакмак алып биздин тагдыр,
Өмүрдүн кылда учунда табышпайбыз.
Сүйүүсүз сенин жашап калгың бардыр...
Күн санап, карек талып издейм
ар күз.

Турмушта "бир үмүтсүз шайтан" – делет,
Күтөмүн бүгүн келет, эртең келет.
Сен менин сагынчыма зар эмессиң,
Мен жетпей, зарлап өтөм
Эртең демек!

30.09.90-ж.

15.

Чарчап бүттүм,
эми чалбагын,
Телефондун тербе номерин.
Күтөөрүмдү ооба танбадым!
Талмак болду бөөдө карегим.

Шыңгыратпа эми беймаалда,
Тынчтыгымды бузуп иретсиз.
Жылуулуксуз көнүп калганда
Жүрөк тилген муздак келет күз.

Чарчап бүттүм,
Болбо убара,
Уга албаймын башка үнүңдү.
Чыдам керек тоодой буга да,
Коротконго күтүп
Күнүмдү.

Телефондун санын унуткун,
Көңүлүңө бекер сактаба.

Сарсанаада өтөт күйүп күн
Бошот ойду, дилди
таптаза.

Аралыктар алыс,
Чалбагын!
Чарчап бүттүм,
күттүм каржалып!
Аны учпаган киши түшүнбөйт,
Кайдан билсин аны майдалык!

30.09.90-ж.

16.

Менче ысык эч ким өзүңдү
Сүйбөйт.
Жылдап күтпөйт саргая.
Кайталабайт айткан сөзүңдү
Жалгыздыктан сактар аргадай.

Менче ичтен жаныш тымызын,
Корой албайт чеккен чылымдай.
Сен деп кооздоп
жашоо-турмушун
Жазбайт какшап ар бир ырында.

Менче жарык күйүп сапарда,
Жүрбөйт башка
жанга болуп эш.
Айрылууну билбес адамга
Мындай тагдыр эрөөн көрүнөт.
Менче бирөө сени этиет,
Караан болуп дайым коштобойт.
Кагуу жесем бу кырс тагдырдан
Мени сенче өзгө жоктобойт...

Өмүр бою назик аздектеп,
Сүйө да албайт бөтөн менчелик!

30.09.90-ж.

17.

Кантип эле унутасың сырттаным,
Өзүң ээлеп, курчоого алган аралды.
Көп жагымдуу убадаңды укканмын,
Тосом, – дедиң, мени үшүткөн шамалды...

Жагам, – дедиң, терезеңе жарык нур,
Ырдайм дедиң, уккулуктуу назик ыр...
Баарын санап айтканымда не пайда,
Сөздүн кунун тебелесең,
Болуптур!

30.09.90-ж.

18.

Ырас болду сенден кабар жок,
Эки учунда чексиз дүйнөнүн.
Кечир баарын башка амал жок,
Кечир, бекер экен сүйгөнүм.

Аралыктар ачып көзүмдү,
Өзүм үйрөнүп алтурам.

Убарага салып сезимди
Жок бактыны кайдан болтургам?

Көккө сиңип күйгөн каректин
Муздап барат бүгүн илеби.
Актануу да эми керексиз,
Ичкеретпей жалын күйөбү?!

Алыстайбыз, унут өтүнөм,
Сүйгөнүмдү кумдуу талаадай.
Жек көрүүңдү мен да кечирем!
Суусуз жашоо жокко карабай!

Кечир өткөн чогуу мезгилди,
Бир тал чийдей күйгөн экенмин...
... ...
Бул сүйүүдөн
Мен да кечемин!

30.09.90-ж.

ДАРЕКСИЗ ЖЭЭК

Кыз кемпир баяны

Үрүла эжеме жана согуштун
кесепетин тарткан көптөгөн,
майышпаган аял затына арнаймын.
Автор.

1. Таллиндеги түштөр

Түштөрүмдө балалыктын асманы,
Кыркынчы жыл.
Бейпил айыл жаштары.
Карыялар кара кылды как жарган,
Байбичелер берекелүү,
нускалуу...

Конок үйү Виру бийик өзгөчө,
Креслодо көз илинет жайма-жай.
"Ысмайылдын уну тозгон тегирмен,
чууруп турат тегирменге ак буудай.

Сен жүрөсүң кара эшекчен,
буудай жүз,
Чала ышкырып, мурунунду шуу тартып,
Ала таар кап, мага тааныш кызыл түс,
бозоргон тоз, кеттиң ага ун артып...

Баягы эле карга шыйрак, боз бала,
Чики чапчуу, жеңилгенде "зуулдап".
Күлүп турам оюнкарак мен сага,
Сен алыстап баратасың, жымыңдап..."

Түштү бузат шыңгыраган телефон,
Улайт кыздар Кыргызстанга, үй менен,
(Өз тилинде сүйлөө деген чоң кумар
билбейт аны эл кадырын билбеген).

Анан ичтен күңгүрөнөм акырын,
Сүйүү деген жомогубуз жөнүндө.
Болбосо эгер чен-өлчөмү жок сүйүү,
Болмок эмес
Жеңилүү да,
Жеңилбөө!

2. Айыл кеби

"Дарексиз болуп кетти ошо бойдон..."
Шыпшынат карыялар, байбичелер.
Бул сөздү ойлоп тапкан согуш ойрон,
а бирок, көзүм жолдо, балким келээр...

Кырк беш жыл күтүү чарчап, арыбаган,
Табылды канчасынын Дарек – Жайы...
Сенден бир куш кабар жок
жарыбаган,
Түгөнүп барат эми чыдам дагы.

Бул дүйнө миллион жыл тыным билбей,
Толкундап деңизи да, Океаны.
Жер кезген өз атагы үчүн шамал...
Таш кулап, көк тиреген аскадагы...

Дайрада суу ордуна кан жошолоп,
Канча ирет азап берген Жер Энеге.
Ичилбей канча ырыскы казандагы
От өчкөн, тулга түшүп кемегеде...

Туш болду турмуш – кеме көп кыйроого...
(шаар сайын, айыл сайын эстеликтер...)
Жай алган Жашоо деген Аренада –
Топудай жаабай калган сур булут бар!..

Булутту четке сүрүп колум менен,
Куштардай кайткан жылуу уясына.
Мен жээкке сени ташпай жалгыз келем...
Чардакка жээксиз жашоо кыйын тура!..

Дарексиз болуп кеттиң ошол бойдон...

3. Кайык

Өтөт деңиз бороону убагында,
Суу чайган жээк кооздолот куш изинен.
Бөтөн жердин көк жайык жакшы дечи
Көк-Арт суусу кетпеди түн түшүмөн.

Мемориал Мариямаги, түбөлүк от,
Ага барчу жолдо не так кайың бар?
Бирге жүргөн эстон кыз түшүндүрөт:
Жыйырма миллион кыз-аял
жеке –
жылдар...

Эстеликтер тээ Мамай дөбөсүндө,
Эстелик Тукубайга айылында...
Даректүлөр эстелик болуп келип,
Жубантты үй-бүлөсүн, зайыбын да...

Кыдырдым батыш, чыгыш шаарларын,
Ашхабад, Вильнюста дагы бир топ...
Брест же Дүйшөмбүдө сыяктанат,
Өксүбөс, боору бүтүн бир адам жок.

Балтика бизди бүгүн эркелетпейт,
Бешиктей асибеттеп кайыгында.
Бороондун кесепети жөн-жай өтпөйт,
Балыктын тынчы кетти айылында...

Кудум мен кырк беш жыл жол күткөнүмдө,
Кыз башым тул атыгып бүткөнүндө.
Жаз сайын байчечекей болуп келип,
Күз бышкан буудай талаа эсте жүрдү...

Деңизде кайык калды адашкан бир...
Өчөшкөн албуут толкун күчкө кирди...

4. Жамгыр

Жамгыр төгөт, түнөргөн сур булуттан,
Деңиз чиркин
тартат шамал азабын.
Кургакчылык
тамчы сууга заарыккан
Бул жамгырды не чакырбай жатасың?..

Чеп үстүндө таштардан суу куюлат,
Карегинден чыккан жаштай сыгылып.
Жамгыр шыбырт көнүп алды бу күүгө,
Мага эстелик шыбырындай угулуп...

Сендей ак жаан жытыгышып алды бейм,
Басылбады, көз ачырбай шорголойт.
Бүткөн боюм малма-чөлмө болсо да
Күтүү – жараат жуулбайт, өчпөй корголойт...

Айылда азыр мөмө-жемиш бышкан кез,
Неберелер куунайт ойноп, бак-шакта...

...Сынып калган менин жаштык кайыгым...
Сапырылат деңиз тынбай бир паска.

Жомокту ойлойм бир карыя тууралуу,
Сыйкырчыдан уулун жүргөн ала албай.
"Таанып ал", – дейт, кушка айлантып
опокшош,
куштар үнсүз көзү жайнайт адамдай.

Сыйкырчыга наалат айтып, мөгдөгөн,
ал карыя кур кол кетип көп ирет.
Тааныбаса уулун кайрып бербеген –
амал бир күн адамдыктан жеңилет.

Бу буурул түн кеч киргени белгисиз,
Байкалбастан, картайган бир курактай.

Биз уурдаттык балалыкты согушка,
өттү жылып, кармалбастан, сымаптай.

Москвада, Таллинде да окшоштук,
Бала, аял,
эстеликтер...
Баатыр шаар.
Бирдей жана кыз бойдон тул калганы,
Уч-кыйырсыз кең өлкөмдө жесир бар...

Жарым кылым нөшөрлөгөн бу ак жаан,
Жууп бүтө элек жер жүзүн бүт тазартып,
Курман болгон даректүү да,
дарексиз,
Жаштык символ!
Он сегизден өтпөйт түк!

"Сыйкырланган" эстелик көз ирмебей,
Түн унчукпайт ташка айланган дүйнөдөй.

Жамгыр баарын наристедей киринтет
Гүл, бак-дарак аза күтөт үндөбөй!

Белгисизге, эстелик бул белгисиз!

5. Жетилүү

Бир мектепте чогуу окуп келчү элек,
Сайдан чогуу агынды отун терчү элек.
Кээ күндөрү чукулдашып жок жерден
Бирибизди күтпөй келе берчү элек.

Унутулган анын баары тез эле...
Төрт классты чогуу бүттүк жайында.
Сен далылуу жигит болдуң эр мүчө,
Эстүү, сулуу кыз жетилдим айылда...

Өрүм чачка колуң тийсе уялып,
Келээр элем Көк-Арт сайдан суу алып.
Сен да жазган каттарыңды бере албай,
Кайтаар элең кунаныңды сугарып...

Кошуналар тил табышты сыягы...
Апам менден сен тууралуу сурады.
Сыр билдирбей компоюшту аталар,
Ар биринде баласы үчүн кубануу...

Айлуу түндө биз издебей "ак чөлмөк"
Издээр элек бирибизди бекинген.
Эсиндеби?
Өрүкзарда – таптым, – деп,
бек кучактап, өөп алганың бетимден...

...Согуш деген бир алаамат башталды,
Кан майданга эр азамат аттанды.

Жаңы төрөп Мырзакенин аялы,
Алты күндүк Камчы менен жаш калды.

Айыл толгон телегейи тегиз эл,
Шаасы сууп, бошой түштү деминен.
Ар түтүндүн уулу кетип эки-үчтөн,
Биздин бакыт ошол жылы кемиген...

Кылчак карап жөнөдүң эл катары,
(белек болду саймаланган жүз аарчы),
Эрте билдик айрылууну, капаны...
Ээнесиреди өрүкзар да биз барчу.

Үзүп кеттиң жүрөгүмдөн бир үзүм,
... ...
Бул көөдөндө көркөмдөлбөс аңгеме,
Кырк биринчи катаал жылдан калды эле.

6. Почточу

Кат күтүү ошол жылдын суусунундай,
Айылдын жашы менен карысына.
Почточу көрүнбөсө, көңүл тынбай,
(ал элдин кубанчы да, кайгысы да).

Башталды бир коогалуу турмуш эми,
Айылда карыялар, келин-кесек.
Жаш балдар машак терип, араба айдап,
Жигиттин ордун басчу келди кезек.

Жоокерди айыл түрө узатышып,
Окушкан бир кат келсе айыл бою.
Батышта үрөй учкан кандуу согуш,
Азага алмашылды элдин тою.

Толду аалам эне ыйына боздоп калган,
Боз инген кейпин кийип ботосу жок.
Толду аалам жоокерлердин жесирине,
Бозоруп өстү уулдар атасы жок.

Трактир мендик ыйлап, билип-билбей,
үнү өчсө жетет атчан Ашир ава.
Чапкылап үч айылда бир механик
куурады...
Каргыш тийсин согуш сага.

ЧТЗ – чырагы жок түнү иштесек,
Келиндер керосинден лөпчүк жагып.
Сокурду жетелеген үмүткө окшош
Жер айдоо жарык баскан жакка барып...

А күндөр өттү ушундай ач-жылаңач,
Жокчулук, жайсыз кышта ынтымактуу.
Көбөйүп кара кагаз, үч бурч каттан,
Ортодо почточуну мукуратты.

Аталар ак сакалы бириндеген,
Көз нуру уулдар үчүн жашка айланып...
Батышта сөөгү калган эр жигиттер
Айылга кайтты эстелик – ташка айланып...

Далай жан үмүт үзбөй жакшылыктан,
Дагы эле жашап келет күтүп катты.
Мезгилде жарым кылым көкөй кескен,
Почточу –
Жеткире көр сүйүнүч катты!

7. Окшоштуктар

Бу көк деңиз уч-кыйырсыз,
Жамгыр жууган жашыл майса
сыяктанат.

Гүл ачкан бирин-экин
катар тиккен алма бактай
бууракандайт буурул толкун
көбүктөнүп...

Айып издеп дүйүм гүлдөн,
учуп-конгон чымчыкка окшойт
өркөч сайын конуп турган
чардактар деңиздеги.

Өсүп чыккан көк майсадан
чартактаган тамыр жайып,
Кол кармашат бутактары
алма бактын.

Чогуу жайпап деңиз бетин,
чогуу бийик сапырылып,
Алгоолошо төшүн тосот
көк бороонго
жээкти чапчыйт
жапырылып...
Тиги көк жээк мунарыктуу
Окшошконсуйт
Ала-Тоого мырза мүнөз
оронгон ак булутту
кымкабындай.
Чоң корабль сыяктанат
конок үйү
мачталары бийик, учтуу.
Менин бөлмөм каютадай,

а балконум кең палуба
сыртка чыкчуу.

Деңиз суусу туздуу көз жаш,
а корабль топурак, май
Скрипка минордуу,
суз күүнү ойнойт
жүрөк тилчүү курч бычактай...
Сыйрып таштап ийинден
жөө туманды
чарчаган окшоштуктан –
Деңизден качып келем айылыма
Дарексиз Жээкти таппай...
Арыштап чакырымдар аралыгын,
Күдөр үзбөй үмүттүн
Сырттанынан!
Өзүмдүн жээгимде
улгайбай
жол караган
Күтүүнүн Асманымын!

23–25-март 1990-ж.
Таллин – Москва – Ош

Тоолоруна кыргыздын жанын байлап...

1.
Кыргызымды сагындым, сагындым ай,
Ала-Тоосун асманды кармап турган.
Кечиремин көзүмөн, кечиремин...
Жылдыз жайнайт жылкычы айткан ырдан...

Туягынан даңканы учкан күлүк.
Кыргызыма окшошот,
Кыргызымдай!
Күнгүрөнгөн аскар тоо кырка-тилке
Комуз күүсүн кайталап турабы улам?.

Комуз күүсү кыргыздын жан шериги,
Тоолорумдун жүрөктө кайрыгы бул.
Кыргыз болбой тоо болбойт,
комуз болбойт.
Тоодо ат минген, ак калпак кыргызда ыр.

Касиеттүү Көк Теңир жараткан бейм,
Тоолоруна кыргыздын жанын байлап,
А кыргызга тоолорун насип кылып,
Күлүк минип, комузун черткен айлап.

Кыргызымды сагындым, сагындым ай,
Ала-Тоосун, ак калпак айкөл элди.
Жүрөгүмө жат болгон бала кезден,
Атам черткен күү мага кубат берди.

Жолборс жүрөк, эр мүнөз эрендер бар,
Касиеттүү тоолору көк тиреген
Мекениме сагынчты көөдөн толо
Көтөрүнүп тоолорду ашып келем.

Кыргызымды сагындым, сагындым ай,
Мекениме
сагынчты көөдөн толо –
көтөрүнүп,
Тоолорду ашып келем!

2.
Шаңкайган бийик тоолорум,
Койнунда кулун ойногон.
Булактар төмөн жүгүрөт
Күлкүгө жаны тойбогон.

Касиет кашка суунда бар.
Токойду, гүлдү түрдөнткөн.
Кайберен изин калтырган
Келберсийт өрөөн биз өскөн.

Кулунчак минген балалык,
Козу-улак,
кирген дарыя
Куштардын хору тоолорду
Жаңыргат,
угат карыя.

Киндик кан тамган тоо боору
Байланган мага,
мен ага.
Мен баян эткен бул сүрөт
Тоолуксуң,
тааныш сага да!?

Күлкүгө мооку канбаган
Булактар төмөн жүгүрөт.

6-ноябрь 2002-ж.

БАЛТИКАНЫН ЖЭЭГИНДЕ

I
Түн кетти этек-жеңи чийип жерди,
Ордуна оттой ысык сүйүү келди.

Жакшы ойлор бутактады гүлдөп турган,
Шектүү ой баары бүгүн болду курман.
Асемдүү үй курулду сүйүү ырдан.

Намыс тээп эки бетти канталатып,
Күнүлүк өлүп жатты жанталашып.
Сүйүнүч көкүрөктү кайкалатып.

Мокогон ишенимдин курчуп мизи,
Таштарга махабаттын батты изи.
Жаңырып жазга айланды сезим күзү.

Уланып кереметтүү үмүт жиби,
Өмүрдүн жыпар чачты назик гүлү.
Кош толкун өпкүлөдү бирин-бири.

Табышты бирин-бири эки толкун,
деңиздин шамалына аймаланып,
Кемесин махабаттын айдап алып...
... ...
Кемесин махабаттын айдап алып!

II
Күнү – кечке нөшөрлөп жаан түгөндү,
Солуктады, өпкөлөдү, басылды!
Шамал-кудай жар салууга жиберди,
Желаргыны,
Гунчадан гүл ачылды!

Март табият чөп аттуунун баарына,
Бермет такты, жасанышты жабыла.
Жалбырактар "дир-дир" үшүп жапжашыл,
Жаштык келди даректардын шагына.

Таштар, таштар, кылымдардын таштары,
Кызгылт, саргыч, көгүлтүрү, актары.
Кынаптаган бир жаш эстон жигиттин,
Колдорунун батып калган тактары.

"Кызылы – өмүр, гүлдөп турган курагы,
Саргычы – санаа мээден такыр кетпеген.
Көгүлтүрү – максаты анын беттеген,
Актары – эмгек кылымда өңү өчпөгөн".

– "Балтиканын сыйымындай сүйүүсү,
Жанып турчуу таш керткенде болуп от, –
дешет аны – жаштыгы ушул жашыл шаар,
Чоң сепилге чыксаң баары көрүнөт".

Дагы, дагы таштар айтат көп тарых,
Чоң толкундар жээкти ургулап кайтышат.
А жээкте жаз, келип калчы, берекем,
Чардактар да чогуу учушат, кайкышат...

III

Биз сапарда тапкан сүйүү жаңылык,
Кала берди бирин-экин курулбай.
Тагдыр жолу татаал келип, жаңылып
Ал купуя сезим жүрөт ымандай.

Мен сапарда сени издеген жолоочу,
Фин булуңу, эстон достор, фин жолдош,
Гүлгө оронгон Петр Ідин короосу,
Ыр-бий анда, сенин дайым ордуң бош...

Сүйүү – тагдыр менин өмүр баяным,
Биз табышпай, толукталбай калабы?
Жашоодогу мага кымбат адамым
Көк деңиздин болуп келчи чабагы.

Буурул түндөр сен жөнүндө ойлоого,
ыңгайлуу чын, деңиз недир күңгүрөйт.
Жел кайыктар чатырлары ак шамдай
байлоодобу? Толкун шилеп кайгы жейт.

Буурул түндөр болбойт ага аралжы
Таң күттүрүп желедеги кулундай.
Эңсегени, эркиндиги көк деңиз,
Мен өзүңдү издеп, күткөн жылымдай...

IV

Адашуунун көбөйтүүдө эсебин,
Албууттанган бороондуу кеч – кечээгим...
үшүп калды таза сезим дилдеги,
Алыстардан бакыт издеп кетемин.

Мен элиме эрке кызмын ырыстуу,
А жарыма эрке аял болбогом.
Эптеп тирүү жашоо дагы жумушпу?!
Махабаттын кесеси бош...
ойлоном...

Берди мага бүт бардыгын жараткан,
Сулуулукту, гаухар көздү – жайнаган
Берди жана өткүрлүктү канатчан,
Бийлик берди он сегизде кайдагы.

Акыл эстүү, менменсинген, текебер,
өрт жигиттер ашык болду маалында.
Мен бар үчүн көркү ачылып кечелер,
Мен бар үчүн түн күзөттү шаарым да...

Сүйдүм күнүн кирпиктери жылыткан,
Бардыгынан ысыгыраак аптабы.
Лайли-Мажнун даам таткан ырыстан
Теңир бизге энчи берип таштады!

Албууттанган бороондуу кеч – кечээгим,
Адашуунун көбөйтүүдө эсебин.
Сенсиз мурда куунап жүрсөм бейкапар
Сенсиз эртең жашай албайт экенмин!

V

Арабызда өкүм сүргөн айрылуу,
Даамы недир туздуу болуп баратат.
Деңиз күр-шар жээкке урунат буркулдап,
Көбүктөрү көз ирмемде тарашат.

Кыйкууланган жалгыз чардак түрмөктүн
Чокусуна конуп мооку канууда.
Өткөн күндөр көбүгүндөй толкундун
Бир жылт этип, кайра өчүп калууда.

Балким, сенде кубанычтуу убактыр,
Күлкү жайнап, кызыл жүргөн жүзүндө.
Же кирпигиң бир ирмелбей тураттыр
Салмактуу ой моюн сунбай өзүңө.

Деңиз жээги үрүл-бүрүл мунарык,
Толуп-ташып көөдөн кудум деңиздей.
Сени ойлоодон кан тамырым чыңалып.
А элесиң коштоп жүрөт эгиздей.

Чабак суусуз жан талашкан сыяктуу,
Мен өзүңсүз тартуудамын үшкүрүк.
Деңиз ташса кайда барып сыят суу?!
Таарынычты жеңет энсөө – күчтүүлүк.

Арабызда өкүм сүргөн коштошуу...
Деңиз күр-шар жээкке урунат буркулдап.

VI

Өкүнөөрмүн таш боор го деп тагдырым,
Бир кылымга тете өтүүдө бир жылым.
Он беш жазым, саратаным, алтын күз
Алаканга тутсам чуурут бардыгын.

Өкүнөрмүн табышпаган өмүргө,
Болбогонго жолугушуу өрттөнгөн.
Түтпөстүрсүң көп кечигип келүүгө
Күндөр сенсиз учуп өтөр көптөгөн.

Тагдырымда кайсы күнөө,
не жазык
Менин бактым – көздөр жайнап жол күтүү.
Бар деп ойлоо –
бу өмүрдө жол азык
Сен келгенден калаар балким ыр бүтүп...

Өкүнөрмүн таш боор го деп тагдырым,
Ошондо да күткүм келип бир кылым...

20-июль, 1977-ж. Таллин шаары

VII. Суу периси, Фин булуңу, бош шамал...

Бул эски таш жээктеги,
Көп узаткан экөөбүздү.
Шамал дагы жер шыпырып,
деңизге өткөн,
Эчен жолу кучактаган,
Өпкүлөгөн
экөөбүздү.
Алап кеткен алыстарга

жалын сындуу дуу деп күйүп.
Канча жолу кайра келген.
Толкунундай деңиздин көөшүп,
тунуп,
бул булундан эчен жолу
Кеттик эле экөөбүз да
жай сүйлөшүп же таарынып...
Кубанычты эчен жолу бөлүшкөнбүз
Күтүү болгон кеменин жолун мында
Көз карыгып, көп зарыгып,

Бороон айдап бир учкунду
адаштырды каяккадыр
экөөбүздөн.
Толкундардан суранамын
эстепе да, унчукпа деп,
кеме мага кандай кабар
жеткирерин кудай билет.

Фин булуңу, толкун мелүүн,
шамал менен эркелеген,
бул эски таш жалгыз бүгүн
чардак конбой ээнсиреген.
Жер шыпырган шамал азыр
ээлеп алган деңиз бетин.
Суу периси кайгырууда

бир белгисиз чөккөн кеме,
жигиттерди эстеп дале...
Алар үчүн калктын баары,
Суу периге келип каары,
чыгарып таш үстүнө,
чынжыр коргон байлап сырттан,
деңизинен ажыраткан.
Качан болсун колун сунуп,
Канатын да жыйбай эч бир

түн күзөтөт, күн күзөтөт
деңизди ал.
Суу периси, аттиң дүйнө,

чынжыр коргон ичинде
жашап келет –
деңиз ага, ал деңизге
болуп зар!..
Суранамын эстетпечи
толкундар,
шамал сен да,
эски таш!
Бороон айдап бир учкунду
адаштырган каякадыр,
Айрылууга кыйын чыдаш!
Суу периси, Фин булуңу,
шамал бош...

22-июль, 1977-ж. Таллин шаары.

МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ

"Пушкиндин метросу,
Пушкиндин аянтына
Саат үчкө келип калчы!"...
.....
...Убакыт шамдай күйүп,
азаят барган сайын"...
Сүйлөшүүдөн.

I.

Декабрь
Аяз.
Борбор.
Бир бөлмө терезеси түн көзөгөн.
Ар түрдүү түстө колдор,
Бир дасторкон, түрдүү даам.
Кызгылтым виносундай
молдаван кыз,
Кылычындай өткүр бир осетин кыз.
Өзгөчө тарбиялуу эстон кызы.
Жигити грузиндин
Бүркүтүндөй текеберлүү,
куудул, шайыр – азербайжан уулдары
Жейрендин көздөрүндөй жайнайт карек.
Сезимдер алоолонгон,
Күлкү чатыр – көтөргөн маанайларды.
Бир ата балдарындай
Очор-бачар чогуу өскөн

Короосунда чоң атамдын,
Жөжөлөрдөй жем талашкан.
Көңүлдүү шат, дуулашып,
Түшүнүшүп көз караштан
Жаныш турган ышкы отун

ырдап, бийлеп...
олтурабыз
Ортобузда дасторкону достуктун
Уул-кызы эркелеген
Ар бирибиз бир элдин
Жашыл достук бүчүрлөгөн –
анар даны сыяктанып
баарыбызга бирдей жетет.
Декабрь,
аяз, борбор.
Бөлмөбүздүн терезеси түндү көзөйт.

II.

Артыбызда ар кимдин Ата Мекен,
Ата Мекен мен үчүн, сага Эне экен.
Кандай болсун ыйык го экөө бирдей,
Бирок, жерди коргогон атам экен.

Атам-энем кутмандуу мекенимдин
Бири чекте, а бири үйдүн куту.
Эриш-аркак жашаган ыйык жерде
Жамандыкка жорушат качса кушу.

Качса кушу алыстан жоо келчүдөй
Жаа жебесин шайлаган көктү карап.
Аргымагын таптаган аркар отко
Эр жигиттин канаты кылым санап.

Эр жигиттин канаты аруу сүйүү,
Ууз кымызды жуткузган ат жалында.
Пейилиндей апакай кыргыз үйү
Бүркүттөрү айланган асманында.

Артыбызда ар кимдин Ата Мекен.
Ата Мекен мен үчүн, сага Эне экен.
Кантсе дагы ыйык го экөө бирдей
Бирок, жерди коргогон атам экен.

Артыбызда Мекеним, таянычым.

III.
Пушкиндин метросу,
Пушкиндин аянтына...
Саат үчкө келип калчы!
кыз-жигит макулдашат.

Белгисиз чыгыш-батыш,
метро поезддери
Сагынчты жулуп качат,
жаштыкты жулуп качат.

Ортомчу бул телефон,
ар кайсы станция
айланат эскалатор,
Дайрасы адамдардын.
Гений да миңдин бири,
Гигант да миңдин бири
Көз токтоп бөлбөс көңүл
мерестик агым-агым.
Баш көтөрбөй көз көргөндү
шашылуу бийлик кылат.
Убакыт шамдай күйүп,
азаят барган сайын.
Телефон сактап жанды
түнү же күн чыркырап
Алтайдын, кыргыздардын
Сибирдин айтат жайын.
Твердин бульварында,

жорголойт көгүчкөндөр,
Колумдан жем талашып.
Пушкиндин аянтында

Кимдидир күткөн элдер,
А бирөө барат шашып...

IV.
Арбат, Арбат – карыядай
Карап келем ак уяңды.
Бийигинди, жапызыңды,
Кыздарыңды, карыяңы.

Мурутуна кондурушуп
Кычыраган бубагыңды.
Карайм шашып каяккадыр,
Жөөлөп өткөн уланыңды.

Алыстыктар арабызда,
Сагынчтын деми бубак.
Таң калбачы кара кызга
Түгөнбөгөн суроо сурап.

Дебе жалгыз, жалгыз дебе,
Көөдөнүмдө күлгүн улан.
Жанып кээде, сыздап кээде,
Эстей, эстей демөөр кылам.

Көздөрүмдү окубагын,
окубагын бүт сырымды.
Кайда алпарат шашкан агым?!
Тартчы, мезгил тизгининди.

Агым шашат метрого,
Анан поезд зымырылат.

Артта калган олжо күндүн
Аянычтуу үнү угулат.

Үн угулат аянычтуу,
Ырдалбаган биздин обон.
Кыйнап бүттү кара кызды –
Бош күн, сенин кылган олжоң.
Арбат-Арбат! Мезгилсиңби?..

V.
Ойго түшөт алыста бир түтүн эл,
Бир түтүн булаткан кыз.
Арчадан отун алып жүргөн кыргыз.
Беймаалда, кара суукта калбадыбы?
ошол кыздын
туурулуп назик бети,
бышпай өз убагында тамагы да
кечигип ичти бекен.
Жатабы бүкүлү үшүп төшөгүндө?
Күтүүдөн чарчадыбы?!
Москва!
Ак үйдүн бешинчи кабатында,
Келерки доор жөнүндө
аңгеме угам,
Көңүлүм бүт айылымда.

Ой тынбай кабар алып келет улам.
Улуу кар түшүптүр дейт...
Асан кайгынын ыры
эске түшөт...
Асман төөнөп мунаралар,
Элестетет асманымды,
Бийик тоо тиреп турган,
Кыргыздын жигитиндей
ак калпакчан.

Ак үйдүн бешинчи кабатында
Айылыман ойлорум,
кабар алып келет удам.
Анда бар бир түтүн эл,
Бир түтүн булаткан кыз,
Арчадан отун алып
жүргөн кыргыз.

VI.
Таң калууга болоор бекен,
Нурдун табы күйдүрөт.
Айтуу асан эмес эркем
түйлап турат бул жүрөк.

Тыбырчылайт уйгу-туйгу
Байлоодогу тулпардай.
Не бир
мукам обон чыгат
Тунук сезим ак кардай.

Таза бойдон дак түшпөгөн
Нарсите бир ыйык зат, –
Жер шарына чоң күч менен
махабатын таратат.

Дүйнө нурлуу, дүйнө сүйкүм,
Мээрбан эне жүзүндөй.
а жүрөгүм согот күн-түн
күзөтчүсү үзүлбөй.

VII.
Ысык жалын бийлеген,
менин, сенин эркинди.

Бул жашоонун негизи,
Бул өмүрдүн кемтиги.

Табуу ушул тагдырда,
бир ирмемдин майрамы.
тете болот миң жылга,
айрылуу бир кайдагы...

Менин жыргал-азабым,
Сага кымбат бир бакыт.
Түгөнбөгөн жалынч сөз
Көздөр күйгөн сырдашып.

Канат сүйүү ирмелет,
Каректерде от учуп.
Албан сүйүү бир келет
тутандырган от – учук.

Башка кетет поезддер,
Кайрымсыз, тил укпаган.
Экөөбүздү бул кездер
эзет эстен чыкпаган.

Кыска өмүрлүү сүйүнүч,
салтанаттуу майрамдайт.
Күтүү сени чоң үмүт –
өлгөнчө эми айрылбайт.

Ысык жалын бийлеген
эс тандырчу таттуулук,
көздөр үнсүз сүйлөгөн
кайтара албай өткөндү
кийин болот макулук.

VШ. К А Т

"Күтпөчү сагынаарым, сагынаарым,
Саргайып калаар бекер ак ыраңың.
Жайнаган элик көзүң сумсайбасын
Жароокер мен өзүңдү сагынамын.

Келип кал, дүйнө жүзүн жарык кылып,
Нурунду, шооланды эч аянбастан.
Өзүңсүз мен кертим ай, муздай сынык.
Өзүңсүз жылдызы жок булуттуу асман.

Күтпөчү күндөргө бүт алоо шыкап,
Ойлорум сени менен ирмем сайын.
Аябай сезим тилет санаа бычак.
Аячы кагылайын, кагылайын.

Маанилүү сен бар үчүн жарыкчылык,
Маанилүү ырдоо жан күтүү жетпей.
Тагдырым берет жыргал зарыктырып
Жашаймын махабаттан үмүт өчпөй", –

...деп, жазып калтырыптыр эшигиме,
издешип-табышпаган ошол күнү...

IX. Есениндин мүрзөсүндө

Амансыңбы, дебейт эми Есенин,
Персиялык перизатка жолукпайт.
Бек кучактап жатат бүгүн Мекенин
Же бирөөнүн гүл көңүлүн оорутпайт.

Ыйык жерге кылган өндүү зыярат,
Жадыбалдай жатка окуган ырларын.
Эл учугу таңдан кечке чубалат.
Мүрзө кызыл гүлгө оролгон ыр – жалын.

Ырың сенин обологон – бир ак куу
Лира болот, сүйүү болот жер-жерде.
Аза күтүп дал Шагане сыяктуу
Кайың турат башын ийип келгенге.

Айлана кар, мелтиреген жылгаяк
Бирок, сендик сүйүү тоңбойт Есенин.
Персиянын кайрыктары ырдалат
Кыргызыма жомок кылып кетемин.

X.

Карт Арбат көчөсү бул,
Издер, издер бапырайт кар
айлан-көчөк.
Көңүлсүз ыр
Ак көшөгө тартат асман.

Каяккадыр жигит-кыздар
шашыла өтөт жандап,
Өзүнчө кооз, токтоо бойдон
Күзөтүүдө бу карт Арбат.

Из жашырып ирмем сайын,
Көктөн аппак төгүлөт нур.
Жааган карбы, түнкү шамбы?
Жуурулушуп кетишиптир.

Синип кеткен калбай жиги,
Туш тараптан келген куштар.
Сыр ачпаган Арбат бийи,
Сыяктанат бубак учкан.

Тымызын бир күү ойнолот,
бейпил түндү жумшак термеп.
Миндин бири мени ойлонот
Көчөлөрдө эл көп, эл көп.

Кайда шашат делбелектеп,
Кар сыяктуу агылган эл.
Карт Арбат.
Кар бапырайт
Издер, издер аккан бир сел.

XI. КЫЗГАНЫЧ

Кызганасың аппак кардан,
Ак кайыңдан, бубактардан.
Жарашат деп кыш да мага
Сенде күйүт, сенде арман.

Күйөт дейсиң көздөрүмдү,
Күн да мени тамылжытат.
Күнөөлөйсүң айды, күндү
чыкыроон да сени унут.

Жалбарасың төңирине,
Анан жүрөт "бороон – чапкын".
Темир жол да "мага кайрайт".
Телефон да сенин кастың.

Жоголот түк адилеттик,
Келет чарчоо миң бир түрдүү.
Кайдагы бир өктөм көктүк
Күчтөп турат күйүтүндү.

Кызганасың аппак кардан
Ак кайыңдан, бубактардан

жарашат деп кыш да мага
Сенде күйүт, сенде арман.

Декабрь, 82-ж. Москва.
Переделькино кыштагы.

XII.

Аратта калды сүйүү – вокзал,
Ала качып ооздугу жок паровоз.
Мезгил закым зымырылган
Анан бизге айттырбады кайыр кош.

Ал тараптан узатпаган кастарлап,
Жана дагы күтүп албас гүл менен.
Аялдама сагынчы да, сүйүүсү аз
Бар кадырын, жок кадырын билбеген.

Ээн вокзал, муз оронгон айлана,
Бубак жыргайт кучактаган кайынды.
А поезддер ырайымсыз шакылдак.
Аркы-терки өтүп кыйнайт жанымды.

Узактарга сиңип кетет вагондор
Үмүткө окшоп аткарылбас өмүрдө.
Тилей берем о секетим, аман бол
А жараатым сыздап турат көңүлдө.
Артта калды сүйүү – вокзал, "аттиң ай!"
Ала качып алып учкан паровоз...

XIII. Болгар кызы Марияга

Бышкан буудай, сапсары ыргап башын,
Түшкө кирет конок үй бөлмөсүндө.
Болгар кызы жайдары жайып чачын,
оройт аны саамайы күйөт күнгө.

Каяктандыр сыбызгы обон келет,
Тамылжыган кыз өңү, бийлейт буудай.
Кереметүү талаанын перизаты
Кыз да бийлейт көлдөгү чүрөк, куудай.

Эмнегедир түшүмө буудай кирет,
Берекеси төгүлгөн Болгар жери.
А Мария не бир кооз тарткан сүрөт,
жүзүм түптөп, гүл эккен жигиттери.

Түшүмө кап-кап толо буудай кирет
Жана да жан курбумдун тууган жери.
Алтын кум, достук-деңиз, толкуйт жүрөк
Ооба, анан шыктандырат сүйүү деми.

Таанышуу жаркылдаган боордош кызга,
Дегенсийт ырда эркин кыз, ырда, ырда!
Жашайбыз канаттуу доор чүрпөлөрү,
күн ороп мээримдүү бул жарык нурга.

Түшүмдө бышкан буудай ыргайт башын...

Декабрь, 1982-ж. Москва – Переделькино.

АК ТҮРМӨКТӨР

I.

Ыйлайбы?!
Самсаалайт ак булут
Кусалуу келиндей сезилип.
Санааны кум менен көмгөмүн,
Нур тосуп жатамын көшүлүп.

Көл толкуйт,
тоо ырдайт.
Ак чардак
Агарып көкөлөйт асмандап.
Ысык кум. Пляжда кыз-улан,
Тунжурайт мен жалгыз жаткан жак...
Жаш толкун жээкке жүгүрөт
беш жашар кызга окшоп, саксандап.

II.

Азоо толкун кумду жууйт,
тарткан гүлдү өчүрүп.
Мен чиймелейм кайрадан
мезгил үнүн көчүрүп.

Кечээкилер эскирип,
каректерден өчүүдө.
Көп кечүүлөр кечилип...
кезек жаңы кечүүдө.

Толкун жууган сыяктуу
күндөр улам өтүүдө.

III.

Шарпылдап, жээкке урунуп ак толкундар,
уктабады, көл бүгүн уктабады.
Эшилет бут алдымда майда кумдар,
Көрүнбөйт ак чардагы, ак чабыгы.

Толгон ай адатынча күзгүлөнсө,
Ак толкун улам жээкке ташыгылайт.
Булуттун кебездей бир үзүмүнө
Ай жылмайып, акырын жашырынат.

Жарым түн. Бууракандайт толкун гана
Шамалга этек-жеңи желбиреген.
Жымыңдап сан жылдыздар карайт мага,
Көл бойлойм, азиз жандай дендиреген.

Тунжурап күбүрөнгөн эмненидир,
Алыкул кумда олтурат карап көлдү.
Көздөрү жайнап кетти кубанычтан,
Тигине бүлбүлдөгөн маяк көрдү.

Тынымсыз күр-шар эткен буурул толкун,
Буурул жарык акындын туш-тарабы.
Акын менен кадыр түн күткөн өндүү
Уктабады, көл бүгүн, уктабады.

Оо, акын, көздөн кайым болбой турчу,
Жүрөгүм чарт жарылып кетеби же?!
Ойлордон ойготконсуйт, чачыраган
муздак суу буттарыма, этегиме.

...Жээлигет өжөр толкун көтөрүлө,
"Шарт" этсе окшойт акын жөтөлүнө.
Буурул түн, дүпүрөгөн буурул буудан,
алыптыр жалгамды бут жетегине.

IV.
Көгөрүп мейкиндик,
Жылт этет чабактар.
Шаңкылдап кыз күлөт,
Шилтенет калактар.

Жоош тынчтык тумчугуп,
өркөчтөйт көл үстү.
Тынымсыз үшкүрүп,
Бүркүүдө көбүктү.

Көгөрөт көл улам
Көбүктөн агарган.
Тереңдик демигет
дем алып араңдан.

Күлкү учат бийикте,
Күн батат кызарып.
Жээкте жалгызмын,
Көлөкөм узарып.

Делбирейт этек-жең,
Сыдырым келет жел,
Колтуктап бир-бирин
сырдашат теректер.

Сыдырым жел келет.
Теректер термелет.

V.
Жамалы жалындан, жаркырак
Жаап турат жылдыздар, жылдыздар.
Толкундар жоошуган азоодой,
Жуунушуп ак дене, нур кыздар.
Ай,
Көл,
Мен жана булуттар,

Жылдыздар жааганда жыртылган.
Элестейт буурул түн Алыкул
Көз салып тургандай сыртымдан.

Ойлоном бардыгын, сени да,
Көңүлүм токтобой бир жерге.
Кучактап жылдызды ак түрмөк
Көрүнбөй кетүүдө ирмемге.

VI.

Бороон бүгүн. Көл үстү буркан-шаркан,
Алда неме жээкте учат делдектеген.
"Кыйналаарсың мындайда жолдо болсоң,
Кат жаздыңбы, же өзүң келмек белең!?"

Чебелектеп, эне уулун күтөт, күтөт,
Катыгүн ай, эт жүрөк кантип түтөт!..
Албууттанган бороонго үшкүрүгү
Аралашып жаткандай түтөп-түтөп.

Көл үстү буркан-шаркан.
Бүгүн бороон
толкундарга кум элеп, сапырууда.
Чабактарды серпилип сыртта калган,
Түрмөктөр коюн-кончко батырууда.

Эне күтөт эртеңди, кетээр күнүн,
Беленденип жолго улам шашылууда.
Жанталашып кум шилейт жинди бороон
Издеримди бүгүнкү жашырууга.

Калам жашап бир жаңы "келгин" менен,
Кайра баштан таанышуу, кайра баштан...
Көөдөндө келечекти эңсөө калат,
Кетет өмүр кылчайып карабастан.

Июль, 1978, Бозтери.

КАСИЕТТҮҮ САХНАДА

1.
Үйлөнүү жүз бир ирет шакек тагып,
үйлөнүү ар күн сайын театрдан.
Жылмаюу көздөрүндөн сүйүү жагып,
Жылдыздуу деп аталып өтүү сындан.

Үйлөнүү жүз бир ирет – ажырашуу,
Күн сайын махабаттан чегүү азап.
А кээде сүйкүм, көркөм болуп жашоо
А кээде карек талып тандар атат.

Бир кечте чейрек кылым машакаты,
Сайрандоо перилерди коштоп бийлеп,
Сулуулар Штраустун замандашы,
Жүрүшкөн эс тандыра назик сүйлөп.

Бул жашоо сопрано, жумшак тенор,
Бул жашоо Кальман сүйгөн жомоктуу түн.
Болбосо махабатка тунган Вена
Баарынан кечип кетүү сулуу үчүн.

Үйлөнүү шаан-шөкөтү ак сөөктөрдүн,
кайрадан сенин жолуң болбой калат...
Эл кетет кабарганча чапкан колун,
Көөдөндөр дүкүлдөшөт сүйүү самап...

Сенде көз сүйүү жагып жылмаюуда,
Кучагың атыр жыттуу гүлгө толгон.

2. Цыган баронунун ариясы

Бул көздөр көрбөй өмүрү,
Ыйлоонун эмне экенин.

Ойлогун перим өзүңдү
Өмүрдө барктап өтөмүн.

Бирюза жанган карегиң
Чачтарың түндүн толкуну.
Тартылып сага келемин
Колуңду сурап кол сунуп.

Өткөргүм келет өмүрдү
Өзүңдөй айдын нурунда.
Чоң сүйүү чогуу бир келди
Жалындап турам чынында.

Парижде жана Венада
Сүйүүгө мени туш кылбай
Сактаган теңир ырахмат
Жашыра албайм ышкымды.

Цыган кыз, сулуум, жамалым,
Мен үчүн келген дүйнөгө.
Найзалуу кирпик кададың
Бал ачуу жайын сүйлөбө!

Болгонмун барон жөн гана,
Эми мен цыган Барону.
Табышты биздин жылдыздар
Болбосун анда жоголуу.

3. Баядерадан ария

И. Кальмандын
"Баядера" опереттасынан

Арабсың, барон эмессиң,
Байлыгың чендүү, жупуну.
Сүйгөнүң сага керек чын,
Не демек билсе ушуну?
Күйгөнсүң пери деминен,

Аргендей үндүү түгөнгүр,
Имере карма белинен
Махабат боосуз жүгөндүр.

Айрылуу эшик сагалайт,
Армандыр арты ишенбөө.
Сырыңды досум мага айт,
"Сыйымдыр" сени кишендөө.

Сагынычтын тартса азабын,
Гөзөлүң сулуу суйкайган
Сүйлөшүп черди жазамын.
Театр көркү, не арман!

апрель, 1980-ж. Ош.

КУПУЯ СЕЗИМ

I.
Олтургам чечимге келе албай,
бу дүлөй ээндикте думугуп,
Өзүңсүз, ырыңсыз көнө албай.

Телефон чырылдайт.
Жумшак үн:
– Эмне иштеп жатасың, периштем?
– Бекерчилик, жалгызмын, жана да
Ойлодум жигитти келишкен...

Сезимдер бышактап ыйлады,
Оо, неге орой жооп айтылат.
Бир жагы жеңилдик, чоң чекит...
Жүргөнчө майышып, жан чыдап.

Айрылуу азабын көтөрөм,
Бүт сезим эзилип, жанчылып,
Боздотуп ботодой адашкан,
Көздөрдөн жаш эмес кан чыгып.

Телефон тынымсыз чырылдайт,
Жүрөгүм жарааттуу тилинген.
Алууга колум да сунулбайт,
Телефон чырылдайт илинген.

Экөөбүз эки алыс материк,
Эзели кошулбас жанашып.

Бир чыксак өмүрлүк сапарга,
Калуу бар ажырап,
адашып!

2.
Дайыма дайралар ташкындайт,
Жаз келсе, күз келсе күрпүлдөп.
Ылайлуу, өжөр же туптунук...
Алдыга умтулган миң түрмөк.

Бир жээкте жоогазын сеңселет,
Көк чөптөр таш жарып кылайган.
Күндө өсүү кылымды кулачтап.
Бир жээкте
Кыйырсыз кумдуу чөл чубалган.

Бозоруп сансыз кум эшилет,
Жинди бороон сапырып өзүнчө.
Жээк да күн сайын кетилет,
Алыстап муздаган сезимче.

Сен ошол жашыл жээк кулпурган
Ойлоруң миң түрмөк аккан суу.
Максатың чокуга илинген
Алтын буу...
Алоодой кызыл туу.

Сен жакта не назик обондор,
Нурлар да ипичке жибектей.
Гүлдөрчү... аңкыган жыпары,
Тикенек куураган түк өспөй.

Желаргы үнүндү апкелет,
Жаңыртып тоо-түзгө алыстан.
Көркүндү көтөрүп жеткирет,
Колуна кондуруп алыстан.

3.
Сезимтал, бакырайган
Көз нуру бермет болуп,
Сүйүүнүн азабынан
Илмийген арып-тозуп,
Ал өзү сыры менен
ойлордун түрмөгүндө,
Жашады кайып болуп...

Кетти ана чилдей тозуп!
Ааламдын сахнасынан
Мен аны көрүп турам.
Күтүүдөн, сагынычтан,
үндөрдү жүрөгүнөн
Жан кыйнап жасап алган.
Ырдады!
Ырдап жатты
Ак жаандай тынбай калган.

Тирилди гүлдөр угуп,
Тирилди жомоктордой
Сезимтал-жарыкчылык!
Тоо, таш,
суу калды муюп.
Бүттү да ариясын,
Кайдадыр кетип калды.
Нурлар да, обондор да
Тоолордун катмарында
Суусуна, таштарына
бүт таралды.

Ал болсо издеп кетти
Жүрөккө тартып алган
элести, аппак таңды!

.....
Жашоонун сахнасынан
Мен аны көрүп турам!

4.
Унутуп, жүрөктү эзген кусалыкты,
Бир саамга өзүмдү өзүм шыктандырып,
Бараткам, ичтен онтоп, сырттан күлүп.
Ичимде ысыгымды, аптабымды,
Жаркырап журт өңүнө чачыратып,
Рахат көөдөнүмдү чатыратып.

Бараткам эрибеген муздарымды,
Жүрөктүн тереңине алыс катып,
Бараткан... сүйүү, жаштык алысташып.

Арданбай жупуну деп кийимдерим,
Бараткам чачтарымды аяп желден,
өөдө-ылдый жолдор менен шилтеп кадам.

Турпаты салабаттуу, узун бою,
Ким билет аң-сезими, кандай ою?
Жанымдан өттү бирөө көңүл бөлбөй.

Бүгүн мен жолуктурган ошол адам,
Көздөрүн айтпай эле коеюнчу,
Чачы да буурул экен сеникиндей!

...Узакка өңбү-түшпү билбей бардым.
Миң жолу тан бербесем сагынууга,
"Сен бар" деп канааттанып жүргөнүмдү,
Биринчи бүгүн гана моюнга алдым!

5.
Убакыттын толкуну каптап кетип,
Бул дүйнөгө ирмемге пайда болду,

Толкун келет түрүлүп, жээкке жетип,
Бул жашоодо барбызбы?

Кайда болдук?!
Түйшүктөнтөт тагдырды мезгил чечип.

Күндөр сулуу, ай сулуу, жашоо ширин,
Мезгил закым учууда ракеттей,
Турмуш сабак. Үйрөнүү койбой бирин,
Же төгүлүү, же сактоо тамчы төкпөй,
тирүүлүктүн белегин – жашыл бүрүн.

Учуп чыгуу, калкындын шумкарындай,
Темгили жок көгүлтүр асман тилип.
Куурап калбай мажирөө бутагындай,
Сайран курса турмушта адамчылык –
алгач сүйүү мөмөлөп, куса кылбай.

Бул дүйнөгө ирмемге пайда болдук,
Бир тутандык, өчпөйбүз бир мезгилде.
Сунулган кол жетпеди, суудай тондук.
Бактылуу күн өрүлгөн өткөн күнгө,
Тирүүбүзбү?
Адаштык!
Кайда болдук?!

...Жалгыздыкка чыдабай ырдайт сезим,
кайдасың, алың кандай, кара көзүм?

6.
Өзгөртүп жибербечи кебетеңди,
баягы мага тааныш.
Өзгөртүп жибербечи мүнөзүңдү?!

Жүрсөк да жакын-алыс.
Жаштыкты туткун кылды өткөн жаздар,
Кыш сүрдүү арачы, же болбойт калыс.
Сөздөрчү?
Синип кеткен айга-жылга,
Элестер эсте, бирок азап табыш...

Өзгөртүп жибербечи мүнөзүңдү,
элестетүү кыйын мага.
Үзүлгөн сүйүү нурун улаштырбай,
Көңүл кош жүрөсүңбү?

Таанылбай кетээриңди ойлогондо
чыдабай күйүп жана,
Гүлдөрдөн, элден-журттан сураштырбай
ойлонуп бир өзүңдү,
Күн-түнү жарыгымды өчүрбөймүн,
Көзүмдө жолдор гана.

Жылдыздуу жылмаюлар,
тарткынчыктоо,
Айласыз буттун учу жерди чукуп,
Бакытты канатынан кармагандай,
Ыксырап сүйүүгө мас – кызуучулук.
Көөдөнгө ууз сезим жалбырттаган,
Эскерчү күн барына шүгүрчүлүк!

7.

Кыялыңды эч бир жанга теңебей,
Күмүш нурду терип келип жылдыздан,
Күнү-түнү тыным албай кенедей,
Эстеликти жаркыратып тургузгам.

Сен жөнүндө татынакай ойлорум,
Сынып калды майдаланып айнектей.
Сезимимди жаралантпай койбодуң,
Сыздайт жараат азап тартам, күн өтпөй.

Жөө келемин таштар тилип таманды,
Таалайымды издеп ушул турмуштан.
Жүрөк канап, тилингендей колдорум,
Жакшы ойлорум урап калды тургузган.

Күмүш нурлар жарыктарын өчүрүп,
Сыныктарын темгили жок куралбай.
Өткөндөргө өргтөй жанам өкүнүп,
Өксүп-сыздап, октон качкан куландай!

Май, 1978-ж.

ЖҮРӨСҮҢ ЫРЛАРЫМДА МЕЗГИЛ САЙЫН

I.
Жаз айы.
Тоонун жыты кусаланткан,
Жаштыгың кумар болоор жашылдарга.
Жол карап жалгыздыктан кеткен аргам,
Жарааттай күтүү сени батты жанга.

Алыстан тоонун жолу чиймеленген,
Агарып коюу чаңы көтөрүлсө.
Аптыга жүрөк согот тыбырчылап,
Аргымак туйлагандай камчы тийсе.

Ак таңдар кечигишет атпай бачым,
Ак үмүт күндөр санап кароолонуп.
Ааламга жарык чачат махаббатым,
Ан сайын ысык болуп алоолонуп!

II.
Дабырап жаан төгөт бүгүн тынбай,
Далдоо деп четин түбүн коргологом.
Дилимде тынчсызданып эчен курдай:
"Дилиңде бармынбы" деп карайм жолдон.

Күркүрөп асман тарап күлдүр-шалдыр,
Булуттар чартылдатат чагылганын.
Ан сайын өксөп төгөт жашын жамгыр,
Жер эне жашыра албайт сагынганын.

Четинден ак тамчылар агылганы
Күнгө окшойт сени күтүп өткөн сансыз.

Олтурам алыстыктан көзүмү албай,
Олтурам ойго батып таштай жансыз.

III.
Күн бүркөк,
дуулдаган шамал жүрүп,
Кийиздин үзүгүндөй кара булут.
Таарынчаак бала сымал жашын төгүп,
Кыйлада басандады улутунуп.

Карт жаңак.
Жалбырактар дирилдеген,
Берметтей ак тамчылар бириндеген.
Белгисиз үшүгөнү, жылыганы,
Бирок да тазаруу бар билинбеген.

Чыйрыттап бутагына конуп чымчык,
"Чырт" этип сынып түштү кургак чырпык.
Өмүрдүн өтөөр кези элестелип,
Сезимди муздак шамал кетти кырчып.

Сен тарап жалбырактуу жашыл өзөн,
Мен тарап – күтүү-булак бактым экен.
Буюрса жүрөк канап эчен курдай,
Сага арнап ыр жазармын дагы нечен.

Июль. 1978. Кара-Алма.

"ЖЕҢИШТИН ДААМЫН БИЛГЕН АДАМ" ЭСКЕРҮҮ, АКЫН ТУУРАЛУУ МАКАЛАЛАР, АКЫНДЫН ЗАМАНДАШТАРЫ ТУУРАЛУУ ПИКИРЛЕРИ

☆☆☆

Бапырап жааган ак кардай күндөр эсепсиз,
Бир гана күтүү, айнектен жолду караган.
Телефон чалбас, кабары болгон дарексиз,
Канча жан калды 70 жылдык арадан.

Согуштун тагы, азабы али түгөнбөй,
Кадырды билген издетет ата кабырын...
Катмары жылдын жашырса деле сыр өлбөй,
Ачыла берет, эстутум улам жаңырып.

Эс тутум улам күчүнө кирип унтулбай,
Аталар Жаны эскерген сайын ыраазы.
Өмүрүм бекер кетпептир дешер а балким,
Тегинди эстөө атадан калган мурасым.

ЖЕҢИШТИН ДААМЫН БИЛГЕН АДАМ

Атам Арзыбаев Закирге,
апам Арзыбаева Анарга
арнаймын

автор

Даректүү эс тутум

Кызыл-Пахтачы айылы жайгашкан жер өтө адам жүрө алгыс киши боюнан бийик камыш каптаган Көк-Арт сайынын күн чыгыш тарабынан алганда оң жээгинде жайгашкан айыл болгон. Жалал-Абад шаарынан чыкканда тоону көздөй жол кетет, жол Чолок-Терек, Кыргызстан, Кызыл-Пахтачы, Тельман, Багыш, Кулбайлу, Октябрский, Сапаровка ... Жерге-Тал, Таран-Базар, Тамга-Терек, Калмак-Кырчын, Кап-Согоор, Как-Көл, Ничке, Доскана, Кызыл-Суу ашуусу аркылуу жүрүп олтуруп Ак-Эшек жайлоосунан ашууну ашып Тогуз-Торого жеткирет.

Алыс жолду коно жатып жүрүп арбытат, тоо койну, колоттор, ашуулар. Азыркыдай тыгыз жайгашкан айыл да, эл да жок ээн, сүрдүү нары сырдуу жатат. Кап-Согоордогу Курманбектин Кароол Дөбөсүнө чыгып туш тарабына көз жүгүртүп, төмөндө күркүрөп аккан Көк-Арт дарыясына карап олтуруп эс алат. Мындай караса күн чыгыш жагы Тогуз-Торого карай Көк-Арт дабааны, бул жагы Кызыл Суу ашуусу, күн батыш төмөн жагы тиги Базаркоргондун ашуусу, бул Кароол Дөбөдөн бүт Көк-Арт өрөөнү көрүнөт. Курманбектин Кароол-Дөбөсүнүн жайгашкан жери Кап Согоордо. Дөбөнүн батыш тарабы айтылуу Калмак Кырчын талаасы кандай гана кырчылдаган кыргыз менен ... ал согуштарнын күбөсү болгон. Ал жерде Кой

Күрөңдүн бели үзүлгөн Кош Аң, Курманбектин күмбөзү жайгашкан, канча баатырлардын сөөгү жатат.

Арзыбаев Закир мугалим да ушул жолду 1930-жылы Тогуз-Торого мугалим болуп жиберилгенден бери каттаганы, каттаган. Андан кийин Улуу Ата мекендик согуштан кийин 1947-жылы алган жары Анар менен барып Кызыл-Суу ашуусун ашып, Кызыл-Суудагы тоолуктарды окутушту.

Ушул жүз жылдын аралыгында канчалаган окуялар болуп өттү, аттуу, эшекчен каттаган жолдо жүз жыл ичинде, талааларда араба, техниканын түрү каттады. Жолдор оңдолуп асфальт бастырылды. Кызыл-Пахтачы айылында бир узун көчө бара-бара үч-төрт көчө болду. Эми минтип шаарга айланып баратат. Чоң таш жолдон машинадан түшкөн соң көчөнүн башына чейин жарым сааттык жолдо, улам алдыңан чыккан аялбы, эркекпи катын-калач, чал-чабырлар менен учурашып кете бересиң. Кээ бири айланайын үйгө келе жатасыңбы деп кучактап алып, чала – була бышактап, бетиңен өөп кирет, жалбара берет, атаңды, апаңды эскерип, кайрандар мени тигил кезде тигинтип коргоп калган, ач калганда мынча ууч акчаны куржунунан эсептебей колума берип, ачкачылыктан куткарган эле, бейиши болсун дешет.

Шаардан чыгып келе жатканда ичимден сызып, арман-дуу өксүп келе жаткан болсом алар менен кошо ыйлайм, кээси апамдын классташтары, кээси чогуу чоңойгон, кээси жөн эле замандаш карапайым адамдар. Элдин көбү өпөйтүп курган, үстүн камыш менен жаап, үстүнө ылай басып койгон жалпак тамдар. Ал жалпак тамдардан жамгыр, кар жааганда өлө тамчы өтөт, ылай кургаганда дарактын тамыры сыяктуу чарт-чарт, чоң-чоң, тарам- тарам жарылып кетет да, тамчы өтпөс үчүн жайында көчөдөгү тизеден буркулдаган топуракты чака-чака салып алып ылайы жарылып-жарылып кеткен тамбашыга

төгүшөт. Ошондон кийин топурактан жамгыр жааса үйгө тамчы өтпөй калат.

Бул жалпак тамдар көбүнчө саман аралаштырылган ылай кыштан же катар-катар согулган пакса дубал менен курулган. Кээсинин терезесинде айнек болбогондуктан, Нургазы (Маамат аванын небереси) айтмакчы кышында пахта тыгылган жастык тыгып коюшчуу. Бул көбүнчө турмушта өп-чап эптеп жашагандарыныкы. Үй ичинде (үй ичи бир үй, бир дализден турат), бирин-экин байыраагында эки тарабында эки үй, ортодо бир дализи болот. Дализ дегени кире бериш, ашкана, ал жерде очок жайгашкан, тамак-аш бышырылат, анча-мынча өз кишилер келсе ошол дализде эле олтуруп кетишет. Аер жылуу. Тамак-аш кол алдында. Айылдыктар бөлмөнү үй дешет, ички үй, тышкы үй дешет. Кээ бири ошол бир эле үйдө жашайт, очогу, печкеси, казаны, баары эле ошол бир үйдө, дализи деле жок. Дализ куруу үчүн да үстүн жапканга жыгач керек, ылайдан кыш куюш керек, курганга кол керек...

Ортодогу түркүктөн төр жагы үйдүн ичи бир кышчалык өйдө көтөрүлүп секиче кылынган, анын үстүнө жеткени шалы пакал, жетпегени саман салып, анын үстүнө тапканы таар шалча, таппаганы чыпта салып коюп, (астынан жердин сызы өтпөс үчүн) кичине жер төшөктөрүн төшөп олтурушат. Кире бериш тарап бут чечкенге, отун-суу койгонго ыңгайланган. Тоогу, кою турсун ити деле жок. Итке да атала бериш керек.

Ал төшөктөрдүн сырты да эски эркектердин тиринке шымынын бүтүн жери менен ортосуна аялдардын чыт көйнөктөрүнүн бүтүн жери коюлуп жакандос сыяктуу, ичине пахта салып кабып коюшкан (эскирген кийимдерин азыркыдай өрттөп жиберүү жок). Балыштын ичине камыш сыяктуу башы тоголок жумшак болуп өскөн кокунун ошол тогологун майдалап, күнгө кургатып салып коюшчуу. Пар жастыкты эшигинде тоогу бар аттуунун-аттуусу

гана коюнбаса, эч кимде болбогон. Бул абал жанагы орустар келип бир сыйра падышага тогуз кабат жон терисин сыйрып салыгын алгандан кийинки карапайым элдин турмушу. Андан кийин революция болду деп, тендик келди деп кичине кедейлерге сан тие баштаганда деле жакшы болуп кете койгон жок. Эшигинде тоогу турсун ити жок, аларды багууга да чамалары чак, бирөөнүн колун карап турган мезгил.

Сактан андан Сатымкул, андан Райымкул андан Аташ андан Эримбет андан Арзыбай (1880-ж. туулган), андан Закир менен Анардын, тогуз баласы – беш уул төрт кыз. Сол канат, басыздар.

Чоң энебиз Батмадан – уулдары Ашир, Закир, кызы – эжебиз Үрүла, Шакир, Чот, кызы Үрүла эжем атамдан кичүү эле.

Экинчи аялы Мурзаканова Кайры чоң энебизден Гүлжан, Жетимиш (1950-жылы 15.08. Арзыбай чоң ата жетимиш жашка чыкканда уулдуу болуп, атын Жетимиш коюптур) деген бир кыз, бир уул көрүштү. Жетимиш ава дейбиз, бизден кичүү болсо да, жолу улуу. Кайры чоң энем, атамдын карындашы Үрүла эжем экөө кечээ токсонунчу жылдарда да бизге айланып-үргүлүп, жаныбызга жөлөк болуп, апамдын ордун жоктотпой жүрүп өттүштү.

Арзыбайдын колунан көөрү төгүлгөн уста. Арзыбайдын атасы Эримбет, ошол дубанда колунан көөрү төгөлгөн чоң уста болгон экен. Арзыбай чоң ата да ата кесибин узанган, күнү-түнү тыным албай ак эмгеги, пешене тери менен бала-чакасын багат. Тиягы Көк-Арт өрөөнү, быягы Ортоазия, Созок, Базар-Коргон, Ноокенден бери келип, аттуубаштуу эл билермандары минген аттарына же бир кадырлуу адамга тартуу үчүн ээр чаптырып, кашына күмүш чөгөрүлгөн ээр-токум, жүгөн, көмөлдүрүк, үзөнгү, куюшкан, басмайыл, камчы – таза ийленген териден өрүп, үстүнө оймолонуп күмүш чөгөрүлгөн мындай кооз ат жабдык жасатышчуу. Бул ат жабдык кунсуз кымбат – хандарга, бийлерге, баатырларга, казы-сотторго, эл бийлеген бектерге татыктуу, ар бир жасалга бири-бирине окшобогон өзүнчө чеберчиликте жасалчуу экен. Кол акысы үчүн ат, уй, бука, ноопаз жана башка жандыктарды жасаган иштин көлөмүнө жараша тартуу кылышчуу. Арзыбайдын бактуу чоң короосунун сыртынан төө минип өткөн киши көрүнбөй турган бийик пакса дубал согуп

курулган чоң коргону, эшигинде жыгачтан жасалган чоң дарбазасы боло турган. Күнү-түн тынбай жасаган ишинин аркасында короосунда оро толо шалы (гүрүчтүн акталбаганы), кап-кап буудай, маке, таруу, нокот, зыгыр боло турган. Арзыбайдын колунан келбеген өнөр жок: жаңактан жасалган кашык, чөмүч, кесе, аяк, аш табактар, комуз, кыяк (бул чыгармачыл адамдын үнү, ырдаган ыры да, оозунда чебер сүйлөгөн сөзү да бар) жана башка толгон токой үйгө керектелчүү буюмдарды жасачуу, кайыштан өрүп күмүш чөгөрүп жасаган жаңак, өрүк саптуу камчылары, тери ийлеп тиккен өтүктөрү айтор – колу алтын, асыл башы чыгармачыл, өтө сезимтал, турган турпаты менен ак көңүл, колу ачык барпаңдаган адам эле. Пешене тери менен Арзыбай ошол элдин ичинде бай, бакубат жашайт. Ар дайым коргондун жыгач дарбазасы ачык, тамак-ашы бышканда (ал түтүн коюлап, анан суюлганда, ии эми Батманын тамагы бышты дешип), салам айткан киши болуп тууган-урук, жек жаат, кошуналар, жөн эле көчөдөн өтүп бараткан жолоочу да аттын оозун бурат. Келгендеди жайма-жай күтүп, тамагынын акыркы кесесине чейин берип узатышат (мурда ушинетип салам айтып кирип курсак тоюнтуу салт сыяктуу болгон окшойт, аны эч ким эрене-төрөн көрбөйт).

Арзыбай узун бойлуу, кырдач мурун, каш-кирпиктүү, көздөрү бакырайган, кара торунун сулуусу, сымбаттуу, кең далылуу, алибеттүү баатыр мүчө, сөзгө чебер, куйма – ку-

лак, калыс сөзүн бетке айткан ачык-айрым, ынгайы келе калганда комуз чертип, коңур үнү менен ырдап да элдин жарпын жазчуу эле. Батма да боюна бою тең, узун бойлуу, кара-торусунан келген, мурду кырдач, бакырайган кара көздөрү күйүп турган, билектей кара өрүм чачтары такымына түшкөн, сөздү ачык бетке айткан, эрктүү, сүрдүү аял эле.

Батма бир нече апталык алыс жолдуу Чоң Мургаптан (Куш-суу – фарсыча) кантип келип Арзыбайга тийип калганын билбейм. Арзыбай Мургаптын (куш суу – фарсыча) бийик тоосун мекендеп жашаган кайын журтуна барганда көргөнүн: "топоздун сүт-каймагы, үстүнөн улак секирип өтсө оюлбайт экен" – дечүү.

Мургаптыктар Созоктон барган кудаларды чөлдөн келди дешип, айыл бою түп көтөрө күтүшүп. Тамак үстүндө Эримбетов Арзыбайдан (алардын күйөө баласы да) бир ак сакал сураган экен.

– Кана, балам айтчы, силер турган жерде кандай мөмө жемиштер өсөт? – деп

Мөмө жемиштерди санап келип гиларс, алма, өрүк, алча – десе, аксакалдын бири:

– Ээ, балам ошол алчаң ачуу окшойт – деп, ачууркангансып тамшанып жибериптир.


– Тообо, бир бадал өспөгөн жылаңач тоодо жашап, жемиштерди атап айтып баратсам, алчаны айтканда бир ак сакал ушинтип айтты, Мургаптын чокусунда кудайга жакын жашап, олуя болуп калышыптыр- деп таң калганын дайыма эскерчү чоң атам.

Таджик ССРи, ГорноБадакшан Автономдук областы (ГБАО)

Мургаб р-ну, с-з Мургаб, Коно-Коргон айылында деген адресте Батма байбиченин Шапы деген иниси жашап турган.Шапынын Сайпидин, Кусан, Пазилат, Майиз, Сайдилда, Полот, Зайидин баары Мургапта турушат. Шапы тага

жети балалуу. Беш уул, эки кызын мурун-кийин бирибирин биле жүрсүн деген го эски киши, баарын тизмелеп, алардын ар биринин канча уул, канча кызы бар экенин, ким болуп иштеп жүргөндөрүн 1974-жылы 7-январда жазган катында толук жазып жиберген Закир жеенге.

Булар тууралуу айтпаса болбос, даректын да тамыры болот эмеспи.



1. Арзыбаев Закирдин 15-август 1930-жылдан баштап мектептерди ачып, башталгыч класстарды окуткан мугалим болуп иштегени тууралуу, Жалал-Абад областтык, Октябрь райондук Эл Агартуу Бөлүмүнүн башчысы Шамбетовдун колу коюлган аныктама 30-ноябрь 1959-жылы № 3/1 чыгыш номуру менен берилгенин тастыктайт.

Арзыбайдын экинчи уулу Закир, курч сөздүү, куудул, комузда чоң күүлөрдү чебер черткен, үн кошуп мыкты ырдаган киши эле. Арзыбай аксакал Закирди Жалал-Абаддагы жаңы ачылган педтехникумга окутту. Ал окуусун бүтүп-бүтпөй мугалим болуп иштеди, иштегенде да "чыч-

кандай бала" Батма эненин сөзү, 1930-жылы 15-августан 17 жашынан баштапТогуз Торого барып башталгыч мектеп ачып, иштеди. Ал мезгилде өкмөт керек деген жерге жиберет, керек деген жерде элдин сабатсыздыгын жоюп, билимге ынтызар балдарды окутат. Биринчи Совет мектеби ачылганда сурнай тарттырып, мектепке келгиле деп беш-алты баланы ээрчитип мугалим менен айылдагы өкмөттүн кишиси элди жыйнап окууга, билимдүү болууга чакырып, окууну уюштурган.

Арзыбай Батма экөө Ашир (1911), Закир (1913), Шакир (1915), Чот (1917) 4 уул, Үрүла (1919) бир кыздуу болушту. Батма байбиче кечээ эле 1955-жылдары улуу уулу Аширди айтып: "Ушул нашүт, жетим болбосун деп, Мургапка кетпей калдым эле" – дечүү (нашүт-бош) сөзүн көп уктук. Кээде асманга тийип турган бийик тоолуу Мургабына кетип калбаганына өкүнөт окшойт. Анысы эненин купулуна толо турган иш жасабай, турмушу анча ирденбей, эне ойлоп-ойлоп сүйлөнөт көрүнөт.

Балдар жаш, Закир чыйрак, шок, комузу колунан да, койнунан да түшпөгөн, ыры оозунда шартылдаган ачык кол жигит болуп өстү.

Закирлер эс тарта баштаганда падышалык россиянын жер ээлегендери жер ээлеп, кыргыз жигиттери коргоп чыккан кез. Анан революция болду деп, дагы эле орустардын экинчи бийлиги башталып, кыргыздар мурунку тарткан азабынан көңүлү кайт болгондуктан, жер коргогону чыктуп Закирлерди комсомолго кабыл алышты.

Ошол кездеги калктын жазында жайлоого чыгып, кышында кыштоодо жашаган адаты боюнча Арзыбай менен Батма балдары, малы менен жайлоого чыгып кетип Закир мектепте окуп айылда калат.

Малы жок жайлоого чыкпаган айылдык алыс тууганы айылда калган балдарды, "бүгүн басмачылар келет, эрте төшөккө жатып, ордуңардан турбагыла" – деп катар жаткан балдардын башын бир-бирден, анан буттарын ачып карап, – "орус жок экен, чоң адамдар да жок майда балдар экен" – деп кетишет. Төшөккө жаткырып сактаганы, бойлуу балдарды "орустун мектебинде окуп, комсомол болуп" деп какыс-кукус кылып койбосун дешкени эле.

* * *

Ошол жайлоого көчкөн бир жылы окуусуна калган Закирге Батма эне, Арзыбай ата өтө дайындашат: – "Наның түгөнүп калса, ачка жүрбөй тиги тегирменчи Сабитахун менен Хайтахунга дайындап койдук нан жаптырып же, унуң бар".

"Окуп, ойноп жүрүп бир күнү апам жапкан нан түгөнүп калыптыр. Атам дайындап койгон кашкарлыктарга барып, нан жаап бергиле дедим. Тегирменчи Сабитахуну "камыр кылганды билесиңби? – деп сурады, мен – апам камыр кылганда көрүп жүрчүмүн – дедим. – Сен үйгө барып камыр жууруп кой, мен ачыган кезде барып тандырга жаап берейин – деди.

Үйгө келип чоң чарага суу куюп, туз салып, таар каптагы ундан атам жаңактан чапкан чоң аяк менен салып, чайып коюп койдум. Түш оогон мезгилде тегирменчи Сабитахун келди.

– Камыр ачыдыбы?

– Билбейм – дедим.

– Көрөлучү – деп эле чарадагы суюга чайылган ундун (менин жууруган камырым) бетинде суунун тунуп турганын көргөндө безилдеп жиберди.

Аракет кылып калган таар каптагы ундан салып, супрадагы унду да салып жанагы суусу тунуган чараны аралаштырып көрдү, дегеле камыр боло турган эмес.

– Бу не боган Закирбай, камлашмайды ов,– дейт.

"Камлашмайды" – -дегени камыр сыяктуу бирикпейт дегени.

Ун бер десе ун берем, ал улам аралаштырат, же бир мен куйган суусу аз болсочу. Өлө кыйналып тандырга жаап бергени эсимде, ачыбаган, сууга чайылган ундан бышкан нандын түгөнүшү да кыйын болуп, эси көөнүмөн кетпей калган. Негизи биз алардын оюндагыдай камыр жууруганды билбейт экенбиз. Кыргыздын энелери сыяктуу апам уул балдарга камыр жуурутмак турсун, тамак да бышыртпаган тура.

Басмачылардын күчөгөн кези, эл жайлоого көчкөндө, же жайлоодон кыштоого айран, кымыз, сары май, курут алып келе жаткан адамдарды, баягы жаңы бийликти кабылдабай тоо, токойдо жаап-жашырынып жүргөн "басмачы" атанган жигиттер атчан чаап келип, чанач-чанач кымыздарын, айран-сүтүн, сары май, курутун тартып кетип турушту. Ай талаада жүргөн жигиттерге да тамак-аш керек тура" – дейт эле Закир аксакал өткөн күндөрүн эстеп, аңгемелешип олтурганда.

Окуу жабылганда ата-энесине жайлоого барат. Жылдан-жылга бою өсүп, узун жигит болуп жетиле баштады. Ошондой күндөрдүн биринде жайлоого да жанагы кыргыздын жерин ойлорунда "орустардан коргогон" жигиттер чаап келип калышты. Ар ким ар карагандын түбү барбы, жар барбы кире качышат. Закирдин кулагына куюшкан, басмачыларга көрүнбөй кач деп, эч айласын таба албай, кай жерге башын бекитсе да көрүнүп калгансыйт, батпайт, акыры токойдун четиндеги чоң суунун бийик жарындагы бир шилбинин бутагын кучактаган бойдон салбандап турганы эси-көөнүнөн кетпеген. Көк-Арттын алкынган жазгы кирген суусу, тээ төмөн караса баш айланат, бийик тоо этегиндеги жар, шилбиден колу чыкса эле бүттү дей бер. Кара жанын тиштеп күргүштөгөн сууну карабай жарда асылып бир далай мезгил турду. Кобураган басмачылар азык-оокат алган соң, аттардын таскагы алыстаганда эптеп, карышкан колу менен шилбиге тартынып олтуруп

жардын кашатына чыгып, жерди кучактап далайга жатып калганы, оодарылып асмандагы куштарды карап жаткан канычы. Бир ажалдан калды да... Ээ, ушул экен элдин "Аңгектен качсаң дөңгөккө" дегени дечүү.

* * *

Акыры "Басмачынын баары палан күнү тиги эски коргонго келишсин, жылкы союп тамак берип, төрт метрден чийбаркут белек кылабыз, жарашабыз" – деп жаңы совет өкмөтө жарыялайт. өз жеринин коен жатагына чейин жакшы билген жигиттер, эч колго түшпөй, улам бир дүкөндү чаап, азык-оокатын алып кетип, совет аскерлерине далай коркунуч туудуруп турган. Биздин айылдан да жигиттер басмачыларга кошулуп кетишкен дешчүү.

Жарашуу тууралуу жарыядан соң, тынымсыз ат жалында качып-бозуп, күн-түн тыным билбеген жигиттер жарашууну маакул көрүштү. Башкача айтканда жаңы совет өкмөтүнүн бул амалдуу жарыясына ишеништи.

Өкмөт белгилеген күнү басмачымын деген жигиттердин баары, аларды тамаша кылуу үчүн айылдын адамдары да, тамак-аштан тартыш ачкачылыктан, басмачысы, басмачы эмеси, көпчүлүк бир курсак тое тамак жеп келели деген үмүт менен, кээси ошол басмачыларга берчүү төрт метр чийбаркуттан алып калабызбы деген нээт менен, жарашууга белгилеген жерге топурап келишти.

Коргондун ичиндеги ачык көк жайыкка дасторкон салынып, эл тегерете уй мүйүз орун алышты. Басмачы деген жигиттердин жанына төрт метрден чийбаркыт коюшту. Жылкынын эти, казы-карта тартыла баштаганда, корбашылар, паңсаттар эми тамакка кол сунганда, артында бугуп жаткан аскерлер жерге көмүлгөн шулеметтен асманга карата ок атышканда, баары жер кучактап жатып калышат. Басмачы-басмачы эмесине карабай барган элди чекеден колу-бутун аркан менен чырмап байлап, чоң-чоң шаты аралаларга кап ыргыткандай ыргытып, жыйып баарын кармап кетиштиши... Өкмөткө иштеген активдер элдин ичинде жөн эле

кызыгып барып калган, басмачылыкка тиешеси жоктордун көбүн ортого түшүп, тааныгандар шаты арабадан алып калганы да болду. Арты эмне менен бүтөөрүн билбегендер, аларды алып калганга акылы жетпей, жөн эле бир кесе тамак жеш үчүн баргандардын көбү кармалды. Айтор ызы-чуу менен жерибизди коргойбуз деген жигиттер темир торго түштү, көбү ошол туткун болгон бойдон элге кайтпай өлдү...

Куралсыз келгиле деген жарыя боюнча чындап эле куралсыз келишкен, байкап калгандары да эч кандай каршылык көрсөтүүгө үлгүрө алышпады. Баарын чекеден түрмөгө салышты.

Бир нече жылдан кийин түрмөдө тирүү калгандары бошонгондору айылга кайтышты. Түрмөдө азап жеп, эти менен сөөгү жабышып, сүлдөрү калган өлөсөлүү жигиттер – "басмачылар" келгенде, туугандары кубангандан бир кеседен жарма берип, курсактарын тойгузушат. Тамак-аш ичээри менен тамак өзөгүнө түшүп кетип, биринин артынан бири о дүйнө салышты. Бир тамчы сууга зар болуп күн кечирген жигиттердин көбү түрмөдө эле көз жумушкан. Ушундай алдамчы амал менен кармалып, кандай гана азаматтар жок болуп кетишти дешчүү аксакалдар. Далайын, корбашы, жүз башы жана башка жетекчилери колго түшөөрү менен эле тартпаган кыйноосу калбай, аягында дарга асылып, атууга өкүм чыгып "Жаңы совет өкмөтүнүн душманы" деген айып тагылып өлтүрүлгөн. Чандасы гана көп жылдардан соң үйгө кайтышкан.

Ташмат пансат түрмөдөн чыгып келгенде, Маамат баш болгон туугандары үйдүн ортосундагы чоң жыгач түркүккө тикесинен тургузуп, колу-бутунан бекем байлап кырк күн бою бир тамчыдан суу берип олтуруп, улам тамырын кармап, акыры бир тамчыдан айранды сууга чалып ичирип, бара-бара бир бүдүр (ушактан) нан кошуп ичирип жүрүп адам кылып алышкан. Ал жанынан ким өтсө да сүлдөрү калган тирүү арбактай болуп "нан, нан, нан, нан бергиле" деп жалбарып туруучуу – дейт Нургазы, авасы тууралуу. Үйдөгү бирөө да, тамыр кармаган Мааматтын каарына калгысы келбей, Ташмат пансаттын да убалына калгысы келбей, үйгө кирип калган болсо, анын жүзүнө карабай жанынан качып өтүшчүү. (Маамат чарбанын коюн бакчуу, ошо эмгеги урматка жеткирди, уулдары да ата кесибин улап койчу болушту).

Ошол даарылануу мезгили өтүп, Ташмат пансат (ал кишини айылдагылар да, келиндери да "пансат" ава дешчүү) о сексенинчи жылдарга чейин узак өмүр сүрдү. Бала чакалуу болду, Турдубай уулунан Ысмайыл аттуу небере көрүү бактысына да жетти... "өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет" деген элдин ак сөзү тамай айтылган да.

* * *

Совет өкмөтү акырындап түптөлө берди. Закир мектепти бүтүргөн соң Жалал-Абаддагы педтехникумда окуду. Тагдыр буйруп өзү тендүү Оштун Төлөйкөнүнөн Гапар Айтиев деген жигит менен чогуу окуду. Ош алыс, Жалалабаддан Ошко жатып конуп жөө-жалаң жетчүү жол, ат-көлүгү болсо да бир жөн, барып келүү мүмкүн эмес, дем алыш күндөрү Гапар Закир менен анын үйүнө келип, чогуу эс алып, айран-сүт ичип, туруп кетет. Гапарга Арзыбай атанын үйү өз үйүндөй, досу Закир бири-бирине ажырабай окуп жүрүштү. Гапар сүрөт тартканга шыктуу эле. Арзыбай менен Батма байбиче бул уулдарды өнтөлөп карашат. Закирден кем көрбөй, мусапыр болуп калбасын деп, кирлерин жууп, тамак аштан окууларын бүткөнчө өксүтүшкөн жок. Бир жолу Гапар үйдө олтуруп Арзыбайды калем менен кудум өзүндөй кылып тартып коюптур. Ал сүрөттү "Аяш ата сизге белек болсун" деп таштап кеткенин Үрүла эжебиз оозунан түшүрбөгөн.

Закир Арзыбаев ушул айылдын элинин ичинен чыккан биринчи билимдүү интелигент, биринчи Советтик Армиянын катарына чакырылган жоокер, ушул кичинекей – чоң айылдан россиянын бир чеги болгон Мурманскиге аскер кызматына барган биринчи билимдүү жоокер.

Илгери билимдүү, бир шаарга барып окуп келген балдарды эл урматтап, аларга чоң сый менен мамиле кылышчуу. Билимдүү адамдар кадыр-барктуу болушкан.




2. Солдон-оңго: Мисиров Атамкул, ортодо Арзыбаев Закир, 3-нү тааныйбайм (автор). 1936-жыл мугалим болуп иштеп жүргөн кези.

Окууну бүткөндө Закирди алыскы Тогуз-Торого мугалим кылып жөнөтүштү. Тогуз-Тородо да койнунан комузу түшпөй, сөзгө чечен, үнү мукам, арип тааныгуудан башта, эсепти, тарыхты, географияны, адабиятты, айтор билгенин бүт улууларга бир башка, жаш балдар – кыздарга бир башка, кээде чогуу бир үйдө эле окутат. 40-жылдарга чейин Азыркы күндөгүдөй ак мектеп, парта, калем, кагаз дегенди сабатсыздыгын жойгон адамдардын көбү Закирдин айткандарынан гана билишчүү.

Тогуз-Тородон кийин Ак Тоокто, Багышта мектептин башчысы болуп иштеп Кадыркулов Акмат жана анын иниси Жамантай, Нукеев Карим, Акунов Жаасын, Апсамат сыяктуу ондогон досторду, окуучуларды тапты. Кийинки кездерде, алардын жашоосу тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды жазганым бар:

"Ошондой кыргыз элинин тарыхы менен тыгыз байланыштуу тагдыры бар Арзыбаев Закир аксакал эле. Ал кишини эл Закир агай деп коюшчуу. 1925–30-жылдардын комсомолу, басмачылардын уу тырмагынан эчен жолу аман чыккан, кара тору бойлуу жигит. Кийин Жалалабаттагы педучилищеде – кыргыздын биринчи художниги Гапар Айтиев менен чогуу окуган жылда-



3. Арзыбаев Закирдин аскер билетинин сырты. Министерство Вооруженных сил СССР, 1940



4. Арзыбаев Закирдин аскердик билети 1939-жылы Советтик Армияга кызмат кылуу үчүн чакырылганы, кызматы тууралуу маалыматтар.

III. Сведения о прохождении призыва на действительную службу

13. Призван Октябрьским РВК (каким военкоматом, какой области и когда) Джалал-Абад. обл. в 1939

Признан годным к строевой (указать строевой, годности к военной службе)

и зачислен в 505 стр. полк. (указать в какую часть или в запас)

Измерения роста, головы, ступни в сантиметрах или условных номерах (ростовках)			
Рост	Окружность головы	Размер противогаза	Размер обуви
175	57	3	42

IV. Краткие сведения о прохождении службы в кадрах Красной Армии, Военно-Морского флота, пограничных и внутренних войск Министерства внутренних дел

(Указать время прибытия в часть, боевые перемещения, специальность, должностные назначения и время увольнения в запас)

19. 505 стрелковый полк
Стрелок с окт. 1939г. по авг. 1941г.
435 стрелковый полк
стрелок с авг. 1941г. по
авг. 1942г.
Уволен в запас по
ранению 15 авг. 1942г.

5

5. 1942-жылы август айында 435-аткычтар полкунан жараатына байланыштуу запаска бошотулган.(5-бет, Аскер билети).

20. Определение командования части о возможном использовании в военное время

М. П. (Подпись: воинск. фамилия)

19 г.

V. Принятие военной присяги

21. Принял военную присягу при 505 стр. полку 12.12.1939

(наименование части, число, месяц и год)

М. П. (Подпись: воинск. фамилия)

19

VI. Сведения об участии в Великой Отечественной войне и других войнах

(Указать с какого по какое время, в какой войне, в составе какой части, на какой должности, по какой специальности)

22. с июля 1941г. по май 1942г. В Великой Отеч. войне с Германией в составе: 435 стрел. полка - стрелок

11

23. Имеет ли ранения и контузии

В Белгор. Освободит. войне легко ранен в левую руку май 1942г.

24. Имеет ли правительственные награды и какие


Не имеет

18

7. 1942-жылы май Витевскини бошотуу үчүн болгон салгылашууда сол колунан оор жарадар болгон. (15-бет,).



8. Солдон оңго: казак досу Курман менен Арзыбаев Закир 1940-жыл, декабрь, Мурсанскиде.



9. "Жеңиштин 25 жылдыгына карта төш белгисинин күбөлүгү.



10. СССРдин Коргоо министри, Советтер Союзунун Маршалы А. Гречко кол койгон төш белгилер, 1970-жылы 25 жылдыгы, 1975-ж. 30 жылдыгы, 1980-ж.35 жылдыгы, 1985-ж. 40-жылдына карата берилген.



11. Арзыбаев Закир агай 27.03.1976-ж.

ры. Гапар Айтиев экөө далай жолу Закирдин айылына келип, Арзыбай ата, Батма эненин колунан чай ичишкени. Ага күбө катары Арзыбай атанын сүрөтүн жаш Гапар калем менен тарткан сүрөтү... 15-август 1930-жылдан баштап Жалал-Абад (кийин Ош облусу), облусунун Октябрь районунда башталгыч мектептерде иштей баштаган. Он жети жаштагы комузун койнуна катып алып ырга-күүгө шыктуу, сөзгө чечен Закир агай тиги "Камбаркандан", баштап "Тогуз кайрык", "Насыйкат", "Көйрөң күү", Ыбрайдын "Па-

равоз", ондогон кара күүлөрдү кол ойното черткен, элдик ырларды, кийин Атайдын "Күйдүм чок", "Ой, булбул" ырларын укулуктуу ырдап элдин жарпын жазган жигит, биринчи иш жолун алыскы Тогуз Тородо элдин сабатсыздыгын жоюдан баштаган",– деп, гезиттерде 9-майга карата чыгарган элем.

Тогуз-Тородой, далай тоо койнундагы айылдар, согуштан кийин Кызыл-Суу, Багыш, Кыргызстан, Чоң Орток, Кичи Орток, Кашка Терек, Кызыл-Пахтачы, Кыргызстан...

Айтор, октябрь 1939-жылы Советтик Армиянын кызматына чакырылып, Мурманскиге барганга чейин далай жаңы ак мектепти ачты, канча билимге умтулган карапайым элди окутту. Ал мезгилдин талабы, айткан жерге барып, зарыл болгон элдин көзүн ачуу милдети эле.

Ата Мекендик согуш баштала электе, 1939-жылы күзүндө Советтик Армиянын катарына чакырылып, алыскы Мурманск чегине барып, 505- аткычтар полкуна түшөт. Мурманскиде 12.12.1939-жылы 505-аткычтар полкунда "Мекеним үчүн кызмат кыламын" деп ант берди. Куйма кулак тарыхты, географияны, математиканы жакшы окуткан мугалим ал жерде солдаттарды да окутууга буйрук алат... Аскерлерге өзгөчө география сабагын окуткан.

1941-жылы согуш башталганда Мурманскиден Москвага чейин, андан Витебскиге да строй менен жөө барып, 435-аткычтар полкунда, шаарды бошотуу үчүн согушка кирген...

Улуу Ата Мекендик согуштун залдарына, жеңиштин 70 жылдыгын белгилөө алдында ар бир инсан артка карай бир кайрылып сарасеп салат эмеспи. Себеби, өткөн күндөр, элибиздин басып өткөн жолу, бул ар бир мекендешибиздин элге жасаган кызматы, өмүр жолу менен байланыштуу.

Кыргызстандык үч жүз алтымыш миң жоокер катышты, чоң өлкөнү коргоду, алар баары бүгүн баатырлар!

Каргашалуу согуш башталганда ошол Мурманскиден Москвага, Москвадан согуш жүрүп жаткан Беларусиянын Витевск областынын чыгыш тарабындагы токойлордо, Витевск шаарына чейин жоокерлер жөө жөнөгөндө, стройдо бара жатып кирпик ирмегендерин айтса ичибиз тызылдачуу. Ал мезгилде машина деген жаңы совет өкмөтүнүн аткарыла элек кыялы эле.

Согончогуна өтүктүн согончок жагынан чыккан бир мыктан буту чор болуп, изи өмүр бою мык болуп өсүп, аны дайым бизге көрсөтө шартылдап күлүп кесип таштачуу. Транспорттун жоктугу, ошол мезгилдеги жаңыдан гана курула баштаган совет өкмөтүнүн абалы, мекен дегенде төшүн окко тоскон, патриот, кырчындай болгон жаш уулдар, анан согушка киргендерин айтып калчу эле.

Каардуу согуш мезгилинде 1941-жылдын июль айынан 435 аткычтар полкунда болуп, Витевскиде, аны бошотуу үчүн улам чабуулга кирип турушкан, ошондой бир чабуулдан соң казак досу кайтпай калганын, чоң жоготуулар болуп турганын, ал эми немец аскерлери күнү келсе мотоцикл менен да камсыз болгондорун, – "Немецтер тишине чейин курал данган эле, бирок, бизде Мекен үчүн болгон патриоттук сезим өтө күчтүү болчу. Кайсы мезгилде болбосун чабуулга биздин жоокерлер кыйкырган бойдон кирип кетишчүү. Окоптордо муздун мизин кайтарып, кашаган суукту көтөрүп, кара нээт фашисттерди жан аябай согушуп, шаарга жеткизбей турдук. Ошондой атышуунун биринде мага да ок жаңылды",– дечүү атам кээде гана.

Жараатынан сол колунун кары жилигинде октун уусу кесип алынган тээринин орду, кадимки чоң кара көпөлөктөй тыртыгы бар эле. Кудум алакандай кара көпөлөк, кандуу согуштун өчпөс изи. "Полевой госпиталда" ал операцияны Валентина Ивановна деген врач жасап, мени сактап калган" – дечүү Закир агай.

Ал киши жеңиш темасын өтө жакындан таанып, чоң ата, тай аталар, чоң эне, тайэнелер синдирген маани Сөздөр, жашоо тууралуу аңгемелери менин чыгармачылыгыма терең изин салбай койгон жок. Ага төмөнкү ырлар мисал:

Карт жоокердин эскерүүсү ырынан үзүндүлөр

I.
Күйдү согуш – бир алаамат батыштан
тылда кайгы, тылда кара күйүктөр.
Фронт – кармаш тизе бою кечип кан,
Айдай өңүн келин тытты күйүттөн...
...Бар-жогуна кайыл болгон аял зат,
Оо, чиркин ай, ошондо бир чыйралды!
Жылуу кийим, чулгоо, байпак даярдап...
Үч бурч каттар ташып турду ырларды...

...Аял калды айыл бийлеп, эл бийлеп,
Аял шофер, аял малчы, пахтачы...

...Эне байкуш, балдарына, жетимге...
Белди байлап эркектердей күч берди.
Сүйүү менен кайрат берди жоокерге,
Жылуулугун мекенине бүт берди.
II.
Таңкы чабуул. Ажал учат болуп от,
Танка келет аңга-дөңгө карабай.
Туш тараптан тилге кирет пулемет,
Солдат жатат кыйылгандай карагай...

...Канча танка, өрттөй жанган жигиттер
Дарыядан өттүк.
Атуу бүтпөйт эч...
III.
Шашылабыз, үч бурч каттар жазабыз,
"Палан жерден, Амансыңбы, эл" – деген.
Ич тызылдайт орус, Коля, Равил –
татар жигит экөө келбейт.
Келбеген...

...Биздей алар кат жазышпайт айылга,
Кайрат ширеп кирбейт таңкы чабуулга...

Адам үчүн ыйык мекен, жер деген,
Мекен көрктүү адам менен эр менен.
Кандуу согуш бүткөн күнү бозорот –
тууган жери жаш жоокердин келбеген.
...Өттү күндөр бир-биринен азаптуу,
Бошотулду – Ленинград, көп жерим.
Биздин аткыч дивизия казатта
Өлүү-тирүү, жоктун билди өлчөмүн.

Келди Жеңиш! Ач жылаңач, өксүгөн
Эне жерге, Эне менен балага.
Келди Жеңиш! Түгөнгөндө көп бүлөң,
Мүрзөсү же аты калбай талаада...
("Купуя сезими" 1986, Фрунзе)

9-майдын ыры ырынан үзүндү

...Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгып,
Он жетиде, он сегизде жашчылык...
Канды кечип Мекен үчүн ок жуткан,
Эне сүтүн бүтө электе аш кылып.

Балалыктын оюнуна канбаган,
Кайран балдар!
Кайран гана баатырлар!
Бирин-бири чептей бекем кармаган,
Улуту эмес, Улуу Совет калкы бар.

"Артка кадам таштабаймын, Москва!"
Чуулдаган окту тосуп төш менен.
Эрендер ай, курман болуп жаттыңар,
Тартынчаак, – жаш, кыз бетинен өппөгөн.

Азыркыдай "Вольва" же жок "Мерседес",
Мурман чектен Берлинге че жөө баскан
Жоону жеңдиң, о кер мурут аталар,
Тишине че куралданган, жоолашкан.

Марттыгыңар 9-май болуп,
Кызгалдактар – түбөлүк от жанында.
Эстеликтер көз ирмебей бозоргон
Гүл жаштыгың келет жылда жазында...

(9-майдын ыры, 65-б. "Ыйык шаарым", 1999-ж.

"Дарексиз жээк" түрмөгүнөн ырлар;

3. Кайык деген ырдан үзүндү:

...Мемориал Мариямаги, түбөлүк от,
Ага барчу жолдо не так кайың бар?
Бирге жүргөн эстон кыз түшүндүрөт:
Жыйырма миллион кыз-аял
жеке – жылдар...

Эстеликтер тээ Мамай дөбөсүндө,
Эстелик Тукубайга айылында...
Даректүүлөр эстелик болуп келип,
Жубантты үй-бүлөсүн, зайыбын да...

Кыдырдым батыш, чыгыш шаарларын,
Ашхабад, Вильнюста дагы бир топ...
Брест же Дүйшөмбүдө сыяктанат,
Өксүбөс, боору бүтүн бир адам жок...

4. Жамгыр деген ырдан үзүндү:

...Москвада, Таллинде да окшоштук,
Бала, аял,
эстеликтер...
Баатыр шаар.
Бирдей жана кыз бойдон тул калганы,
Уч-кыйырсыз кең өлкөмдө жесир бар...
Жарым кылым нөшөрлөгөн бу ак жаан,
Жууп бүтө элек жер жүзүн бүт тазартып,
Курман болгон даректүү да,
дарексиз,

Жаштык символ!
Он сегизден өтпөйт түк!..

5. Жетилүү деген ырдан:

...Согуш деген бир алаамат башталды,
Кан майданга эр азамат аттанды.
Жаңы төрөп Мырзакенин аялы,
Алты күндүк Камчы менен жаш калды...

6. Почточу деген ырдан

...Кат күтүү ошол жылдын суусунундай,
Айылдын жашы менен карысына.
Почточу көрүнбөсө, көңүл тынбай,
(ал элдин кубанчы да, кайгысы да).

...Жаш балдар машак терип, араба айдап,
Жигиттин ордун басчу келди кезек...

...Жоокерди айыл түрө узатышып,
Окушкан бир кат келсе айыл бою...

же,

...ЧТЗ – чырагы жок түнү иштесек,
Келиндер керосинден лөпчүк жагып.
Сокурду жетелеген үмүткө окшош
Жер айдоо жарык баскан жакка барып...
А күндөр өттү ушундай ач-жылаңач,
Жокчулук, жайсыз кышта ынтымактуу.
Көбөйүп кара кагаз, үч бурч каттан,
Ортодо почточуну мукуратты.

Аталар ак сакалы бириндеген,
Көз нуру уулдар үчүн жашка айланып...
Батышта сөөгү калган эр жигиттер
Айылга кайтты эстелик – ташка айланып...

Далай жан үмүт үзбөй жакшылыктан,
Дагы эле жашап келет күтүп катты.
Мезгилде жарым кылым көкөй кескен,
Почточу –
Жеткире көр сүйүнч катты!

23–25-март 1990-ж. Таллин-Ош.
"Дарексиз жээк", 166–1970ж."Боз торгойдун ыры" Бишкек, 1993-ж.

Чоң энем жана мен

Батма чоң энеме

Эски барак, саргайган
жазуулары оңуп, боппоз.
Эски барак үч бүктөм,
Чоң энемдин сандыгында
Ыйык тумар сыяктанып
Сакталат ушу бүгүн.

Өтсө дагы эбак кырк жыл,
Кырк экинчи жылы келген
Баласынын куш кабары, –
"Амансыңбы, апа!" – делген –
Элим кандай, мен аманмын!.."

жана айтылбай калган көбү,
шашып жазган кан майданда
каты ушул Чот абамдын.
Согуш бүттү,
Өттү кырк жыл,
Абам дале он сегизде.
А чоң энем сандыгынан
Сүрөт, жегде жыттайт күндө.
Мезгил чачын ашак куудай
Тарайт лайнер шуулдагы.
Күндөр сансыз өттү бачым
согуш тагы жуулбады.
Бул чоң сандык өчкөн өңү
Кандуу согуш күбөсүндөй.
Сырдуу топчу, сырдуу кемсел,

бир ак жегде, таар шым, түгөй...
Сандык каткан сыйкырдуу жыт
бала жыты, энеге дем,
Биз бийикте жүрсөк дагы...
өксүү жашайт дене менен.
Чоң атасыз, таятасыз
Өсөт бүгүн неберелер.
Жараатынан айыга албай
Онтоп жатат бу Эне-Жер!

(191–192-беттер, "Купуя сезими" 1986, Фрунзе)

Чыгармачылыгымдын 50 жылдан ашуун мезгилинде, Улуу Ата мекендик согуштун зардалы, ага барып жеңип келген уулдар, кабарсыздар, кийин дареги табылгандар тууралуу, бул согуш темасы менин ырларымда кызыл сызыктай жазылып, жашап келди. Биздин чоң үй-бүлөдө жеңиш дайыма согуш сыяктуу кызыл сызык болуп жашап турчуу, кантип жазбай коесуң...

Ошондой эле замандашы Кызыл-Суулук Калбеков Сатар – 1912-жылы туулган, Ленин колхозунда бухгалтер, кийин колхоздун башкармасы болуп жүрүп, Кызыл-Суу айылынан 1941-жылы Жалал-Абад областынын Октябрский райондук аскер комиссариаты тарабынан армияга чакырылып, Калинин областынын Осташовский районундагы Поселе айылында кан майданда ок жаңылып, 1941-жылы 31-октябрда сөөгү ошол жерге коюлган. Жарадар болгондо жанында чогуу аскер кызматында жүргөн жоокер, жердеши Салимбек " Жарадар болгон жоокер Калбеков Старды бир нечебиз колдо замбилге салып он беш чакырым жерге көтөрүп барып, врачтардын колуна бердик. Бизге ыраазылык билдирип, Сатар колундагы саатын мага чечип берип, ушуну элге аман кайтсаң, уулума- Аскербекке берип койгун деп тапшырды, сыягы жараатынан айыгып кете албасын билген окшойт" – деп, Салимбек аксакал кечээ, көзү өтөөр алдында гана

Сатардын уулу Аскербекке айткан. Аскербек атасы советтик армиянын катарына чакырылганда энесинин курсагында калып, бир айдан кийин 6-июль 1941-жылы төрөлгөн. Анын уулу Аскербек Сатаров ата мээримине жетпей чоңойду, Фрунзеден айыл чарба институтун бүтүргөн соң, райондо далай жетекчилик кызматтарды аркалап, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер, персоналдык пенсионер, азыр да ардактуу ардагер, эл кызматында.

Арзыбаев Закирдин эки иниси кайткан жок, Анардын эки агасы кайтпай, байкуш Батма чоң эне, Арзыбай чоң ата, Тилла тайэне, Ысмайыл тайаталардын бир көзүндө миң жаш болоор эле. Шакир менен Чот авалардан бир туяк калбады, үйлөнгөнгө да улгүргөн эмес экен, Шамши тайаке да үйлөнө элек экен, ал эми Мырзаке тайакеден алты күндүк Камчыбек деген жалгыз уул калган. Мырзакенин неберелери чоң ата, тай атасыз чоңоюшту, мындайлар миндеп саналат эмеспи. Тылда эмгектенген аталар, энелер, келиндер, балдар – алардын кайратман эмгеги өзүнчө кеңири сөз кылууга арзыйт...Жылдын катаалдыгы, түйшүктүн күчтүгү, ачарчылык, койнунда бир наны бар адамды торойто чаап кетчүү жокчулук кендирди кескендиги тууралуу Тилла менен Батма байбиче көзүнө жаш алмайын айта алышчуу эмес. Биздин кулагыбызга куюп эле коюшкан, себеби ал кезде телевизор жок, китеп атамдарда эле бар. Эки байбичеинин жанында олтуруп, бири-бири менен асиреттешкен кезинде биз да оозубуз ачылып укканбыз.

Катар-катар байланган короодогу уйлар, нак сүткө жууруп жапкан ыссык нандар, камыр ачыганга чейин бизди курсагы ачып калбасын деп казанга кичине эки бетин катырып алып, очоктогу чокко калап, артына чыбык жөлөп коюп катырма бышырып беришет. Катырма нан (аны каламай да дешет, башка жерлерде) жейбиз. Отун деген чоң байлык, очокко отту жагып коюп, казанга сары майын салып, жупка бышырат, каймак сыйпап каттама бышырат. Чабаты бышырат, аны ыссык сүткө туурап же-

шет. Кыргыз үчүн бул тамактар күлазыктай тамак экен да. Чоң атам барпаңдан жасалчуу тамакка бүтүн союп илип койгон койдун этинен бузуп берет. Кийин атам да чоң атам сыяктанып койду бүтүн союп илип коюп бизге четинен кесип, тамакка иштетүүгө жиликтеп берчүү. Көзү өткөнчө ошол адатын таштаган жок. "Уядан эмне көрсөң учканда ошону аласың", "Аккан арыктан суу агат" деген эмеспи элибиз.

Ар кышта бээ союп, кырктан ашык чучук жасап, аны жыгач жашыктагы (ящик) унга салып коюп сактап, үйгө бир күндө үч жолу конок келсе, үч жолу тең үстүнө чучук менен эт басып, баягы кызыл маргоо гүрүчтөн аш дембеп, сары майбы, жаңактын майбы, зыгырдын майыбы чоң жыгач аш табакта чилкилдеп турат, ашты алганда тамак оозуна жеткенче май куюлуп агат. Ким биринчи палоо жегенди токтотсо, чокусуна этти коюп, чоң колу менен ашты бир өзгөчө чеберчилик менен алдырышат, эч ким ошол жарым кил ашты бир сугунбаш үчүн дасторконго кол аарчыбай, палоодон алып олтурушат "да жанагы чучуктун майы желкемен чыга түштү" дешет. Ал өтө күчтүү келди дегени окшойт.

Өзгөчө бир койду союп, апам экөө даяр кылып казанга салып коюшуп, Касымбек инимди жиберип көчөнүн башынан Маамыт аваны, Ташмат паңсатты, Маамат, Парпи, Өмөр, Ашир аваларды, кудай кошкон кошуна молдо Эргеш аваны бийбичелери менен кошо чакырып, чоң үйгө жай даярдашып, (байбичелер кичи үйдө олтурушат) дасторкон жайып, апам колунда барын жайнатып, жаңы союлган эттин сорпосун, куйрук боорун, анан кабыргаларды, анан устукандарын тартып, артынан апам баягы маргоо күрүчүнөн палоо демдеп, улууларга чай беришет эле. (кийин апамдын көзү өткөндө ошол аксакалдарын чакырмай адатын атам дайыма жасап жүрдү, жаштыгыма карабай, апамдын жасагандай дасторконун жасап, улууларга чай куюп берип, алардын батасын канча алдым). Улуулар төрдө олтуруп алып, көргөндөрүн, билгендерин куюлуштура айтып, илгеркиден аңгеме башталганда, санжыраларды, илгери кийин болгон эл ичиндеги чоң тарыхый иштерди ийне-жибине чейин, түсүнө чейин сүрөттөп айтаар эле. Өзгөчө Маамыт аванын аңгемелерин айт. Эске тутуму да күчтүү, өзү да сөөк-саактуу чоң, узун бойлуу баатыр мүчө болчу. Ал кишинин чай ташып жүрүп бир аңгемесин угуп калдым. Кечээ эле алтымышынчы жылдары ооруп калтыптыр, Тельман деген айыл боло турган, айыл үчүн ошол жерде бир немец доктур иштечүү кыргыз тилин судай билген, мен да барып көрүнгөнмүн. Маамыт ава ооруп калып, атын минип алып ошол доктурга көрүнгөнү барат: – "Аябай чыйрыгып оорудум, анан Бейбуртка барсам, бир көп, кагаздагы ар түрдүү даарыларды берди, үйгө келип ачсам, кичине-кичине ак тоголоктор, муну үч маал бирден ичсем качан жакшы болом, баарын бир эле ичип алайын деп, кагаздарынан чыгарып алаканыма салып туруп, Канбү суусун (байбичесин айтат) апкел деп, уучумдагы даарыны бүт ичип алдым. Анан көрө бересиң, аябай ысытмалап, чыкпаган жеримен тер чыгып таң атканча кыйналсам болобу, эртеси баш көтөрүп эле дагы Бейбуртка (аты немецче болсо керек аны айылдыктар Бейбурт деп алышкан да, өздөрүнө ыңгайлатып) бардым. – Бу сенин даарыларың мени аябай кыйнады го, башкасынан берчи десем, аларды кантип ичтиң дейт, мен бир уучтап эле ичип койгонумду айтсам, аябай жемелесе болобу. Бул сенин кымызың, же айраның беле, өлүп калсаң эмне болот, мен айткандай ченеп ичпейсиңби деп, башка даары бербей койду" – деп инилерин күлдүргөн эле. Парпи авам болсо бир ошондой чай берип олтурсак, эски кишилер да, дасторконго коюлган даамдын түрүнөн ооз тийиш керек, ырыскы дешет эмеспи, шоколад конфеттерди ооз тийип олтуруп, бир көпкө ээрибегенин да билбей оозуна салып алса, оңой менен ээрибей, оозунан алып коюп башка тамак жейин десе, ырыскысы: – "Закир бул кампүтүң эзилбегенинен, күлмалап эле бүтүн жутуп жибердим" – десе, жарыктык дешип башкалары күлүшөт.

Жарыктыктар пайгамбардай кишилер эле, ошол тамак үстүндө олтуруп, бери дегенде беш жүз жылдык кыргыздын тарыхын айтып чыгышчуу. Көрсө атам алардын ошондой аңгемелерин айттырып, чер жаза сырдашат тура. Алардын жашыраагы эле Арыкбаев Өмөр авам (ал да атамдай Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусу, бирок атамдан жаш), ал атамдын жанынан чыкчуу эмес, тээ ылдыйкы көчөдө жашаганда да, кийин чоң атам көзү өткөндө келип жашап калган ата жайыбызда да атамдын сырдашы, жолдошу, жакыны болуп ар дайым чогуу жүрүштү.

Атамдын көзү өткөндө мени да эч таштабай, кабарымды алып, кайсы маселе болсо ал киши менен акылдашып, маселеттешип, кичине ооруп калса артынан барып ал сурап жүрдүм. "Атаң өлсө, атаңды көргөн өлбөсүн" деген накыл сөз калетсиз, адамдын кадырын, нарк-насилди билгендери, жок дегенде ичкен тузга наашүкүрлүк кылбагандары ар дайым ыссык-суукта жөлөк болот экен, ичине кара тааруу айланбагандары баласынан кичине болсок да ичкен тузуна түкүрүп, биз менен атаң талаша берет экен...

Атамдын шарапаты менен ошол пайгамбардай адамдарга чай куюп, кызмат кылып, батасын алуу ырыскысы, аңгемелерин угуу бактысы мага буйруган экен. Алардын аңгемелерин укмак турсун, көбү алар тууралуу билбейт.

Чоң атам, Батма чоң энем, Үрүла эжемдер апам тандырга жапкан балпайган аппак буудай нанды ысык чай менен бешене тердете ичип олтуганда:

– "Ушул чоң коргондун сыртынан ат-төө минип өткөн адамдар ичин көрө алышчуу эмес, алардын калпагы бизге көрүнбөгөн бийик коргон эле. Айт-майрамдарда айыл боюжыйналып келип селкинчек салып тепкен тиги чоң бака теректей болгон даректар коргондо дүпүйүп өсүп турууучу, алма өрүктөр, алмуруттар айыл боюнча бүгүн деле эч кимдин эшигинде жок, аны даарылыкка да сурап келишет. Өрөөн боюнча канаттуулар ушул жерге келип дарактарга уя салышат, алар сайраганда кулактын кужурун алат. Ал кезде өзгөчө көңүлүң жарты согушка кеткен балдарды эстейбиз. Кабарсыздар андан көп, кат келбегени мындан көп, кара кагаздарчы, ар бир үй-бүлөдөн азы төрт, беш бала аскерге чакырылган, чакырылбаганы мен барам деп воен-коматка өздөрү барып кетишет. Согуш башталгандан эле элдин башына кыйынчылык түштү, бияктан баргандын баары эле биринчи катарда согуштубу. Айылда кара кагаз келгендер көбөйүп кеткен. Дан тартыш, ун-талкан жок, кыш да өчөшкөндөй катуу түшөт. Кийим-кече: колунда бары эптеп пахтадан, же жүн аралаштыра жип ийрип, таар токутуп, таардан шым, бөз көйнөк кийип,... кайран гана күндөр. Айылдагы балдар биздин короого баш багып – "эне балапан алып алалы" – десе ач балдарды да аяп, балапандардын убалынан коркуп айлам куруйт эле. Балдар бөз көйнөктөрүнө толтура коюндап кызыл эт балапандарды жемиш тергендей даректын башындагы уялардан терип түшүшчүү. Казандагы кара сууга салып эле кайнатып жеп, канча үй-бүлө ушул бактын балапандарынан жан сакташты. Азыр эл тоюнуп, нан тандап жеп калышты, элге кудай ынсап берсин" – дээр эле Батма чоң энем. Ошол кезде деле Малаев Токтомат агай айткандай көбү арпа талкандан ала, загара нан жеген (маканин тартылганы).

Согуш демекчи, Көк-Арт өрөөнүндө революцияга чейин ак паашанын аскери кырып, анан тап душманы делинип калкты бай-кедей деп кулакка тартып, бир муун калктын акылман, билерман, куйма кулак салт билген, тарых билген, нарк билген аталардан кийинки муун кол жууган. Керки тамгадан Көккөз бий, басыздын камандарынан Чыйбыл бий, Нүсүп бий, Абдылла бек, Маамыт, Арзыбай, Ташмат паңсат авалар кандай гана каркайган акылман баатырлар эле. Калганы, ата көрүп, кеп угуп, салт билип калган аталар Улуу Ата мекендик согушка аскерге кетишип, ар бир үйдөн үч-төрттөн уул кандуу согуштан кайтпай калган. Кыргыздын кыргыздыгын сактаган олуядай аталардын көбү кийинки муунга өз касиеттерин, башына туш

болгон турмуш-жагдайынын айынан, өткөрүп бере албай ааламдан өтүштү да, кайрандар.

Закир агай согуш жөнүндө биз минткенбиз деп мактана сөз кылган адамдарды да жактырчуу эмес. Атам мен эс тарткан кезде деле эң мыкты деген аттарды жүгөн, ээр, куюшканы кайыштан өрүлүп, өтө чебер оймо салынган күмүш чөгөрүлгөн жасалгалуу жабдыктары менен минип жүрчүү.

Ошол жасалгаларды чоң атам Арзыбай сыяктуу өз колу менен жасачуу. Колу усулдуу, ээрди, жаазысын жасаганы, чыгармачылык менен өргөн ар бир камчысынын өрүмү да башкача болоор эле. Аттын жүгөнүн кайыштан өрүп жасап, күмүш чөгөргөнүн, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл, үзөнгү жасаганын канча көрдүк. Ал гана турсун комузду жаңактан, өрүктөн өзү чаап чертчүү, жасаган жыгач аш табактары, кесе-аяктары, чөмүч-кашыктарынын кооздугун, өзгөчө кыпкызыл май сиңген түстөрү, сыртын өндөп койгону, ал идиштер ушул кезге дейре колубузда. Тээрини ийлеп иштеткени, тиккен кайыш өтүктөрү баасыз буюм эле. Кийин мамлекет оңолуп, бут кийим, идиш аяк көбөйдү, аны жасоо зарылдыгы калбай калды.

Акбозун минбесек да, Тору кашка жорголорун иним Касымбек экөөбүз да көп миндик. Тору кашка жоргосун минип алып, райондогу иштерин бүтүрүп, айылдагы кээ бир кыйналган энелерге, жетиле элек жигиттерге, балдарга жардам берчүү экен. Ошол согуштан келгенден кийин иштеп жүргөн күндөрдү эскерген энелер, агалар атам жөнүндө: алдынан чыгып учурашып калдым, боз жоргосун минип

Созоктон келаткан экен, балдарыңа керегин алып бер деп куржундун көзүнөн тутамдап акчаларды алып колума берди. Ал кезде ундун бир килосу 180–200 сом боло турган, оозубуз толо нан жеп, оңуп калдык... Маккамбай ака сыяктуулар – мени андан куткарды эле, тигиндей жардам берди эле деп, көзү өткөн күнү дүпүйө келип топурап аза күткөндөргө, өзгөчө бизди билсин деп айтып беришти. Согуштан кийин да улам өкмөт жөнөткөн мектептерге ба-



12. Кыргызстан мектеби, 1953-жыл, сентябрь, кителчен турган мугалим Закир Арзыбаев окуучулары менен, оңдон 1-катарда мандаш уруп олтурган уулу Касымбек, Момунов Бектур, Абдуллаев Орозбай, Токоев Торобек, Максүтов Кубат, экинчи катарда 1-турган кызы Тазагүл, 2-кыз Батырбекова Мейман, Эркебаева Сөйкө, Айтимбетова Савлат, Акматова Эрке, Орунбаева Салия деген окуучулары. (Биз дөндө үчүн чоң кыздарга тең болуп турабыз).

рып жетекчилик кылып, элдин аң-сезимин, билимин тереңдетүү үчүн агартуучулук ишин ак иштеп өттү. Алымкул Үсөнбаев, Ысмайыл Борончиев, Осмонкул Бөлөбалаев сыяктуу адамдар менен таң атыра сырдашчуу эле. Баары топтолгондо бизди үйдө чоң майрам болуп, атам Закир менен Мыскал Өмүркановa эже гана ырдап, күү чертип элдин жарпын жазчуу. Ушундай жупуну, эмгекчил, эр жүрөк адамдарды, кан кечкен касиеттүү аталарды канчалык эскерсек да жарашат. "Жеңиш Силердин жашыңар, өмүрүңөр, колу-бутуңар. Топурагыңар торко болсун,

аталар, мен бүгүн башымды ийип арбагыңарга таазим кылам! "Ач кадырын ток билбейт" дегендей согуштун азаптозогун силерче эч ким айта албайт, Жеңиштин баасын да силерче эч ким кадырлай албайт!

Алардын согуштабы, тылдабы жасаган эмгектери, эрдиктери ар дайым, өзгөчө бүгүнкү күндөрдө да ар бир инсанга үлгү, өрнөк болуу керек."("Касиеттүү атажуртум"84–88-б. 2013-ж. Т.Закирова, Бишкек) деп жаздым.

Согуштан жарадар болуп тылга кайткан соң Сузак НКБда иштеп жүрдү, далай азапка кириптер болгон айылдаштарын, таныштарын түрмөдөн, ачарчылыктан сактады. Тавандын апасы жалбарып айткандай, Закир атчан келе жатса алдынан чыгып кальптыр, кальң саламдашып, колундагы баласы менен араң жүргөн аялга куржундун көзүнөн бир ууч акчаны алып санабай этегине салыптыр, ошол акчага бир чексе ун алып, сууга чайып ичип жүрүп жазга чыгып алдык дечүү, байбиче, андай фактылар көп. Согуштан соң райис болуп иштеп жүргөн Мисиров Атамкулду жүгүн жүктөгөн шаты арабасынын жолун тосуп Абдыкаар, катуу зекип, "Сен колхозду жеп, эми көчүп кетип жатасыңбы"- деп жолдон өткөрбөй турган экен. Райондон келе жаткан Закир Атамкулдан эмне турасыңар? десе, Мисиров Атамкул ал жайды түшүндүрүптүр.

"Закир: – Эй, Абдыкаар- десе эле шарт жолду бошотту. Закир сүрдүү да, кара кылды как жарган калыс да, элге кадырлуу, адамга боорукер, март адам эле"- деп, көзү өткөнчө көп жолу Атамкул Мисиров эскерип жүрчүү, ал киши да атам менен апамдын чайын үйдөн көп ичишти, бапырап эле конок күтүп, дасторкон жайып, үйдөн киши үзүлчүү эмес. Канча бут кирсе ошончо кут кирет дегендей, дайыма казан толо эт кайнап, сокусунда шалысы акталып, күү челегинде сүтү бышылып, төгүн чачын турмуш кечирипти...

Достору республика боюнча өтө ар түрдүү кызматтарда

иштеген, атамдын досторунун ичинен панфиловчу Сайпидин Атабеков көп жыл "Эркин" колхозун башкарды, колхоздун экономикасын көтөрдү, Социалисттик Эмгектин баатыры болду, насип буйруп Сузакрайаткомдо бөлүм башчы кезимде мен да ал киши менен иштешип калдым, Кадыркулов Акмат, Карабай, Мисиров Атамкул, Абдыкерим, Маккамбай, Мырзабек Молдошев, Саткынбай, сыяктуу аяш аталарды, окуучулары Сакеев Кубатбек, Алиев Курсан, Акунов Жаасынды мен жакшырак билип калдым. Мурун атам бешенемде тура берчүүдөй, маани бербей, жазып албай, ал киши билгенине ыраазы болуп жүрө берген экенмин...

Жеңиш күнгө калкыбыз өлдүм-талдым дегенде араң жетишти.


Жеңиш деген сөз өтө ыйык, анын кадырын ошол күндөрдү башынан кечиргендер, жана алардан кийин мекенди калыбына келтирүүдө башын сайып кызмат кылгандар жакшы билишет.

Атам Кыргызстан (колхоздун аты) мектебинде иштейт, апам экөө улам ар бир сабакка кирип окутуп чыкканга чейин биз иним Касымбек экөөбүз Сакеев Кубатбек агайдың (ал атамдын колунда иштеп жаткан жаш мугалим, атамдын окуучуларынын эң мыктыларынын бири, аны үй-бүлөбүз менен жаныбыздай көрөбүз) сабагына кирип балдар коңгуроо чалганга чейин "окуп" олтурчуубуз. Бир сабагында тынчтанып олтурбагандан, мени доскага чыгарып алып, бор менен колумду кармап, бака теректин жалбырагын тарттырганы эсимен кетпейт (балдар менен кошо сабакка киргенге чейин бесек, аларга чыгышка коңгуроо чалганга чейин зээригип кетер элек, биздин окуу жаш курагыбыз келе элек экен). Окуучулар азыр ойлосом биринчи класстан төртүнчү класска чейин бир эле класста окушат экен, башка класстар деле жок. Дүйшө палвандын үйү болгон экен. Эки бөлмө, бир дализи бар бул акталган мектеп, асты дайым сыз болуп, шыпырганда эч качан чаң чыкчуу эмес дешет ошол кездин окуучулары. Асанов Аманбай – ОшМУну, кийин Жогорку партиялык мектепти бүтүп, мугалим, 19 жыл

мектепте директор, 27-жыл комсомолдук – партиялык кызматтарды аркалады, Момунов Жоробай- полтитехникалык институтту бүтүп, курулуш тармактарында жетекчилик кызматтарда иштеген, Эркебаев Калдарбай, Момунов Бектур – университеттин экономфагын бүтүп, көп жылдар Турмуш-тиричиликти тейлөө комбинатын жетектеп, жол курулуш, салык инспекцияларында жооптуу кызматтарды аткарды, Батырбекова Мейман мединститутту бүтүрүп, элдин саламаттыгын сактоо тармагында көп жыл башкы врач болуп иштеди, баары ардактуу эс алууда, балакыралуу. Мисалга бир эле кичинекей айылдагы, "Кыргызстан" мектебинин ошол бир жылдык бүтүрүүчүлөрүн келтирдим. "Мугалим мөмөлүү дарак" дегендей, биринчи "А" тамгасын таанытkан Закир агайдын 4-класска чейин сиңдирген билими текке кетпеген сыяктанат.

Кыргызстан мектебинин окуучусу Малаев Токтомат (13-апрель 1940-ж. туулган), 37 жыл географияны окутуп, мугалим болуп иштеди, 15 жылдан бери ардактуу эс алууда:

– "1949-жылы биринчи класста Арзыбаев Закир агай мага А тамгасынан баштап окуганга үйрөткөн. Бир күнү окууга барбай калсам агай үйгө келиптир, мен бая эле кормматты эмнеге окууга жиберген жоксуң? – деп сурады. куп турам, агай апам менен тең экен. – Шарапат, Токто-Апам, – "Окууга бар деп эле жатам, алып калган жокмун" – деди. Мен дароо агайдан коркуп, "Апа, барба деп жибербей койдуңуз го"-дедим. Апам менен агай экөө күлүп тим болушту. Да бир күнү, февраль болуп калган, көчөнү карасам (биздин үй жолдун боюнда эмеспи), атчандар өтсө чаң ызгып турат, китеп салган баштыгымды алган бойдон мектепке жылаң аяк чуркап бардым. Февралдын суугу али кайта элек. Сабакта бутум үшүсө да, партанын жыгачына коюп олтуруп окудум. Балдар же агайга айтпайт, Токтомат жылаң аяк келиптир деп. Сабак бүткөндө чыксам көчө ылай болуп ээрип калган экен. Бут кийим


Выписка из приказа №201
по Октябрьскому Районо от 8/VI-55
51.
В связи с окончанием учебного года, предоставить трудовой очередной отпуск учителю семилетней школы Кызыл-Пахтачы тов. Арзыбаеву З с 11/VI по 11/VIII-55г.
Зав. Роно. Т. Шамбетов.
Выписка верна
Секретарь Актур.

13. Жогорудагы Буйрукта №201, 8-июнь, 1955-ж. жети жылдык Кызыл-Пахтачы мектебинин мугалимине 1955-жыл 1-июндан 1-августка чейин окуу жылы аяктаганга байланыштуу кезектеги эмгек өргүү берилиши тууралуу, Жалал-Абад областынын, Октябрь районунун Эл Агартуу Бөлүмүнүн башчысы Шамбетов кол койгон буйруктун көчүрмөсү.

деле аталууларда болбосо, балдардын көбүндө жок эле. Агай бизди 4-класска чейин окуткан. Ыр сабагында табуретkада олтуруп китептеги ырларды, өтө мукам үн менен бизге ырдап үйрөтчүү. Мен онунчу классты бүткөндө Токмоктогу маданият техникумуна бекеринен окуган жокмун. Кийин география факультетин бүтүрдүм. Адамдардын турмушу 70-90-жылдары гана 20 жыл ичинде жакшы жашоо болуп, оңолду эле. Негизи элдин турмушу оор болгон",– дейт өз сөзүндө.

Мен жогоруда сөз кылып, аттарын учкай атап өткөн азаматтар кыргызга ат көтөргүс эмгек жасады, калгандары бүгүн да эмгек менен элдин назарында.

– "Тазагүлдүн атасы Арзыбаев Закир мугалим эле, мыкты ырдачуу, абдан сөзгө чечен, абдан макалчы, дастанчы болчу, ырга шыктуу киши эле, экөөбүз жолукканда алымсабак айтчуубуз, эл бизди тегеректеп калчуу." ("Курманбек баяны" даректүү фильм, 1996-ж. китеп "Ырыстын тагдыры" 100-бет.

2003-ж. Бишкек) деп мугалим болуп жүргөн кезинде экөө элге райондук билим берүү бөлүмүндө чогулуп калган кездерин эсмандашы, Калмак-Кырчындык Курманбекчи, кезинде ал да мугалим болуп иштеген, төкмө 84 жаштагы1913-жылы туулган Ади Өмүралиевдин эскергени. Ошондой эле маалыматтарды Кызыл-Суулук Керим аке Нукеев да айтат:

– "Бизге мугалим болуп барганда, Закирдин ак боз аты, ак туулуп-буденовкасы болоор эле. Ал кезде эл-эптегени таар, курмушу тон кийчүү. Сен төрөлгөндө (мени айтып жатат), бүт Кызыл-Суулуктарга чай берип, атынды койгон. Шартылдаган ачык мүнөз, кара кылды как жарган калыс, комузда күүлөрдү чертип, ырдагандары, эпосторду айткандары, сөзмөрдүгү, билимдүүлүгү жагынан, мырзалыгы, мартыгы элдин баарына жакчуу. Биз Закирди кожодой колдоочубуз, эл арасында өтө урмат-сыйы жогору болчу. Анар өтө жаш, кичи пейил, супсулуу, жапакеч келин эле" – деген сөзү даректүү кинотасмадан 1996-жыл, 16-сентябрь, Кызыл Пахтачы айылынтагы Нукеев Керим аксакалдын сүйлөгөнү алынды.(автордон)

– "Закир агай, сымбаттуу, узун бойлуу, сулуу, сүрдүү жигит эле. Кызыл-Суулуктар ал кишинин боорукерлигине, жасаган кызматы үчүн аябай урматташчуу, эл арасында кадыр барктуу болчу. Эгер атчан келип калса, чоң кичине дебей жүгүрүп атын алышчуу. Мектепке окуучулар ар кайсы алыс айылдардан келип окушчуу, күңгөй, тескейден келишет, кээси суу кечип өтүп келишет. Закир агай өзгөчө кыш мезгилинде балдарды тосуп алып, сабак бүткөндөн кийин кайра атка учкаштырып, суудан

өткөрүп үйлөрүнө жеткирип коер эле. Колунда барын да Анар эжеке экөөлөп балдардан аябай бөлүштүрүп беришчүү. Ошол кыйынчылык заманда чындыгында билимин аябай, чоң адамгерчилик менен элге ак кызмат өтөшкөн",– дейт Аскербек Сатаров, Кызыл-Суулук, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер, персоналдык пенсионер, өз эмгеги менен өсүп-өндү. Көп жылдар бою колхоздун башкармасы, райондук айыл чарба башкармалыгында начальник, Сузак районунун акиминин орун басары сыяктуу жооптуу кызматтарды аркалаган. Согуш жүрүп жаткан кезде төрөлгөн балдардын экөөнүн биринин аты Аскербай, Аскербек деп коюлган. Ал киши да согуш жылдардын баласы. Жогоруда атасы Советтик Армиянын катарына чакырылгандан бир ай өткөндө төрөлгөн, атанын жытын да жыттабаган, атасы бала жытын жыттабагандар. Жогорудагылар сыяктуу Арзыбаев Закир агай туурапуу айтчуу кишилер көп экен.

Кийин мектептерде Октябрь району болуп турган кезде кайсы жерде билим берүү керек болсо, ошол жерлерде үй-бүлөсү менен ат-көлүкчөн көчүп-конуп иштеп, элге кызмат кылды. Райкомдун катчылары мектептин башчысы (зав.школы- дешкен экен буйруктарда) менен маакулдашышат, анткени алар билимдүү, кеңешишет, пикири менен эсептешишет. Билимдүү адамдар, мугалимдер барктуу эле.

1952–53-жылдары Кичи Ортокко мектеп ачканы көчүп барышты. Тоонун күңгөй-тескейин жаңак, алма токою каптаган. Тоолуктар тоонун боорун чукуп кирип жашашат экен, бизге бир ошондой жер төлөнү бошотуп бериштиМектеби да, окуучулары да эсте жок, тынымсыз жааган жамгыр, кар, бир окуя эсимде калган. Атамдын алдына төрт-беш аксакал кишилер келди:

–Закир, жүрү, тиги Төлөк жайчы менен сүйлөшөлү, сени угат. Анын ун-талканы түгөнгөн окшойт, кара ташын суурга салып, жаан жаадырып олтуруп алды. Элден кичине болсо да ун-талкан жыйнап койдук, – дешти.

Мен болсо апамды тажатып сурайм: – Апа ал киши да шекер кошкон талканды жакшы көрөбү? Эмнеге кара ташты сууга салат? Кара таштан жамгыр жаайбы? – апамдынын мазасен алып, толгон токой суроо берип, эптеп өз түшүнүгүмдө жанагы ширин талкан жеген Төлөк аттуу киши мени өтө кызыктырган. Көрсө, Төлөк жайчы азыкоокаты түгөнгөндө, элден ушинтип жайчылык кылып, жаан-чачындан жүдөгөндөр ун-талкан жыйнап берсе, ооката өткөрчүү окшойт. Жайчылык өнөр кыргыздарда тээ алмустактан бери бар, белгилүү чыгыш изилдөөчү Бартольд: ат-көлүкчөн кемпир-чал, бала-чаканы тоонун чокусуна чыгарып коюп, кирип келген кумурскадай көп калмактарга, башка душмандарга, кар жаадырып, жүдөтүп, ошол айылдын кылыч кармаган кырктай жигиттери эле жан аябай кармашып, жеринен кууп чыгып турганы тууралуу жазгандай, ал гана эмес"Манас", "Эр Табылды" сыяктуу эпостордо да кеңири баяндар бар эмеспи, Табылдынын досу Элдияр калмактар тарапка боорон жүргүзүп, кар жаадырып, Чалкалмактын кошунун, кийин айылын жүдөткөн. Жайчылык кыргыздардын ата-бубасынан калган өзгөчө касиеттүү өнөрү. Улуу кыргызымдай акылман, олуяларга бу кең ааламда теңи жок. Айын, күнүн, жылдыздарын, тогоолдорун так эсептеп, терең акылы менен кең ааламга саресеп салып, ар бир сыдырым желдин жүрүшүн жүрөгү менен туюп жашаган жердеги пайгамбарлар касиеттүү кыргыздар экен да.

Атамдарды мурда кеңири окуткан окшойт. Мисалы, Кураны-Керимдин 114 сүрөсүн жакшы билчүү, алардын маани-маңызын да чечмелеп, жанагы аксакалдар менен чай ичип олтурганда маселе куруп берчүү. Молдокелерден, мобу аят эмне үчүн мындай айтылган деп сурап, алардын диндик билиминин канчалык терендигин байкап коер эле. Анткен менен жайчылык кыргыз элинин өзгөчө касиети катары каралаарын айта жүрдү. Динди эл арасында туура түшүндүрүү жагынан да өз билимин, жөндөмүн аяган жок. Билип-билбей баш ийкеп ээрчигендерге тез эле

так маалыматтар менен мисалдар келтирчүү. Азыркыдай токсон түрдүү диндик баш аламандык жок эле. Элдин көкүрөгү, нээти таза, ыймандуу, кең пейил жашоосу, эмгектенгени менен атамдын урматына татыктуу болчуу. Алардын көбү партиялык белети жок ак жүрөк, таза адамдар экен.

Мисалы "Арашандан алты ыр" түрмөгүнөн үзүндүлөр:

4. Чөп чабык ырынан үзүндү

...Бел курчоодон өскөн чөп
кызгалдактуу

Курч чалгыда
билектүү жигит чабат.
Сулап катар
артында бир сол калды.
Чөп жыттанган дөңсөөдө
чалгы шарт-шурт.

жаштыкты эске салат
Кайрактын чалгы мизин курчутканы.
Улам артта бир сол сулап кызгалдактуу
соолумакта, уругу бышып жетпей...
Жигиттин
буртуйуп булчундары
чалгысын шилтейт, шилтейт...
Ала булут ылайыктуу, чөп чабыкка
Аргабы сызгырылтпай...
...Көк жыттанат. Тушалган кош аягы
дөңсөөдө бир ат оттойт.
Чалгы шарт-шурт. Улам артта
бир сол сулап кызгалдактуу...
Майданда сулагандай боз уландар
кан жошолоп... согуш жылдар,

жатышат гунчасы да ачыла элек
кызгалдактай.
Бозоргон чөп үймөктөр – бейитиндей
Аталардын!
Эбаккы сөөгү сөпөт болуп бүткөн.
...Кайрак, чалгы
бири бүлөп, бир курчуп,
курчуйт шарт-шурт, орот шарт-шурт.
Жигитке буртуйган булчуңдары
кенедей кара бала жарма ташыйт,
Кызгалдак жыт.

5. Эсиндеби, ыйык жерим

...Чөп орулган аңызда басып жүрдүм,
Издеп кызгылт издерин балалыктын.
Бутумду чөңөр тилген,
ыйлаганым.
Түрлүү түмөн көпөлөктөр.
Бар эле го!
Апам назик
кызыл шайы көйнөк кийген...
окшош болчу, гүлдөрүнө бул өрөөндүн.
Атам өртөй
шартылган жан эле го?!
Эсиндеби, ыйык жерим?!
Эсиндеби?!
"Ооба, андайлар өмүрү аз, келип кетет
коюнуман коюнума..." Жер күңгүрөйт.
– Аның ырас, бейиттерге гүл өсүптүр?..
сурайм кайра.
Ал унчукпайт.
...Бейитте гүл
жаңы ачылган, үлбүрөгөн.

жаш эне азыр гана көз жаргандай.
Балким, абдан кубангандыр жер
кыртышы?!
Кеч күздө кыздуу болгон
ата-энем сыяктанып...
Кубандыңбы?!
ал күндү эстеп...
Өкүндүңбү!.. жер кыртышы,
мендей кызы ар жыл сайын
Апкелбесе бир гүл дестe...

Дөмпөйгөн бейиттер тынч,
гүл сеңселет,
чөп орулган аңызда
күзгү суук бир жел келет.
Ыйык жерим, киндик кан сага тамган...
жөрмөлөп...
жеп көрүп кесегинди, жемишинди,
жыгылсам сен көтөрүп,
боор тарттым.
Рахмат эркелете жүргөнүңө,
рахмат гүлдөрүңө бейиттеги

6. Ж а а н

иним Касымбекке

Жамгыр келди тегиз ороп телегейди,
ырын ырдап "шыбырт-дыбырт"...
...Ушинтип, кээде жаан жаачы эле го,
Кичи Ортокто көз ачырбай, бир жумадай.
– "Төлөк Жайчы

кара ташын сууга салып туруп алды,
Тапканыңар, ун же талкан бир кеседен...
баралычы, сураналы...
Мектебиң туруп турар.
Закир сен башта элди..."
Атама аксакалдын айтканы эсте
көпчүлүк менен келип.
Ойлоп калгам: "ал да биздей
шекер кошкон талкан жейби?
Кичине окшойт?.."
Апамдан сурай бергем...
"Ташты эмне сууга салат?
Талканы калбаптырбы?..."...

Жүдөшкөн отуну суу тоолуктарым,
ылайчылык, үйлөр көбү жер төлө эле...
Төлөк Жайчы жамгырды токтоттубу
"кара ташын суудан алып" эсимде жок.
Анан көчтүк бир чоң айыл
Чоң Ортоктун тескейине.
Жайлоо дешти.
Жемиштүү токой экен.
Чоң жаңактын түбүнө чөп алачык –
курду апам-атам экөө,
жапжашыл, чөп жыттанган.
Балалыгым кызгылтым түс – кино сымал
эске түшөт.
Сыртта жаан "шыбырт-дыбырт..."
...Атыр эже, чопо чоорду эстей берем,
жаан жааса жарга чуркап тең жарыша
чоңубузга кичинебиз,
шөлбүрөп суу чопо апекелип,
(эмнегедир жааында гана)

Чоор жасап берчүү эже. Чоң кубаныч!
Апалар баарыбызды бирдей баккан,
бирдей көрүп.
Таруунун мычыкмасын чогуу жеген
иним менен бир топ бала,

баары, баары ойдо жүрөт.
Эки ташты жипке байлап,
тике тизип камыштарды
кыша соккон улууларга көзүм күйчүү..
чоңое албай,
Чоңдор билген жумуштар кызыктырып...
Далай кар басса дагы,
жамгырлар жууган сайын өңү ачылып,
Балалыгым жүрүптүр.
Арашанга ээрчий келген.
...Жайчысы жок,
Бул ай жаанчыл туулду.
Жаанчы?!
Телегейди тегиз эзип, жети кабат
жер да чылгый... "Шыбырт-дыбырт..."
Жүрөк да чылгый болду.
Болгондур эми!!!
Басыл! Эзбе ойду!

"Арашандан аты ыр" 21–26-б. 1982-ж. "Боз торгойдун ыры" ырлар жыйнагы – 1993-ж.

Кыштын бир мезгилинде (сыяга баягы жер төлөдө ата-энемдер кыйналышкан көрүнөт, 28-февраль 1954-ж. иним Түгөлбай да төрөлдү эле) Чоң Ортокко, тоону ашып, сууну кечип, экинчи тоонун күнгөйүндө эки үй, бир дализи бар үйгө көчүп бардык. Мага бир аттын үстүнө көрпө-төшөктү салып, миндирип коюшкан. Тоону ашканда ат улам колотко түшүп бараткан жолдо бутта-

ры сыйгаланып, карга көчүгү менен олтуруп калды, мен кыжым, атлас көрпө- төшөктөргө кошо жылмышып аттан түшүп калдым. Атам кайрылып келгенче, мени таштап кетти го деп коркконум эсимден кетпейт. Алар күлүп жүрүп кайра атка мингизип алып кетишкен.

Барган үйүбүз, атамдын досу Карабай деген мергенчи аяш атабыздын үйү, ал аңчылык кылат экен, бүркүткө этти ак жем кылып сууга чылап, тарап берип, көзүнөн томогосун албай таптап, табына келгенде ууга чыгат. Бүркүттү үйдүн ортосундагы түркүккө байлап коет, биз ал үйгө кире албайбыз, кирели десек апалар чырылдап киргизбейт. Көрсө тиги бүркүт жетсе чеңгели менен жөн эле апчып алат экен, Акжолдун бутун тырмактары менен тытып кетти, балдарды карабайсыңарбы деп, Карабай аяш ата сүйлөнүп жүрдү. Акжол деген бир уулу бар, Мисират аяш энем болсо тааруу кууруп, сүткө көптүрүп же талканды каймакка мычыкмай жасап берет. Атам сыягы мектепке ошол тоону ашып барып иштеп келип жүрдү окшойт. Апам Түгөлбайды төрөп калып, ишине барбай калды. Жаз да келди, иним Касымбек экөөбүз жергиликтүү балдар менен жамгыр жааганда жарга жүгүрүп барып, биз да алар алган кызыл чоподон алып келебиз.

Атир деген сулуу эже бар (ошол кезде 11–12-жашта болсо керек), ал чоподон чоор жасап берет, мындан өткөн укмуш оюнчук жок.

Жайлоого көчөбүз деп эле сайды кечип, мандайдагы тоонун тескейине көчүп бардык, бир укмуш токой, чоңчоң жаңактар, алмалар. Атам менен апам чөптөн биз жашаганга алачык жасашты, чөп жыттанып, туш тарабыңан куштардын сайраганы, кызыл ыштан тоңкулдактын даректын боорун тешкени... айтор биз билбеген эле укмуш жашоо. Балдар-кыздар биз кичине болгондуктан иним Касымбек экөөбүздү жакшы көрүп, эч калтырбай ээрчитип алышат. Элдин балдарын туурап экөөбүз кичинекей

таар баштыкчаларыбызга, балдар күүгөн алмалардын кызыл-кызылынан тандап жеп, беш-алтоону апама тере келебиз. Аялдар камышты тике тизип коюп, жип байлаган таштарын бир ары бетке, бир бери бетке өткөрүп, камыштан кыша согушат, биз деле ошентели десек, боюбуз жетпейт. Ичке камыштардан чий да согушат. Айтор жайлоодо эч бир бош жүргөн адам болбойт. Жаз жарыш, күз күрөш деп коюп, тиричиликке керектүү кем-карчысын ушул убактарда бүтүрүп алууга аракеттенет.

Жаңактын коңулундагы аарынын уясына түтүн түтөтүп, аарыларды качырып, балын алышат, улам күнгөйгө барып жазында экөкен нокотту чаап, отоп келишет. Жаңак сүттөп калганда колдор капкара болсо да кабыгын чагып, ичинен сүттүү жаңактын кабыгын аарчып, аппак табакка салып жейбиз. Улуулар бээ союп, даңгана кылып жешет, апалар кийиз ийлешет, таар согушат...Таардан жибин ичке ийрип, согуп, анан чепкен, шым тигип беришет. Таарды бардык тиричилигине иштетишет, кап согушат, шалча кылып үйгө салышат, жүндөн таар согуп, четине кыйма коюп ат жабуу тигип беришет. Аларды түрдүү, ошол жасаган ишине жараша жарай турган түстөргө ийриген жиптерин биринчи казанга салып кайнатып боек боешот, аны кашаалардын башына илим коюп кургатышат. Кайрадан тоголоктоп, келептеп (бир калап-бир тоголок деген сөз – калап дегенде а-ны ичкерте айтышат) жип түрүлөт анан ар жерге тегерете казык кагып алып, жипти жүгүртөт, таардын жолокторуна ылайык ар түрдүү түс жүгүртүлөт. Анан таардын сүрөттөрү (бизче айтканда) кажары, же терме, же жөнөкөй тегиз кылып согулат. Кажары көчөт, терме кылып соккон таарды чөлдүктөр үйгө килемдин ордуна тагышкан, боз үйү барлар – боз үйдү ошо менен жасалгалашат. Коюбарлар жазгы жана күзгү кыркылган жүндөрүн жыйнап жүрүп, тазалап, тытып, сабап, ар түрдүү түскө боеп кийиз кылышат. Күздүк жүн болбосо, жаздык жүн кирбейт. Кийиз болбойт, койдун ак жүнүнөн калпакка да кийиз кылышат, шырдамал-

га да кийиз, кементайга да кийиз, ээрдин жазысына да кийиз, койдун же башка малдын териси иштетилбей калбайт, эчкинин териси тонго жарабайт, суук болот, талпак кылышат, ашатылгандан кийин жакшы ийленип, анан өргөнгө, каптаганга, тиккенге көккө иштетилет. Айтор кыргыз малы анын жанынын аралжысы, жайлоодо ушул иштердин баарын жасай беришет. Байбиче-келиндердин бир бош калганын көрбөйбүз.

Согуштан кийинки жылдары Созокто иштеп жүрүп Кызыл-Сууга (Кызыл-Сууга Созоктон, Жалалабад, Кызыл-Пахтачы, Октябрь, Жерге-Тал, Кашка-Терек, Таран-Базар, Калмак-Кырчын, Капсогор, Кызыл Суу ашуусу, Ак Эшек жердин түбү, конуп жүрүп жетишет, азыркыдай отурукташкан тыгыз айылдар жок, ээн тоолор, ашуулар, жайыттар анан Калмак-Ашуудан Тогуз-Торого өтүп кетет) элдин сабатсыздыгын жою үчүн мектеп ачууга жиберишет. Алыс жолго ат-көлүкчөн барышып апам экөө балдарды окута башташат.

Согуш мезгил канчалык кыйынчылыктарды туудуруп турса да совет өкмөтү билим берүүнү биринчи планга койгон, элди агартуу ишин токтотпогон. Жалалабаттан тездетилген жети айлык мугалимдикти согуш жүрүп жаткан кезде 1942-жылы окуп бүткөн Анар (бул жогорку билимге барабар), химия-биологиядан сабак берген. Согуштан кийинки жылдар эл биротоло тукулжурап турган, мугалимдерге кир самын, кесек-кесек чоң ак кант, чай ж.б карточка менен беришчүү. Ошол кантын, самынын, айылдан алып барган тамак ашын тең бөлүшүп Кызыл-Суулктар менен мамыр-жумур дос болуп, бир туугандай иштеп келишкен.

Анардын айткандарынан.

Кызыл-Сууда иштеп жүргөн кезин Анардын (Анар Исмайыл кызы 1920-жылы туулган) айтканы.

"Атаң экөөбүз 1947-жылы Кызыл-Сууга барганда мектепти Кадыркулов Акматтын бир үйүнө ачтык. Окуучулар улуу-кичүү Кызыл-Суулуктар. Мектептин отун жакчуу Байсак деген киши болоор эле. Сен окуу башталганда Кызыл-Сууда төрөлдүң. Бир күнү сени эмизгени класстан чыккам, бир тоо отун, болгондо да карам-карам (тоодой, тоодой) болгон чычырканакты көтөрүп келди. Аны көтөргөн киши отунду жерге таштаганда карасам, далысы кызыл ала эле кан, жүрөгүм түшүп калды. Аяганымдан эмне кылаарды билбей, үйгө кирип атаңдын бир гимнастерка көйнөгүн алып чыгып: – Аке, муну кийип алыңызчы- деп колуна бердим. Байсак аке, мага рахматын көп айтып, батасын берип кеткен. Кийин да бир күнү ошол карам-карам болгон чычырканакты дагы көтөрүп келди. Отунду жерге таштаганда эле, баягы далысы кызыл ала кан, айлам куруган жаным, жанына барып: – Аке, баягы көйнөктү кийип алсаңыз болчу экен? – деп сурадым. Анда Байсак акенин айтканы эмдигиче эсимден кетпейт.

– Балам, бул көйнөк бирөө, а далымдын тытылган териси айыгып калат, жалгыз көйнөк тытылып калса кийин эмнени кийем – десе болобу.

Ушул сүйлөшүүдөн көпкө таасирленип жүрдүм. Биз барчылыктан, жокчулуктун кадырын билбей жашаган экенбиз. Ошол замандын оорчулугу тууралуу бир так маалымат ушу. Адамдын да, эмгектин да, буюмдун да кадырын жакшы билип, ал кездин адамдары бирин-бири терең урматтап, барктап жашашчуу, бир тиштем нанды бөлүп жеп, бир кесе жарманы бөлүп ичишчү. Ошонун артынан үйгө береке кирет дечүү Тилла апам менен Батма кайынэнем. Бейиши болгурлар бир кереметтүү байбиче-лер эле. Биз атаң менен согуштан кийин баш коштук.

Мен жаңы келин болуп келгенде, аталарыбыз бакубат иштеп, эл арасында кадыр барктуу, бакубат жашаган адамдар эле. Экөө аттарын минип алып, далай аш-тойго, далай конокко бир-

ге барышты, бир-бирин мурдатан билип, катташып жашаган кишилер экен. Атам Ысмайыл уулдары Шамши менен Мырзаке уруштан кайпай, кара кагаз келгендигине ичинен күйүп жүрүп бул жашоодон эрте кетти. Мырзакеден алты күндүк жалгыз уул Камчыбек калды... Согуш кимдин гана кендирин кескен жок... Эл алтымышынчы-жетимишинчи жылдарда араң ирдене баштады.

Кайын атам барпандаган, кең пейил, колу ачык, олуядай март, баатыр адам эле. Бир күнү тоодон түнү бир маалда келип жеттик, энем дароо эле тамактын камын көрүп калды, мен ородон шалыны чыгарып, сокуга актап, бияктан казанга зыгыр майдан (ал кезде сары май, жаңактын же зыгырдын майын гана иштетчүүбүз, ал өтө барчылыктын белгиси эле, себеби, биздин кээ бир кошуналар сарымсакты кайнатып ичип, көк шишик болуп кетишчүү, мен үйүнүн түшунан сарымсактын сасык жытынан өтө албайт элем) куюп, этти кууруп, суу куйдум, ал кайнап бышканча гүрүчтү тазалап, жылуу сууга жууп, уютуп койдум. Маргоо деген кызыл "төөнүн тишиндей" (атамдын айтканы) гүрүч боло турган. Биздикилер жалаң ошондой гүрүчтөн палоо жешчүү.

Чоң атаң постектин үстүндө олтурган. Бизге апамдар кой-эчкинин тээрисинен, жумшак ийлеп туруп, постек жасап, аны ак-кара жээктеп, тээринин түсүнө жараша көлдөлөң көрпөчө кылып беришкен. Ал ыссык, жана жерден сыз өткөрбөйт. Кайын атам жаңкалары кара козунун барасинан коюлган, он эки койдун терисинен тон кийчүү. Атаңа да энем ошондой он эки койдун терисинен тон тиктирип берген. Тонду кийип турган эле, сени тонго ороп көтөрө коюптур, чоң атаң сүйлөнүп калды, карасак, атаңдын тонунун жеңинен жылмышып жерге түшүп калыпсың. Бул энем тиктирип берген тон Кызыл-Суудан Созокко райОНОго барганда, эки метр кардын ичине кирип уктап, кардын ичи жылуу болот дечүү атаң, анан кайра ошол узун жолду кыскартып,

жетекчилер тапшырган жумушун бүтөрүп, мектепке тиешелүү иштерди чечип келгени жол жүргөндө кайын атам айткандай "жанынын орузу" (жыргалы) эле. Ар кандай бороон-чапкындан сактачуу. Жолго өтө жакшы тон. Өзү аппак жакалуу буденовка деген тон кийчүү, командирдей болуп. Ошондуктан тиги тонду эптей албай калыптыр да. Биз энем экөөбүз күлөлү деп күлө албайбыз, атам уулун – "Эй эби жок, баланы келе бери, кармаганды да билбейсиң",– деп, колунан алды. Сен анда бармактай чүргөктөгү бала элең. Көзү өткөнчө сага жалынып-жалбарып, – "Эне кызым, элдин кызы болот, ак жолтой болот, жараткан бак берсин кызыма, бактылуу кыз болот. Бир Кудай берген кыз да кызың, Анар! Баягүнү катуу ооруп жатканымда быйтыйган колу менен мага суу апкелип бербедиби, бул боорукер, адамгерчиликтүү" – деп улам батасын берчүү. Мен да ичимден атамдын тилеги кабыл болсун деп тилейт элем. Тилегим кабыл болсо экен. Чоң атаң гана эмес, атаң да сага үйрүлүп, чоң мээрим менен бакты, сага чоң үмүт жүктөдү, уулдары бир тең, сен бир тең болдуң" – дечүү.

Анар эжеке, кыздардан биринчи интелигент, этек толо балдарын бакты, элге кабагым-кашым дебей күлүп жайнап кызмат кылчуу. Аксакалдар, байбичелер улам алкап, Анар, Закир экөөнө бата беришкенин канча көрдүк.

* * *

Жайында чөлгө, Кызыл-Пахтачыга көчүп келдик, мектепте иштеп Кыргызстанда туруп калышты.

Кыргызстан демекчи, ушул Кыргызстан айылында мектепте мугалим болуп иштеген жылдары Тинатин туулган 1952-жыл.

Тинатинди да Алыкул Осмоновдун котормосу боюнча "Жолборс тээрисин кийген баатыр" аттуу грузин элинин акыны Шота Руставелинин сүйүү тууралуу эң мыкты поэмасын окуп, элге ал тууралуу тынымсыз айтып беришип,

керек жерде топтолуп олтурушса, элге кыраатын келтире көркөм окуп , адабияттын мыкты үлгүсү менен калктын калың катмарын таанытып турганы, адамдын өтө кең көкүрөк, мекенчил пропагандист адам экендигинин белгиси. Бүлөсүндө кыз төрөлсө атын Тинатин коюшту. Алыкул Осмоновду да элге кеңири таанытууда Закир агай менен Анар эжекенин эмгеги чоң. 1954-жылы Түгөлбай төрөлгөн. Белгилүү жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков мамлекеттик сыйлык алып, элге алымдуу болуп турган. Чыгармалары колдон колго өтүп окулуп, атамдар уул төрөлгөндө уулун ошонун атына коюшкан. Мен агартуучулар катары бул эки инсанды эстесем эле "Эр Табылды" эпосун укмуштай кырааты менен элге көркөм окуп берип олтурган Закирди элестетем. Эр Табылдынын Карлыгач карындашына күкүк аркылуу айткан саламын эл ыйлабай уга алышчуу эмес.

Бул залкар адамдар ушинтип көрөгөчтүк менен элдин көкүрөгүн жарытып, агартуучулук, билим берүүчүлүк кызматтарын ак дили менен, жан дили менен аткарышкан.

Өзгөчө "Кыргызстан" мектебинде иштеп жүргөн кездеринде үйгө келген, таң атканча ырдап-чордоп олтуруп кетчүү кыргыз элинин искусствосунун чыгаан уулдарыкыздары Ысмайыл Боронchиев, Осмонкул Бөлөбалаев, Молдобасан, Алымкул Үсөнбаев, Мыскал Өмүркановалар эстен чыккыс мүнөттөрдү тартуулаган. Таңды-таң атканча Мыскал Өмүрканованы жана Закирди Атайдын "Ой булулун", "Күйдүм чогун" ырдатып чер жазып олтурган кездери. Мыскал эженин шаңшыган үнү, Закирдин "Камбаркан" баштаган чоң залкар күүлөрдү мага комуздун кулагын тиштетип коюп, кол ойното таңшытып черткендери, аскияны катыра айткандары. Өтө көп кырдуу таланты менен үйгө келген сыйлуу конокторунун жарпын жазып, элге жагымдуу, сый-урматтуу жашаганын айтпай кое

албаймын. Көк-Арттан Жалалабадка каттаган катар-катар тизилген, жүк ташыган төөлөр, биздин Койсарыда (кийин аерге пахта эгишчүү болгон) жайылып жүргөн болуу төөлөр, ак тайлактар, бул маалыматтар азыркы транспорттун түрү өнүгүп турган кезде жомок сыяктуу сезилет.

Комуз демекчи, комузду бизге кулагын тиштетип коюп чертип олтуруп уктатып, кайра комуздун күүсү таңшып, атам чертип олтурганда ойгонсок, таң аткан болот. Атам комуз күүсү менен уктатып, комуз күүсү менен бизди ойготкон күндөр не деген керемет, не деген чексиз бакыт экен. Отуз жылдан ашуун мугалимдик жана башка жооптуу кызматтарда иштеп, ардактуу эс алуу кезинде да иштеп бешене тери менен бизди багып өстүрдү.

Ысмайыл таятам Анар менен Чынар экөөнү Жалал-Абадка мугалимдикке окутту. Кесиби химик-биолог. Кыздарын күйөөгө берди. Небөрелерди көрүп көп узабай аалам салыптыр. Тилла тайэнем кирпигине кир жугузбай үй картмап, кыздарына Камчыбекти айранга ичине күү челекте бышкан сары майды томолоктоп салып, кабар алганга жиберет (күү челекте бышылган сызгырылбаган сары майды айранга салып койсо ээрибейт), уйдун жампасын да күрөккө тосуп алып, жерге түшүрбөй, коргонго жаптырып, короосу таптаза турат эле дешет авсындары.

Раматылык тайэнемдер Ворошилов (мурунку Качкынчы айылы, кийин колхозго коюлган аты менен Ворошилов болуп аталып калды) айлында турушчуу, Камчыбек тагамды жөнөтүп, ал экинчи класста окуган кезинде мени алдырат, (Камчыбек Исмаилов, Тилла байбиченин Мырзаке аскерге кеткенде бир жумалык бөбөк кезинде калган небереси, аны келини күйөөгө тийип кеткенде бербей, алып калыптыр) авсындарын, кошуна келиндерди жыйнап, чайын коюп алып, Тазагүл азыр силерге "Үркөр-үркөр топ

жылдызды" ырдап берет дейт экен, мен бежиреп баланын бал тили менен ырдап берсем, кайра "бар эми үйүнө жет-кирип кел"- деп, ээн талаага карабай, тагамды кайра келе жатканда коркуп калат дебей мени көтөртүп, Ворошилов-дон Кыргызстан айлына кайра жиберет экен. Каргадай болгон тагам мени кайра көтөрүп алып үйгө жеткирчүү тура. Кээде жибербей алып калышат...

Сүрөт эле байыркы

Ак жоолугун чекесине байланган,
Ак жуумал жүз жадыраган, жайнаган-
Апакем бар,
Кара көрпө тебетей
атам бизди чогуу имере кармаган.

Касы болуш – эркелетчүү ата-энем,
түз таралган маңдайында көкүлү
иним турган мени менен бир катар,
крем менен жалтыраткан өтүгү.

Тери тончон, эл жетпеген – дубленка,
Аппак бара[1] жакасына коюлган.
А башымда сайма назик[2] тукаба
Кымбат допу кийип тургам, сонундан.

Колундагы Түйгөлбайы кенедей,
Ашкөрөкчөн, сүрөтчүнү караган.

[1]Бара – ак козунун көрпөчөсү (каракуль)
[2]Назик – тукабага ак назиктен саймалап тигилчүү эле (бисер)

Телегейи тегиз кезден бир ирмем,
Биз эскерип, сүйөнүүгө жараган.

Бешөөбүзгө атакемдин бир жээни,
Кимсан агай чогуу түшкөн эле да.
Ошол сүрөт киши колдуу болуптур,
Ичи кара үйдөн уурдап коюптур...

Бөпөлөшүп апам-атам жарыктык,
Эл кийбеген кийимдерди кийдирип,
Эл жетпеген ырыскыны жайнатып,
Тору жоргону алмак-салмак миндирип.

Элибиздин салт-санаасын, санжыра,
Эпосторун жатка айтышып, билдирип,
Багышты эле күүгө, ырга бөлөшүп,
Касиеттүү сөз дөөлөтүн сиңдирип.

Аш катыгы, кийими болуп кедейдин,
Билим, күчүн караңгы элге арнаган.
Айкөл пейил турчуу экөөнө жарашып,
Кут бар эле атам, апам кармаган.

Ал сүрөттүн саргайды эле кагазы,
Туташтырган алтымыш жыл арасын.
Балдарына калган баалуу таберик,
Турчуу үйдө өз ордунда жарашып.

Жок кылганга колу кимдин барды экен,
Ал бечара кең дүйнөгө батпаган.
Сүрөт эле өз тарыхы өзүндө,
Миң тогуз жүз элүү үчтөн сактаган,–

деп бир сүрөттүн айынан 2013-жылы жазган элем. Эски сүрөттөр тарыхтын так маалыматтары.("Мекенимдин эшиги" ырлар-27-б. Бишкек.Т.З.).

Көчөдөгү столбаларда чоң-чоң кара шляпадай болгон радиолор болоор эле. И.В.Сталин өлгөндө элдин баары ошол столбалардын түбүнө топтолуп, кичинекей кара байракчаларды жасап алышып, чоогуу ыйлап аза күткөндөрү да көз алдымда турат. Эл өтө жөнөкөй, эмгекчил, ыймансаптуу, бири-бирине кайрымдуу экен ал кезде. Ушу бүгүнкүдөй толгон токой мечиттер жок, элди оң тетири үгүттөгөн "ыймандуулар" да жок, мамыр-жумур тынч заман көздөн учкан көк жээктей мени кусадар кылат.

Ал эми мектепке элди окутууда канча түшүнбөөчүлүктүн, бут тосуучулуктун азабын тартышканы тууралуу айтып олтурбадым...

Умай энедей болуп тогуз ай көтөрүп, Анар байбиче мен үчүн канын-жанын, билимин берип, нарк насилин үйрөтүп, бөпөлөп багып, алтын уядан учурду. Өзү да жаш бойдон аалам салды.

Атамдын ар бир сөзү ташка-тамга баскандай жүрөгүмдө орноп, өмүр бою жашоомдо азык, кубат болуп келди. Ар сөзүмдөн бир сөзүмдө кези келе калганда "атам минтип айткан эле" дейм. Ар бир жасаган иши, келтирген макалы, үйрөткөн үйүтү түгөнбөгөн кенч. Өкүнүүчтүүсү, бала чиркин, ата-эне дайым эле ушүнтип бөпөлөп, алыс жолго чыксаң шам чырактай жагылып, кайра келчүү жолду да жарытып тура берет деп ойлойт экен.

Турмуш дайым жеңиштен, жеңилүүдөн турат. Жеңиштин даамын да, түйшүктүн, эмгектин даамын да билген адамдар жаныбызда бар болсун экен. Кут береке да, бейиш да ошолордо...

Бул залкар адамдар ушинтип көрөгөчтүк менен элдин

көкүрөгүн жарытып, агартуучулуктун ишин, билим берүүчүлүк кызматтарын ак дили менен, жан дили менен аткарышкан.

Мекен десе кашык каны калганча салгылашкан баатыр, айкөл инсандар болгон үчүн коомубуз өнүгүп, өз касиетин сактап турат.

Тарыхыбыз элге, жерге күйүп-бышкан мекенчил адамдар менен байыган окшобойбу.

Мен бул кыска баянымда өткөн күндөргө бир аз саресеп салып, кыргыз элинин жашоосунун бир үзүмү тууралуу баян кылдым. Ал Арзыбай, Закирдин үй-бүлөсүнүн гана эмес кыргыздардын турмушу тууралуу кыскача баян.

Аталар-апалар үчүн койгон жупуну гүл дестем болсун.

Тазагүл Закирова.

...ТАҢДАР АТАТ АЛТЫН НУР ЧАЧЫРАГАН

Жакында кыргыз элине белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Тазагүл Закированын "Мекенимдин эшиги" аттуу ырлар жыйнагы "Гүлчынар" басмасынан жарык көрдү. Аннотацияда айтылгандай бул ыр китебине анын кийинки мезгилде жазган чыгармалары топтоштурулган. Ата мекен, жашоо туралуу ой толгогон ар түрдүү темадагы ырлары, калкыбыздын калың катмарына арналган.

Максатарым, тилектерим өзүндө,
Көкөлөсөм, учууга бар канатым.
Ыйык өлкөм мен өзүңө үйрүлөм,
Эне сындуу калкалаган баласын.

Ыр жыйнак ушул патриоттук төрт сап ыр менен башталат. Өлкөсү бар адамдын учууга да канаты бар. Канча миллиондогон айрым улуттардын өлкөсү жок экенин да көрүп, билип жүрбөйбүзбү. Ошон үчүн автор баласын калкалаган эне сыяктуу мекенине үйрүлүп тургандыгын ачык-айкын даңазалайт: "Кыргыз тили" аттуу ырында:

Заманды бетке кармап уул күйбөсө,
Кыргыз тил кээде өксүп, аксаган тил...
Жер кезип Ала- Тоодон алыс жүргөн
Кыраандар кыргызым деп какшаган тил.

Ооба, Ала-Тоодон алыс кеткен кыргыз жарандарының баары кыргыз тилин сагынбай койбойт. Ушул куплетти окуп жатып мен өзүмдүн Сибирде иштеп жүргөн күндөрүмдү

эстедим. Анда СССРдин учуру. Иштегениме үч жылдан ашып калган. Бир күнү ээн талаага чыгып, чалкаман жатып алып бир сааттай кыргызча ыр ырдадым. өзүм кыргызча ырдап, өзүм толкундануу менен угуп жаттым. Тайганын даректары шуудурабай, чөптөр шыбырабай, чымчыктар сайрабай, дарыялар, булактар акпай токтоп мени тыңшап калгандай туюлган. Көрсө мен иштеген жерде бир дагы кыргыз жок болуп, эне тилимди аябай сагынган экенмин. Өзүм ырдап, өзүм жыргап укканымды эмдигиче эстей беремин. Ошондуктан Тазагүл эже:

Жер кезип Ала-Тоодон алыс жүргөн,
Кыраандар кыргызым деп какшаган тил, – деп айтып жатпайбы.

Какшаган тил экенин, менинмче алыста жүргөндөр жакшы биле. Кыргызча сүйлөп, ырдаганды сагынат.

Акын эжебиз салт-санаа, санжыра, эпос, жомоктор айтылган үйдө эрезеге жетиптир. Ошол жол аны акыры поэзияга жетелеп келген десем болот. Аталган китепте Ош шаары жөнүндө ырлар бир топ. Баса, Тазагүл Закированын 50дөн ашык ырларына обон чыгарылган. Маселен, "Мен сүйүүгө Ошко келип жолуктум" аттуу ырына Саидрахман Матиев менен Бакыт Назаров, ал эми "Сулайман Тоо" аттуу ырына Курманбек Карабаев обон чыгарып, бүгүнкү күндө радиодон ырдалып жүрөт.

"Мекенимдин эшиги" аттуу ыры акындын туулган жери Сузак жергесине арналыптыр. Автордун айтуусунда киндик кан тамган жер мекендин эшиги болуп эсептелет. Анткени дал ошол эшиктен алыска жол аласың. Бардык жакшылыктар дал ошол эшиктен башталат.

Мен сага кусалыкка толуп келип,
Мен сенден кубанычка толуп кетем.
Сузагым бөтөн жерде демөөрүмсүң,
Ойлосом бир бактылуу болуп кетем.

Бул ырга дагы Бакыт Назаров обон чыгарып, ырдалып жүргөнүн айта кетүүбүз абзел.

Күжүлдөгөн ар жанда тоодой түйшүк,
Томкоргонго ар кимдин алы жетпейт.
Сезимтал жан сабырсыз ойдон чүнчүп,
Сезимсиздин түркөй ой мээсин тепсейт.

Үстөмчүлдүн ити да үймөк чөп жеп,
Жан кечтилер жаланып турган кези.
Жоош, момунду боору таш заман тепсеп,
Ыймансызды чоң арбак урган кези.

Антсе дагы жаз келет, келет көктөм,
Тандар атат алтын нур чачыраган.
Касиеттүү адамдар калк деп өскөн,
Ак пейилин жайнатат бапыраган.

"Жол өмүрдү улай берет" аттуу ырдан үзүндү. Анын кербендердин сапарга узай бергенин, алыстардан улам жаңы муундар келе берерин, илгерген эле топуктуу пендесине кудай ырыскысынын мол бергендигин айтып, жол өмүрдү ээрчитип, улай берет... – дейт.

Тазагүл эженин кызынын кызына, небересине жазган ырынан мисал келтирели:

Мага да анча ишенбей өзү чуркап,
Үстүңө үйрүлүп миң жалбарган кыз.
Кечээ эле дал өзүңдөй бөбөк эле,
Сага эми жетине албай, айланабыз.

Кечээ эле дал өзүңдөй бөбөк эле,
Мен үчүн опол тоодой жөлөк бүгүн.

Сен эртең энекеңе эш болосуң,
Аркалап биз эле эмес элдин жүгүн.
Олтурам экөөң үчүн Теңирди алкап.

Кызы менен небересине жазган ырда эненин эбегейсиз сүйүүсү, сүйүнүчү бар, бул ыр өтө көлөмдүү. Ал саптарды окуп олтуруп, эне махабаты өзгөчө экендигине ынанбай койбойсуң.

Үйүңдү жаркыратып,
Көңүлдү бапыраткан.
Кичине бала үнү –
Кыйырсыз бакыт өңү,
Чалкыган ачык асман.
Кучагың жеткендейсиң,
Керилип асман айга.

Баландын балапаны,
Корооңдо ойноп турса,
Толкуйсуң болуп дайра.

Ушинтип акын эжебиз бир жагынан өзү да ширин, уйкусу таттуу эрке небересине элжиреп караган, бөлмөнүн тынчтыгын сактаган чоң эне.

Түшүнүп кадыр-баркты,
Жанынды сыйлай турган.
Башында багың тайса,
Барктачу, кыйбай турган.
Сезимиң сыздганда,
Сырдашып ыйлай турган,
Бу күндө адамдар аз.

Замандын айыбы жок,
Боору таш болсо адам.
Тепсесе кумурсканы,
Сындырса гүлдөрүндү.
Таанылбай кетсе бир күн,
Кыялы сүйгөнүндүн
Ооба, бул абдан жаман.

"Жарандар" аттуу ырдын бул үзүндүсүн жан дүйнө кайрыктары деп койсок болот. Бир эле ырда көптөгөн ойлор айтылган. Атадан алтоо болсо, тагдырда баары жалгыз. "Сыртына кеп кап кийген, жарандарбыз, сыртынан кеп кап кийген. Керсейген адамдарбыз" – дейт акын. Чыныгы өзүбүздү, чыныгы жүзүбүздү көрсөтпөй баарыбыз тең маска кийип жүргөндүгүбүздү ашкереленген саптар. Окурманды сөзсүз ойго салат деп ойлоймун. Эже мындай маскачан жана "кепкачандардан" аябай эле күйсө керек.

Акаарат кылбай суугa, шамалына,
Суктанып гүлдөрүнө, дарагына.

Нарк-насил билген пенде шүгүр кылат,
Эли тынч, алты саны аманына.

Акын Тазагүл Закирова туулган жердин суусуна, шамалына акаарат келтирбей, гүлдөрүнө, даректарына суктанып, өлкөсүнө бейпилчиликти каалап, элинин тынчтыкта жашашын каалап, алты саны аман экендигин эле чоң дөөлөттүн өзү экендигин баса белгилейт, "нарк-насилдүү пенде ошого шүгүр келтирет",– дейт.

Карбалас БАКИРОВ, акын,
"Эркин тоо", № 89, 5-ноябрь 2013-ж.

"МАНАС" АЙТЫЛГАНДА ООРУГАНДАР АЙЫГЫП КЕТИШЧҮ

Кыргыздын белгилүү, таланттуу, чыгармачыл кыздарынын бири – Тазагүл Закирова. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, кинодокументалист, акын Тазагүл эже жакында ордолуу Оштон редакциябызга атайын келип, жүрөгүн өйүгөн маселлерди ортого салып, биз менен баарлашып кеткен эле. Төмөндө ошол маекке көңүлүңүздөрдү бурмакчыбыз.

– *Тазагүл эже, алгач чыгармачылыгыңызда кандай жаңылыктар бар, ушул туурасында учкай айтып өтсөңүз.*

– Негизинен кийинки мезгилдерде кино жаатында даректүү беш фильм жасадык. "XX кылымдын мыкты аялдары" деген циклдин астында жана "Курманбек эпосуна байланыштуу "Курманбек баяны" деген тарыхый маани бар даректүү фильм да тартылды. Буга чейин бардыгы болуп он алты жыйнакты жарыка чыгардым. "Мекенимдин эшиги" аттуу жыйнагым быйыл (2013-жылы) жарыкка чыкты. Ал эми "Касиеттүү Ата Журтум" деген 25 басма табак көлөмдүү китебим жарыкка чыгуунун алдында турат. Анда ырлар, макалалар, маектер жана көтөргөн көйгөйлөр тууралуу маселелер камтылган. Элүүдөн ашык ырларыма обон чыгып, аларды Алтынай Нарбаева, Болот Токтобаев, Манас Кожомжаров, Тахмина Казыева, Бакыт Назаров, Гүлжамал Ташматова, "Кызбурак" тобунун ырчы кыздары ырдап жүрүшөт. Мындан тышкары ырларым англис, түрк, грузин, алтай, түркмөн, казак, өзбек, орус жана башка тилдерге которулган.

– *Даректүү фильмдериңиз эмнелер жөнүндө баяндалат?*

– Адатта аялдар темасын камтыйт. Өткөн кылымдын отузунчу

жылдарында техниканы биринчи жолу башкарган Ырыс Кудайбердиева деген тракторист аялдын тагдыры жөнүндө тартылган фильм бар. Уркуядан башталып, бүгүнкү күндө бизнес тармагында иштеген Тажиниса Абдурасуловага чейинки аялдар жөнүндөгү маалыматтар кирген. Кадамжай сурма комбинатында, тоо-кен өндүрүшүндө иштеген Анипа Алимова баш болгон кыргыз кыздары тууралуу маалыматтар орун алган. Даректүү фильмдерибиз Кыргызстандан сырткары Швецияда, Голландияда да көрсөтүлдү.

– *Ал эми аткарган коомдук иштериңиз жөнүндө уксакчы?..*

– 1991-жылдан баштап аялдардын Эл аралык "Насыят" ассоциациясын жетектеп келдик. Мында ар түрдүү тармак, кол өнөрчүлөр боюнча иштерди жүргүзүп, адабий жолугушууларды өткөрдүк. Пахтадан, жибектен кездеме токуган комбинаттар жоюлуп, андагы аялдардын көйгөйү, каада-салт, энелердин эмгеги бүт биздин иштей турган иштерибизге айланды. Мындайча айтканда бүт дүйнөнү аялдар башкарат, эркектердин жакасын агарткан да аялдар. Аялдар үйдү кармайт, балдарды төрөп, тарбиялайт. Жашоодогу бардык карым-катыштар аялсыз өтпөйт. Ата уулду тарбияласа, элди да, дүйнөнү да баары бир аял тымызын тарбиялап, аял башкарып турат. Ошондуктан аялдар – негизги күч. Аялдын убактысы баарына жетет. Жумуштан чарчап үйүнө барса да, ал эч качан олтурбайт. Бала-чакасына, абышкасына көз салат. Аларды түздөп, жайгарып, түн оогончо иштейт да, эртең менен жаркылдай кайрадан ишке келет. Эркектин бардыгын түздөп, кармаган да аялдар. "Аял жакшы, эр жакшы" деген ошондон.

– *Тазагүл эже, коомдук ишмер айым жана эне катары сиздин жүрөгүңүздү өйүгөн нерсе барбы?*

– Ооба, менин ишмердүүлүгүм аялдар багытында болгондуктан, жүрөктү өйүгөн көйгөйлөр бар. Кыргыздын улуттук кийимдерин эле алалычы. Чындыгында биздин улуттук кийимдери-

биз хандар менен ханышалар кие турган абдан кооз, таза, касиети күчтүү кийимдер. Мындай көркөм, кооз кийимдерди дүйнө эли да суктанып карашат. Ушундай кийимдерибиз туруп, кыздарыбыз капкара кийимдерди чүмкөнө кийип алгандары (хиджап) жакпайт. Өздөрү эле кийбестен, секелек кыздары да ушундай кийинип жаткандыктары өкүнтөт.

Жапжаш жигиттерибиз сакал коюшуп, башка улуттардын кийимин кийип жүргөнүнө таң каласың. Кыргызда мурда кыркка чыкканча сакал койчу эмес. Атасы тирүү туруп сакал койгон уят иш эле. Ошол жаш жигиттер сакалын тегиздеп, кыргыздын маданиятына ылайыкташтырып жүрүшү абзел. Белине жеткенче сакалын өстүргөндөн кийин, булар таза жүрүшсө бир жөн. Көчөдө көргөндө капа болосуң. Мындай көрүнүштөр үй-бүлөгө да таасирин тийгизет. Муну кыргыз элинин деградациясы деп сезебиз. Мурдатан ата-бабаларыбыз жакшынакай эле жашап келишкен. Алар ак калпагын башынан түшүрүшкөн эмес, ыйык сакташкан. Ар дайым "Кудай", "Жараткан" дешкен, малды мууздан, адал тамак жешкен. А булар болсо "Аллах, Халал" деп айта беришет. "Халал" деп жазып жатышкандыктары менен, тилдик маселелерди, башка тилден кирген сөздөрдүн бизде айтылыш шарттарын да бузушууда. Ушундайлардан коомубуз бүлүнүп жатат.

Кыргыздын улуу эпосу "Манаста" бардык касиеттер жатат. "Манас" айтылганда ооруган кишилер айыгып кетишчү. Анткени "Манасты" касиеттүү адамдар, олуя кишилер гана айтышчуу. Ушул улуу касиеттин бардыгы кыргыз элине гана тиешелүү. Ошондуктан араб болбой, кыргыз бололу. Дөдөйлүк – өзүбүздү тааныш билбегендик. Башка улуттун кыздары чүмбөттү өрттөп жатып, эркиндикке келишкенин XX кылымдын жарымындагы замандаштарыбыздан, тарыхтан билебиз. А биздин кыздар өз элинин залкарлыгын, улуулугун баалай билишсе жакшы болор эле.

Алар муну түшүнбөй жатышат. Капкара кийинип, бетин чүмбөттөп алгандарды көргөндө таң калабыз. Кыргыздын салтка, жаш куракка туура келген сонун кийимдери бар эмеспи.

– *Эне катары айтсаңыз, канткенде кыргыздын улуулугун, касиетин сактап кала алабыз?*

– Кыргыздардын мамлекет тарабынан алынган идеологиясы болуш керек. Динди токсон тогузга бөлүп жатышып, бирибирине баш ийбей калышты. Чокунгандар да көбөйдү. Мунун айынан, ушул эле жетпей жаткансып, киши көз жуумп, сөөк коюлганда көйгөйлөр көбөйүүдө. Ушуларды ооздуктай турган кез келди.

Кыргызды бүлүнтпөй, чайпалтпай, бүтүн сактап калышыбыз керек. Бул сырттан келген, элди бүлүндүрүүчү чоң ажыдаар саясат. Андан сактоо ар бирибиздин милдетибиз. Атка минер уулдарыбыздын билими ушуга жетип, кыргызды сактай тургандар арбыса болот эле. Башка улуттарга коркок билиштик кылбай, таарынып калбасын деп алардын көзүн карабай, элди да, жаштарды да, балдарды да өз мамлекетибиздин кызыкчылыгына тарбиялашыбыз керек.

Айша Алиева,
"Кыргыз туусу", №72,
24-сентябрь 2013-жыл.

ТАЗАГҮЛ ЭЖЕ – ТҮНҮК АКЫН

Кыргыз элине өзүнүн бал тилдүү поэзиясы менен белгилүү акын эжебиз Тазагүл Закированын 65 жылдык юбилейлик поэзия кечеси жакында Ош мамлекеттик университетинде абдан жакшы маанайда өткөрүлдү. Албетте бул кечени ОшМУнун ректору, филология илимдеринин доктору Исаков Каныбек Абдуваситович алып барды. Акын эжебиздин чыгармачылык кечесинин жогорку деңгээлде өткөрүлүшү үчүн ректор өзү баш болуп бардык ыңгайлуу шарттарды уюштуруп бергенине поэзия кечесине келген коноктор аябай ыраазы болушту. Дагы бир баса белгилеп айта кетчүү жаңылык:

Тазагүл Закирова быйылкы жылы "Мекенимдин эшиги" аттуу ырлар жыйнагын жана "Касиеттүү Атажуртум" аттуу макалалар, маектер, пикирлер киргизилген 25 басма табак көлөмүндөгү китептеринин жүз ачаары болду.

Автордун калеминен жаралган ырлар таланттуу студенттер тарабынан көрөкөм окулуп, обондуу ырларын элге белгилүү аткаруучулар, обончулар Манас Кожомжаров, Болот Токтобаев, Бакыт Назаров, Гүлжамал Ташматова жана башкалардын аткаруусунда келген конокторго тарууланды.

Тазагүл эженин поэзия дүйнөсүндөгү жасаган эмгеги, бараандуу өмүрү, чыгармачылыгы, деги эле дээриндеги өтө жөнөкөй адамгерчилиги тууралуу кенен кеп козголду. Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү, кадырлуу инсан Батыр Жалиев, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, белгилүү карыя журналист, акын Токтогул Кенжеев өңдүү адабияттын, искусствонун чыгаан инсандары акын эжебизге арналган жүрөгүндөгү жылуу ойлорун айтышты жана "Мекенимдин эшиги" ырлар жыйнагы менен "Касиеттүү Ата Журтум" аттуу китептерине байсалдуу сапар каалашты.

Кучак толгон кызыл, сары, ак букет гүлдөр, жүрөктөн оргуп чыккан ыр саптар, жүздөрүн кубаныч чайган жаштар чоң залдын ичин өзгөчө кооздукка бөлөп турду.

Ош шаарындагы ар кайсы тармактардын өкүлдөрү да бул поэзия кечесинен четте калган жок. Атап айтсак Президенттик алдындагы мамлекеттик тил комиссиясынын Ош облустук бөлүмүнүн жамааты, Ооганчылар коомунун облустук бөлүмү, ЭлТР телерадиокомпаниясынын жетекчилиги, жергиликтүү ММКлардын өкүлдөрү, Өкмөттүн Ош облустук ыйгарым укуктуу өкүлү, Ош шаардык мэриясы, Жогорку окуу жайдын ректорлору, облустук жетекчилер да Т.Закированын чыгармачылык жолу тууралуу өздөрүнүн жакшы ой-пикирлерин билдирип, белектерин тапшырышты.

Кеченин соңунда ОшМУнун ректору Каныбек Исаков окуу жайдын "ОшМУнун эмгек синдирген ишмери" наамын жана медалын сыйлык катары акын эжебизге Тазагүл Закированын жакасына тагып, баалуу белектерди тапшырды.

Автордун мындан аркы өмүр жолуна, чыгармачылыгына ийгиликтерди каалаарын билдирди.

Токон Асанов,
"Кочкү" гезити, декабрь 2013-ж.

"ЗА УДАЧЛИВЫМ МУЖЕМ СТОИТ ХОРОШАЯ ЖЕНА"

"В молодости я была маленькой и худенькой, но цепкой и пробивной, не любила несправедливость и ханжество. Со временем может быть фигура изменилась но характер и принципы остались прежними". Так о себе говорит известная ошская поэтесса, кинодокументалист, общественный деятель, заслуженный деятель культуры Кыргызской Республики Тазагуль Закирова.

Наша героиня родилась 20 июня 1948 года в селе Качкынчы Сузакского района Жалал-Абадской области в семье учителей. Стихи Тазагуль Закировой переведены на разные языки: русский, английский, тюркский, туркменский, грузинский, алтайский, казахский и др.

– Я проводила литературные вечера, творческие вечера, в одном из таких вечеров-встреч в коллективе шелкокомбината, были приглашены поэты, писатели, художники, артисты Назира Мамбетова и Дуйшон Байтобетов: я специально показала киноканал, отрывки из фильма "Перевал" где эти артисты играли, и поэты читали стихи, художники показали свои картины на выставке, артисты играли отрывки со спектаклей, вечер состоялся для рабочего класса на славу. После встречи ныне народный артист Д. Байтобетов признался что он "тех пор после первого показа фильма за 20 лет еще не видел, от радости я заплакал, спасибо Вам." А рабочие шелкомбината надолго запомнили такую интересную встречу. А знаменитый мелодист

Рыспай Абдыкадыров был очень простым человеком. Когда я устраивала вечера-встречи творческими людми он сам приезжал в общежитие где виртуозно играя на аккар-

деоне дарил музыкальную радость простым рабочим, студентам.

Великие люди всегда живут проще, халтурщики стараются себе имиж поднять, тем самым уроняет еще ниже.

Я пропагандировала кыргызскую культуру, литературу, искусство среди рабочих и служащих предприятий, тем самым многих творческих интелигенций, молодых поэтов пропагандировала пригласив их в организаций, предприятий и для широких масс. Я водила своих российсиких друзей по мастерским местных художников и скульпторов.

О женщинах

Женщина уникальное создание, она мать, жена хозайка дома, в обществе, женщину всюду. За удачливым мужем стоит хорошая жена. Все мною снятые документальные фильма посвящены женщинам ("Судьба Ырыс", "Приемники Уркии", "Счастье Бопо". " Анипа и кыргызская сурьма"). Судьба этих женщин разные, но все они заслуживают, того чтобы о них говорили и знали.

О самых родных

Мои родители воспитали меня в лучщих традициях, благодаря их воспитанию и вниманию я стала поэтом, к сожалению, я их рано потеряло. Их светлая память, бесконечная любовь продолжают жить в моих произведениях.

Путешествия

Мне посчастливилось повывать во всех Республиках СССР и постсоветских странах. Когда в посещаемых городах гиды рассказывали различые легенды про исторические места, я задумалась, а почему мы не рассказываем и не показываем наши исторические места, ведь Ош это древний город о котором можно говорить бесконечно.

Поэзия не политика

Приятно и лесно когда на мои стихи музыку: "Кусалык", "Сагынарым", "Баары сендей", "Кыргызстаным куттуу мекеним" и др. Я не пишу по заказу, все стихи они созданы по зову сердца, вдоховлению. Поэзия не политика, ее нужно чувствовать, надо быть искренней – неискренность читатель сразу уловит. Я хочу выразить благодарность композиторам, исполнителям, что так красиво донесли до слущателя мои стихи.

Не давайте оценку тому, чего не знаете.

В один из моих литературных вечеров ко мне подошел мужчина, который не разбирается в поэзии и говорит мне: – "может я выскажусь о вашем творчестве, похвалю вас". Как можно давать оценку или говорить о чем того чего не знаешь. Пусть это скажет кто – то другой, кто действительно в этом разбирается.

Новый год

Это светлый праздник каждый год отмечаю по – разному, друзья из разных стран присылают письма с пожеланиями, всегда с волнением жду их писем. 2013 год был для меня очень насыщенным годом, выпустила две книги и три альманаха, услышала хорошие отзывы о своей деятельности, много путешествовала по Родине, получила нагрудный знак ОшГУ "Заслуженный деятель ОшГУ", афганцы наградили медалью "Мээримдуулук" за стихи посвященные афганцам. Если у моего народа будет благополучие, достаток и стабильность то и у меня будет все хорошо, я буду писать стихи и радовать своих почитателей.

Назгуль Абдыразакова,
"Ош шамы" № 50, 27-декабрь 2013 г.

Көкүрөгү жарык Барпы акын

Бүгүн элибизде көркөм сөз өнөрүнүн чебери, улуу классик акын Барпы Алыкуловдун 130 жылдыгына карата айтылчуу сөз арбын, ошентсе да мен кыскача баяным-ды апыз тууралуу айта кеткеним жөн.

Кыргыз элинин кадимден берки жашоосунда поэзия, акындык өнөр адамды бак-таалайга жеткирүүчү: абийирдүүлүк, адамгерчилик, кичипейилдик, эмгекчилдик, намыскөйлүк, адилеттик, акылмандык, сабырдуулук, меҥенчилдик, адептүүлүк сыяктуу сапаттарды даңктап, адамды бактысыздыкка, балакетке жетелөөчү: сараңдык, текебердик, жалганчылык, жалкоолук, чагымчылдык, кыянатчылык, ич тардык, кызганчаактык, өзүмчүлдүк сыяктуу сапаттарды сындап ырдап келди. Байыркы кылымдарды карыткан кыргыз ырлары, кыргыз ооз эки поэзиясында акыл-ой жана жан дүйнө маданиятынын жогору болгондугун баамдайбыз. Маданияттын тамыры теренде, маданият десек, ар бир адамга жасаган мамилебиз, күнүмдүк жашоо турмушубуз, айлана чөйрөнү аңдап билүүбүз, салт-санаабыз, көөнө тарыхыбыз, күүлөрүбүз, көркөм сөз өнөрүбүз сыяктуу узун фундаменталуу тизме башталат. Сырттан киши келип, алдынан атын алып байлагандан башталган маданиятты көкүрөк туюму күчтүү, көкүрөгү жарык, таза адамдарыбыз кылымдарды карыткан кыргызды кыргыз кылып келе жатышат.

"Өнөр алды кызыл тил" деген ата-бабабыз, ырчыларга ызат-урмат көрсөтүп, ат мингизип, тон кийгизип, кадырлаган.

Мына ошондой көкүрөк туюмунун жарыктыгынан, нравалык тазалыкка, жакшылыктарга чакырып ырдаган классик акын Барпы Алыкуловдун ырларынан чекеден мисалга алууга болот.

Дүйнө туюму боюнча Барпы акын эч кимди алдыга салдырбайт.

Өзүнүн замандаштары Калык, Осмонкул, Алымкул меннен бир доордо жашаган менен ырларында өзгөчө боектер, өзгөчө дүйнөнү кабылдоо, салыштыруу нукура таланттын деңгээли жогору тургандыгы менен алардан айрымаланат. Ырларын улам окуган сайын ошого ынанып, таланттын нукуралыгына тан беребиз. Замана, жашоо, өмүр темасы жана санат-насыят терме ырлары чыгармаларында негизги орунду ээлейт. "Айт,айт десе", "Аккан суу", "Күн", "Жакшы экен", "Турбайбы", "Мекен", "Дүнүйө", "Терме-санат", "Ынтымак", "Эр жигитке сын", "Ала Тоо көркүкө келбейт эл болбосо" жана башка ырларын окуп олтурсак, акындын чыгармаларынын көпчүлүгү санат, термелер сыяктанат.

Көкүрөгү жарык акын ар бир чыгармасын өтө жогорку деңгээлдеги чеберчилик менен ырдаганы, акындын сезиминин назиктиги, тубаса акылынын терендиги, көркөм дүйнөсүнүн кооздугу, өз доорунун жашоо турмушун жакшы билгендигинин белгиси.

Жашоонун бардык жагдайын, кечээкини, бүгүнкү күндү, эртеңки күндү олуядай туюп, көкүрөгү чалкыган көлдөй терең сезиминин канатында ой багып, кыялы менен дүйнөнү терметип, чеберчилик менен ошол ойлорун элге ырдап берет.

"Келериңде, дүнүйө,
Сууну арыкка бургандай.
Төрүңдө жолборс тургандай.
Кетериңде, дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай.
Төрүңдөн жолборс качкандай",– дейт акын "Дүнүйө" деген ырларынын биринде, жазма акындар сы-

яктуу көркөм салыштырууну өз кыябы менен келтирип ырдайт, мындай чеберчилик Барпынын ар бир чыгармасында байма-бай ырдалып турат. же

"Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың, дүнүйө.
Жокко бардан жалынтып,
Пул сураттың, дүнүйө.
Бирдин малын талатып,
Чыркыраттың, дүнүйө"...

Бул ырлардын өзү айтып тургандай, токтолуп түшүндүрмө берүү кажетсиз. Бул чексиз тирүүлүктүн чиркин дүнүйөсүнүн не деген гана кыйырлары бар. Ал адамдарды ар ойго салып сынап, оор жүгүн көтөртүп жүрүп олтуруп ушул заманга да жетип келди.

Барпы акын тууралуу анын бир тууган бөлөсү Жаанбаев Сапар акенин айткан сөзүн мисалга келтире кетүүнү туура таап олтурамын.

1996-жылы биз "Ырыстын тагдыры" аттуу Сузактан чыккан улуу инсандар тууралуу даректүү фильм тартып жаткан жерде,

– "Барпынын апасы менен менин атамдын апасы экөө бир тууган, биз бир тууган бөлө болобуз. Мен көрүнгөндүн эшигинде жүрдүм, жетимдик кыйын болот экен, таяк жедим... Барпы бөлөм мени алып кетип 1944-жылдын 28-сентябрга чейин чоогуу ээрчитип жүрдү. Кийин оку деп ФЗОго киргизди. Барпынын (Парпинин) агасы Полотту Маркайда селсовет болуп жүргөндө басмачылар колго түшүрүп, өлтүрүп коюшат, Барпы агасын кучактап ыйлап турса кылыч менен Барпынын да башынын сол тарабын жара чабышат.

Ошондон Барпынын башынын сол тарабында чон тыртыгы бар эле. Ошол кылычтын кесепети кийин жүрүп-жүрүп акындын көзүнүн көрүүсү начарлашына алып келген экен... Ал киши мени ээрчип ырдап тур дечүү, мен анын ырларын ошентип үйрөнгөм. "Эмеспи" деген ырынан ырдап бѐрейин:

... "Караңгыны жарыткан
Айдын нуру эмеспи.
Жаш баладай жайнаган
Жайдын күнү эмеспи.
Көк шибери кулпурган
Көлдүн чети эмеспи" ...

деп, бир далай узун сабак ырдап берген эле. Акынды эскерип Барпы акындын бир тууган бөлөсү Сапар Жаанбаев аксакалдын айткандары бүгүнкү күндө өтө баалуу маалыматтардын бири.

Ал маалыматтар толугу менен биздин видеофондубузда сакталып турат.

Ошондой эле маалымат Барпынын Жеңижок менен жолукканда:

Жеңижок:

... " Жаңыбайдан кеп укту.,
Жалал-Абад, Өзгөндөн,
Ырчы келди деп уктум.
Ысмынды Барпы деп уктум,
Ырыңды укkан адамдын,
Жазылат жарпы деп уктум...
... Жалал-Абад, Өзгөнгө
Туруп келдиң Барпы ырчы.
Сол жак көзүң ачпастан,
Жумуп келдиң Барпы ырчы.
Жеңижоктун кабарын,
Угуп келдиң Барпы ырчы", –

деп ырдап күтүп алат.

Кийинки кездерде Назарбайдан, анын байбичесинен башына жеген таяктары, басмачылардын Полот агасын өлтүргөндө кылыч менен башынын сол тарабын жара чапкандары, 21 жыл жалчы болуп жүргөндө буту-колун керип сабаган таяктын залдары, акындын көзүн акырындап ала баштаган сыяктуу.

Коргоол ырчы шакирти Токтосунга айткан ырында:

... "Бир көргөнмүн жашында,
Сагызган чапан кийинип,
Сайкалдын келген ашына...
... Ниязалы болучу
Күүчүлөрдүн балбаны.
Током, Эшмамбет болучу
Топко ырдаган ардагы.
Алыстан келген мейман деп,
Барпыны Током тандады.
Токомду Барпы жандады.
Жар чакырып калышты-
Салт боюнча андагы.
Ар бир үйгө бир-бирден,
Жамыраган козудай
Жайылып кетти калганы.
(өтө көп келген ырчыларды
Анда көзү Барпынын, айтып жатат)
Ачык эле, көрчү эле.
Билбейт экен комузду,
Оң бөйрөгүн таянып,
Обдулуп ырдай берчү эле.
Уккандын баарын нас кылып,
Үстү-үстүнө бастырып,
Каптап нөшөр төккөндөй,
Какшанып ырдай берчү эле –
Калыбынан өзгөрбөй,
Каалаганга жеткендей.
Куюлуп турчуу ырлары,
Каптын оозун чечкендей.
Эшмамбет, Током болбосо,
Эч кимибизден сезгенбей"... дейт.

Демек, Барпы акын өзүнүн өкмөлүгү, акылы чулу, ташка тамга баскандай таамай ырлары, ошол жаш кезинен эле

Ырларынын философиялык мааниси терең, көп жактуу мазмундук терең дик, өзгөчө кабылдоо пайда кылган ырлары менен Барпынын поэзиясы ар дайым поэзия күйөрмандарынын сый- урматына ээ болуп, улам окуган сайын, жаңы кырлары, жаңыча көркөмдүгү, адамды өзүнө тартып турган касиети менен да баалуулугу артып келет.

Барпынын ыр жаратуу шыгы, сөздө ташка тамга баскандай тапкан акылман чеберчилиги, акындын көкүрөгү жарык, адамдык билими күчтүү инсан экендигинен кабар берет.

"Киши болоор жигиттин,
Киши менен иши бар.
Өзү менен барабар,
Өзөк болоор киши бар" – дейт акын,

эр жигиттин наркын сыпаттап, элге кызмат кылчуу мырза кандай сапатка ээ болушун, ар дайым эмгек менен оокат өткөргөн күндөрүндө да ырдын кутун качырбай, ыр менен ойгонуп, ыр менен уктап, жардылыктан жалчы жүргөн күндөрүндө да эр жигиттин адамдык сапаты кандай болсо деп тилеген асыл нээтин жипке тизген шурудай элге баяндап олтурат.

Барпынын чыгармалары тирүүлүктүн оор-кыйын күндөрүндөгү бардык жагдайына тиешелүү, тематикасы кеңири, идеялык мазмуну терең, тагдырлаш адамдардын ой-тилектерин кошо чагылдырып ырдаган. Ошол доордогу социалдык абал акындын көз жаздымында калбайт. Өз доорунун алдыңкы адамы катары социалдык абалды сергек сезип, сергек ой жүгүртүп, турмуштун түзүлгөн жагдайларына сын көз менен караган ырларды талбай ырдайт, теңсиздикти ырдагандыгы үчүн башынан таяк кетпей, жалчы жүрүп, жокчулуктан муңканып өмүр кечирет.

"Байбиче союл менен жарчу башты,
Көрүнчү шол күндөн өлгөн жакшы"...

же

..."Калмат бай айрымасыз Назарбайдан,
Азаптан азапка өттүм, кетти айлам"...

Ооба, акындын тартпаган азабы калбады, байлардын баары эле окшош мүнөздүү, биринен биринин жакшысы жок экен, акын эл башындагы мүшкүлдү, кубанычты, келечекке үмүтү чоң, кыялдүйнөсүн ала жүрөт.

Анан совет доору башталганда элди, замандаштарын жакшылыкка үндөйт. Биргелешип, эркиндик заманда иштөөгө, эзген байларга каршы аесуз күрөш жүргүзүүгө чакырат. Ошондой эле жашаган чөйрөсүндөгү ар түрдүү адамдар тууралуу да элге өз байкоолору аркылуу чыгармаларын ырдап берет.

Андай ырларга "Питина" деген ырын алсак болот:

"Питина элге бербейт
жарты тыйын,
Андайдан бир нан алуу
өтө кыйын.
Же "Бузук" деген ырын окуп көрөлү:
Жамгырдын кыян, сели
Жерди бузат.
Адамдан чыккан бузук
Элди бузат"

"Жалганчы" деген ырында:

"Жалган сөздү чын кылып,
Жарым сабак ыр кылып
Эптеп айтат жалганчы.
...Өрдөгүн өргө учуруп,
Тууганга наалат тийгизет.

"Бүтүрөм баарын өзүм" деп,
Жалган айтып жайсандайт.
"Бүтүрдүңбү?" деп келсе,
Жоор аттай кайсандайт."

Барпынын ырларында образдуулук күчтүү берилет, нравалык, эстетикалык тазалыгы чыгармаларында өрүлүп жашайт.. Ар бир ырдагы айтайын деген ойду кыска, так айтып сүрөттөйт.

Мисалы: "Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот."

Акындын ырлары бүгүнкү күндө да актуалдуу, "Ынтымак бар жерде ырыс бар" дегендей ар дайым кыргыз эли үчүн актуалдуу бойдон кала берет. Бул партиялык жогорку мектептерди тиги Маскөөдөн бүтпөй эле элди үндөөгө, кайраттандырууга, баатырдыкка, эмгекчилдикке чакырууга маш, көкүрөгүндө туюму менен ошол жерде элге керектигин, акындык өнөру, адамдык жогорку касиети менен, өз уулдарындай аларга ак батасын берип, жеңишке үндөп турат.. Улуу Ата мекендик согуш башталганда күн сайын темир жол вокзалына келип, батышка, кан майданга аттанган уулдарга, маанайы чөгүп турган элге кайрат айтып ырдап жүргөну не деген азаматтык, не деген баатырдык.

Улуу Ата мекендик согушка аттанган уулдарга "Садагалар, баргыла"

"Жалал-Абад, Темир жол,
Жанымдай балдар аман бол!
Абаңар сүйлөйт уккула,
Акылга бекем туткула.
Сокур да болсом- өзүм бар,
Соолбос алтын сөзүм бар.
Силер медер мендейге,

Силер барда – көзүм бар.
Согуш ачкан душманга,
Сокку берер кезим бар..." деп кайрат берет. Күн сайын бул үгүтчү, пропагандист, олуя акын жаштарга дем-шык берип, кайгырып турган ата-энелерге кубат берип, ошол поезд вокзалында каз катар тизилип, майданга жөнөгөн уулдарды узатып тургандыгы эле баасыз эмгек, азаматтык, не деген эрдик экенин жогоруда айтып өттүк. Ар күн сайын ырлары жаңы поэзия боектору менен ырдалат. Ошол келим-кетимдүү өмүр – вокзалда үнү жаңырып турат, айланасында, акылман, ойчул акындын ар бир сабын кунт коюп укkан эл.

Же болбосо жеңиш келгенде да, күн сайын ошол вокзалдан ар түрдүү жаракат алып бирин-экин элине кайткан уулдарды, баатыр жигиттерди тосуп алат, замандын толкуну, жашоонун негизги чордону болгон жерде, акындык, жарчылык, насаатчы – лык вазипасын аткарат.

"Баатырларым, келгиле! "
Жалал-Абад, Темир жол,
Жана келдим, баатырлар.
Темселебей жолумду
таба келдим баатырлар.
Шам чырагын ырымдын
Жага келдим баатырлар.
Түлөөсүнө жараар деп,
Тирүү бойдон бир койду
Ала келдим баатырлар!

Күндөй жүзүн Жеңиштин,
Көргөнү келдим, баатырлар.
Бүт баарына саламым
Бергени келдим баатырлар.
Тообомду айтып, силерди
Тоскону келдим баатырлар.

Каарман деп, балбан деп,
Кошкону келдим, баатырлар.
...Көркоо душман жеңилип,
Көңүлдөргө жаз келди.
Кечээги өткөн согушка
Кең көкүрөк жигиттер
Көп кетти эле, аз келди... Андан ары

... Кан төгүлгөн согуштан,
Кайтпай калган эрлер бар.
Аманатын уулуна
Айтпай калган эрлер бар. "... жүрөгүнөн эзилип кайтпай калган баатырларды да, боздогон энелерди да көз жаздымда калтырбайт; "Ырыскылуу балдарды, Ырым менен тосомун. "Угуп турам дагы эле, Ургаачынын кошогун"... дейт.

Барпы көзүнөн чүнчүп үйдө жатып калбайт, кандай коомдук иштер болсо ошого келип аралашат, өз "Шам чырагын ырымдын, Жага келдим"... дегениндей куру кол барбайт, аксакалдык салтты, акындык наркты да ала жүрөт, мындай кең көкүрөк, айкөл дилдин шарапатын элине билгизип турат.

Барпынын бир сап ырын башка сап менен алмаштырып болбогондой, сөздүн күчүн кынап пайдалана алгандыгы, акындын кудай берген шыбагасы, бактысы, табийгый талантынын нукуралыгында. Теңир береген нукура талантынын артынан кандай азап тозокко, жону катуу жокчулукка, текеберденген манкурттардын кемсинтүүсүнө, айыпсыз жеген таяктын уусуна да түтүп Акын бойдон калды. Бир ирмемде куюлуштуруп, маани терең сөздөрдү кынап ырдады. Ошондуктан да, Совет өкмөтүнүн келишин даңктады "Ырымдын аты- Октябрь! Кылымдын аты-Октябрь!", "Он жетинчи жыл келип","Ленин ата", "Ким мыкачы, ким адал", "Эрк кедейлерде" ж.б. ырларын зор кубануу менен ырдап жүрдү:

Мисалы:

"Көзүмдүн жашы жуулду,
Кутман бир заман туулду.
Жаркыды айдай бетибиз.
Толук бир болду эсибиз.
Көкүрөк дартым чечилди,
Көңүл бир гүлдөй жетилди.
Булутсуз күндөр жайнады.
Булбулдай Барпы сайрады", – дейт.

Акындын сүйүү ырлары да өз доорунун акындарынын ичинен өзгөчөлөнүп турат. "Жандап өтсөң акырын", "Гөзал кыз", "Мөлмөлүм", "Самаргүл", "Алтын", "Мырзайым", "Ак-Дилбар", "Буракжан", Лөлүкан", "Тарип", "Өзгөчөм", "Арзыкан", "Гүл кыздар" ж.б. узун тизме. Салыштыруу менен образдуулук айкашкан "Гүл кыздар" деген ырынан окуп көрөлү:

"Бириң – тоонун кайыбы,
Бириң- кыздар айымы....

Бириң – кыздын улугу,
Бириң – кыздын тунугу.

... Бириң – комуз, бириң үн,

Бириң – аалам, бириң – күн"... ар бир ырды үңүлүп кайра – кайра окуу керек, не деген салыштыруулар, бул ырдын ар бир сөзү өзүнчө чоң философиялык талдоого арзыйт. Барпы акындын

сүйүү ырларында поэтикалык көркөм салыштыруулары, ар бир сабында көз жоосун алган саймадай ордунда, өзгөчө, башка акындарда кезикпеген (замандаштарын айтып жатам) чеберчилиги менен айрымаланып турат. Дагы

бир баса белгилеп кетчүү нерсе, жогорудагы аталган ырлар бири-бирине окшошпогон салыштыруулар, көркөм ой жүгүртүүсү, назиктик, тазалык, сулуулук, адептүүлүктүн үлгүсү сыяктуу аял затынын образы, формасы да өзгөчө берилет. Окурманды тажатпайт, улам окуган сайын таң калтырып олтурат.

Бекеринен Аалы Токомбаев ""Барпыны жазгыч акын деп эсептөө керек. Анын сезими күчтүү эле, бүт жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болчу. Көзсүз кишинин дили сабаттуу болот. Бул өзгөчөлүктү да эстен чыгарууга акыбыз жок. Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле" – деп жазбаган. (Т.Байзаков "Барпы ырчы"адабий очерки, Барпы.Чыгармалардын бир томдук жыйнагы,Фрунзе-1970-ж.).

Ал киши өтө бактылуу да, бактысыз да өмүрүн ыр менен жашап өттү. Көзү караңгы болгон менен көкүрөгү миңдеген атуулдардан да жарык көргөн, сезимтал, дили сабаттуу, ааламды чабыттаган канаттуу ойлорду баккан касиеттүү, Кудай жөнөткөн жердеги Пайгамбар – акын. Жарык көкүрөккө баккан жаркын классикалык чыгармаларын биздей урпактарына улуу мурас кылып калтырып олтурат. Бүгүнкү күндө Кыргыз илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда сакталып турган, кезинде Барпы акындан өз оозунан жазылып алынган кол жазмадагы чыгармалары, ырлары толугу менен ушу кезге дейре жарык көрө электиги өтө өкүнүчтүү. Мына бүгүн акындын туулганынын 130 жылдык маараксеси өтүп жатканда, мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ушул иш чарага опол тоодой каражатты өз жандарынан бөлүп өткөрүп жаткан азамат уулдар, Барпы апыздын жарык көрө элек чыгармаларын да басмадан чыгарат деген үмүттөмүн. "Апыздын мурастары – аяк-учу аябагандай созулуп, асманда изи калып жашап жаткан Саманчынын жолу" деп чыгаан жазуучу Чынгыз Айтматов таамай айткан. Улуу ойчул акын Барпы апыздын ырлары, чы-

гармачылыгы тууралуу учкай сөздү ушуну менен аяктайбыз. Ушундай акын жашап өткөндүгү үчүн сыймыктанабыз, арбагына таазим кылып баш ийебиз.

..."Ыр дегенде өлөмүн,
Ырды жакшы көрөмүн.
Ышкылуу сөздү ыр кылып,
Ылгап кумдай бөлөмүн...Барпы.

Тазагүл ЗАКИРОВА, акын, кинодокументалист, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Республикалык МолдоНияз адабий сыйлыгынын ээси,Ош юридикалык институтунун ардактуу профессору. 14-ноябрь 2014-жыл, Жалал-Абад шаары. "Тил жана маданият" гезити декабрь 2014-ж.

СҮЙЛӨГӨН, ЫРДАГАН СҮРӨТТӨР же Кыргыз Эл сүрөтчүсү Батыр Жалиев тууралуу

Батыр Жалиев Оштогу эң көрүнүктүү сүрөтчүлөрдүн бири гана болбостон, алардын арасынан эр жүрөк, ачык айрым баатыры.79 жаш курагында да жүрөгүндө мекенчилдиги, кыргызчылдыгы, салт билгендиги, жөнөкөйлүгү менен жанында жүргөн улуукичүүнүн урматына ээ. Куу чиренип кээ бир эч нерсе билбесе деле билгендей, эч нерсе түшүнбөсө деле түшүнгөндөй болуп көрүнгөн кожогойлорду ачык эле илгиртпей байкап, өзүнө жараша мамиле жасайт. Мен Эл сүрөтчүсү элем деп бир да жолу мамлекеттик наамын атаганын уканым жок. Анткенимдин себеби, жөн эле бир үстөлдү кучактап жүрүп, эч кандай жаратмандыкты кудайым бербеген, атак-данкты өтө сүйгөн адамдар трибуна тийсе эле биз баландай эмгек эткендер деп кеп чойгулашат, ал "эмгегин" көрүп эле турабыз... Улуу адамдарга жөнөкөйлүктү кудайым таланты менен кошо берет окшобойбу. Батыр аке 1935-жылы 15-декабрда Кара-Суу районунун Талдык айлында төрөлүптүр.

Айлананы ыр сыяктуу кабылдап, сүрөттөрүн ыр сыяктуу жазуу насип этиптир (1959-64-жылдары руспубликалык көркөм сүрөт окуу жайында Гапар Айтиев баш болгон мыкты биринчи сүрөтчүлөрдөн сабак алат).

Биз Ош шаарында турган чыгармачыл интелигенция Батыр Жалиевдин ар бир жолугушууларда айткан сөздөрүндө мекенчилдиктин, тилибиздин байлыгын туура пайдалануу тууралуу, же Польшага, Индияга ж.б. өлкөлөргө баргандагы алган бай тажрыйбалары, турмуштук кабылдоосу тууралуу аңгемелерин кызыгуу менен угуп, өзгөчө үн созуп ырдаганына ынтызар болуп келебиз.

1986-жылы жай айында кыргыздын кыраан уулу, акын Жолон Мамытов (Кыргызстан жазуучулар Союзунун секретары эле) мага телефон чалып, "Тазагүл, Алтайдан Баслей Самык Тордоевич деген акын келиптир, ал Алтайда Сүйүнбай Эралиев, Орозбай Көчкөнов, Менин жана Сенин ырларыңды Алтай тилине которуп басмадан чыгарган экен. Бул жерде бир-эки күн жүрүп борбор калаабыз менен таанышып чыкты. Ошко эртең үчүп барат, сага тапшырма Оштун чыгармачыл чөйрөсү жана шаарда, райондордо кыргыз элинин жашоо турмушу менен таанышкысы келет, тосуп алып, жардам бергин" – деди. Баслейди тосуп алдым. Оштогу жазуучулар Союзунун бөлүмүндө менин ырлар жыйнагымды талкуусуна келип катышты, акын-жазуучулар менен тааныштырдым, Кара-Суу районунун бир нече айылдарына, малчыларга, пахтачыларга барып акын менен жолугушуу өткөрдүк. Ош мамлекеттик пединститутунда (азыркы ОшМУ), Ош педучилищесинде (азыркы ОГПИ) студенттер, мугалимдер менен жолугушууларды өткөрдүк. Анан акын Алымкан Дегенбаева эже баштаган биздин эң жакшы адатыбыз боюнча сүрөтчүлөрдүн өнөрканасына баруу. Жибек комбинаттын жанында, сүрөтчүлөрдүн дөө-шаалары Батыр Жалиев, Аман Асранкулов, Асакен Бейшеновдун өнөрканасы боло турган (кийин алардын баары "Кыргыз Эл сүрөтчүсү" ардак наамдарын алышты). "Сүрөтчүлөр менен таанышгырам" деп, ээрчитип бардым. Баслей Самыктын ошол өнөрканадагы сүрөтчүлөр менен маектешкени, алардын тарткан сүрөт-картиналарын көрүп суктанганы жана шыктанганы чексиз болду. Раматылык Аман Асранкуловдун, Батыр аке, Асакендин ар бири өзүнчө чоң казына, курган аңгемелери, Батыр акенин жер-сууну жаңырта ырдаган үнү, карсылдап күлүп айткан аскиялары алтайлык акын үчүн эстен кеткис окуя эле. Баслей "Мен Алтайда кыргыздын жерин сактап турам, мен кыргызмын" – деп ал да ырдап, бири-биринен өтө чоң шык, кубат алышкан. Кийин Баслейди Батыр аке машинесин өзү айдап аэропортко узатканы жөнөдүк. Касканак болуп, бир ГАИ кечигип атабыз дегенге болбой, тез айдадың деп правасын алып, машина айдаган укугун алты айга жоюп (лишать) жибергеничи. Жолуккан жерде Батыр аке, "жанагы ГАИ укпай, мына эми жөө жүрөм" – деп калчуу. Айкөл пейли, марттыгы, жигиттик шар, кыргыздын баатырдык кыялы, чечкиндүүлүгү, ачык бетке айтмалыгы, калыстыгы, мекенчилдиги менен дайыма адамдын ажатын ачып, жүзү жарык жүрөт.

Раимжан Курбанов Ош облустук китеп коомунда иштеп жүргөндө да мен Батыр акенин сүрөттөрүн машинага жүктөп алып баарыбыз чогуу, акын-жазуучулар, сүрөтчүлөр, обончулар, театр артисттери менен жогорку, орто атайын окуу жайларда, чоң-чоң ишканаларда далай кечелерди өткөрдүм.

1989-жылы кыргыз тилинин статусу боюнча Борбордук партия комитенинин токтомун элге жеткирүү жана аткаруу үчүн мен уюштурган топто да, сакалдуу-көкүлдүүмүн дебей жапа тырмак иштеди, 230 миң адамдын колун жыйнадык, КГБнын, партиялык чиновниктердин (БК Компартиянын токтомунун негизиндеги "кыргыз тилине статус берүү жөнүндөгү" мыйзамдын долбооруна ким, эмнеге караманча каршы болду билбей таңбыз) куугунтугунда калдым, дайыма жанымда колдоп, кубаттап турду. Далай менмин деген акын-жазуучу дымы чыкпай, андай элдин ишине аралаша албай, ыңгай күтүп калышкан. Батыр аке сүрөтчү болуп гана тим болбостон, мекенчилдиги, кыргыз элинин келечеги үчүн, кыргыз тилинин өнүгүшү үчүн тикесинен тик тура алган инсандык баатырдыгын көрсөттү.

1991-жылы Курманжан датка энебиздин 180 жылдык мааракесин өткөрүүдө мен облустук штабда жооптуу катчы болуп иштедим, дагы эле баягы көнгөн адат боюнча облусубуздун, шаарыбыздын эмгекчилери менен Төлөгөн

Касымбеков, Камбаралы Бобулов, Батыр Жалиев баштаган кыргыздын азамат уулдары катышкан 70тен ашык жолугушууларды уюштурдум. Калк өз тарыхына, тилине суусап турган кез эле. Кыргыз эли ушул чоң мааракеден кыргыз улуттук кийимдердин түрлөрүн кийүүсү керек деген сунушту да колдоду, керек болсо, алдыда бара жаткан да аркандан түкүргөндөргө да калыс сөзүн айтып турду. Биргеликте канча чоң жумуштарды аткардык... Элибиздин "Жандооч кийик аттырат" деген сөзү калетсиз да.

71 жашында Ош Технологиялык Университетинин "көркөм жасалгалоо искусствосу жана элдик өнөр" (ДПИ) кесиби "технология жана пайдалануу табияты" (технология и природа пользования) факультетине кирип, 75 жашында (2003-2009-жылдар) мамлекеттик сынак тапшырып "Эң жакшы" деген бааларды алып, кызыл дипломго ээ болду. Батыр Жалиев Мамлекеттик сынак тапшырат экен деп сүрөтчүлөр менен мен да бардым, кубанычын бирге бөлүштүк, эр жүрөктүгүнө сыймыктандык. Батыр Жалиевдин баатырдык чечкиндүүлүгү дагы бир ирет тастыкталды. Адам кайсыл жашында болбосун
жогорку билим алуусу мүмкүн, дегеле билим алуу эч качан кеч эместигин өзүнүн ушул кадамы менен бекемдеп койду. Жаштарга да, уулууларга да үлгү көрсөттү. Интернетте бүт дүйнөлүк институттарда окуган жаштар, Япония, Англия, Кытай ж.б. ондогон өлкөлөрдөн "эң жаш" студентке суктануу менен каттар жазышты. Бүткөндөн кийин, өзү окуган жерде бир жыл бою жаштарга сабак берип да жүрдү.

"Сакадай бою сары алтын" агабыз жеңем экөө менин чыгармачылык кечелериме далай жолу катышып, хан Бакайдай жанымда туруп келе жатышат.

Тарткан сүрөттөрүнө талдоо берүү башкалардын иши, бир гана белгилей кетчүү сөз, ар бир тарткан сүрөттөрү поэзия, ыр, лирика, пахта талаасыбы, бийик тоолорубу, завод-фабрикабы, талдар – теректерби – Батыр Жалиевдин бийик обону менен ырдап турушат. Сулайман тоонун 21 көрүнүшү, 21 бир поэма. 21 бир китеп, 21 ыр. Ал сүрөттөрдүн экөө менин үйүмдө да

илинип турат. Ал Батыр Жалиев баккан чексиз мекенчил ойлор, аларды көрүү гана керек. Андыктан бул чакан макаламды Батыр Жалиевдин ("Каситеттүү атажуртум" Т.Закирова, 2013-ж. 347-б.) өз сөзү менен жыйынтыктагым келет.

"Биз Тазагүлдү жакшы көрөбүз. Чынында Поэзия, Живопись, Музыка бири-бирин жакшы көрөт. Бири-биринен ажырап калса издешип жүрүшөт. Поэзия, Живопись, Музыка бири-биринен кубаттуу чыгармачылык энергия алып, бири бири аркылуу өнүгөт, бири – бирине таянып, сүйөнүп турушат. Ошондуктан да далай ырларына музыка жазылып, дүңүрөп ырдалып жатпайбы. Ушундай үч дай чоң үч чыгармачылык жолду басып келатабыз. Ушундай үч чоң чыгармачылык жолдо чоң ийгиликтер боло берсин." (Бардык чыгармачыл инсандарга кам көрүп келди...Батыр Жалиев, Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү 10-июль 2003-ж. "Касиеттүү атажуртум" 347-б.). Ырас, ушундай үч чыгармачылык жолдо тынымсыз эмгектенип жүрөбүз, 80 жаш курагында жаңы табылгаларды изденип иштеп жаткан замандашыма дагы чоң чыгармачылык ийгиликтер канат болсун.

Тазагүл Закирова, акын, кинодокументалист,
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
"Тил жана маданият" гезити, 11-декабрь 2014-ж.

Кыргыз тилибиз – мамлекетибиздин эн тамгасы

Эне тилибиздин бүгүнкү абалы жана эртеңки абалы тууралу сөз кылуудан мурун, дегеле эне тилибизге кандай жол менен кеңири жайылтууга мүмкүнчүлүк болот деген суроо туулат.

Биздин түпкү маданиятыбызда "Эненин буту турган жер бала үчүн бейиш" дегендей, эненин ыйыктыгы, энеге биринчи ыраазы болуу, эне жашоодогу негиз, эненин тирүүлүгү, бейкуттугу уулдардын дүйнө туюму боюнча ыйык милдет катары каралып келген. Бүгүнкү күндө ошол ыйык эне төрөгөн уулдар эне тилибизди, кыргыз мамлекетинин улуттук тилин коргоо үчүн, эне сүйлөгөн, алдей ырын ырдаган тилди кантип таза сактап, жана андан ары өнүктүрүп кетүү керектиги тууралуу бир кенедей ойлонуп жатабы?

Дегеле тилибиз тууралуу кам көрөйүн деп эле турабы? Кайсы бир зарыл эмес маселе сыяктуу, кичине башка тилди билгендерине корстон болуп,чоң маданияттын, адабияттын иш чараларында билимдүү "грамотный" көрүнүшүп жалаң орус тилинде сөз сүйлөп, ал тоо-бул тоонун башын чаргытып, угуп олтурган элди чарчатышууда.

"Байыркы кылымдардан энеге татыктуу болуп өсүш үчүн уул гана умтулбастан, эне да уулунун эне-атасына жана эл-журтуна опаасы тийген адам болуп өсүшүн тилеген, күткөн жана ошол нукта тарбия-таалим жүргүзгөн. Уул күткөнүндөй, тилегениндей эр азамат болуп чыкса, эне бактылуу болгон. Мына ошол үчүн Күл-Тегиндин эстелигинде: "Умай энедей каныша энемдин багына иним Кул-Тегин эр атын (наамын) алды" деп сыймыктануу менен жазылып жатат" – дейт окумуштуу Советбек Байгазиев ("Эне" деген макаласында "Таалим-плюс" журналы №2, 2014-ж. 12-бет).

Андай болгон күндө эмне үчүн жыйырма беш жылдан бери өз мекенинде аксап-тексеп келе жатат. Облусубуздун район-шаарларын, карайлычы, ашкана, ресторандар, тойканаларда "Аштизме" жазууну, көрнөк-жарнактарды жазууда кимдин оюна эмне келсе ошондой жазып жаткандары кандай? М: эки тамактын атын кыргызча жазат да анан "Слоенные самсы", "Шашлык", "Шаурма" ж. б. деп ал чала сабаттар "Каттама самса", "Шиш кебеп","Жупка оромо", "Чабати"ж.б. десе болбойбу? Бул сөздөр бизге башка жактан кирген сөз эмес, төл сөзүбүз, пайдалана билишибиз керек. Биздин эл жашоо турмушуна ылайык көчүп-конуп жүрүп аңчылык кылган, кайберенди заматта союп, этин шишкебеп жасап жешкен, ошол эле тоо, токойдо, болгондо да табияттын таза, адал тамактарын. Энелерибиз кылымдар бою алыс жолго да, адамдын курсагынын тоюмдуулугу үчүн да жупка бышырган (тез бузулбайт, көгөрүп кетпейт), ага этти майдалап туурап, кийик отту, пиязды кошо кууруп бышырып, ошол жупкага ороп жешкен, сөзсүз түрктөр бышырат экен деп түркчө жазган, кыргыздын тамактары тууралуу кабары жок эмелерди тартипке чакырып, мамлекеттик тилибиздин ашмалтайын чыгартпай көзөмөлдөө керек. Дагы адал, арамды билбегендер "Халал" тамак деп жазгандарычы, бул эмне деген карасанатайлык. Анан дамбал кийип, сакал койгон "кудайчылдар" "Аллах", "Хажы" дешет, бу молдокелерге ким укук берди эзелтен эле айтып жүргөн сөздөрүбүзгө бутак-шак кошконго. Кудай, Теңир, Жараткан, Алла деп эле эл тилек тилеп, мүшкүлүбүздү жеңил кыл деп жалбарып, тоап кылып келишпеди беле, эми "Х"ны кошуп айтпасак, тилибизди укпай коебу. "Хажы" – жаңы – өзгөчө, өзгөрсө болбой турган сөз эмес-биринчиден, экинчиден ошол Меккеге барып ажы болуп келгендер илгерки замандагыдай таза, касиеттүү, жараткан берген илимдүү, олуя кишилер эмес, "хажы" дебесек

даараты бузулуп калбайт. Чын-чынына келсек, алардын арасында илими болмок турсун бетин жуубагандары да бар. Анан "Чала молдо дин бузат" болуп, тилди бузуп жатышат. Үчүнчүдөн: ажы болуп келүү ар бир адамдын жеке парызы, ал ажы болсо экинчи кишиге ысык-суугу да жок, ажылыктан өтүп ар балакетти уюштуруп жүргөндөрдөн соо болсун. Президентибиз А. Ш. Атамбаев айткандай дамбалы, сакалы үчүн аларды кудай сүйүп жибериши шектүү. Дамбал, сакал коюш кыргыздар үчүн шарт эмес. Кумдуу чөлдө, мээ кайнаткан ысыкта, өздөрүн эстетикалык жактан караганга шарты жок араптын талааларындагы бедуиндер эмес да. Кыргыздардын сөзү гана эмес, кийимдери да падышалар-дыкындай, ханышалардыкындай кооз, таза, кымбат буюмдар. Тура калып эле бир эл бузарлар айткан эрежеге ээрчип кетүү өзү- сабатсыздык. Андыктан, тилибизге чоң үмүт менен тогуз ай көтөрүп төрөгөн эненин ыйык тили тууралуу ар бир атуулмун деген азамат уулдар, кыздар жапа тырмак маани берүүсү керек эле. Бул мамлекеттик кыргыз тили – жалаң акын – жазуучулардын, тилчилердин маселеси эмес экендигин, ал баарыбыздын асыл кенчибиз, байлыгыбыз, жүзүбүз, бактыбыз, жетишкендигибиз, салт-санаабыз, руханий дөөлөттөрүбүз, тарыхыбыз,кыргыз улуту экендигибиздин эн тамгасы.

Акын-жазуучулар чыгармаларында да тилибиздин өсүп-өнүгүшүнө тиешелүү көркөм сөздөрдү, көркөм салыштыруу, ой жүгүртүү сыяктуу сөз каражаттарын пайдаланып, кыргыз элинин тилине терең урмат менен мамиле кылып, анын өнүгүшүнө салымын кошуп келишүүдө.

Маалыматтар боюнча дүйнө жүзүндө 7 миңден ашуун тил бар экен. Өз эне тилин сыйлабай, кастарлабай, эне тилинде сүйлөгөндөр аз болгондуктан, күндөлүк турмушта колдонулбай, ректөөдөн чыгып калып, улам жоголуп баратканы да жок эмес. Эне тилибизди канчалык кеп кылбайлы, бул маселенин негизги өзөгү тилде гана эмес тил аркылуу улутубузду, улуттук маданиятыбызды сактап калууда. Кыргыз тилинин кеңири, таза колдонулушу – улуттун бар экендигинин белгиси. Тил унутулса, тилибиз кедейленсе, тилге салкын мамиле кылуу, тилге түздөн-түз кыянаттык кылуу – улутка кыянаттык кылуу, анда улут да унутулаарын тарых далилдеп келет.

Кыргызымда – көчмөн цивилизациянын керемет – кенчи, элдик ооз эки сөз өнөрүнүн эң бийик үлгүсү "Манас" дастаны баш болгон эпостору, элдик ырларды, төкмөлүк өнөрдү, таамай айтылган макал, лакаптарды, накыл сөздөрдү жаратkан эне тилибизди, чечендик, манасчылык, комузчулук өнөрлөрдү кор тутсак, элибиз айткандай "өнөр алды кызыл тил" делинип келген тилибиздин кадырына жетпесек кыргыз экендигибиз кайда... Эне – ыйык, тил – ыйык. Баарыбыз энеден туулганбыз. Кыргызга кыргыз тилинде. Ошондуктан, ЭНЕ чоң үмүт менен төрөгөн уулдарыбыз, энелердин бактысына тилди карегиндей сактоосу, тынымсыз анын кеңири өсүшүнө кам көрүүсү керек. Жакында Ош облусундагы өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлү С.Жээнбековдун чоң колдоосу менен мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүнүн үч айлыгынын жыйынтыгы улуттук драма театрында болуп өттү.

Ошол иш чараларга акча каражат бөлүп берип гана тим болбостон, тынымсыз коллегияларда тилдин өнүкпөй жаткан гөйгөйүн, район-шаарлардын жетекчилерин угуп, жакындан көмөк көрсөтүп, керек болсо өзү ар бир иш чаранын башында туруп, тынымсыз көзөмөлдөп жатат. Тилдин кадыр-баркын өстүргөнү башка мамлекеттен бирөө келбейт. Мына ушул Сооронбай Жээнбеков сыяктуулар тилдин кадырын көтөрүшөт.

Кыргыз тилинин статусу боюнча кабыл алынган мыйзамга мына быйыл жыйырма беш жыл, арасында бир нече ирет толукталды, дайыма 1989-жылы Кыргыз Республикасынын тарыхында биргчи жолу Кыргызстан Компартиясынын токтому менен «кыргыз тилинин статусун алуу жөнүндөгү» токтомун жалпы элдик талкууга койгон мезгил менин эсимен кетпейт.

..."облустук чоң өндүрүштүн жетекчилерин, Ошмамлекеттик пединститутунун кыргыз филология факультетинин аттуу баштуу илимпоз мугалимдери, журналисттер көпчүлүктүн ишине күйүп-бышып жүргөн мекенчил уулкыздарды чакырдым. Кыргыз тилинин статусу боюнча Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин токтомун талкууладык, көпчүлүк колдоду, жана штаб түзүп күн сайын саат 12де тармактар боюнча топтолгон колдоолорду тапшырмай, кечки саат 16-00дө жыйынтык чыгарып, эртеңки күндүн иш планын бекитмей. Түштүктүн бир чети Сүлүктү, Чаткал, Көк-Жангак, Көк-Арт өрөөнүн бүт камтып, М: Ош шаарында күнүнө эмгек жамааттарга 3 жолудан долбоорду талкууладык, бир жуманын ичинде 230 (эки жүз отуз) миң кол топтоп, үч бөлүп атайын шайланган азаматтар мамлекеттик тил комиссиясына (Фрунзеге) Бишкекке жеткирип келишти"..., "...КГБнын тизмеси менен стол чапкылап, жекирип турган мезгилди баштан кечирдик...Тилди кылымдардан бери жоготпой башынан миңдеген азапты кечирсе да, касиеттүү кыргыз эли калдайган миллион сап Манасын айлап айтып, сактап бизге жеткиргени, тилди улуу тилге айлантыш үчүн кытай элиндей көп болууда эмес экенин көрсөтүп турат.

Ал күндөрдү артка кылчайып карап эстеген сайын элдин көрөгөчтүгүнө, акылмандуулугуна таазим кылам, кээ бир сокур саясат жетекчилердей колго чапкылабай (кыргыз тилине бут тосуучулар кыргыздар болду да), тикесинен тик туруп өз тилдерин коргоп чыгышты, уюштурганым үчүн мени колдоп, тоодой бел болуп бериштиң..." (Т.Закирова "Касиеттүү Атажуртум" 2013-ж. 28-31-бет.Бишкек) деп жазган элем.

Ошондой эле мамлекеттик тилибиздин маселелери боюнча канча макала, пикирлерди, ырларды жаздык.

Кыргыз тили

1.
Маалында жебе болуп катылганга,
Бутага таамай тийген, качпаган тил.
Келишсе кеп ооматы сөөлөт күтүп,
Кыргыздын кыргыздыгын сактаган тил.

Аянбай аппак дилди ачып коюп,
Досуна балдан таттуу мактаган тил.
Намыска шек келтирип кер сүйлөгөн,
Душманга заарын чачкан, жакпаган тил.

Жаралуу кан майданда жаткан баатыр,
Керээзин ташка чегип сактаган тил.
Туу тутуп нарк-насилди кылымдарда,
Эрлерди эсил кайран сатпаган тил.

Заманды бетке кармап уул күйбөсө,
Кыргыз тил кээде өнүгүп,.. аксаган тил...
Жер кезип Ала-Тоодон алыс жүргөн
Кыраандар кыргызым деп какшаган тил.

Боз үйдүн туурдугун сыйрып таштап
Ырдаса өрөөн, тоого батпаган тил.
Теңирим чексиз күчтү берип салган
Эл-жерге катылганга – таш бараң тил!

Келишсе кеп ооматы сөөлөт күтүп,
Кыргыздын кыргыздыгын сактаган тил.

2.
Кыргыздын тили кылымдан кылым көчкөн тил,
Кыргында бүтпөй, кыйрабай кайра өскөн тил.

Жонунан кайыш тилинип далай азапта,
Сай-сөөгү сыздап таяктын уусу өткөн тил.

Кылымдар оошуп кыян-сел басса жан сактап,
Ырыскы качып ындыны кыйла өчкөн тил.
Ооматы келип, аргымак туйлап алдында
Кылычы ойноп, күпүлдөп далай көпкөн тил...

Чөлдөрдү кезип тамчы суу таппай каткан тил,
Океан, дайра, өзөндөн жолун тапкан тил.
Тибетти ашып бейишин жердин ээлеген
Манасрава көлүнүн суусун таткан тил.

Гималай барып таш зоону кертип куш жетпес,
Бугай хан үчүн ак сарай зердеп курган тил.
Бүт зарын жана тилегин куттуу Эл деген
Чокуда туруп Теңирге айтып турган тил.

Акылын калчап, жер шарын бийлеп ой менен,
Акылман бабам улук сөз элге каткан тил.
Кучагын жазып жер шарын апчып кол менен
Намызы улук, кыргыз деп ураан айткан тил.

(19.09.2009-ж. "Ош жаңырыгы", Кыргыз Туусу, Т.Закирова)

Ушундай таштак жолдорду баскан кыргыздын касиеттүү тили, өз ордунда пайдаланбай, кемсинткендер үчүн анын кусуру да болот. Таамай айтылган "Тилди билсең, дилди билесиң", "Тил көпүрө" дегендей биздин мамлекетте жашаган башка улуттар, өнүп-өсүп, байып-сайрап жатат, кытайлар да кыргызча оңой эле сүйлөп жүрүшөт (каалагандары).

Биз эне сүтү менен кошо эмген, бешикте жатканда уккан эненин алдей ыры кулакка сиңген – эне тилибизди

терең урмат менен сүйлөп, сыйлап, терең урмат менен таза сактоого милдеттүүбүз.

Ушул жыйырма беш жыл аралыгында алибетте, тилди башкаларга үйрөтүү жаатында далай иштер жүргүзүлдү, бирок, улам эле кичине бир ырды жаттап ырдаса, окуса, ошол кароо сынак үчүн гана узун акчаларыбызды ала жүгүрүп, мышыкты майга үйрөткөндөй кылып алган жокпузбу. "Берсең ичем, урсаң өлөм" деген кул сыяктуу адат болуп калбадыбы деген мыйзамдуу суроо туулат.

Ошондой эле шаардык каттамдарда жүргүнчү ташыган бардык атуулдар, элди тейлөө жеген тамагы, ичкен ашы болгондуктан мамлекеттик тилде сөзсүз түрдө сүйлөөгө милдеттүү. Мисалы, түрк мамлекетине барсаң калкты тейлөөчү дүкөндөрдө да түрк тилин билбегендерди жумушка албайт.

Жыйырма беш жылдан бери жетише албай жатабыз дегендин өзү уят, өз жерибизде, өз мамлекетибизде өзүбүз сүйлөгөнгө чоң маани берели. Демекчи, кыргыз тилинин не бир сонун салыштырууларын, чулу ойлорун бир сөз менен айтып ырдаган Барпы апыз кыргыз тилинин сөз байлыгын өстүргөн, байыткан, сөз кунун, маани-маңызын ар бир ырында сактаган.

Эмесе ушул куттуу жергебизде жашап өткөн, дүйнө таанымы чоң, керемет ыр дүйнөсүнүн алпы, ааламды көкүрөгүнө батырып турган гений философ, акылман, көкүрөгү жарык, дили сабаттуу Барпы апыздын таамай ыры менен айтканда: ..."Акындар ырдай албайт, тил болбосо, ... Ала-Тоо көркүн келбейт, эл болбосо!" – Ала-Тообуз, элибиз, тилибиз өсүп-өнүгө берсин!

Тазагүл Закирова акын, кинодокументалист,
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмери,
Республикалык Молдо Нияз адабий сыйлыгынын ээси,
Ош юридикалык институтунун ардактуу профессору,
20-ноябрь 2014-ж.

Сүйүүнүн оорусуна дабаа болчуу ырлар

Ырлар, ырлар ар дайым жүрөгүңдөн ырдап, тынымсыз кыңылдап эле, сени менен кошо жашайт, сени менен бирге жатып турат, бир жерге барсаң кошо барат, алыс сапардабы, башка өлкөдөбү, баары бир ырдай бересиң, ал сенин ырың, сага арналган, сен ойлогон, сен жактырган, сенин жаныңды алып калчуу кусалыктан, сагынычтан сактачуу, жаның кейип турган кезде кубат берчүү, жүрөгүңдөн жаныңды эзип турган санааны, айтканда чыгып кетпеген сүйүүнүн оорусуна дабаа болчуу ырлар. Ырлар менен да адам ооруп калат, ырдагысы эле келе берет, ошол ырды укмайын жаны тынч албайт. Обончу Болот Токтобаев айткандай анын "ыры менен ооруп калат" экен адам. Кудай сүйүү деген шыбага берген, сүйүү эмне экенин билген адам, сүйүү деген бакытка туш болгон адам Арзыбектин ырларын угат, түшүнөт, угат, ырдайт... Кыргыздар ошондуктан "ыр жандуу адам" дешет, бул сөздө чоң философия жатат, ыр жандуу кыргыз, кыргыздар төрөлгөндөн ыр угуп, акыркы сапарга да ыр менен узатылат. Коштошуу ырынын обону башка, бирок ыр, ыр саптары куюлушуп турат: Мисалы: Кызды тынаар жерине, күйөөгө узатуу аземинде да эне, жеңелер ыр менен кошок айтышат:

Кудайгый, Ак ийне бердим саптап ал,
Ак шумкар бердим таптап ал.
Көк ийне бердим саптап ал,
Кудагый, көк шумкар бердим таптап ал...

демек кыз бирөөнүн бүлөсү, "Чыккан кыз чийден тышкары", түшкөн жеринде өнүп-өсүп, ошол айылдын, ошол элдин энеси

болот. Ошол элдин энеси болууга татыктуу болуу да өзүнчө кудай берген бакыттын шыбагасы. Бешенеге жазылган шыбага, ошол бешенеге жазылган шыбага деп тура бербей акылын, адамдык нарк – насилин, билимин пайдалануу да талантты талап кылат.

Айтор, ыр – кыргыз, кыргыз – ыр. Кыргыздар ырдап жашайт, тээ Атилланын заманында да, Атилла кезектеги чабуулдан келип жигиттери менен олтуруп, таң атканча ырдалчуу узун ырларды ырдаткан деп жазышат, Римден келген тыңчы, салык- тартуу алып келгендердин жазып калтырган маалыматында.

Манас эпосун алсак эле, кыргыздар айлап ыр укканга маш болгон эл. Ошол элдин бир кулуну Арзыбек. Анын өзүнөн мурун "Гүлгүн жаш" сөзүн Э. Ибраев жазган ырынан тааныдым. Концерттерде, радиодо, телевизор, той – кечелерде ырдала баштады. Кийин Э.Ибраевдин "Барам сага", "Ата журтума", "Элде болсо, менде жокту табармын", Н.Алымбековдун "Ушундай беле бешене", "Көзүңдөбү керемет", Б. Алыбаевдин "Түшүмө кирдиң түндө сен", К.Бакиевдин "Эне ыйык","Жамгыр", А. Бегимкулованын "Жаштыгыңды аядым" жана башка улам жаңы жазылган ырлары улуу-кичүүгө бирдей жагып, жалпы журттун ичинде ырдала беркиди.

Кийин 1996-жылы Сузак районунан чыккан, эр жүрөк Кыргыз ССРинде биринчи тракторист кыз Ырысбүбү Кудайбердиева тууралу даректүү тасма тартуу үчүн барганымда, Сузак райондук акими Раушан Камчыбеков менин чыгармачыл тобумду ошол Кызыл – Сеңир айылындагы элдик майрамга алып барган эле. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып Барпы апыздын окуучусу, атактуу төкмө акын Таирбек Сатыбалдиев жана Арзыбек Бедиягаров экөөнү кинотасмага тарта келгеним бар. Ал кадрлар

"Ырыстын тагдыры" аттуу даректүү тасмага кирген эле. Ал фильмдер биздин республикабыздан башка дагы Голландия, Швеция, Индияда англис тилинде көрсөтүлдү. Андан бери жолубуз далай биригип жолугушууларда, үзөнгүлөш эл кызматында келатабыз.

Арзыбек чыгармачылыгын Жалал-Абаддагы медициналык окуу жайын бүтүргөн 1975-жылы акын Алымкан Дегенбаеванын "Эне тилеги" деген ырына обон чыгаруу менен башталды десек болот.

Медициналык окуу жайды бүтүргөн соң ырга шыктуу жигит Сузак районун Карл-Маркс атындагы мектепте мугалим, Кызыл-Сеңирдеги маданият үйүндө көркөм жетекчилик иштерди чогуу алпарды. Айылда маданият тармагындагы маданий иш чараларга катышып, уюштуруп жүрүп такшалды, анан Жалал-Абад облустук кесиптик кошунда маданият жана спорт бөлүмүндө инструктор, медициналык окуу жайында мугалим, көркөм жетекчи болуп иштөө менен тынымсыз элдин кулагынан кирип жүрөгүнө жетчүү мен жогоруда анча мынчасын белгилеп кеткен ондогон обондуу ырларды элге тартуулай берди.

Чыгармачылык улам изденүүнү, билимди тереңдетүүнү талап кылат эмеспи, 1982-жылы Бишкектеги Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтун да бүтүрдү.

Кыргыз элинин ырдоо табитин көтөрүүдө, обондуу ырлары менен кыргыз маданиятынын казынасын байытууда жасаган эмгегинин бир четинен азыраак айтып кетмекчимин.

Тынымсыз эмгектенүүнүн артында "Эл агартуунун мыктысы", "Саламаттыкты сактоонун мыктысы", "Маданияттын мыктысы" жана башка шаардык, облустук, республикалык далай Ардак Грамоталар менен, өлкөбүздүн эң жогорку сыйлыктары: 1999-

жылы Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген артисти", 2006-жылы "Кыргыз Республикасынын Эл артисти" ардак наамдарына татыктуу болду.

Өзү жетектеген "Гүлгүн жаш" эстрадалык тобу 2002-жылы "Жалал-Абад азем түндөрү" эл аралык фестивалынын конкурсунда "Мыкты оранжировка" үчүн "Биринчи байгелүү орунду" жеңип алды. 2003-жылы республикабыздын Маданият министирлиги жана Республикалык эл чыгармачылык борбору тарабынан "Гүлгүн жаш" эстрадалык тобуна "Элдик" деген жогоркуу наам ыйгарылып, сертификат тапшырылганын да айтпай кетүүгө болбос.

Арзыбек башка өнөр адамдарынан өзүнүн өтө жөнөкөйлүгү менен айрымаланат. Ыр тандоосу да мыкты. Кээ бир обончумун деп чыга калып "сөзүн өзүм жаздым" деген соң гана алыс. Профессионал акындардын ырларын кылдат-тык менен тандап, ага төп келген мыкты обондорду жарытып келет. Буга мисал катары Эсенгул Ибраевдин, С.Жусуевдин, Н.Алымбековдун, К.Бакиевдин ж.б. биз жогоруда мисал катары айта кеттик.

Обондуу ырларын кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал ырчылар, Кыргыз мамлекеттик симфониялык оркестринде, "Камбаркан" фольклордук тобунда, К.Оро-зов атындагы эл аспаптар оркестринде, "Гүлгүн жаш", "Динара" элдик топтордо Кыргыз Республикасынын эл артисттери Саламат Садыкова, Керим Турапов, Э.Нурмамбетова, Роза Аманова, Шахра Талиповалар, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисттери Д.Акулова, Б.Байкелова, белгилүү ырчылар К.Жолдошев, Т.Черикчиева, А.Эшбаева, Г.Эргешова сыяктуу ондогон ырчылар репертуарларынан түшүрбөй ырдап жүрүшөт. Ырлардын өмүрү узарып, калың элдин катмарына сүйүктүү ырчыларынын аткаруусунда сиңип баратканы обончу Арзыбек Бедияровдун бактысы.

Арзыбектин "Гүлгүн жаш" тобу менен Россиянын Самара, Екатеринбург, Челябинск, Башкортстандын Уфа шаарларында болуп кайтышы, Кытай мамлекетинин чакыруусу боюнча Кызыл-Суу, Кашгар, Ак-Суу облустарында чыгармачылык сапары эл аралык маданий байланыштарды бекемдөө, ал жерде жашаган элди кыргыз маданиятты, обондуу кыргыз ырлары менен тааныштыруу милдетин аткарды. Ошондой эле чыгармачыл топтун руханий жактан байышына да өбөлгө түзүлдү. Алыста жүрүп өз элинин кадырын, баалуулугун, касиеттүү Ата Мекенинин мекенчил уулуу экендигин да тастыктай келди.

Бүгүнкү күндө Сузак, Жалал-Абад элинин гана ардактуу уулу болбостон, жалпы кыргыз элинин ардактуу уулу катары эмгектенип, ырдап, изденип күн-түн тынчынан кечип жүргөн кези.

Чыгармачылык өнөр, обончулук жараткандын берген касиеттүү шыбагасы, ал сүйгөн пендесине гана берилет. Демек, Кудайдын берген талантын, элдин ырдагысы келген ырын ырдап, элдин көңүлүндөгү ырдай албаган ырын жаратып, элдин ишенимин актап, элге кызмат өтөгөндөн өткөн бакыт жок. Сүйүүнүн оорусуна дабаа болчуу обондорду жаза бер. Бар бол, Арзыбек!

Тазагүл Закирова, акын,
кинодокументалист, журналист,
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
"Тил жана маданият" гезити

Акын Тазагүл Закированын ишмердүүлүгү жана алган сыйлыктары

Белгилүү акын, кинодокументалист, журналист, коомдук ишмер Тазагүл Закирова 1948-жылы Жалал-Абад (мурдагы Ош) облусунун Сузак районундагы Качкынчы айылында мугалимдердин үй-бүлөсүндө туулган.

1989-жылы «кыргыз тили статусун» алууда партиянын тыкыр көзөмөлдөө мезгилинде Түштүк региону боюнча 230 миң адамдын колу коюлган колдоосун уюштуруп, республикалык тил комиссиясына жөнөткөн.

1991-жылдан СССРдин, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар жана журналистер Союзунун мүчөсү.

1991-жылдан Аялдардын эл аралык маданий-өндүрүштүк (НКО) "Насыят" ассоциациясын (президенти) түзүп, түштүктө коомубуздагы социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдө аялдар арасында (жүздөгөн аялдарды күнүмдүк керектүү кесиптерге окутуп, ишке жайгаштырган) иш алып барат, ошондой эле жер-жерлерде түштүк региону боюнча калктын арасында, өндүрүштүк жамааттарда, айыл өкмөттөрдө, мектептерде, кыркым, чөп чабык, пахта терим ж.б компанияларында адабиятты – маданиятты жайылтуу максатында чыгармачыл топ (акындар, жазуучу, обончу, художниктер, артисттер, аткаруучулар) менен 70тен ашык жолугушууларды тынымсыз уюштурган, калктын кийинки кездерде чыгармачыл жамааттар менен болгон байланышын чыңдаганга салым кошкон.

1995-жылдан ошол эле мезгилде аялдардын демократиялык партиясынын Ош облусу боюнча лидери, ага чейин 20 жыл КПССтин мүчөсү, ошол эле мезгилде 10 жылдан ашык бириккен партиялык уюмдардын катчысы болуп иштеген.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдында түзүлгөн НКОлор боюнча координациялык кеңештин мүчөсү. Эл аралык бир нече конференцияларда докладдарды жасаган.

1995-жылы 2-жолу, 1996-жылы 3-жолу, 2001-жылы, 2003-жылдары "Аялдар жана эр аралык ынтымакчылык" деген девиздин алдында бир нече мамлекеттерде өткөн "Аялдардын эл аралык форумдарында" катышкан жана докладдарды жасаган. (көп жылдардан бери Аялдардын эл аралык форумунун мүчөсү болуп келди).

Ошондой эле аялдардын ан-сезимин, активдүүлүгүн көтөрүү үчүн жылына 65-70 адабий-маданий иш чара жасайт.

2003-жылдан баштап Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүндө жооптуу катчысы катары, облуста жаш таланттарды колдоп эки жыл ичинде Ош шаардык 2 жана 1 облустук фестиваль, уюштуруп 70тен ашык жаш таланттарды колдоду.

Андан соң 2009-ж. 2011- жылдары КРнын Улуттук жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн төрайымы кызматында иштеди.

КРнын Улуттук жазуучулар Союзунун Пленумунун мүчөсү.

Акын 16 жыйнактын жана беш даректүү фильмдин автору: "Ырлар" (1982), "Купуя сезим" (1986), "Светлый дождь" (орус тилинде) (1990), "Кусалык" (1991), "Алиппе, эски араб-кыргыз алиппесинен сабактар" (Бишкек – 1992), "Боз торгойдун ыры" (1993), "Чыгыш сыйкырлары" (1997), "Ыйык шаарым" (1999), "Боз торгойдун ыры" (тандалмалар 2003), "Алатоом-Мекеним" обондуу ырлары нотасы менен (2003), "Ырыстын тагдыры" (Бишкек-2003, кыргыз, орус, англис тилдерде, даректүү фильмдердин сценарийлери), "Сокровенность"- орус тилине Москвалык акындар которгон ыр жыйнак (2008), С.Грачовдун "Үч мышык" балдар үчүн котормо (2009), "Касиеттүү Ата-

журтум" макалалар, маектер, пикирлер (2012, 2013), "Мекенимдин эшиги" ырлар жыйнагы (2013) жана башка китептери кыргыз журтчулугуна кеңири маалым.

Ырлары 20дан ашуун коллективдүү жыйнактарда: чет өлкөлөрдө англис, түрк тилдеринде жана алтай түркмөн, орус, казак, өзбек, грузин ж.б. чыккан.

1980-жылы Кыргызстан Ленин комсомолунун "Ардак Грамотасы" "Поэзия – Ала-Тоо" фестивалынын лауреаты, 1984-жылы СССР жазуучулар Союзунун чакыруусу боюнча Орто Азия жана Казакстан тандалма акын-жазуучу аялдары менен Ашхабадда (Түркмөнстан) өткөрүлгөн эл аралык конференциянын катышуучусу.

1996-жылы Алма-Ата шаарында өткөрүлгөн "Маданият өткөөл мезгилде" аттуу эл аралык конференциянын катышуучусу. (Голландия уюштурган).

1994-жылы Кыргыз республикасынын журналисттер Союзунун "Ардак Грамотасы",

1996-жылы 4-мартта "Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери" ардак наамын алган,

2005, 2008, 2009, 2013-жылдары Ош шаарынын мэринин "Ардак Грамоталары",

1999-жылы Кыргыз өкмөтүнүн алдында үй-бүлө, аялдар жана жаштар боюнча мамлекеттик комиссиясынын "Ардак Грамотасы",

2000-жылы "Ыйык шаарым" ыр жыйнагы үчүн "Республикалык Молдо Нияз атындагы адабий" сыйлыктын ээси болду.

Ылары 1963-жылдардан жарык көрө баштаган.

40тан ашуун адабиятчылар, илимпоздор тарабынан чыгармалары байма-бай изилденип, алардын ой-пикирлери, макалалары, кыргыз-орус тилдеринде, борбордук, республикалык гезит-журналдарга жарыяланган, китептерде жарык көрдү.

Элүүдөн ашык атактуу обончу-композиторлор сөзүнө

жазган обондуу ырлары элдик ырга айланган. Бир нече обондуу ырлар кыргыз радиосунун алтын фондусуна алынган.

Курч калеминен ачык-айрым жазган коомубуздун орчундуу проблемаларын көтөргөн макала-очерктери тарыхыбызды, адабият-маданиятыбызды, эне тилибизди өнүктүрүүдө жасаган кызматы десек болот.

Белгилүү коомдук ишмер Тазагүл Закирова Курманбек баатырдын мавзолейин калыбына келтирүүдө, Курманжан датканын 180 жылдык мааракесин өткөрүүдө облустук штабда жооптуу катчы, "Ош-3000" сыяктуу иш чараларды өткөрүүдө уюштуруу иштерине активдүү катышкан жана – 2000-жылы "Ош-3000" эстелик медалы менен сыйланган.

1984–2000-жылдары изилдеп, белгилүү эр жүрөк аялдар, "Курманбек" эпосу боюнча Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата 5 даректүү фильм тартты: "Ырыстын тагдыры", "Анипа жана кыргыз сурмасы", "Бөпө эженин бактысы", "Курманбек баяны", "Уркуядан уланган жол".

Фильмдери Кыргызстанда жана Голландияда, Швецияда көрсөтүлдү.

2000-жылы жогорудагы даректүү фильмдери үчүн "Тасма-2000" конкурсунда "Жылдын мыкты режиссеру" наамы жана 1-даражадагы диплом менен сыйланган.

2000-жыл 16-августта Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад шаарындагы Т.Тайгараев атындагы айылдык кеңеште көчөнүн аты "Тазагүл Закирова атындагы көчө" деп аталган.

Ош облустук мамлекеттик тил комиссиясынын туруктуу мүчөсү.

2006-жылы Республиканын президентине караштуу мамлекеттик тил комиссиясынын "Ардак Грамотасы",

2009-жылы "Кыргыз тили" төш белгиси менен сыйланган.

2009-жылы Ош Мамлекеттик Юридикалык институтунун Ардактуу профессору.

2012-жылы КРнын Маданият жана туризм министрлигинин Ардактуу профессору.

2012-жылы КРнын Маданият жана туризм министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланган.

2012-ж. Кыргыз Республикасынын Маданият жана туризм министрлигинин алдында түзүлгөн Республикалык Көркөм Кеңештин мүчөсү

Ош шаардык мамлекеттик тил комиссиясынын мүчөсү (2011–2013).

Жылына көптөгөн эмгек жамааттар менен республикабыздын райондорунда жана башка республикаларда кыргыз адабиятын жайылтуу максатында жолугушууларда, чыгармачылык командировкаларда жүрүп келе жатат.

Ош шаарында уюштурулуп өткөрүлгөн маданий массалык иш чараларда, даталуу майрамдарда байма-бай ырлары окулуп жана обондуу ырлары аткарылып турат. Ош обулусубуздун жана шаарыбыздын алкагында, республикалык деңгээлдерде уюштурулган ар түрдүү кароо сынактарда калыстар тобунун төрайымы, мүчөсү болуп коомдук иштерге активдүү катышып, адабиятыбыздын, искусствобуздун, маданиятыбыздын өсүшүнө өз салымын кошуп келе жатат.

2013-ж. Ооган согушунун Республикалык Кеңешинин "Мээримдүүлүк медалы", менен

2013-ж. "ОшМУнун Эмгек сиңирген ишмери" наамы жана төш белгиси менен сыйланган.

2014-ж. "Жылдын мыкты адамы" "Тил жана маданият" гезити, 2014-жыл.

Акын Тазагүл Закированын жарык көргөн чыгармалары

Кыргыз тилинде:

1. Ырлар – 1982-ж. "Кыргызстан" басмасы Фрунзе
2. Купуя сезим- 1986-ж. "Кыргызстан" басмасы – Фрунзе
3. Кусалык – 1991-ж. Ош басмаканасы
4. Алиппе, эски араб-кыргыз алиппесинен сабактар-1992-ж. Бишкек
5. Боз торгойдун ыры- 1993-ж. Ош обл.басмаканасы
6. Чыпыш сыйкырлары- 1997 – ж. – " –
7. Ыйык шаарым- 1999-ж. – " –
8. Боз торгойдун ыры – тандалмалар – 2003-ж. "Бийиктик",
9. Ырыстын тагдыры- киноценарийлер Бишкек кыргыз, орус, англис тилинде. – 2003-ж. "Бийиктик", Бишкек
10. Ала-Тоом-Мекеним-нотолуу-обондуу ырлар-2003-ж. "Бийиктик"
11. Курманбек баяны Ади Өмүралиевдин варианты- 2004-ж. Бишкек
12. Үч мышык С.Грачов котормо- 2009-ж. Ош
13. Мекенимдин эшиги – ырлар – 2013-ж. Бишкек
14. Касиеттүү Атажуртум – проза – 2012 – 2013-жж. Бишкек
15. Тирүү сөз – ырлар,түрмөктөр- 2914-ж. Бишкек
16. Жеңиштин даамын билген адам – 2015-ж. Бишкек

Орус тилинде:

15. Шедрая душа – 1990-ж. "Кыргызстан" бас-сы-Фрунзе
16. Сокровенность – 2008-ж. Бишкек

Даректүү фильмдери:

3 варинат – кыргыз, орус, англис тилдеринде:

1. Курманбек баяны – 1984- 2000-ж.
2. Ырыстын тагдыры – 1996-2000-ж.
3. Уркуядан уланган жол- 1996-2000-ж.
4. Аппа жана кыргыз сурмасы – 1996- 2000-ж.
5. Бөпө эженин бактысы – 1996- 2000 – ж.

Жамааттык жыйнактарда:

1. "Учкун" № 1 – 1972-ж. "Мектеп" басмасы
2. "Учкун" № 2 – 1973-ж. – " –
3. "Учкун" № 3 – 1974 – ж. – " –
4. "Учкун" № 4- 1975-ж. – " –
5. "Темир канат" №2- 1975-ж. "Кыргызстан" басмасы
6. "Учкун" №5 – 1976-ж. "Мектеп" басмасы
7. "Учкун" №6 – 1977-ж. – " –
8. "Темир канат" №3 – 1978-ж. "Кыргызстан" басмасы
9. "Учкун"№8 – 1980-ж. "Мектеп" басмасы
10. "Жалын" №1 – 1981-ж. "Кыргызстан" басмасы
11. "Перевал" №3- 1985-ж. "Кыргызстан" басмасы
12. "Молодая гвардия" №6 – 1989-ж. Москва, из-во "Молодая гвардия"
13. "Ак сумерлүү Алтайның баллары" – 1986-ж. Толу-Алтай бас.
14. "Стихи" – 1987-ж. "Мерани" басмасы, грузия
15. "Тюльпаны гор и степей" сборник писательниц женщин средней Азии и Казахстана- 1987-ж. "Түрмөнстан" бас. Ашхабад
16. "Кыргыз поэзиясынын антологиясы" – 1990-ж. Турция
17. "Ош кайрыктары" – 1998-ж. Ош
18. "Кыргыз поэзиясынын антологиясы – 2 т. – 2000-ж. Бишкек
19. "Аялдар тынчтыкты каалашат"-2001-ж. Борбор. Азия-Ходжент-Ош
20. "Элита Кыргызстана" – 2004-ж. Бишкек
21. Кыргызстан жазуучулары 1-т. 2008-ж. Бишкек
22. Творческие интеллиген.Ферган.долин. 2007-ж. Ош(кырг., русск. англ. узб)
23. Кыздарай 1-китеп 2013-ж. Бишкек
24. Кыздарай 2-китеп 2013-ж. Бишкек
25. "Созвучие сердец" 9том. 2013-ж. Минск. Беларусь-Кыргызстан
26. "Мамлекеттик тил – менин сыймыгым 2014-ж. Ош Тип-фиясы.

МАЗМУНУ

Курсактагы бала менен Жараткандын сүйлөшүүсү..... 3
Тирүү сөз..... 6
Паашлар менен соодагер тууралуу ыр..... 8
Бир тууган ойлор баккан улуу мейкин..... 11
Жүз жашка чыккан аксакалдын акыркы сөзү..... 13
Дүйнө кезет Камбар ата канаттуу 18
Көкөлөткөн канатым..... 19
Балдарым 20
А кээде бул турмуштун зардабы бар..... 21
Өткөндөрдү жоктоо ыр..... 22
Акындар 24
Жапжашыл талаа..... 25
Тирүүлүктүн кыяматы- бул ыйлар... 27
Жаз жамгыры- касиеттүү жаратман 28
Бул сүйүү эски болбойт..... 29
Шакылдак поезд... 30
Элестейт сүт жыт айылдар..... 31
А теректер асабага жарачуу..... 32
Оюма түшөт кылт этип... 33
"Коңгуроодой жакшына үнүндү угам 34
"Ак кайыңдын дирилдейт бариктери..... 35
"Амандыкта жүргөнгө..."..... 36
Туруп коет намыска..... 37
Чууруп кызыл шурудай..... 38
Тагдырдын узун жолу..... 39
Эки тоо..... 40
"Өмүрдүн түштүгүнө жорго минип..... 41
Ош шаары ойгонгондо..... 42
"Анда- санда баш калкалап киргенге..... 43
А ырлар кесе сунат сүйүү толо..... 44
Чакырчы мени, тутунган туудай адамым..... 46
Жарыма..... 46
Жолуңа, жылдыздай чачам үмүттү..... 47
Адам бар тагдыр буйруган..... 48
Түрмөктөр..... 49
Мерчем жерде күтөт сени кубаныч 50
Кудайым сүйгөн пенде болот биздей 62
10-июнь 2010-жылы болгон каргашалуу..... 67

77
Жаныбек казынын чебереси..... 79
Арашандын ырлары 08.2008-ж..... 89
Муз үстүндө бийлеген кыз..... 91
2005-жыл, марттын ырларынан..... 96
Бала жөнүндөгү ырлар 100
Көлдөгү ырлар..... 104
Бишкектен эки ыр..... 107
Арашандан алты ыр..... 116
Курманжан жөнүндө ыр..... 121
1990, Июндун ондолбогон тогуз ыры 132
Сүрөт..... 135
Карт жоокердин эскерүүсү..... 138
Кубандын тоолору..... 140
Лейлектен эки ыр 142
Түйшүк 148
Мажүрүм тал.. 151
Бул тагдырдын буйругу ай 155
Маанай ырлары 157
Клеопатра 160
СЕНТЯБРЬ: Ыр күндөлүк 175
Дарексиз жээк..... 185
Тоолоруна кыргыздын жанын байлап..... 187
Балтиканын жээгинде..... 194
Москва кайрыктары..... 205
Ак түрмөктөр 210
Касиеттүү сахнада..... 213
Купуя сезим..... 220
Жүрөсүң ырларымда мезгил сайын..... 222
Акындын замандаштарынын пикирлери, макалалар..... 223
Жеңиштин даамын билген адам..... 282
Тандар атат алтын нур чачыраган 287
"Манас" айтылганда ооругандар айыгып кетишчү..... 291
Тазагүл эже – тунук акын..... 293
"За удачливым мужем стоит хорошая жена" 296
Көкүрөгү жарык Барпы акын..... 309
Сүйлөгөн, ырдаган сүрөттөр..... 314
Кыргыз тилибиз- мамлекетибиздин эн тамгасы..... 322
Сүйүүнүн оорусуна дабаа болчуу ырлар..... 327
Акын Тазагүл Закированын ишмердүүлүгү 332
Акын Тазагүл Закированын жарык көргөн китептери..... 332

Литературно-художественная издания

Тазагүл Закирова

ЖИВОЕ СЛОВО

Стихи, циклы, статьи

На кыргызском и русском языках

Көркөм-адабий басылма

Тазагүл Закирова

ТИРҮҮ СӨЗ

Ырлар жана түркүмдөр, эс тутум, макалалар

Кыргыз-орус тилдеринде

Редактору *Карбалас Бакиров*
Түзгөн *А. З. Ташболотова*
Корректору *А. А. Акылова*

Басууга 5. 03. 2014-ж. кол коюлду. Форматы 60x84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 21,0 б. т.

ЖЧК «Гүлчынар» басмасында басылды
Бишкек ш., Т. Фрунзе көчөсү, 91/1



Тазагул Закирова - акын, журналист, кинодокументалист, белгилүү коомдук ишмер, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Республикалык Молдо Нияз атындагы адабий сыйлыктын ээси, Ош Мамлекеттик Юридикалык институттун ардактуу профессору.